**Особенности начальной задачи**. Первая сингулярность – присутствие малого параметра перед производной искомой функции.

Вторая сингулярность – функция $y_0(x)=x^{-1}q(x)f(x)$, при $x\to 0+$ имеет особую точку – полюс первого порядка [1]-[10].

Третья особенность появление промежуточного пограничного слоя [4], [5].

Решения задачи (1)-(2) будем искать в виде [8]-[10]:

$$y_\varepsilon(x)=v_\varepsilon(x)+w_\varepsilon(t)+\pi_\varepsilon(\tau), \tag{3}$$

где $x=t\varepsilon,\ x=\tau\varepsilon^2$.

Подставляя (3) в равенство (1) и начальное условие (2) получим задачи:

$$\varepsilon^3 v'_\varepsilon(x)+(xq(x)+\varepsilon p(x))v_\varepsilon(x)= f(x)-h_\varepsilon,\ x\in(0,T], \tag{4}$$

$$\varepsilon^2 w'_\varepsilon(t)+(t\varepsilon q(t\varepsilon)+\varepsilon p(t\varepsilon))w_\varepsilon(t)=h_\varepsilon,\ t\in(0,\varepsilon^{-1}T], \tag{5}$$

$$\varepsilon\pi'_\varepsilon(\tau)+(\tau\varepsilon^2 q(\tau\varepsilon^2)+\varepsilon p(\tau\varepsilon^2))\pi_\varepsilon(\tau)=0,\ \tau\in(0,\varepsilon^{-2}T], \tag{6}$$

$$\pi_\varepsilon(0)=y^0-v_\varepsilon(0)-w_\varepsilon(0) \tag{7}$$

Пусть $v_\varepsilon(x)=\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j v_j(x)$ и $h_\varepsilon=\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j h_j,\ h_j-const$. Тогда равенство (4) можно записать в виде:

$$v'_{j-3}(x)+xq(x)v_j(x)+p(x)v_{j-1}(x)= f(x)-h_j,\ x\in(0,T],\quad j=0,1,... \tag{8}$$

где $v_s(x)\equiv 0, s<0$.

Отсюда имеем:

$$v_j(x)=\frac{f(x)-p(x)v_{j-1}(x)-v'_{j-3}(x)-h_j}{xq(x)}.$$

В частности:

$$v_0(x)=\frac{f(x)-h_0}{xq(x)};$$

$$v_1(x)=-\frac{p(x)v_0(x)+h_1}{xq(x)};$$

$$v_2(x)=-\frac{p(x)v_1(x)+h_2}{xq(x)}.$$

Пусть

$$h_0= f(0),\ h_1=-p(0)v_0(0),\ h_j=-(p(0)v_{j-1}(0)+v'_{j-3}(0)),$$

тогда имеем: $v_j\in C^\infty[0,T],\ j=0,1,...$

Перейдем теперь к задаче (5).

Пусть $w_\varepsilon(t)=\varepsilon^{-1}\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j w_j(t)$, тогда имеем:

$$\varepsilon\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j w'_j(t)+(tq(t\varepsilon)+p(t\varepsilon))\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j w_j(t)=\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^j h_j,\ t\in(0,\varepsilon^{-1}T],$$

отсюда, получим:

$$w_0(t)=\frac{h_0}{tq(t\varepsilon)+p(t\varepsilon)};\quad w_j(t)=\frac{h_j-w'_{j-1}(t)}{tq(t\varepsilon)+p(t\varepsilon)},\ j=1,2,...$$

Решение начальной задачи (6)-(7) ищем в виде $\pi_\varepsilon(\tau)=\varepsilon^{-m}\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^{jm}\pi_j(\tau)$.

Подставляя это равенство в (6) и (7) получим задачи:

$$\pi'_j(\tau)+p(\tau\varepsilon^{2)})\pi_j(\tau)+\tau q(\tau\varepsilon^{2)})\pi_{j-2}(\tau)=0,\quad \tau\in(0,\varepsilon^{-2}T],\ j=0,1,...;\tag{9}$$

$$\pi_0(0)=-w_0(0),\quad \pi_1(0)=y^0-v_0(0)-w_1(0);\pi_j(0)=-(v_{j-1}+w_j(0)),\ j=2,3,...\tag{10}$$

**Лемма**. Решение задачи

$$z'(\tau)+p_0z(\tau)=e^{-p_0\tau}\left(c_0+c_1\tau+...+c_j\tau^j\right),\quad \tau\in(0,\infty),\ z(0)=z^0$$

существует, единственно и представимо в виде

$$z(\tau)=e^{-p_0\tau}z^0+e^{-p_0\tau}\left(c_0\tau+c_1\frac{\tau^2}{2}+...+c_j\frac{\tau^{j+1}}{j+1}\right),$$

где $p_0>0$ .

*Доказательство*. Уравнение

$$z'(\tau)+p_0z(\tau)=e^{-p_0\tau}\left(c_0+c_1\tau+...+c_j\tau^j\right),$$

запишем в виде $\quad\left(z(\tau)e^{p_0\tau}\right)'=\left(c_0+c_1\tau+...+c_j\tau^j\right),$

полученное выражение интегрируем по τ, учитывая начальное условие:

$$z(\tau)=e^{-p_0\tau}z^0+e^{-p_0\tau}\left(c_0\tau+c_1\frac{\tau^2}{2}+...+c_j\frac{\tau^{j+1}}{j+1}\right).$$ Лемма доказана.

На основании доказанной леммы решения задач (9)-(10) существуют, единственны и экспоненциально убывают при $\tau\to\infty$.

Перейдем к оценке остаточного члена ряда:

$$y_\varepsilon(x)=\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^{mj}v_j(x)+\varepsilon^{-m}\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^{jm}w_j(t)+\varepsilon^{-m}\sum_{j=0}^{\infty}\varepsilon^{jm}\pi_j(\tau).$$

Пусть $y_{s,\varepsilon}(x)=\sum_{j=0}^{s}\varepsilon^{mj}v_j(x)+\varepsilon^{-m}\sum_{j=0}^{s+1}\varepsilon^{jm}(w_j(t)+\pi_j(\tau))$ и $y_\varepsilon(x)=y_{s,\varepsilon}(x)+R_{s,\varepsilon}(x)$,

где $R_{s,\varepsilon}(x)$ – остаточный член разложения.

Тогда для $R_{s,\varepsilon}(x)$ получим задачу

$$MR_{s,\varepsilon}\equiv\varepsilon^3R'_{s,\varepsilon}(x)+(xq(x)+\varepsilon p(x))R_{s,\varepsilon}(x)=\varepsilon^{s+1}\Phi,\ x\in(0,T],\quad R_{s,\varepsilon}(0)=0.\tag{11}$$

Где

$$\Phi=p(x)v_s(x)+\sum_{j=1}^{3}\varepsilon^{j-1}v'_{s+j-3}(x)+\varepsilon w'_{s+1}(t)+\sum_{j=1}^{2}\varepsilon^j\tau q(\tau\varepsilon^2)\pi_{s-1+j}(\tau).$$

Пусть

$$d=\max_{x\in[0,T]}\Phi(x,t,\tau),$$

$$z^{up}(x)=\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon p(x)}\varepsilon^{s+1},$$

$$z^{down}(x)=-\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon p(x)}\varepsilon^{s+1},\ x\in[0,T].$$

Тогда

$$Mz^{up}>0,\ Mz^{down}<0,\ z^{up}(0)=\frac{d+1}{p(0)}\varepsilon^s>0,\ z^{down}(0)=-\frac{d+1}{p(0)}\varepsilon^s<0.$$

Действительно,

$$Mz^{up}\equiv\varepsilon^3\left(\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon p(x)}\varepsilon^{s+1}\right)'+\varepsilon^{s+1}+\varepsilon^{s+1}(d-\Phi)=$$

$$=\varepsilon^{s+1}\left(1-\varepsilon^3\frac{(xq(x)+\varepsilon p(x))'}{(xq(x)+\varepsilon p(x))^2}d\right)+\varepsilon^{s+1}\left(d-\Phi\right)>0,\ 0<\varepsilon<<1;$$

$$Mz^{down}\equiv\varepsilon^3\left(-\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon p(x)}\varepsilon^{s+1}\right)'-\varepsilon^{s+1}-\varepsilon^{s+1}(d+\Phi)=$$

$$=-\varepsilon^{s+1}\left(1-\varepsilon^3\frac{(xq(x)+\varepsilon p(x))'}{(xq(x)+\varepsilon p(x))^2}d\right)-\varepsilon^{s+1}\left(d+\Phi\right)<0,\ 0<\varepsilon<<1;$$

Выполняются все условия теоремы Чаплыгина, поэтому

$$-\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon p(x)}\varepsilon^{s+1}<R_\varepsilon(x)<\frac{d+1}{xq(x)+\varepsilon p(x)}\varepsilon^{s+1},\ x\in[0,T].$$

**Теорема.** Для решения задачи Коши (1)-(2) на отрезке $x\in[0,T]$ справедливо асимптотическое разложение

$$y_\varepsilon(x)=\sum_{j=0}^{s}\varepsilon^j v_j(x)+\varepsilon^{-1}\sum_{j=0}^{s+1}\varepsilon^j(w_j(t)+\pi_j(\tau))+O(\varepsilon^{s)}),\ \varepsilon\to0.$$

**Пример**. $\varepsilon^3y'_\varepsilon(x)+(x+\varepsilon)y_\varepsilon(x)=1+2x,\ x\in(0,1],\ y_\varepsilon(0)=1.$

$$y_\varepsilon(x)=e^{-\frac{1}{2\varepsilon^3}(x^2+2\varepsilon x)}+\frac{1}{\varepsilon^3}e^{-\frac{1}{2\varepsilon^3}(x^2+2\varepsilon x)}\int_0^x(1+2\xi)e^{\frac{1}{2\varepsilon^3}(\xi^2+2\varepsilon\xi)}d\xi.$$

В нашем примере $f(x)$=1+2$x$.

Внешнее решение: $y_\varepsilon(x)=\frac{1}{x}\left(1+2x+\frac{\varepsilon}{x}(2x^2-x-1)+...+\left(\frac{\varepsilon}{x}\right)^k\tilde{y}_k(x)+...\right).$

Асимптотическое разложение решения:

$$y_\varepsilon(x)=v_0(x)+\varepsilon v_1(x)+\varepsilon^{-1}\left(w_0(t)+\pi_0(\tau)+\varepsilon(w_1(t)+\pi_1(\tau))+\varepsilon^2(w_2(t)+\pi_2(\tau))\right)+R_\varepsilon(x)$$

где $x=\varepsilon t,\ x=\varepsilon^2\tau,\ h_\varepsilon=1-2\varepsilon$

$$v_0(x)=\frac{1+2x-1}{x}=2\Rightarrow v_0(x)=2\ v_1(x)=-\frac{2-2}{x}\Rightarrow v_1(x)\equiv0.$$

$$w_0(t)=\frac{1}{1+t};\ w_1(t)=-\frac{2(t+1)^2-1}{(t+1)^3};\ w_2(t)=-\frac{2t^2+4t-1}{(t+1)^5}.$$

$$\pi_0(\tau)=-e^{-\tau},\ \pi_1(\tau)=\frac{1}{2}\tau^2e^{-\tau},\ \pi_2(\tau)=e^{-\tau}+\frac{1}{8}\tau^4e^{-\tau}.$$

Для остаточного члена получаем задачу:

$$lR_\varepsilon\equiv\varepsilon^3R'_\varepsilon(x)+(x+\varepsilon)R_\varepsilon(x)+\varepsilon^3(w'_2(t)+\tau\pi_2(\tau))=0,\ x\in(0,1],\ R_\varepsilon(0)=0.\qquad(12)$$

Решение задачи (12) существует и единственно.

Рассмотрим правую часть и оценим выражение $w'_2(t)+\tau\pi_2(\tau)$.

Функция $w'_2(t)=\dfrac{6t^2+12t+9}{(t+1)^6}>0,\ t\in[0,\infty)$ монотонно убывает, по этому $\max\limits_{t\in[0,\infty)} w'_2(t)=9$. А для функция $\tau\pi_2(\tau)=\tau e^{-\tau}+\dfrac{1}{8}\tau^5e^{-\tau}>0$ имеем $\max\limits_{\tau\in[0,\infty)}\tau\pi_2(\tau)=2.6665<3$, максимум достигается в точке τ=4,95.

Значить $|w'_2(t)+\tau\pi_2(\tau)|<12$.

Пусть верхнее и нижнее решения будут соответственно:

$$z^{up}(x)=\frac{13\varepsilon^3}{x+\varepsilon},\ z^{down}(x)=-\frac{13\varepsilon^3}{x+\varepsilon},\ x\in[0,1].$$

Тогда

$lz^{up}(x)>0,\ lz^{down}(x)<0,\ lR_\varepsilon=0,\ z^{up}(0)=13\varepsilon^2>0,\ z^{down}(0)=-13\varepsilon^2<0.$

Действительно,

$$lz^{up}\equiv\varepsilon^3\left(-\frac{13\varepsilon^3}{(x+\varepsilon)^2}\right)+\varepsilon^3+12\varepsilon^3+\varepsilon^3(w'_2(t)+\tau\pi_2(\tau))=$$

$$=\varepsilon^3\left(1-\frac{13\varepsilon^3}{(x+\varepsilon)^2}\right)+\varepsilon^3\left(12+(w'_2(t)+\tau\pi_2(\tau))\right)>0,\ 0<\varepsilon<<1;$$

$$lz^{down}\equiv\varepsilon^3\left(\frac{13\varepsilon^3}{(x+\varepsilon)^2}\right)-\varepsilon^3-12\varepsilon^3+\varepsilon^3(w'_2(t)+\tau\pi_2(\tau))=$$

$$=-\varepsilon^3\left(1-\frac{13\varepsilon^3}{(x+\varepsilon)^2}\right)-\varepsilon^3\left(12-(w'_2(t)+\tau\pi_2(\tau))\right)<0,\ 0<\varepsilon<<1;$$

Выполняются все условия теоремы Чаплыгина, поэтому

$$z^{down}(x)<R_\varepsilon(x)<z^{up}(x),x\in[0,1].$$

Для решения справедливо равенство:

$$\tilde{y}_\varepsilon(x)=2+\frac{1}{\varepsilon}\frac{1}{1+t}-\frac{2(t+1)^2-1}{(t+1)^3}-\varepsilon\frac{2t^2+4t-1}{(t+1)^5}-\frac{1}{\varepsilon}e^{-\tau}+\frac{1}{2}\tau^2e^{-\tau}+\varepsilon\left(e^{-\tau}+\frac{1}{8}\tau^4e^{-\tau}\right)+O(\varepsilon^2).$$

## Экспериментальная часть

В системе **Maple** провели эксперимент. Результаты эксперимента приведены в таблицах (в трех таблица приведены результаты в различных масштабах сетки):

Таблица 1

| $x$ | 0 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,5 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| $\|\|y_\varepsilon(x)-\tilde{y}_\varepsilon(x)\|$ ε=0.1 | 0,2 | $8{,}2*10^{-2}$ | $1{,}9*10^{-3}$ | $5{,}1*10^{-4}$ | $1{,}7*10^{-5}$ | $7{,}2*10^{-6}$ |
| $\|\|y_\varepsilon(x)-\tilde{y}_\varepsilon(x)\|$ ε=0.01 | 0,02 | 0 | $10^{-9}$ | $10^{-9}$ | $10^{-9}$ | 0 |

Таблица 2

| $x$ | 0 | 0,01 | 0,02 | 0,03 | 0,04 | 0,05 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| $\|\|y_\varepsilon(x)-\tilde{y}_\varepsilon(x)\|$ ε=0.001 | 0,002 | $2*10^{-8}$ | $1*10^{-8}$ | $1*10^{-8}$ | 0 | 0 |

Таблица 3

| $x$ | 0 | 0,0001 | 0,0002 | 0,0003 | 0,0004 | 0,0005 |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| $\|\| y_{\varepsilon}(x) - \tilde{y}_{\varepsilon}(x) \|$ ε=0.0001 | 0,0002 | $10^{-6}$ | 0 | 0 | 0 | 0 |

**Литература**


1. Ильин, А.М. Согласование асимптотических разложений краевых задач [Текст] / А.М. Ильин. – М.: Наука, 1989. – 334 с.
2. Алымкулов К., Турсунов Д. А. Об одном методе построения асимптотических разложений решений бисингулярно возмущенных задач. *Изв. вузов. Математика*, **12**, 2016, 3–11.
3. Турсунов Д. А. Асимптотическое разложение решения обыкновенного дифференциального уравнения второго порядка с тремя точками поворота. Тр. ИММ УрО РАН, **22**, № 1, 2016, 271–281.
4. Tursunov D. A. The asymptotic solution of the three-band bisingularly problem. *Lobachevskii Journal of Mathematics*, **38**:3, ISSN 19950802. Maik Nauka-Interperiodica Publishing (2017), 542–546.
5. Турсунов Д. А. Асимптотическое решение линейных бисингулярных задач с дополнительным пограничным слоем. *Изв. вузов. Математика*, **3**, 2018, 70–78.
6. Кожобеков К. Г., Турсунов Д. А. Асимптотика решения краевой задачи, когда предельное уравнение имеет нерегулярную особую точку. *Вестн. Удмуртск. ун-та. Матем. Мех. Компьют. науки*, **29**:3 (2019), 332–340.
7. Tursunov D. A., Kozhobekov K. G., Bekmurza uulu Ybadylla Asymptotics of solutions of boundary value problems for the equation $\varepsilon y''+xp(x)y'-q(x)y=f$. *Eurasian Math. J.*, **13**:3 (2022), 82–91.
8. Омаралиева Г. А., Турсунов Д. А. Промежуточный пограничный слой в сингулярно возмущенных уравнениях первого порядка. Тр. ИММ УрО РАН, 28, № 2, 2022, 193–200.
9. Омаралиева Г. А., Турсунов Д. А. Асимптотика решения двухзонной двухточечной краевой задачи. Вестн. Южно-Ур. ун-та. Сер. Матем. Мех. Физ., 13:2 (2021), 46–52.
10. Омаралиева Г. А., Турсунов Д. А. Сингулярно возмущенная задача с двойным пограничным слоем. Вестник Ошского государственного университета. 2021. Т. 1. № 1. С. 102-109.


* * *

**УДК 004.43**

# PYTHON ТИЛИНДЕГИ ОБЬЕКТКЕ-БАГЫТТАЛГАН ПРОГРАММАЛОО


***Пирматов Абдыманап Зияйдинович,***
***ф.-м.и.к., доцент, pirmatov@mail.ru,***
***Камалов Султанбек Садырбекович,***
***окутуучу, sultan.kamalov.96@mail.ru,***
***Абдукадыр кызы Айнагул - улук окутуучу,***
***abdukadyrkyzy2014@mail.ru***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ,***
***Сүйөркул кызы Нурайым,***
***магистрант, suiorkulova2201@gmail.ru***
***ОшМУ, Кыргыз Республикасы,***



***Аннотация:*** *Бул макалада азыркы учурда эң актуалдуу болуп жаткан Python программалоо тилинин объектке багытталган программалоо стили каралып, ал жөнүндө толук маалыматтар берилди. Объектке багытталган программалоонун негизин түзгөн-* ***класстартарга*** *жана андагы атрибуттар менен методдорго кеңири токтолуп, атрибуттар жана методдор менен иштөөчү функциялар каралып, мисалдар менен коштолду. Класс атрибуту жана методдору менен класс нускасынын атрибуттары жана*

*методдорунун айырмачылыктары каралды, мисалдар келтирилди. Объектке багытталган программалоону адистештирилген тилдердин өнүгүшү үчүн колдонууга болгондуктан, алар, адатта, үч негизги өзгөчөлүктөр: мурастоо, полиморфизм жана инкапсуляция менен мүнөздөлөт. Бул ар биринеөзгөчөлүктөргө токтолуп, мисалдар келтирилип, программалык коддо көрсөтүлдү.*

***Ачкыч сөздөр:*** *объектке багытталган программалоо, класстар, атрибуттар, функциялар, класстар обьектиси, класстар нускасы.*

## ОБЪЕКТНО-ОРИЕНТИРОВАННОЕ ПРОГРАММИРОВАНИЕ НА ЯЗЫКЕ PYTHON

***Пирматов Абдыманап Зияйдинович,***
***к.ф.-м.н., доцент, pirmatov@mail.ru***
***Камалов Султанбек Садырбекович,***
***преподаватель, sultan.kamalov.96@mail.ru,***
***Абдукадыр кызы Айнагул – ст. преподаватель,***
***abdukadyrkyzy2014@mail.ru***
***ЖАГУ им.Б.Осмонова,***
***Сүйөркул кызы Нурайым, магистрант,***
***suiorkulova2201@gmail.ru***
***ОшГУ, Кыргызская Республика,***

***Аннотация:*** *В этой работе изучены наиболее актуальный в настоящее время - объектно-ориентированная программирования на языке Python и дается подробная информация о нем. Основой объектно - ориентированного программирования является* ***классы,*** *включающий набор переменных и функций для управления значениями, хранящимися в этих переменных. Переменные называют атрибутами, а функции — методами. Класс является фабрикой объектов, т. е. позволяет создать неограниченное количество экземпляров, основанных на этом классе. В нем подробно рассматриваются функции, которые работают с атрибутами и методами, а также рассматриваются и приводятся примеры, которые составляют основу объектно - ориентированного программирования-классов и содержащихся в них атрибутов и методов. Были рассмотрены различия между атрибутами и методами класса объекта с атрибутами и методами экземпляра класса, приведены примеры. Поскольку объектно-ориентированное программирование используется для развития специализированных языков, они обычно характеризуются тремя основными характеристиками: наследование, полиморфизм и инкапсуляция. Для каждого приводятся примеры и показаны в программном коде.*

***Ключевые слова:*** *объектно-ориентированное программирование, классы, атрибуты, функции, объекты, экземпляры классов.*

## OBJECT-ORIENTED PROGRAMMING IN PYTHON

***Pirmatov Abdymanap Ziyaydinovich,***
***associate professor, pirmatov@mail.ru***
***Kamalov Sultanbek Sadyrbekovich,***
***teacher, sultan.kamalov.96@mail.ru,***
***Abdikadyr kyzy Ainagul, senior lecturer,***
***abdukadyrkyzy2014@mail.ru***
***JASU named after B.Osmonov***
***Suiorkul kyzy Nuraiym, master's degree student,***
***suiorkulova2201@gmail.ru, OshSU, Kyrgyzstan,***

***Annotation:*** *In this work, the most relevant at the present time - object-oriented programming in Python and provides detailed information about it. The basis of object-oriented programming is classes, which include a set of variables and functions for managing the values stored in these variables. Variables are called attributes, and functions are called methods. The*

*class is an object factory, i.e. it allows you to create an unlimited number of instances based on this class. It details the functions that work with attributes and methods, as well as discusses and provides examples that form the basis of object-oriented programming classes and the attributes and methods they contain. Differences between attributes and methods of an object class with attributes and methods of a class instance were considered, examples were given. Since object-oriented programming is used to develop specialized languages, they are usually characterized by three main characteristics: inheritance, polymorphism, and encapsulation. For each, examples are given and shown in the program code.*
***Keywords:*** *object-oriented programming, classes, attributes, functions, objects, class instances.*

Объектке багытталган программалоо техникасы же методологиясы -1960-жылдары иштелип чыгып - бул татаал программаларды өзгөртүүгө арналып түзүлгөн.

Объектке багытталган программалоо– бул бир эле программалык кодду бир жана бир нече жолу кайра-кайра колдонула тургандай кылып программаны уюштуруунун жолу. Функциялар жана модулдардан айырмаланып, объектке багытталган программалоо - программаны фрагменттерге бөлүүгө гана эмес, ошондой эле реалдуу дүйнөнүн буюмдарын - объекттер түрүндө сүрөттөөгө, ошондой эле бул объектилердин ортосунда байланыштарды уюштурууга мүмкүндүк берет.

Ал аралык программа аркылуу, башкача айтканда, трансляция аркылуу аткарылат. Бул жарым чечмеленген тил болгондуктан, ийкемдүү жана портативдүү. Ал динамикалык түрдө терилет, башкача айтканда, маалыматтын түрү - иштөө убагында аныкталат.

Өзгөрмөлөргө, функцияларга түздөн-түз жана башка функциялар аркылуу кайрылуу методдору колдонулду.

Объектке багытталган программалоонун негизги бөлүгүн *класстар* түзөт. Класс – бул маанилерди башкаруудагы өзгөргөмөлөрдүн жана функциялардын топтомун камтыган, татаал берилгендердин тиби болуп саналат. Өзгөргөмөлөр - *атрибуттар*, ал эми функциялар *методдор* деп аталат. Класс – ушул класска таандык болгон чексиз сандагы объекттердин нускасын түзө алат [1].

Класс. Объектке багытталган программалоодо, класс - объект үчүн план катары иштейт. Классты үйдүн картасы катары кароого болот. Биз анын картасын карап, үйдү кандай курууга боло тургандыгын гана биле алабыз.

Класс менен обьектин ортосундагы катышты, Ауди жана машина деген мисалда карайлы. Мында, Ауди – бул машина. Ал эми машина - бул жалпы абстрактуу түшүнүк, ага Мерседес, Тойота, Хонда ж.б. да кирет.

Класс - *class* өзөктүү сөзү менен төмөндөгүдөй түрдө берилет:

```
class <Класстын аты> [(<Класс1>[, ..., <КлассN>])]:
    [" " " Документтештирүү жолчосу " " "]
    < Атрибуттарды жана методдорду аныктоо>
```

Бул инструкция боюнча жаңы объект түзүлөт жана *class* өзөктүү сөзүнөн кийинки идентификаторго шилтемени ыйгарат, ошондуктан класстын аты өзгөрмөлөрдү атоо эрежелерине толук жооп берүүсү зарыл. Эгерде базалык класстар берилсе, аларды класстын атынан кийин каашалардын ичинде үтүр менен, бир же бир нече базалык класстар түрүндө көрсөтүүгө болот.

Мисал катары, жөн гана кабар чыгарган, класстын мисалын түзөлү:

```
# coding: utf-8
class MyClass:
""" Бул документ үчүн жолчо """
print("Инструкция аткарылат")
input()
```

Бул мисал - *MyClass* классын гана аныктайт, бирок класстын нускасын түзбөйт.

Класстын *атрибутун* түзүү кадимки өзгөрмөнү түзүүгө окшош. Класстын ичиндеги *метод*, кадимки функцияны түзүүдөй эле, *def* инструкциясы аркылуу түзүлөт.

Класстын методундагы биринчи параметр анык берилет, ошондой эле автоматтык түрдө шилтемеси класстын нускасына берилет жана ал параметрди *self* деген ат менен аталат. Класстар методдорундагы *x* атрибутуна *self* өзгөрмөсү аркылуу төмөндөгүдөй аныктайбыз:

s*elf.x*

Класстын методдорун жана атрибуттарын колдонуу үчүн, төмөндөгүдөй синтаксис менен класстын нускасын түзүү зарыл:

*< Класстын нускасы > = <Класстын аты> ( [<Параметрлер>] )*

Класстар методуна кайрылуу үчүн төмөндөгүдөй формат колдонулат:

*< Класстын нускасы > .<Методдун аты> ( [<Параметрлер>] )*

Класстын атрибуттарына кайрылуу төмөндөгүдөй аткарылат:

*< Класстын нускасы >.<Атрибуттун аты>*

*Myclass* классын - *x* атрибуту жана ушул атрибуттун маанисин чыгаруучу *print_x()* методу менен аныктайлы, андан соң класс нускасын түзөбүз жана методду чакырабыз:

```
class MyClass:
def __init__(self) :    # Конструктор
self.x = 10                 # Класс нускасынын атрибуту
def print_x(self):          # self — Класс нускасынына шилтеме
print(self.x)               # Атрибуттун маанисин чыгарабыз
c = MyClass()           # Класс нускасын түзүү
                            # print_x() методун чакырабыз
c.print_x()                 # Методду чакырууда self  көрсөтүлбөйт

print(c.x)                  # Атрибутка кайрылууга болот
```

Атрибуттар жана методдор менен иштөө үчүн төмөндөгүдөй функциялар колдонулат:

♦ *getatt()* — атрибуттун жолчолук типтеги маанисин, анын аты боюнча кайтарат.

Бул функциянын жардамында, программа аткарылып жатканда атрибуттун аты динамикалык түрдө аныкталат. Функциянын форматы:

- *getattr(<Объект>, <Атрибут>[, <3начение по умолчанию>])*

Эгерде берилген атрибут табылбаса, *AttributeError* каталыгы чыгат. Бул ката чыкпоо үчүн, үчүнчү параметрде маанини көрсөтүп коюу керек;

- *setattr()* — атрибуттун маанисин берет.Атрибуттун аты жолчолук типте көрсөтүлөт. Функциянын форматы:
  *setattr(<Объект>, <Атрибут>, <Мааниси>)*

*setattr()* методунун экинчи параметри менен башка атрибуттун атын берүүгө болот – бул учурда атрибут берилген ат менен түзүлөт;

- *delattr (<Объект>, <Атрибут>)* — көрсөтүлгөн атрибутту өчүрот. Атрибуттун аты жолчолук типте көрсөтүлөт;
- *hasattr (<Объект>, <Атрибут>)* — Берилген атрибут бар экендигин тектерет, эгер атрибут бар болсо, функция *True* маанисин кайтарат.

```
class MyClass:
def __init__(self) :
self.x = 10
def get_x(self):
return self.x
c = MyClass{)               # Класстын нускасы
print(getattr(c, "x")       # 10 чыгат
print(getattr(c, "get_x")()) # 10 чыгат
```

```
print(getattr(c, "y", 0))        # 0 чыгат, себеби атрибут табылбады
setattr(c, "y",20)               # y атрибутун түзөбүз
print(getattr(c, "y", 0))        # 20 чыгат
delattr(c, "y")                  # y атрибутун өчүзөбүз
print(getattr(c, "y", 0))        # 0 чыгат, себеби атрибут табылбады
print(hasattr(c, "x") )          # True
print(hasattr(c, "y"))           # False
```

Python тилинде бардык класстын атрибуттары ачык (public) болуп саналат, б.а. атрибуттарды класстын өзүндө, ошондой эле башка класстарда жана негизги программанын кодунда түздөн түз өзгөртүүгө мүмкүн. Класстар түзүлгөндөн кийин атрибуттар динамикалык түрдө түзүлөт, алар класстын обьекттинин атрибуту жана класстын нускасынын атрибуту катары түзүлөт.

Мисалда карайлы:

```
class MyClass:                      #Бош класс аныктайбыз
pass
MyClass.x = 50                      #Класс обьекттин атрибутун аныктайбыз
c1, c2 = MyClass(), MyClass()       # Эки класс нускасын түзөбүз
c1.y = 1                            #Класс нускасынын атрибутун түзөбүз
c2.y = 20                           # Класс нускасынын атрибутун түзөбүз
print(c1.x, c1.y)                   # 50,10 чыгат
print(c2.x, c2.y)                   # 50,20 чыгат
```

Бул мисалда, *pass* операторун жайгаштырып, бош класс аныктадык. Андан кийин бардык класс нускаларга иштөөгө мүмкүн болгон, класс обьектинин атрибутун *(x)* түздүк. Мындан соң эки класс нускасын түзүп жана аларга бир түрдүү *(y)* атрибуттарын коштук. Алардын маанилери ар бир класс нускасы үчүн ар түрдүү бердик.

Эң негизгиси класс обьектисинин атрибуту менен класс нускасынын атрибуттарынын айырмасын түшүнүү зарыл.

Ал үчүн класс обьектинин *(x )* атрибуту менен жана класс нускасынын *(y)* атрибуту менен класс түзүүнү, төмөнкү мисалда карайлы:

```
class MyClass:
    x = 10                      # Класса объектинин атрибуту
    def _init__(self):
        self.y = 20             # Класс нускасынын атрибуту
```

Эми бул класс үчүн эки нуска түзөбүз:

```
c1 = MyClass()                  # Класс нускасын түзөбүз
c2 = MyClass()                  # Класс нускасын түзөбүз
```

x атрибутунун маанисин чыгарып, андан соң өзгөртүп дагы чыгарабыз:

```
print(c1.x, c2.x)               # 10 10

MyClass.x = 55                  # Класс  объектинин атрибутун өзгөртөбүз
print(c1.x, c2.x)               # 55 55
```

Эми *y* атрибутунун маанисин чыгарып, андан соң өзгөртүп дагы чыгарабыз:

```
print(c1.y, c2.y)               # 20 20
c1.y = 55                       # Класс  нускасынын атрибутун өзгөртөбүз
print(c1.y, c2.y)               # 55 20
```

Объектке багытталган программалоону адистештирилген тилдердин өнүгүшү үчүн да колдонууга болот. Алар, адатта, үч негизги өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт [2]:

1. Мурастоо - иерархия боюнча жаңы объект түзүү, ошондой эле мүмкүндүк алуу кодун берүү жана бардык объекттер жөнүндө маалыматтарды түзүү үчүн объектти аныктоо жөндөмү менен жаратылган объектилердин иерархияны куруу үчүн, анын андан аркы пайдаланууга берүү. Мурастоо объектке багытталган программалоонун негизги түшүнүктөрүнөн болуп саналат. Ал класс түзүлгөн жаңы класска бардык касиеттерин мурастап берет. Мисал катары, төмөнкү мисалды карайлы:

```
class Class1:                    # Базалык класс
        deffunc1 (self):
                print ("Класс Class1дин  fund1 () методу ")
        def func2(self):
                print("Класс Class1дин  fund2 () методу "!
class Class2(Class1):                     # Класс Class2 класс Class1 ди мурастайт
        def func3(self):
                print("Класс Class2дин  fund3 () методу ")
c = Class2()                              # Класс Class2нин нускасын түзөбүз
c.fund1()                                 # Класс Classl  ден funcl()методун чыгарат
c.func2()                                 # Класс Classl  ден func2()методун чыгарат c.func3()
                                 # Класс Class2  ден func3()методун чыгарат
```

2. Полиморфизм – бул обьектин программада өзүн – өзү ар түрдүү формада алып жүрүүсүн тушүндүрөт, б.а. программалоодо полиморфизм – кайра жүктөө же кайра аныктоо методдору менен ишке ашат.

Кайра жүктөө методу параметрлердин санына же тибине карата ар түрдүү аткарылуучу метод болуп саналат. Мисалда карап көрөлү:

```
class Class:
  def  start(self, a, b=None):
      if b is not None:
        print (a + b)
      else:
        print (a)
cl_a=Class()                 # Класс Classынын нускасын түзөбүз
cl_a.start(10)               # start () методун бир параметр менен чыгарат
cl_a.start(10,20)                    # start () методун эки параметр менен чыгарат
```

3. Инкапсуляция – бул берилгендерди көзөмөлдөп колдонуу. Объектке багытталган программалоодо - бир класс башка класстын берилгендерин түздөн-түз колдонууга болбойт, ошондуктан класстар методу аркылуу козөмөлдөнөт.

Python 3 тилинде берилгендерди 3 деңгээлде колдонууга уруксат берилет [3]:

- жалпы (public);
- корголгон (protected, аты бир төмөнкү сызык менен башталат, _protectedName);
- жекече (private, аты эки төмөнкү сызык менен башталат, __protectedName).

Бул макалада Python тилиндеги обьектке багытталган программалоо стилинин аныктамасын, берилүү жолдорун, алар менен иштөөчү функцияларды жана негизги өзгөчөлүктөр карап чыгылды жана мисалдарда көрсөттүлдү. Макала кафедранын семинарында талкууланган.

**Корутунду.** Бул макалада каралган материалдарды студенттерге жана окуучуларга Python 3 программалоо тилинде сабак өтүүдө бышыктоо үчүн колдонууга болот.

**Программалык жабдылышы:** программалар коддор Python 3 платформасында компьютерде жана уюлдук телефондо [4,5] текшерилди.

**Адабияттар:**

1. Лутц М. Изучаем Python, 5-е издание. – Пер. с англ. – СПб.: Символ-Плюс, 2019. – 1280 с
2. Марк Саммерфилд. Программирование на Python 3. Подробное руководство. – Пер. с англ. – СПб.: Символ Плюс, 2009 – 608 с., ил.
3. Dusty Phillips. Python 3 Object-oriented Programming. Second Edition. Packt Publishing, Birmingham – Mumbai, 2015, 460 p.
4. Пирматов А. З., Идрисова Г.И. Работа с языком программирования Python в операционной системе Андроид, /Вестник ЖАГУ. №1 Жалал-Абад, 2021. –С.69-74
5. Интернет ресурс: https://www.python.org/ ( акыркы кайрылган күнү: 15.10.2022)

*　　*　　*

**УДК 37.011**

# МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА 5-6-КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮ ЖОЛДОРУ

***Ураимхалилова А. п.и.к., доц.м.а.***
***ashirkanu@yandex.ru***
***Ммаг-1-21 тайпасынын магистранты***
***Шермахамат кызы Машрабхон,***
***Ммаг-1-21 тайпасынын магистранты***
***Акбаралиева Айүмүт***
***Б.Осмонов ат. ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, КР,***

***Аннотация:*** *Бул макала математика сабагын 5-6-класстарда окутууда окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүү маселесин чечүүгө арналды. Алгач, ишмердүүлүк, когнитивдик ишмердүүлүк түшүнүктөрүнө методикалык, психологиялык адабияттардан түрдүү методист, психологдордун аныктамалары анализденип, математика сабагында өнүктүрүүчү маселелер окуучулардын когнитивдик ишмердүүлүгүн активдештирүү, математикалык маданиятын калыптандырууда негизги курал катары колдонулушу каралды, 5-класстын окуу китебинен маселе-мисалдар менен негизделди.*

***Ачкыч сөздөр:*** *активдештирүү, когнитивдик кызыгуу, ишмердүүлүк, когнитивдик ишмердүүлүк, өнүктүрүүчү маселелер.*

# СПОСОБЫ АКТИВИЗАЦИИ ДЕЯТЕЛЬНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ 5-6 КЛАССОВ НА УРОКАХ МАТЕМАТИКИ

***Ураимхалилова А. п.и.к., и.о.доц.***
***ashirkanu@yandex.ru***
***Магистрант гр. Ммаг-1-21 Шермахамат кызы Машрабхон,***
***Ммаг-1-21 Акбаралиева Айүмүт***
***ЖАГУ имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, КР***

***Аннотация***: *Данная статья посвящена решению проблемы активизации деятельностей учащихся на уроках математики в 5-6 классах. Вначале проанализированы определения понятий деятельности и познавательной деятельности методической и психологической литературы разных методистов и психологов, а также были рассмотрены развивающие задачи как основное средство активизации познавательной деятельности учащихся и формирования их математической культуры, обоснованы на задачах и примерах из учебника 5-класса.*

***Ключевые слова:*** *активизация, познавательный интерес, деятельность, познавательная деятельность, развивающие задачи.*

# WAYS TO ORGANIZE THE ACTIVITY OF 5-6 GRADE STUDENTS IN MATHEMATICS LESSONS

***Candidate of ped. sciences, Acting Associate Professor, Uraimkhalilova Ashirkhon, ashirkanu@yandex.ru***
***undergraduate of the Mmag-1-21 group Shermahamat kyzy Mashrabhon***
***Mmag-1-21 group Akbaralieva Aiumut JASU named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *This article is devoted to solving the problem of activating the activities of students in mathematics lessons in grades 5-6. First, the definitions of the concepts of activity and cognitive activity of the methodological and psychological literature of various methodologists and psychologists were analyzed, and developmental tasks were considered as the main means of activating the cognitive activity of students and forming their mathematical culture, substantiated on tasks and examples from the 5th grade textbook.*

***Key words:*** *activation, cognitive interest, activity, cognitive activity, developing tasks.*

Инсандын өнүгүшүнүн жана калыптанышынын маңызын аныктоочу негизги көйгөй болуп ишмердүүлүк эсептелет. Анын көрсөткүчү катары бул же тигил ишмердүүлүктүн чөйрөсүндөгү активдүүлүктүн байкалышы эсептелет. Бул көйгөйгө педагогика, психология жана философия көңүл бурат.

Учурдагы шарттарда билим берүү тутумун өнүктүрүүдө ар бир окуучуга сапаттуу билим берүүнү камсыздоо, анын билим берүү стандартын өздөштүрүүсүн камсыздоо, андан ары өнүгүүсү үчүн мүмкүндүк берүү, окууга болгон кызыгуусун арттыруу маселелери турат.

“Математика сабагында кантип окуучулардын активдүүлүгүн уюштурууга болот?” деген суроого жооп издөөгө аракет жасайлы.

Математика сабагында индивидуалдык жана дифференцирленген окутууну уюштуруу, түрдүү окутуу методдорун жана формаларын колдонуунун негизинде анын өзүн ийгиликтүү ишке ашыруусуна салым катары окуучунун инсандыгынын чыгармачыл потенциалынын негизинде математика сабагында окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү ишке ашырылат.

Класстык сабак системасынын шарттарында түрдүү жөндөмдүүлүктөгү окуучуларга билим берүү процессинде жогоруда аталган шарт методикалык жактан иштин коллективдик, индивидуалдык жана топтук формаларын кезектештирип сабаттуу колдонуу методикалык жактан камсыздайт. Математика сабагында окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү биринчи кезекте окуучуларды окутуу жана тарбиялоодо дифференцирленген мамиле аркылуу камсыздалат.

Окуучулардын жогорку математикалык маданиятын калыптандыруунун, математиканы окутууну активдештирүүнүн негизги каражаты болуп түрдүү математикалык маселелерди чыгаруу процессинде окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн башкаруу жана эффективдүү уюштуруу эсептелет. Дал математикалык маселелерди чыгарууда окуучулар математикалык билим, жөндөм жана көндүмдөрдүн системасын аң сезимдүү жана бекем өздөштүрө алышат. Мындан сырткары, окуучуларда математикалык маселелерди чыгаруу процессинде инсандын чыгармачылыгына тиешелүү сапаттар, келечекте тандап алган кесибинен көз-карандысыз түрдө материалдык жана рухий баалуулуктарды жаратууга активдүү катышуу үчүн зарыл болгон сапаттар калыптанышы мүмкүн [2, 5].

Билимдерди толук камдуу камсыз кылуу менен окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруучу окутуу акыл жактан өнүгүүгө таасирин тийгизет жана өнүктүрүүчү окутуу болуп саналат [7, 5].

Окутуунун билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялык милдеттеринин комплексинде окуучулардын когнитивдик кызыгуусун калыптандыруу көйгөйү өзгөчө орунду ээлейт.

Когнитивдик кызыгуу – инсандын буюмдарга жана курчап турган реалдуу чындыктагы кубулуштарга тандоо багыттуулугу. Бул багыттуулук жаңы, толук жана терең билим алууга дайыма умтулуу менен мүнөздөлөт. Системалуу түрдө чыңдалып, өнүгүп, таанып-билүү кызыгуусу окууга болгон оң мамиленин негизи болуп калат. Анын таасиринин алдында инсанда тынымсыз суроолор жаралат, жоопторун өзү тынымсыз жана жигердүү издейт. Когнитивдик кызыгуу ишмердүүлүктүн процессине жана натыйжасына гана эмес, ошондой эле психикалык процесстердин жүрүшүнө – ой жүгүртүүгө, элестетүүгө, эс тутумга, көңүл буруууга оң таасирин тийгизет, алар когнитивдик кызыгуунун таасири астында өзгөчө активдүүлүккө жана багытка ээ болот. Когнитивдик кызыгуу – бул биз үчүн мектеп окуучуларын окутуудагы эң маанилүү мотивдердин бири болуп саналат. Анын таасиринде окуу иштери начар өздөштүргөн окуучулардын арасында да жемиштүү өтүп жатат. Когнитивдик кызыгуу да окутуунун күчтүү каражаты катары кызмат кылат. Баланы мажбурлап окутканда, көп кыйынчылыктарды жана кайгыларды жаратат, ал эми балдар өз каалоосу менен окуганда баары башкача болот. Окуучунун таанып-билүүчүлүк кызыгуусун өстүрбөстөн туруп, таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү кыйын эле эмес, иш жүзүндө мүмкүн эмес дагы. Мына ушундан улам окутуу процессинде окутуунун маанилүү мотиви жана инсандын туруктуу касиети катары, тарбиялык билим берүүнүн, анын сапатын жогорулатуунун кубаттуу каражаты катары окуучулардын таанып-билүү кызыгуусун системалуу түрдө козгоп, өнүктүрүү жана чыңдоо зарыл.

Окуучулардын билим жана көндүмдөрдү өздөштүрүү процессинде алардын таанып билүү активдүүлүгү, мугалимдин аны активдүү башкаруу жөндөмдүүлүгү маанилүү орунду ээлейт. Активдүү башкарылган окуу процесси бардык окуучуларга терең жана бекем билим берүүнү, кайтарым байланышты жогорулатууну көздөйт. Ал мектеп окуучуларынын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алууну, окуу-тарбия процессин моделдештирүүнү, аны болжолдоону, так пландаштырууну, ар бир окуучунун окуусун жана өнүгүүсүн активдүү башкарууну болжолдойт. Окуучулардын когнитивдик активдүүлүгү түшүнүгүнө ар кандай көз караштар бар. Айрымдар когнитивдик ишмердүүлүктү активдештирүү – бул билимди, көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү өздөштүрүү үчүн зарыл болгон акыл же физикалык эмгекти аң-сезимдүү, максаттуу аткаруу деп эсептешет. Мында мугалимдин жана окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгү жөнүндө айтылат. Башкалары «когнитивдик ишмердүүлүк – бул окуучулардын билимди өздөштүрүүдөгү демилге көтөрүүчүлүгү, таасирлүү мамилеси, ошондой эле окууга болгон кызыгуунун, өз алдынчалыктын жана эрктүү аракетинин көрүнүшү» деп эсептешет. Бул учурда кеп окуучулардын ишмердүүлүгү, алардын кызыгуусу, мотивациясы жана өз алдынчалыгы жөнүндө болуп жатат.

Когнитивдик ишмердүүлүктү активдештирүүнүн үстүндө иштөө – бул окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө оң мамилени калыптандыруу, өздөштүрүлүп жаткан предметтерди терең таанып билүүгө умтулууну өнүктүрүү [1, 172]

Окуучулардын когнитивдик ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн, өнүктүрүүнүн куралы болуп математика боюнча өнүктүрүүчү маселелер эсептелет.

Маселелердин классификацияланышынын көйгөйүнө арналган көптөгөн методикалык, психологиялык адабияттар кездешет.

Математиканы окутуу методикасында Г.И.Саранцевдин пикири боюнча [5, 123] көптөгөн жылдар бою негизи

А) далилдөөгө карата маселелер;

Б) түзүүгө карата маселелер;

В) эсептөөгө карата маселелер

талаптагы мүнөздү түзгөн классификация жайылтылган.

Окутуу процессинде [4, 4] маселелердин функциясын төмөнкүдөй классификацияда баса белгилешкен:

А) дидактикалык функциялары менен маселелер;

Б) таанып билүүчүлүк функциялары менен маселелер;

В) өнүктүрүүчүлүк функциялары менен маселелер.

Дидактикалык функциялары менен маселелер теориялык материалды өздөштүрүү үчүн арналса, экинчи типтеги маселелер болсо, маселелерди чыгаруунун теориясын жана методдорун тереңдетүүгө, ал эми үчүнчү типтеги маселелер мазмуну боюнча математиканын негизги курсунан чыгуу менен курстун мурда үйрөнүлгөн суроолорун татаалдатууга багытталат. Аталган классификациядагы маселелердин арасынан өнүктүрүүчүлүк функциялары менен маселелерге көңүл буруу менен окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүүгө көнүл бурсак, анткени окутуунун өнүктүрүүчү функциясын ишке ашыруу мугалимден бир гана анык системадагы билимдерди берүүнү эмес, билимдердин жардамында окуучуларды коюлган суроого жооп издөөгө, табууга, ой жүгүртүүгө, белгилүү компоненттерге таянып жаңы билимдерге ээ болууга үйрөтүүнү талап кылат. Окуучуларды когнитивдик ишмердүүлүккө үйрөтүүгө максаттуу багыттайт, аларды окуу-таанып билүүчүлүк аппарат менен камсыздайт.

С.Л. Рубинштейн билимдерди жана жөндөмдөрдү топтоо процесси окутуу катары, ал эми жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу – өнүгүү процесси деп баса белгилеген [6, 221].

Өнүктүрүүчү маселелер окуучуларда буга чейин ээ болгон билим, жөндөм, көндүмдөрдүн комбинациясын колдонуунун негизинде алардын ишмердүүлүгүн активдештирүүгө чоң салым кошот. Кыдыралиев С.К., Урдалетова А.Б. Дайырбекова Г.М. авторлугунда 5-класстар үчүн Математика боюнча Жандуу математика-1 китебиндеги тапшырмалардын арасында өнүктүрүүчү маселелерди карап, талдап көрсөк:

Жыл башында башталгыч класстардын окуу материалдарын канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн кайталоо максатында төмөнкү мисал келтирилген [3, 5]:

1-маселе: Чоң ата чамгыр тикти. Чамгыр өтө чоң болуп өстү. Чоң ата чамгырды, чоң эне чоң атаны, небереси чоң энени, күчүгү неберени, мышыгы күчүгүн, чычкан мышыкты тартып, чамгырды чыгарышты.

Бир аз эс алып алышып, чамгырды бөлүштүрүштү. Чычканга 5 бөлүк, мышыкка андан 4 бөлүккө көп, күчүккө мышыкка караганда 4 бөлүккө көп кылып ушундай тартипте бардыгына бөлүштүрүштү.

Чамгыр канча бөлүккө бөлүнгөн? Каармандары менен бөлүктөрдүн санынын ортосундагы туура келүүчүлүктү аныктоо зарыл.

Чычкан – 5; мышык – 9 (5+4); күчүк – 13 (9+4); небере – 17 (13+4); чоң эне – 21 (17+4); чоң ата – 25 (21+4)

Натыйжада, бөлүктөрдүн суммасы 90го барабар: 5+9+13+17+21+25=90

Бул маселени чыгарууда окуучулар бир бөлүк экинчисине караганда 4 кө көп законченемдүүлүгүн байкоого, аны тактоого, ар бир каарман үчүн тиешелүү бөлүктү таба алууга, жалпылоого көнүгүшөт, мындайча айтканда окуучулар буга чейин ээ болгон сан, алардын ортосундагы байланыштар, бөлүк, жалпы санын табууга, ой жүгүртүүгө, белгилүү компоненттерге таянып жаңы билимдерге ээ болууга үйрөтүүнү талап кылган маселе катары сунушталган.

2-маселе. “Сенин туулган күнүң качан?” – деген суроого Акылай март айында төрөлгөндүгүн жана туулган күнүнүн цифраларынын суммасы 11 ге барабар экендигин айтып жооп берди. Акылайдын туулган күнүн аныктагыла.

1) 2+9=11;
2) 3+8=11, бирок март айында 38-дата жок;
3) 4+7=11, жогорудагыдай эле...

Демек, Акылайдын туулган күнү 29-март.

Бул маселе сандын цифралары, айдын күндөрү, разряд түшүнүгүнө таянып жаңы турмуштук кырдаалдан алынган маселени чыгарууга түрткү берүү менен окуучуну ой жүгүртүүгө, бир нече чыгарылыштардан ал айдагы сандын ондугу 3төн чоң болбойт деген чечимди кабыл алууну үйрөтүүгө багытталган.

3-маселе. Алтынбек арифметикадан көнүгүү иштеп жаткан. Ал эшикке чыгып кетээри менен, Айсулуу тамашага салып, бардык арифметикалык амалдардын белгилерин жана кашааларды өчүрүп салды. Натыйжада төмөнкүдөй жыйынтык чыгып калды:

12=3
123=4
1234=5
12345=6
123456=7
1234567=8
12345678=9
123456789=10

Бул маселени чыгарууда баштапкы абалга келтирүү үчүн арифметикалык амалдарды коюу менен туура натыйжа алынаарын текшерүү аркылуу чыгарылыштардын бир нече альтернативдик жолдору менен туура жооп алууга болот. Аталган маселе окуучудан ой жүгүртүүнү, чечим кабыл алууну, амалды туура тандоону, бир нече чыгарылыштарды аныктоону жана туура чечим кабыл алууга негиздөөнү талап кылат.

Жыйынтыктап айтканда, 5-6-класстарда математика сабагында окуучулардын когнитивдик ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн катары, окуучулардын активдүүлүгүн калыптандыруунун эң маанилүү каражаттарынын бири катары өнүктүрүүчү маселелердин колдонулушу эффективдүү натыйжа берет.

Математика сабагында окуучулардын ишмердүүлүгүн активдештирүүдө когнитивдик ишмердүүлүгү өнүктүрүүчү маселелер окуучуларда кабыл алынып жаткан, калыптанып жаткан түшүнүктөр боюнча билим, жөндөм, көндүмдөрдүн комбинациясын пайдалануу менен, түшүнүктөрдүн ортосундагы логикалык байланыштын маңызын түшүнүүгө, байланышты орнотууга, талдоого, жыйынтык, тыянак чыгарууга, жалпылоого мүмкүндүк берүү менен математикалык түшүнүктөр калыптанат.

**Адабияттар:**


1. Блинова Т.Л. Структура познавательной деятельности школьников в личностно-ориентированном обучении // Психология и педагогика: методика и проблемы практического применения. – 2008. № 3. [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://cyberleninka.ru/article/n/strukturapoznavatelnoy-deyatelnosti-shkolnikov-v-lichnostno-orientirovannom-obuchenii
2. Колягин Ю.М. Задачи в обучении математике. Обучение математике через задачи и обучению решения задач. Часть I,II. - М.: Просвещение, 1977. – 144с.
3. Кыдыралиев С.К., Урдалетова А.Б. Дайырбекова Г.М. 5-класстар үчүн Математика.
4. Нешков К.И., Семушин А.Д. [Нешков К.И., Семушин А.Д. Функции задач в обучении // Математика в школе. – 1971. - №3. – с.4.
5. Саранцев Г.И. Общая методика преподавания математики: Учеб. Пособие для студентов мат. спец. пед. вузов и университетов. – Саранск: Тип. «Крас. Окт.», 1999. – 208 с.
6. Рубинштейн С.Л. Проблемы общей психологии /С.Л.Рубинштейн. -М.: Педагогика, 1957.
7. Якиманская И.С. Развивающее обучение. – М.: Педагогика, 1979. – 144с.


*   *   *

**УДК 37.091.212+51**

# МАТЕМАТИКА БОЮНЧА ЖАЛПЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ТЕСТИРЛӨӨГӨ ДАЯРДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Шарапов Сардорбек Тургунович, улук окутуучусу***
***sardarbek_1972@mail.ru***
***Биримкулов Шамшарбек Карачбаевич, ЖАМУнун улук окутуучусу.***

***Аннотация:*** *Бул макалада математика боюнча окуучуларды жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоонун өзгөчөлүктөрү жана логикалык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүнүн айрым жолдору жөнүндө жазылган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Жалпы республикалык тестирлөө, логикалык маселелер, салыштыруулар, мейкиндик элестетүүлөр, функциялар, теңдемелер.*

# ОСОБЕННОСТИ ПОДГОТОВКИ К ОБЩЕРЕСПУБЛИКАНСКОМУ ТЕСТИРОВАНИЮ ПО МАТЕМАТИКЕ

***Шарапов Сардорбек Тургунович,***
***ст.преп ЖАГУ, sardarbek_1972@mail.ru***
***Биримкулов Шамшарбек Карачбаевич, ст.преп ЖАГУ***

***Аннотация:*** *В данной статье описаны особенности подготовки школьников к общереспубликанскому тестированию по математике и некоторые способы развития у них логического мышления.*

***Ключовые слова:*** *Общереспубликанское тестирование, логические задачи, сравнение, пространсвенное воображение, функции, уравнений.*

# FEATURES OF PREPARATION FOR THE NATIONWIDE TESTING IN MATHEMATICS

***Sharapov Sardorbek Turgunovich, Senior lecturer JASU***
***Birimkulov Shamsharbek Karachbaevich. Senior lecturer JASU,***

***Annotation:*** *This article describes the features of preparing schoolchildren for nationwide testing in mathematics and some ways to develop their logical thinking.*

***Keywords:*** *nationwide testing, logical tasks, comparison, spatial imagination, functions, aquations.*

Жалпы республикалык тестирлөөдө жогору балл алуу ар бир бүтүрүүчүнүн алдыга койгон максаты десек жаңылышпайбыз. Бул максатка жетүү үчүн окуучулар тынбай даярданып, өздөрүнүн үстүндө иштешет. Тилекке каршы баардык окуучулар үчүн өз алдынча даярдануу жакшы ийгиликтерди бербейт. Айрым окуучуларга кошумча сабактарга катышуу зарылчылыгы келип чыгат. Мындан төмөнкүдөй суроо жаралышы мүмкүн. Жалпы республикалык тестирлөөгө өз алдынча даярдануу жетишсизби? Албетте тест орто мектептин материалдарынан түзүлгөн. Демек, мектеп материалдарын толук кайталап чыгуу менен тестирлөөгө даярданса болот. Жалпы республикалык тестирлөөгө даярданууну окуучуларыбыз 11-класстан башташат. Көрүнүп тургандай бул жетишсиз. Кыска убакыт ичинде материалды толук кайталап чыгып, иреттөө үчүн өзүнчө программа менен иштөөнү талап кылат. Жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоочу курстар ушул багытта иш алып барышат. Кыска убакыт ичинде негизги математикалык материалдарды берүү менен аларды колдоно билүүгө үйрөтөт. Мындан сырткары тестте берилүүчү мисал жана маселелерди кыска, оңой жолдор менен чыгарууга машыктырат. Жалпы республикалык тестирлөөдө

берилүүчү тапшырмалар негизинен окуучунун логикалык жактан туура ой жүгүртүүсүн текшерүүгө багытталган. Логика жөнүндө сөз болот экен ал сөзсүз түрдө математика менен байланышкан болот. Муну менен кошумча курстарга катышкан окуучу албетте жогору балл алат дегенден алыспыз, чындыгында. Ушундай окуучулар бар эч кандай кошумча курстарга катышпай эле жогору балл топтой алышат. Негизинен алып караганда окуучунун билим деңгээли, логикалык ой жүгүртүүсү мектепте сабак берген мугалимден көз каранды болот. Эгерде мектептин математика мугалими ар бир сабагында жалпы республикалык тестте берилүүчү материалдар менен окуучуларды тааныштырып турса, окуучулардын кошумча курстарга катышуусуна эч кандай зарылдык калбайт. Жалпы республикалык тестте берилүүчү материалдарды кошумча тапшырма катары иштетүү жакшы жыйынтыктарды берет деп ойлойбуз. Жаңы теманы түшүндүрүп бүтүп, аны бышыктагандан кийин ушул тема боюнча республикалык тестирлөөдө кандай мисалдар каралаарын жана аларды кантип кыска жол менен чечсе болоорун көргөзүү абзел.

Жалпы республикалык тестирлөөдө берилүүчү мисал жана маселелер өтө оор деле эмес. Ар бир мисал ушундай түзүлгөн, ичинде кандайдыр бир сырдуу илмек жашырылган. Ушул илмекти туура тапса мисал оңой эле чыгарылат. Мындан сырткары окуучулардын мейкиндик элестөөлөрү дагы текшерилет. Төмөндөгүдөй мисалдарды карап көрөлү:

1.Сүрөттө көргөзүлгөн куб бир канча майда кубиктерден турат. Кубду толук краскалап, кайрадан жайнатып (чачып) салсак бир дагы краска тийбеген канча майда кубик болот?



2.Тегеректин канча бөлүгү боёлгон?




Демек, математика боюнча жалпы республикалык тестирлөөгө даярдай турган курстардын эң негизги милдети окуучунун билимин ирettөө, бышыктоо, ошондой эле аны колдоно билүүгө үйрөтүү болуп эсептелет. Жалпы республикалык тестирлөөгө окуучуларды даярдоо боюнча бир канча жылдык тажрыйбаларыбызга таянып төмөнкүлөрдү айта албыз:

а) Геометрияны жакшы билген окуучу математика боюнча жакшы балл топтой алат.

б) Математикадан жакшы билген окуучу кыргыз тилден деле жакшы балл топтой алат.

Муну менен эмне демекчибиз. Окуучунун логикалык ой жүгүрүүсү мейкиндик элестөөсүнүн негизинде өнүгөт. Мейкиндиктеги фигураларды көз алдына келтирип, элестете алган окуучу ар дайым кыйынчылыксыз тестирлөөдө берилген тапшырмаларды туура аткара алганына күбө болуп жүрөбүз. Тилекке каршы орто мектепте геометрияга бөлүнгөн саат өтө аз болгондуктан материалдарды жеткиликтүү түрдө берүүгө

мүмкүнчүлүктөр калбай баратат. Айрым методисттердин айтымында “геометрия окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрө турган жападан жалгыздедуктив илим, себеби андагы ар кандай логикалык сүйлөмдөрдүн чын экенин далилдөөдө теоремалар, аныктамалар, аксиомалар колдонулат жана мында логика законоруна таянылат. [1]

Д.И.Менделеев айтып өткөндөй “Геометриялык билимдер бардык так илимдердин негизин түзөт”. Ошондуктан орто мектепте геометрияны окутууга көбүрөөк басым жасашыбыз зарыл. Элестетүүгө карата төмөнкүдөй мисалдарды карап чыгалы.

1. Жолдун бир жагы так, экинчи жагы жуп сандар менен номерленген үйлөрдүн 22-үйүндө Айбек, ал эми 182-үйүндө Алтын жашашат. Алардын үйлөрүнүн ортосунда канча үй бар?
2. Товардын наркы 20%га кымбаттап, кайра 20%га арзандаса, алгачкы наркы канча пайызга өзгөрөт?
3. Лифт 12 чоң адамды же 18 жаш баланы көтөрө алат. Эгерде лифтке 8 чоң адам кирсе алардын алдына көбү менен канча жаш баланы кошо алабыз?

Жалпы республикалык тестирлоого даярдоо боюнча эксперименталдык жумуштарды аткардык. Мында ар биринде 15 тен болгон торт группанын окуучулары алынды. Алардын билим денгээлдери деле ар туртуу. Баардык группаларга бирдей программанын негизинде сабактар жургузулду. Ар бир айдын аягында тест алып жыйынтык чыгарып турдук. Алтынчы жана жетинчи айдын аягында тесттик суроолор жаллан геомериялык материалдардан тузулду. Тестирлоонун жыйынтыгы менен окуучуларды томонкудой группаларга болуп алдык. Геометрияны жакшы оздоштургондору 18 окуучу, орто денгээлде билгендери 22 окуучу, жакшы билбейт деелгени 20 окуучу.

Окуучулар жалпы республикалык тестирлоону ийгиликтуу тапшырып алышкандан кийин, алган баллдары боюнча группаларга иликтоо жургуздук жана томонкудой жетишкендиктерди байкадык.

| № | Группалар | Окуучулардын саны | ЖРТда алган баллынын арифметикалык орточосу |
|---|---|---|---|
| 1. | Геометриялык материалды жакшы билген окуучулар | 18 | 168,2 |
| 2. | Геометриялык материалды орто билген окуучулар | 22 | 143,4 |
| 3. | Геометриялык материалды жакшы билбеген окуучулар | 20 | 113,5 |

Геометриялык маселелерди чыгарууда көпчүлүк учурда кандайдыр бир фигуранын элементи өзгөрүшү менен бул фигуранын өзү кандай өзгөргөнүн көз алдына келтирүүгө туура келет .

И действительно, мои родственники являясь уроженцами города Майлусуу, в котором находится одно из опаснейших урановых хранилищ, воочию видели, и я в том числе, как радиация негативно сказывалась на состояние здоровья людей.

Ведь в Майлусуу находится большее количество урановых хранилищ-23. В 2008 г из-за угрозы оползня, который мог смыть хранилище, пришлось перенести хранилище в более безопасное, а оползень разгрузили. Все это обошлось в 11 млн евро и операция завершилась к 2012г. Конечно, из бюджета Кыргызстана правительство такую сумму не выделило, все профинансировал Всемирный банк.




***Урановые хвостохранилища Майлуу-Суу и оползнеопасные участки, КР***

*Фото: Министерство чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики*

Но, это лишь малая часть мер, которые нужно предпринять для оздоровления города. По данным Евросоюза, для этого потребуется 30 млн евро, а по данным МЧС и вовсе 50 млн евро.

Таким образом, со стороны правительства Кыргызской Республики не применяется никаких эффективных и действенных мер по устранению и ликвидации этих опасных урановых хранилищ. И оно, как обычно надеется на международную помощь

Третья, ставшая наиболее актуальной в последние годы, проблема связана с загрязнением воздуха. Основные источники загрязнения – это

-автомобильные выбросы,

-сжигание для тепла отходов швейной промышленности, автомобильных шин и других отходов,

- использование твердого топлива для отопления ТЭЦом и простым населением,

-загрязнения пылью и другими твердыми частицами, причинами которых являются снижение доли зеленых пространств, уничтожение зеленых полос вдоль дорог, распыление песка в борьбе с гололедом, отсутствие асфальтового покрытия на дорогах в жилых массивах; грунт со строительных площадок; налипание частиц на шины крупногабаритных машин с карьеров; сжигание мусора и других отходов в частном жилом секторе.



***Транспорт является главным источником загрязнения атмосферы***

И последняя проблема в экологии Кыргызстана – это сохранение биоразнообразия.

Положение усугубляется тем, что не предусмотрен нашим законодательством четкое и соответствующее наказание за преступления против природы.

Все эти проблемы, если смотреть с философской точки зрения заключаются в том, что у простого населения нет осознанности и понимания философии экологии.

**Список использованной литературы:**


1. Кавтарадзе Д.Н., Арон Абрамович Брудный и Экополис, Методология и история психологии. 2011. Том 6. Выпуск 2.
2. Лисеев И.К., Философия экологии сегодня // Философские науки. 2017. № 3. С. 102–115.
3. Сабырбеков Р.А., Источники загрязнения воздуха в городах Кыргызстана, Бишкек 2018
4. ИАЦ "Кабар": Экологическое положение в Кыргызстане http://kabar.kg/news/ekologicheskoe-polozhenie-v-kyrgyzstane.


* * *

**УДК 332.368**

# ЧАТКАЛ РАЙОНУНДАГЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК КӨЙГӨЙЛӨР ГЛОБАЛДЫК КООПСУЗДУК КОРКУНУЧУ КАТАРЫ

***Эркинбек кызы Гулнур магистрант***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ***

***Аннотация:*** *Илимий макалада Чаткал районунун экологиялык көйгөйлөрү, алардын пайда болуу себептери, экологиялык коопсуздугу, айлана-чөйрөгө тийгизген таасирлери кралды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Оор металлдар, концентрация, булгануу, радиация, хвостохранилища, отвал, экосистема.*

# ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ ЧАТКАЛЬСКОГО РАЙОНА КАК ГЛОБАЛЬНАЯ УГРОЗА БЕЗОПАСНОСТИ

***магистрант Эркинбек Кызы Гулнур ЖАГУ им. Б.Осмонов***

***Аннотация:*** *В научной статье описаны экологические проблемы Чаткальского региона, причины их возникновения, экологическая безопасность, влияние на окружающую среду.*

***Ключевые слова:*** *Тяжёлые металлы, концентрация, загрязнение, радиация, хвостохранилища, отвал экосистема.*

# ENVIRONMENTAL PROBLEMS OF THE CHATKAL DISTRICT AS A GLOBAL SECURITY THREAT

***master's student Erkinbek Kyzy Gulnur JAGU named after B. Osmonov***

***The summary:*** *The scientific article describes the environmental problems of the Chatkal region, their causes, environmental safety, environmental impact.*

***Keywords****: Heavy metalsconcentration, pollution, radiation, tailing dump, the ecosystem.*

Учурда адам «кубаттуу геологиялык күчкө айланат» деп өз илимий иштеринде В.И. Вернадский белгилегендей илимий-техникалык прогресстин тез өнүгүшү менен адамдын чарбалык ишмердүүлүгү жаратылыштын бардык ресурстарында чоң өзгөрүүлөрдү пайда

кылып жатат. Коомдун курчап турган чөйрөгө тийгизген таасири барган сайын ар түрдүү болуп баратат: анын масштабы чындыгында глобалдуу болуп калды, экономикалык ишмердүүлүктүн таасири, көлөмү боюнча көптөгөн табигый процесстерден ашып кете баштады. Ошентип, экономикалык жактан пайдаланылган аймактардын тынымсыз кеңейиши табигый ресурстардын түп-тамырынан бери кайра курууга алып келет. Бир компоненттин бузулушу башка компоненттердин жана бүтүндөй жаратылыштын өзгөрүшүнө таасирин тийгизет [1].

Кыргызстан жер шарынын 200 приоритеттүү экологиялык аймактарынын бири. Бул жерде флоранын 2%ке жакыны өсөт, ал эми жердин 0,13%ин кургактыкта жашаган фаунанын 3%тен ашыгы жашайт. Орто Азияда өскөн өсүмдүктөрдүн жарымына жакыны Кыргызстанда кездешет. Ошол эле учурда экологиялык чөйрөдө кооптондурган жагдай түзүлдү. Экологиялык натыйжалуулук индексинин (EPI) рейтингине ылайык, Кыргызстан экосистемалардын экологиялык абалы жана жашоого жөндөмдүүлүгү боюнча 180 өлкөнүн ичинен 99-орунда (2012-жылы 127-орунда) жана биологиялык ар түрдүүлүк боюнча 97-орунда турат. Кыргызстандын Кызыл Китебине жаныбарлардын 68, өсүмдүктөрдүн 65 түрү киргизилген жана алар жок болуп кетүү коркунучунда турат.

Суу ресурстарынын абалын сактоо жана жакшыртуу боюнча коопсузданууулар бар. Алардын пайдалуу бөлүгү акырындык менен түгөнүп же булганып бара жатат. Мөңгүлөрдүн ээришине адам фактору активдүү салым кошууда, бул келечекте жайыттардын жана айыл чарба жерлеринин суусузданышына алып келиши мүмкүн. Акыйкатчы институтунун маалыматы боюнча, 2018-жылдын башында ар бир алтынчы кыргызстандык ичүүчү таза сууга жетпей калган [5].

Ошентип, 1125 айылда борбордук суу түтүктөрү жок болуп, кыргызстандыктардын кырк пайызы суну ачык булактардан (арыктар, каналдар ж.б.у.с.) колдонууга аргасыз болгон. Жалпысынан республика боюнча 653 айыл ичүүчү сууга жетпейт. Жылына 30 миң курч ичеги оорулары катталат. Суунун булганышы жана санитардык абалы боюнча Кыргызстан дүйнө өлкөлөрүнүн арасында 104-орунда турат. Мындан тышкары, пайдалуу кендерди казып алуудан улам таштандылардын топтолушу адам өмүрүнө коркунуч туудурган жагдайды жаратууда. Республиканын аймагында 92 таштанды жана калдык сактоочу жай бар (анын 31 радиоактивдүү, 5 уулуу, 25 таштанды төгүүчү жай). Кооптуу калдыктардын айрымдары жокболуп, экосистемага жана адам өмүрүнө коркунуч туудурууда. Кыргызстандын аймагындагы таштандылар сакталган жерлердин көпчүлүгү өтө оор абалда. Радиоактивдүү таштандылар, оор металлдар жана уулуу заттар курчап турган чөйрөгө таралууда жана жер алдындагы сууларды, атмосфераны, топуракты булгоодо. Мисалы Чаткал районуна караштуу Сумсар дарыясын бойлой жайгашкан оор металдардын калдыктары сакталуучу аймактардын абалы азыркы күндө глобалдык маселе болуп саналат [2]. Акыркы жылдарда Чаткалда чалгындалган пайдалуу кендерди иштетүү, негизинен, совет доорунда активдүү башталган. Бүгүнкү күндө Чаткал районунун аймагында тоо-кен, геологиялык изилдөө иштерин жүргүзүүгө 158 лицензия берилген. Ошол эле учурда кен казуучу компаниялардын ишмердүүлүгүнө наразычылык көп жылдардан бери айтылып келет.

Учурда республикада Өкмөттүк масштабда проблемаларды чечүү жөнүндө иш аракеттер жасалып жаткандыгы жөнүндө бир нече массалык маалыматтарда берилүүдө. Бирок бул региондо баса белгилөөчү иш-чара жүргүзүлгөн эмес (1-сүрөт).

Экологияга жана айлана-чөйрөгө төмөнкүдөй мүнөздөгү зыян келтирүү коркунучу сакталууда:

- жаратылыштын бирдиктүү экосистемасынын бузулушу;
- сугаруу жана ичүү үчүн пайдаланылган дарыялардын жана көлдөрдүн булганышы;
- түшүмдүү топурактын жана жер катмарынын бузулушу;
- баалуу дарак породаларын кыюу (арча, тоо күлү ж.б.);
- жайыттарды кыскартуу жана жок кылуу;

- калдык сактоочу жайларды куруу (тоолордун жогорку агымында буга чейин 4 калдык сактоочу жай курулган), алардын жергиликтүү калкка келтирген зыяны, ошондой эле табигый же башка кырсыктардан улам кыйраган учурда келип чыгышы мүмкүн болгон коркунучтар.



*1-сүрөт. Куру-Тегерек жер- коркунучтун очогу.*

Чакмак-Суу капчыгайы-тоо суусу мөңгүлөрдүн эришинен пайда болгон тоо чокуларынан келген суу агымдары тоо ойдундары аркылуу ушул дарыяга куюлуп, андан ары Чаткал дарыясына кошулат. Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 67-беренесине ылайык, суунун сапатына зыяндуу таасир тийгизиши мүмкүн болгон суу агымдары пайда болгон аймактарда калдык сактоочу жайларды, таштанды төгүүчү жайларды, көрүстөндөрдү, мал көмүүчү жерлерди жана башка чарбалык объекттерди жайгаштырууга тыюу салынат деп белгиленгендигине карабастан тилекке каршы бир катар суу ресуртарына тескери таасирин тийгизген факторлор катталып келет[4].

Чаткал районунда дагы үч компания: «Вертекс Голд Компани», «Чаарат Заав» алтын өндүрүүчү ишканасы жана «Эти Бакыр Терексай» фабрикасы калдык сактоочу жай куруп жатат. Үч компания тең рудадан алтынды эритүү ыкмасы менен чыгарышат. Башкача айтканда, жумуш процессинде сөзсүз түрдө көптөгөн химиялык элементтер, анын ичинде цианид колдонулат. Чаткал дарыясы трансчегаралык статуска ээ экенин эске алсак, техникалык же табигый кырсык болуп кетсе, Кыргызстан коңшу мамлекеттердин көптөгөн миллиарддаган доолорунан кутула албайт.

Райондо сел, жер көчкүлөр тынымсыз болуп турат. Дарыя жээктериндеги жер көчкүлөр Чаткал, Сумсар, Терек-Сай, Касан-Сай дарыяларында үзгүлтүксүз болуп, райондун тургундарына бир канча кыйынчылыктарды жаратат[3].

Санитардык-эпидемологиялык кызматтын маалыматтарына караганда Сумсар дарыясынын суусуда марганец 9 эсе, кадмий 320 эсе нормадан жогору кармалгандыгы белгилешет. Ошондуктан, учурдагы жаңы кен байлыктарды казуу иштери менен иштеген чет элдик инвесторлордун иши жергиликтүү калкты тынчыздандырат.

Сумсар, Шекафтарда союз мезгилинде көптөгөн мамлекеттер менен биргеликте иштетилген уран комбинаты иштеп чыккан продукциядан калган зыяндуу радиоактивдүү таштандылары хвостохранилищаларда отвалдарга жайгаштырылган.

Хвостохранилищалардагы таштандылардын жалпы көлөмү 2650 миң куб метрди түзөт. Алар I-II коркунучтагы категорияларга кирет. Хвостохранилщалардын № 1,2,3 жер көчкү жүрө турган участкаларда Сумсар дарясынын жээгинде жайгашкан. Жаан-чачын менен жуулган уулуу заттар б.а. оор металлдар Сумсар дарыясына түшүп, Өзбекстанга чейин барат. Бул хвостохранилищаларда сууну тосуучу гидротехникалык коруктардын абалы өтө начар. №2 хвостохранилищаны тепчип аккан суу түз эле Сумсар дарыясына куят.

Негизги булгоочу оор металлдарга: коргошум, цинк, кадмий, сурьма кирет. №1 хвостохраниуанын төмөнкү бөлүгүндө ичилүүчү сууну чогултуучу корук жайгашкан, ал сууну Сумсар, Шекафтарж.б. айылдардын тургундары турмуш тиричилигинде кеңири

пайдаланышат. Райондун экологиялык абалы учурда аябай оор. Тиешелүү иш-чараларды илимий изилдөө иштерин жүргүзүү керек.

Топурак катмары радиоактивдүү заттарды жана оор металлдарды кармап калуу жана концентрациялоо жөндөмүнө ээ. Белгилүү болгондой, топуракты түзгөн бөлүкчөлөр (механикалык) канчалык кичине болсо, алардын механикалык сорбциялоо жөндөмдүүлүгү ошончолук чоң болот. Ошондой эле, органикалык заттардын болушу сорбциялык касиеттерге олуттуу таасирин тийгизет.

Жер бетине түшкөн радионуклиддердин миграциясында геоморфологиялык жана климаттык шарттар маанилүү роль ойнойт. Мисалы, тоолуу райондордо (тик капталдарда) радионуклиддер жана башка топурак бөлүкчөлөрү бар химиялык элементтер атмосфералык жаан-чачындардын таасири астында жылып, рельефтин төмөн аймактарында топтолот же сууга кирет. Өсүмдүктөрдүн топурактын курамындагы оор металлдар менен булгануу коркунучу кыртыштын кычкылдуулугунун жогорулашы менен көбөйөрү жана окшош элементтердин болушуна жараша органикалык заттардын, чопонун, темир кычкылдарынын көбөйүшү менен төмөндөй тургандыгы аныкталган.

Радиоактивдүү металлдар менен катар техногендик келип чыккан оор металлдардын миграциясынын бар экендиги талашсыз. Табигый шарттарда ОМ тоо тектерден табигый суулар, атмосфералык жаан-чачындар менен жуулат, ал эми техногендик процесс дайыма катуу жана суюк өндүрүш калдыктарынын курамында ОМнын түз төгүлүшү менен байланышкан. Шекафтар шаарчасындагы таштандылардын көпчүлүгү өтө оор абалда, радиоактивдүү таштандылар, оор металлдар жана уулуу заттар курчап турган чөйрөгө таралууда жана системалык түрдө жердин үстүндөгү жана алдындагы сууларды, атмосфераны жана топуракты булгоодо. Бул аймактагы глобалдык маселе болуп саналат.

Эрозия процесстеринин өрчүшүнө көптөгөн жаратылыш жана антропогендик факторлор таасирин тийгизет. М: жаан-чачын, мал жайыт жана башкалар.

Акыркы жылдары айлана чөйрөнүн абалынын өзгөрүшү ден соолук үчүн чоң мааниси бар экендигин медициналык аспект далилдейт. Бул өзгөрүүлөр табигый себептердин натыйжасында болушу мүмкүн жана адамдын иш-аракетинин таасири менен болушу мүмкүн. Курчап турган чөйрөнү антропогендик булгоо бул калктын ден соолугунун баскычын аныктоодо башкы фактор болуп эсептелет. Чөйрөнү булгоо курчап турган чөйрөгө жаратылыш факторлорунун таасир этүү эфектисин өзгөртөт аны менен кошо калктын ден соолугуна да таасирин тийгизбей койбойт.

Азыркы учурда адамдын табигый процесстерге кийлигишүүсүнүн зыяндуу натыйжаларына каршы күрөшүүнүн рационалдуу ыкмаларынын бүтүндөй комплекси түзүлгөн. Кыртыш алдындагы туз жана шлактар сакталуучу жерлердеги сууларды коргоо үчүн туз өткөрбөөчү экрандар (тосмолор) - түзүлүүдө. Мисалы үчүн, полиэтилендик пленканын жана өндөрүштүк таштандылардын негизинде комбинирленген тосмолор өзүнүн жакшы жагын көрсөттү. Таштандылардын көпчүлүгү өтө оор абалда, радиоактивдүү таштандылар, оор металдар жана уулуу заттар курчап турган чөйрөгө таралууда жана жер алдындагы сууларды, атмосфераны, топуракты булгоодо. Шекафтар жана Сумсардагы казылып алынган кенден калган калдыктардын сакталуучу аймактары азыркы күндө глобалдык маселе болуп саналат. Азыркы учурда республикада өкмөттүк масштабда, убагында республикадагы буга окшогон кендерди чогуу казып алган союздук республикалар менен чогуу чечүү жөнүндө аракеттер жасалып жатат.

Адамдын ден соолугуна өмүрүнө коркунуч туудурган бул уран рудасын иштеп чыгуу, ал адамдын радиоактивдүү нурдануусуна анын натыйжасында түрдүү айыкпас ооруларга дуушар болушуна алып келет. Шекафтар шаарчасынын калктын ден соолугуна жана экологиясына маниторинг жүргүзүүдө Жалал-Абад областык курчап турган чөйрөнү коргоо жана Райондук СЭСтен алынган жылдык маалыматтарды салыштыруу менен жыйынтык чыгарылды. Кыргыз Республикасы суу ресурстарына абдан бай. Республика жалпы запас суунун 12-17% тин гана пайдаланат, калган 90%ти сугат үчүн сарпталат. Алынган суунун

маанилүү бөлүгү сарамжалсыз пайдаланууда. Себеби, суу бөлүштүргүч системалардын техникалык абалы канааттандыраалык эмес, сугаруу методдорун туура эмес пайдалануу, суу сактоочу технологиялардын жоктугу. Сыркынды сууларды тазалоочу ишканалардын көпчүлүгүнүн иштен чыгышы жана талапка жооп бербеши бул таза суулардын сапатын төмөндөтөт. Шекафтар шаарчасындагы сыркынды сууну тазалоочу ишканалар стандартка анча жооп бере албайт. Кээ бир ишканалар сыркынды сууну түздөн-түз Сумсар дарыясына таштайт, калгандары такыр иштебейт башкача айтканда бардык булганган суулар түздөн-түз агын сууларга ташталат деп айтууга болот. Бул проблемалардын алдын алуу тез арада чара колдонуу зарыл.

**Жыйынтыктоо**

Чаткал районуну субрегионунда жаратылыштка тесткери таасирин тийгизген факторлорду аныктоо менен анын кесепеттерин азайтуу боюнча алгачкы иш-чараларды жүргүзүү керек. Райондогу таштандылар сакталган жайлардын көпчүлүгү өтө оор абалда, радиоактивдүү таштандылар, оор металлдар жана уулуу заттар курчап турган чөйрөгө таралууда жана системалык түрдө жердин үстүндөгү жана алдындагы сууларды, атмосфераны жана топуракты булгоодо. Бул аймактагы глобалдык маселе болуп саналат.

Суу, топурак ресурстарынын булганышы райондун тургандарынын ден соолугуна, жаныбарларга, өсүмдүктөргө терс таасирин тийгизбей койбойт. Мындай булгануу кошуна мамлекет Өзбекстандын тургундарына да бир топ көйгөйлөрдү жаратат.

Экологиялык абалды кзмлдч комплекстүү программа иштелип чыгуусу керек жана ал айлана-чөйрөнү коргоонун милдеттүү куралы болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Дженбаев, Б. М. Биогеохимия природных и техногенных экосистем Кыргызстана [Текст] / Б. М. Дженбаев, А. М. Мурсалиев. – Бишкек: Илим, 2012. – 404 с.
2. Камчыбекова К.Д. Эколого-геохимическая оценка состояния почв р.Сумсар (Кыргызстан)- Бишкек: Материалы IV Международной конференции 17-19.09.2015.Стр 172-174
3. Эгембердиева, А.Д. Эколого-биогеохимические особенности пойменных экосистем реки Майлуусуу (Кыргызстан)[Текст]: дис. ... канд. биол. наук / А. Д. Эгембердиева. – Бишкек, 2005. – 167 с.
4. Эгембердиева А.Д., Камчыбекова К.Д. Сумсар дарыясынын учурдагы экологиялык проблемалары. Ош:ОшТУ Известия 1/2017 стр 99-102.
5. https://ru.wikipedia.org/wiki Экологические проблемы в Киргизии.

**УДК 9394**

# КЫРГЫЗ БОЗ ҮЙҮНҮН ЖАРАЛЫШ ФЕНОНИМИ

***Бакивалиева Калима, улук окутуучу***
***Турдубаева Мастура, улук окутуучу***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ ТИПФ***
***Таш-Көмүр ш.***

**Аннотация:** *Көчмөн цивилизациясынын бешиги болгон боз үйдү карасак көптөгөн суроолор жаралат: эмне үчүн эшиги күн чыгышты карап тигилиши керек? Терезеси төбөсүндө? Качан, кимдер жараткан? Эң кызыктуу жагдай боз үйдөн үй-бүлөнүн жашоосун, өнүгүүсүн, салттарын, философиясын, көркөм дүйнөсүн ж.б.у.с. көчмөндөрдүн байыртадан бери келе жаткан ички дүйнөсүн таанысак болот.*

**Түйүндүү сөздөрү:** *көчмөндөр, жер үй, боз үй, көчмөндөр цивилизациясы, күн, төр, миф, натурфилософиясы, архитектура,*

# ФЕНОНИМ СОТВОРЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЮРТЫ

***Бакивалиева Калима, старший преподаватель***
***Турдубаева Мастура, старший преподаватель***
***ТИПФ ЖАГУ им. Б. Осмонова, г. Таш-Кумыр***

***Аннотация***: *глядя на юрту, колыбель кочевой цивилизации, возникает много вопросов: почему дверь должна быть обращена к восходу солнца? Окна на крыше? Когда и кто его создал? Наиболее интересным аспектом является переход от юрты к семейной жизни, развитию, традициям, философии, художественному миру и т. д. мы можем узнать внутренний мир кочевников, который имеет давние корни.*

***Ключевые слова:*** *кочевники, земельный дом, юрта, кочевая цивилизация, солнце, гостевое место, миф, натурфилософия, архитектура*

# THE PHENOMENON OF THE CREATION OF THE KYRGYZ YURT

***Bakivalieva Kalima***
***Turdubayeva Mastura***
***TEPF JASU named after B. Osmonov,***
***Tash-Kumyr city.***

***Abstract:*** *looking at the yurt, the cradle of nomadic civilization, many questions arise: why should the door be facing the sunrise? Windows on the roof? When and who created it? The most interesting aspect is the transition from the yurt to family life, development, traditions, philosophy, art world, etc. we can learn the inner world of nomads, which has long-standing roots.*

***Keywords:*** *nomads, land house, yurt, nomadic civilization, sun, guest place, myth, natural philosophy, architecture.*

Боз үйдүн тарыхы кадимки эле таш доорундагы жер үйгө кетип жатат, анткени тоо жеринде ызгаар сууктан сактаныш үчүн жер үйлөрдү суунун күнөс жээгине эшигин күн чыгышты каратып тигип, ортосунда очогун курушкан. Очоктун түтүнүн чамгарак аркылуу чыгаргандыктан үйдүн келбети ошол таш доорунда эле азыркы боз үйгө окшош, бирок алачыктай болгон. Көчмө болгондуктан кыштоо катары колдонулган.

Миңдеген жылдары ушундай шартта жашагандыктан көчмөндүккө өткөндө деле, архитектурасы өзгөрүүсүз жана эшигин чыгышты каратып тигүү азыркы күнгө чейин сакталган. Мунун бирден бир себеби, байыркы адамдар жаратылышты ыйык жандуу заттар катары кабыл алгандыктан аң-сезиминде күн сайын боз үйдүн түндүгүнөн көрүнгөн Күн Кудайга айланаган, анткени алар миф (илимий жомок) дүйнөсүндө жашашкан.

Ошол алмустакта жаралып азыркы убакка чейин жашап келген салттар жана боз үй аркылуу байыркы ата-бабаларыбыздын турмушу- көчмөн цивилизациясынын терең сырларын ачсак болот.




Эң алгач боз үйдө-жер үйдө Чыгыш-Батыш огу жаралган **(1-сүрөт)** кийинчерээк Оң-Сол же оң туш, сол туш **(2-сүрөт)** тарапка бөлгөндүгүн биле алабыз (түндүк-түштүк эмес), мисалы, Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө жана Казакстанда түштүк-оң түстүк, түндүк-сол түстүк, бул октор жер шарын төрткө бөлгөн боз үйдүн сырткы октору, Азыиянын чексиз мейкиндеги-тоо-талааларында адашпай көчүү үчүн керек болгон.

Мисалы, боз үйдүн ичиндеги улага-төр, эр- эпчи тарыбы пайда болгону бул күчтүү өнүккөн көчмөндөр коому жаралганын көрсөтүп турат **(3-сүрөт).**

Бул октор үйдүн ичиндеги октор. Эмне үчүн улага-төр, эр-эпчи деп аталат? Эмне үчүн төр улук?

Байкап көрсөк таң атаары менен боз уйдун эшигиннен күн төргө тиет же төр күндүн отурган орду. Эгерде адамзаттын эң алгачкы сыйынганы кун-кудайы, күн-жараткан экенин эске алсак, төр боз үйдүн эң бийик, эң ардактуу ордуна айланганын көрө алабыз.

Төргө күн отурганны тилибизден дагы аныктаманы таба аалбыз, мисалы: кызга байланыштуу, кыз чыккан эне-атасынын үйүн төркүнү деп айтабыз, атасынын төрүнө күндү кошуп айтып жатат. Күн чыккандан батканга чейинки жол сыяктуу, улага-төрлүү, төр адамзаттын өмүр бою умтулган күн кудай олтурган бийик Улук жери- төргө жетүү жашоонун улуу максаты!.

Бул максат боз үйдө эр-эпчи: эркек жана аял үчүн эриш-аркак же Улук-Ыйык философиялык жашоо касиети; Улага –Төр жашоо жолу. Боз үйдүн ичинде үй-бүлөнүн жашоо жолу так көрсөтүлгөн: Эркек үчүн-Улук, аял үчүн-Ыйык! Ошондуктан эркек өмүр бою күчү, акылы менен Улуктукка умтулса, аял касиети менен Ыйыктыкка умтулат.

Боз үйдүн прототиби болгон алачыкка шөкүлөнүн окшоштугу, балким ошондуктан шөкүлө кийген аялзатты үйчү (эпчи, түрк тилдеринде-эвчи), же үйдүн ээси дегенибиз бул байыртадан келе жаткан кабар аркылуу аялзаттын ыйыктыгын дагы бир жолу аныктасак болот. 3-сүрөттөгү боз үйдүн эр-эпчиге бөлүнүшү байыркы биздин доорго чейинки V кылымда Кытайда жаралган инь-ян натур-философиялык тушүнүктүн башаты катары карасак болот, анткени инь-ян натурфилософиясы бул үзгүлтүксүз бир-бирине өтүп турган каршы күчтөр (аял-эркек, ысык-суук...) [1]

**4-сүрөттө** көчмөндөр дүйнөсүндө түндүктү ааламга кеткен ок көрсөтүп турса, түштүктү жер алдына карай кеткен ок көрсөтүп турат, октун башталышы боз үйдүн очогу, бул принцип үй-бүлөнүн- адамзаттын теңир менен да, арбактар дүйнөсү менен да байланышын көргөзүп жаткансыйт. Боз үйдө үй-бүлөнүн очогун, үй-бүлөнүн ички дүнөсүн аалам менен байланыштырган ок кетип жатат, мисалы, чак түштө очокту боз үйдүн чамгарагы аркылуу күндүн нуру байланыштырып турат. (Чак түш- күн төбөгө келгенде күндүн нурунун- очокко түшүшү). Боз үйдүн терезеси асманды караганы, анан бүгүнкү күнгө чейин өзгөрбөгөнүнө, биринчи себеп: күн-кудайга, кийин адамдардын аң-сезими

өнүккөндө теңирге сыйынгандыктан өзгөрткөн эмес; экинчи себеп-Евразия тоо талааларында көчүп жүрүүдө адашпас үчүн (асмандагы жылдыздардын өз ара жайгашуусун жана мезгилге карата өзгөрүүсүн түндүк аркылуу изилдөө). Эмне үчүн үйлөнүү, үй-бүлө, үйлөнүү тою ж.б. терминдерди колдонобуз, адамдын жашоосу үй менен байланышкан, отко кирүү ж.б. терминдер бул кыргыздын байыркы турмушун, башкача айтканда, көп түрдүү жашоодон өзүнчө жекече үй-бүлө пайда болгон отко сыйынуу доорунун кабарын билдирет. (азыр дагы от менене байланышкан, ырымдар кеңири колдонулат, отко суу куюп очүрбөйт...). Боз үйгө карата көчмөндөрдүн үч кабаттуу философиялык дүнөсүнө тактоо киргизе алабыз: Күндүзгү жердеги жашоо- бул адамзат, жан-жаныбарлар дүйнөсү: түн, караңгы түн, жылдыздуу аалам-теңир дүйнөсү, жер-асты жана караңгычылык-арбактар дүйнөсү. Эмне үчүн адамдар уктап жатканда түш көрдү деп айтабыз, уйку көрдү же башка терминдерди колдонбойбуз?

Кыргыз тилинде палео (байыркы) тил болгондуктан ошол таш доорунда теңирге сыйынган убакта жана жер астында дүйнөнү чагылдырган эпос жаралаган-Төштүк (Түштүк). Чечмелесек адам уктап жатканда жер алдына түшүп көргөнү-түш көрүү дагы бир аныктамасы “Уйку өлүмгө барабар”. Азыркы көчмөндөрдүн улуу салттарынын бири, адам каза болгондо атайын аземи менен минген жылкысын союп, аркы арбактар дүйнөсүнө узатуу-көмүү эмес! Боз үйдүн төрүнө карыганда адам жетип, анан кайрадан төрөлүп жатпайбы! Тактап айтканда, боз үйдүн төрүнөн жер алдындагы арбактар дүйнөсү аркылуу жашоосун кайрадан улантып, үзгүлтүксүз бири-бирине өтмө төрөл философиясынын аныктамасы!

**5-сүрөттө** боз үйдүн Түндүгү, Түндүк тамгасы же “төгөрөктүн төрт” бурчу көргөзүлгөн. Кылымдар бою түндүк түндүк аркылуу күндү көргөндүктөн, түндүктүн сөлөкөтү күндүн Тамгасына айланган. Америка континенттиндеги Майя, Инк цивилизациясынын күнду белгилеген тамгасы түндүк тамгасына окшош, аталышы да окшош (Kin. King), Күн. [2].

Дүйнөнүн башка тарабындагы Мессопотамиядагы Шумер цивилизациясынын күн-кудайды белгилеген тамгасы түндүк тамгага окшош, аталышы udu, ud же кыргызча от. Мындай окшоштук илимий божомолду-гипотезаны жаратат: Мая, Инк жана шумер цивилизациясы түзгөн элдер боз үйдө жашашкан. Күн тийип турганда карасак күндүн өзүнүн сөлөкөтү пайда болот, нурлары чачырыгын тегерек О же ортосунда чекити бар тегерек Ɵ. Мындай күндүн тамгасы (иероглиф) дүйнөнүн эки тарабындагы байыркы цивилизацияларда Египетте жана Кытайда. Ушул тамгалар экөө тең ОƟ, көчмөн цивилизациясында кеңири тараган. Илимий божомол (гипотезе) сыңары тыянак чыгарсак: ОƟ тамгасы күндүн өз сөлөкөтү катары дүйнөнүн бардык жеринде, Е түндүк тамгасы боз үйдө жашаган гана элдерде пайда болушу мүмкүн.[3] Түрк элдеринин Евразия континентинин эбеегйсиз зор мейкиндигин ээлешинде боз үйдүн өбөлгөсү зор болгон. Жогорку жагдайларды эске алсак, боз үйдүн жаралышында түрк элдеринин салттарына терең сугарылгандыктан түрк элдерине таандык экендигинде шек жок. Боз үйдүн тирүүлөрдүн үйү болгондуктан бир дагы Евразия мейкиндегиндеги курандардан табылган эмес. Эн байыркы мындан төрт миң жыл мурдагы кийиз жана кийиизден жасалган калпак мурда Лобнор көлүнүн жанынан (ошол аймакта азыр да кыргыздар жашайт), мындан 2,5 миң жыл мурда кеч кийиз Алтайдагы Пазырык кургандарынан табылган.

Боз үй тууралуу билдирүүлөр негизинен түзүлүшү, кооздугу туралуу жана маданияты төмөн “Варварлардын” баш калкалоочу жайы катары илимий макалаларда, энциклопедияларда кездешет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Чойун Өмүралы Уулу, Теңирчилик, Бишкек, “Крон”, 1994 ж.
2. Уметалиева-Баялиева Ч.Т.., Этногенез кыргызов.-Бишкек.: 2008-290 б.
3. Кут билим. Изилдөө. №9 (10467). 2012-ж.


* * *

**УДК 330.342.4**

# ФОРМИРОВАНИЕ И РАЗВИТИЕ СИСТЕМЫ МАТЕРИАЛЬНО-ТЕХНИЧЕСКОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСТАНА

***Маталиева Назик Жаналиевна   преподаватель***
***matalieva123@gmail.com***
***ТИПФ ЖАГУ им.Б.Осмонова, г. Таш-Кумыр***

***Аннотация***: *Животноводство и земледелие, которые формировались веками, и тот факт, что 65% всего населения проживает в сельской местности, сделали Кыргызстан аграрной страной и развитием сельского хозяйства. Поэтому повышение эффективности сельскохозяйственного производства играет ключевую роль в повышении экономики государства в целом. Поскольку развитие сельского хозяйства в нашей стране является одним из наиболее приоритетных направлений, большая часть нашего населения занимается земледелием и животноводством, поэтому они нуждаются в постоянной государственной поддержке и постоянной материально-технической поддержке со стороны государства.*

***Ключевые слова:*** *Научно-технический прогресс, сельское хозяйство, система материально-технического снабжения, инфраструктура, капитальные вложения, процесс деградации, лизинг.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ

***Маталиева Назик Жаналиевна   окутуучу***
***matalieva123@gmail.com***
***Б.Осмонов ат. ЖАМУ ТИПФ,Таш-Көмүр ш.***

***Аннотация:*** *Кыргызстандын калкынын кылымдар бою калыптанган мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы, жалпы калкынын 65%ы айыл жеринде жашашы агрардык өлкө болушуна жана айыл чарбанын өнүгүшүнө шарт түзгөн. Ошондуктан айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун көтөрүү жалпысынан мамлекеттин экономикасын жогорулатууда негизги ролду ойнойт. Өлкөбүздүн айыл чарбасын өнүктүрүү эң приорететтүү багыттардын бири болгондуктан, калкыбыздын көпчүлүк бөлүгү дыйканчылык жана мал чарбачылык менен алектенгендиктен, аларга дайыма мамлекеттик колдоо кылуу керек жана аларды тынымсыз материалдык-техникалык камсыздоо мамлекет тарабынан муктаж.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Илимий техникалык прогресс, айыл чарба, материалдык-техникалык камсыздоо системасы, инфраструктура, капиталдык салымдар, деградация процесси, лизинг.*

# FORMATION AND DEVELOPMENT OF THE SYSTEM OF MATERIAL AND TECHNICAL SUPPORT OF AGRICULTURE IN KYRGYZSTAN

***Matalieva Nazik Janalievna***
***matalieva123@gmail.com***
***TIPF JASU named after B.Osmonov.***
***Tash-Kumyr city.***

***Annotation***: *Animal husbandry and agriculture developed over the centuries, 65% of the total population lived in rural areas, turned Kyrgyzstan into an agrarian country and created conditions for the development of agriculture. Therefore, increasing the efficiency of agricultural production plays a decisive role in boosting the economy of the entire country. Since the development of agriculture is one of the priority areas in our country, most of our population is*

*engaged in agriculture and animal husbandry, so they need constant state support and constant logistical support from the state.*

***Keywords:*** *Scientific and technological progress, agriculture, logistics system, infrastructure, capital investments, degradation process, leasing.*

Кыргызстандын айыл чарбасынын өнүгүүсүн тарыхый үч мезгилге, башкача айтканда, Улуу Октябрь социалистик революциясына чейинки, СССР убагындагы жана эгемендүү мамлекет учурундагы мезгилге бөлүп кароого болот. Алгачкы мезгилде социалистик-экономикалык шарттарга ылайык керектөөлөрдү гана канааттандыруу максаты болгон. Совет бийлигинин мезгилинде айыл чарбасында негизги өндүрүш каражаттарына коомдук менчик болгондуктан, ири чарбалар - колхоз, совхоздордо өндүрүштү пландуу түрдө өнүктүрүү менен анын илимий техникалык прогрессke таянган жаңы материалдык-техникалык базасы түзүлгөн. Капиталдык салымдарды ургаалдуу колдонууга, алардын кайрымдуулугуна, интенсивдүү технологияны өндүрүшкө киргизүүгө зор көңүл бурулган. Чарбанын социалдык формасы, айыл чарба техникасын пайдалануу, квалификациялуу кадрлардын көбөйүшү, илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин өндүрүшкө системалуу жайылтуу айыл чарбанын экономикасында жогорку натыйжалуулукту камсыз кылган. Айыл чарба 2020-жылы ички дүң продукциянын 13,5%ин түзөт, өз ара тыгыз байланыштуу эки ири тармакка (дыйканчылык жана мал чарбасы) бөлүнөт. Жүз пайыздын ичинен 13,5%ды түзүү – агрардуу өлкө үчүн эң аз көрсөткүч десек болот. Төмөндөгү графиктен бул үлүштүн мындан да аз болгону байкалат.[1- сүрөт]




*1-сүрөт. КРнын айыл чарбасынын 2016-2020 жж. ИДПдагы үлүшү [6].*

Дыйканчылык тармагына эгилме өсүмдүктөрдү өстүрүү, башкача айтканда, дан, жашылча, жемиш, картошка, техникалык жана май алынуучу өсүмдүктөр, тоют өсүмдүктөр жана тамеки өстүрүү кирет. Айыл чарба өсүмдүктөрү коомдун өндүргүч күчтөрүн өркүндөтүүдө зор роль ойнойт, себеби аларды өстүрүү айыл чарбаны техникалык жактан жабдуу деңгээлин көтөрүү менен азык-түлүктү кайра иштетүүнү шарттайт. Мал чарбасына кой, бодомал, жылкы, чочко, топоз ж. б. чарбалары кирет. Бул эки тармакты айкалыштыра өнүктүрүү материалдык, акча жана эмгек ресурстарын ургаалдуу пайдаланууну камсыз кылат. Дыйканчылыксыз туруктуу тоют базасын түзүү, мал чарбасын илгерилетип өстүрүү мүмкүн эмес, ал эми мал чарбасы өз кезегинде дыйканчылыкка эң баалуу органикалык жер семирткич (кык) берет. Айыл чарбасында негизги өндүрүштүк каражат жер болуп эсептелет. Айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана жайгаштыруу жердин өзгөчөлүгүнө, базардан алыс же жакын орун алышына жана табигый-климаттык шарттарга жараша болот. Бул өзгөчөлүк кыртыштын кунардуулугун жакшыртууда илимий жактан негизделген дыйканчылык системасын, айыл чарбаны жүргүзүү системасын иштеп чыгып, колдонуу зарылчылыгын туудурат.

90-жылдары айыл чарбасында башталган жер реформасынын натыйжасында агрардык өндүрүштүн негизги каражаттары - жерлер, айыл чарба техникалары жана жабдуулар, мал менчиктештирилген. Бирок, жүргүзүлгөн реформалар күтүүлөрдү актаган жок: мамлекеттин

ойлонуштурулбаган саясаты бул стратегиялык тармактын чарба жүргүзүүнүн накталай жана майда товардык формага айлануусуна алып келди. 2011-жылы бардык айдоо аянтынын 79,6%ы жеке менчикте, калган 20,4%ы - мамлекеттин менчигине өткөн. Азыркы учурда айыл чарбасынын 97%дан ашык продукциясы жеке сектордо өндүрүлөт. (2-сүрөт)




*2 – сүрөт. Булак КРнын Улуттук Статистика Комитети:* [http://www.stat.kg/](http://www.stat.kg/) [6].

Айыл чарба аянттарынын деградация процесси азыркы учурда өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугуна олуттуу коркунуч келтирип жана экологиялык разряддан Кыргызстандын туруктуу өнүгүшүнө коркунуч келтирген категорияга өтүп жатат. Жер пайдалануу менеджментинин потенциалынын начарлыгы кырдаалды ого бетер кыйындатууда. Кыртыштын күрдүүлүгүн калыбына келтирүү боюнча иштер анча натыйжалуу жүргүзүлбөй жатат. Өлкөдө өзүбүз минералдык жер семирткичтерди чыгарбайбыз, жыл өткөн сайын кыртышка себилген семирткичтердин көлөмү кыскарып бара жатат.

Сугаруу каналдарын реконструкциялоо жана өнүктүрүү, үрөнчүлүк жана асыл тукум иштерин колдоо боюнча мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, айыл чарба өндүрүшү үчүн ушул чечүүчү багыттардагы иш жакшырбай турат. Иштеп жаткан каналдардын узундугу талап кылынган керектөөлөрдү канааттандырбайт. Алардын кайсы бир бөлүгү каржылоонун жетишсиздигинен жана оңдоо-калыбына келтирүү иштери өз учурунда жүргүзүлбөгөндүгүнөн улам капиталдык оңдоого муктаж. Үрөн жана асыл тукум материалынын сапаты төмөндөп жатат. Мунун бардыгы айыл чарбасы жана калк үчүн олуттуу жоготууларга алып келет. Жыл сайын кыртышы бузулган айыл чарба жерлеринин аянты өсүп жатат, сугат жерлерин көбүн шор басып, сазга айланууда. Ирригациялык каналдардын техникалык абалынын канааттандырарлык эместигинен улам суу тосмосунан талаага чейин аккан суунун коромжусу 40%дан ашыкты түзөт. [1]

Органикалык жана минералдык заттар менен жерлерди камсыздандыруу иштери азайып, азыркы учурда топурактар деградациялануу абалында турат. Аталган көйгөйлөрдүн баарысы жергебизде жетишерлик түрдө кездешет. Алардын ичинен негизгилерине кененирээк токтоло кетсем. Айдалган эгиндердин түшүмдүү болушуна мээнеттин көпчүлүк бөлүгүн аткарган материалдык-техникалык ресурстар жана жердин сапаттуу аянтары жардам берет. Бирок, ошол дыйкандардын эң негизги керектөөлөрүнүн азайып бара жатканы, заманбап техникалардын аябай эле аз экени өнүүүнүн жолуна бөгөт коюуда. Материалдык-техникалык ресурстарына болгон баалар, айыл чарба азык-түлүктөрүн сатуудагы бааларга салыштырмалуу өтө тездик менен өсүп жатат. Каржы абалынын туруксуздугуна байланыштуу продукциялардын эң маанилүү түрлөрүнүн көпчүлүгү айдалбай калууда. Алсак, кант кызылчасы, пахта, тамеки жана башка ушул сыяктуулар аз жана алардын заводдордун эскиргенине байланыштуу сапатсыз өндүрүлүшү өздөрүнө кеткен чыгымдарды да актай албай келет. АӨКси Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө негизги приоритеттүү багыттардын бири болгондуктан, аларды тынымсыз заманбап айыл чарба техникалары жана заманбап технологиялар менен жабдуу эң башкы маселелердин бири жана о.э., мамлекеттин туруктуу өнүгүшүнө атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Айыл чарба продукцияларынын өндүрүшүнүн экономикалык

эффективдүүлүгүн жана мыктылыгын жогорулатуу, машина-тракторлорунун камсыздандыруу деңгээлинен түздөн-түз көз каранды. [4]

Айыл чарбасындагы тракторлорунун саны 2020-жылга карата 21244 дааналы жана дан жыйноочу комбайндар 2143 дааналы түзгөн. Акыркы жылдарда айыл чарбасына көбүрөөк басым жасалып, жеңилдетилген пайыз менен айыл чарба техникалары дыйкандарга берилүүдө. Быйылкы жылы мамлекеттин колдоосу аркылуу ишке ашырылып жаткан лизинг долбоору аркылуу 1499,4 млн сомго 467 даана айыл чарба техникалары лизинг аркылуу айылдык товар өндүрүүчүлөргө берилди. Анын ичинен 244 даана тракторлор, 20 даана дан комбайндары, 1 даана өндүрүштүк жабдуу, 75 даана айыл чарба машиналары, 136 даана атайын техника жана 3 даана унаа каражаттары.

Жалпысынан 2022-жылдын июль айына карата республикага 137,4 млн сомго 43 даана дан комбайндары алынып келинген. Анын ичинен 96,0 млн сомго 20 даана дан комбайны жеңилдетилген шарттарда лизинг долбоору аркылуу айылдык товар өндүрүүчүлөргө берилсе, 23 даана комбайн дыйкандардын жеке каражаттарынын эсебинен алынып келинди. Айыл чарба техникалары башкача айтканда жер айдоочу тракторлордун жаңылануусу жазгы жер айдоо иштерин кыйла жеңилдетет. [6]

Ошондой эле айыл чарбасын өнүктүрүү максатында дыйкандарыбызга “Айыл чарбасын каржылоо - 10”долбоору боюнча төмөндөтүлгөн насыялар берилди. Өсүмдүк өстүрүү категориясы боюнча жалпы 1170457,0 миң сомго 2865насыя, мал чарбачлык категориясы боюнча жалпы 2418931,0 миң сомго 4957 насыя,  айыл чарба продукциясын кайра иштетүү категориясы боюнча жалпы 926231,0 миң сомго 302 насыя берилди. Жалпы бардыгы болуп 3 категория боюнча 4515619,0 миң сомго 8124 насыя берилди. Фермерлерди каржылоодо талаачылыкка, кайра иштетүүгө, мал-чарбачылыка, логистикалык борборлорго, күнөскана, тамчылатып сугаруу жана башка ушул сыяктуу жаңы ыкмаларга өзгөчө көңүл бурулууда.

Ошондой эле аталган тармакты өнүктүрүүдө негизги максаттар жана милдеттер төмөнкүлөр:

- ар бир облуста айыл чарба технологияларын өнүктүрүү, дыйканчылык жана асыл-тукум мал чарбасында сорт жаңыртуу үчүн өсүмдүктөрдүн мыкты сортторун жана айыл чарба жандыктарынын тукумдарын калыбына келтирүүгө, өтө өндүрүмдүү жана жаратылыш-климаттык шарттарга ыңгайлашкан жаңыларын чыгарууга мүмкүндүк берүүчү агробиотехнологияларды колдонуунун жакшы практикасын жайылтуу жана колдонууга киргизүү үчүн үрөн жана асыл тукум таяныч чарбалары түзүлүшү керек.

- айыл чарба техникасынын тармагын кеңейтүү жана мамлекеттик-жеке өнөктүк принцибинде түзүлүп кийин мамлекеттин үлүшүн жеке секторго берүү үчүн түзүлгөн ири айыл чарба техникаларынын уюмдарынын кызмат көрсөтүүсүнүн сапатын жогорулатуу аркылуу ага жеткиликтүүлүктү жогорулатуу; тукум фондун жана айыл чарба асыл тукум малынын башын тукум жана асыл тукум өндүрүүчүлөр үчүн да, айылдык товар өндүрүүчүлөр үчүн да экономикалык дем берүүнү түзүү жолу аркылуу жаңыртууга көмөк көрсөтүү;

- товар өндүрүүчүлөр үчүн финансылык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу жана айыл үчүн финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн продукциялык катарын кеңейтүү (айыл жергесинде финансылык уюмдарды өнүктүрүү, кредиттөө, лизинг, камсыздандыруу ж.б.);

- айыл чарба товар өндүрүүчү кадрларды даярдоо жана кайра даярдоонун туруктуу системасын түзүү, туруктуу иштеген курстарды түзүү жолу менен заманбап агротехнологияларына окутуу;

- айыл жергесинде өндүрүштүк инфраструктураны өнүктүрүү (жолдор, электр энергиясы, ичилүүчү жана сугат суу менен жабдуу).

Мындан сырткары региондорду өнүктүрүү өлкө үчүн өзгөчө маанилүү, анткени региондордун экономикалык жана социалдык жактан туруктуулугу гана бүтүндөй өлкөгө туруктуулук алып келип, региондордун экономикалык байланышы бүткүл өлкөнүн

экономикасын бирге байланыштырууга мүмкүндүк берет. Ушул документте коюлган максаттарга жана милдеттерге ылайык ар бир регионду өнүктүрүү улуттук долбоорлорго, натыйжалуу экономикалык зоналарды, айрыкча айыл чарбасында түзүүгө байланыштуу, анда өлкөнүн экономикасын региондук диверсификациялоонун өзгөчөлүктөрү эске алынат. Жалпы ишкер климатты, соода инфраструктурасын, жол тармагын жакшыртуу, бюджеттик, салык чөйрөсүндө жергиликтүү бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын кеңейтүү региондо чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө, региондун экономикасынын өсүш темпин көбөйтүүгө, чекене товар жүгүртүү жана калкка рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн андан ары өсүшүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Региондордо кандайдыр бир приоритеттүү багыттар бар же өнүгөт, алар "локомотив" болуп, бир нече жылдардан кийин анык натыйжаларга ээ болуу үчүн өз айланасына региондун экономикасынын башка тармактарынын ишканаларын чогултат. Мында чечүүчү ролду жергиликтүү ишкерлер жана бийлик ойнойт, бул чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүүгө алып келүүчү багыттарды тандоого мүмкүндүк берет. Региондор үчүн мындай ишканалар бул калкты иш менен камсыз кылуунун ачкычы жана андан аркы социалдык жана экономикалык өнүгүүнүн мүмкүндүгү болуп саналат. [2]

**Корутунду.** Кыргызстандын агро өнөр жай комплексине кирген бардык тармактар заманбап техникаларга жана модернизациялоого муктаж экенин жогоруда айтып өттүк. Алар менен камсыз кылуу үчүн мамлекет чара көрүш керек деп гана отура бербестен элибиз, өзгөчө бизге окшогон жаштар дагы аракет кылса жакшы болмок. Жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн өндүргөн продукцияларын сатып өткөрүүгө айыл чарба министрлиги кепилдик түзүп, өндүрүүчүлөрдү шыктандыруу менен айыл чарбасын өнүктүрүүгө болот. Мамлекет тарабынан колдоо болгондо гана айыл чарба иштерин мыкты билген кадрлар көбөйөт. Андыктан биздин негизги жер ресурстарыбыз туура колдонулуп, материалдык техникалык базасын чындоо жагы дыкат көзөмөлгө алынса, өндүрүлгөн азык-түлүгүбүздүн сапаты жогору болуп, көлөмү артып, өзүбүздүн элди таза азык-түлүк менен камсыз кылуу менен бирге азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылат жана о.э., экспорттоо менен экономикабызды турукташтырууга жетишебиз.

## Колдонулган адабияттар:

1. Абдиев М.Ж. Кыргыз Республикасында айыл-чарбасын инновациялык өнүктүрүүнүн негизги багыттары [Текст] /М.Ж.Абдиев, К.К.Токторов //Вестник КНАУ им.К.И.Скрябина, Б, 2021.- №2 – С. 310-317.
2. Орозонова А.А.. Перспективы развития сельского хозяйства Кыргызской Республики [Текст] / А.А.Орозонова А.А., Т.А. Акматалиев, М.У.Сеиткожиева //Экономические отношения, 2019.-№ 9 – С. 833-854.
3. Кыргызстан цифраларда (2015-2019ж.ж.) [Текст].-Бишкек: Нацстаткомитет, 2020 – 192-193 б.
4. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы (2015-2019-ж.ж.) [Текст].-Бишкек: Нацстаткомитет, 2020 -15б.
5. Кыргызстандын Айыл-Чарба Тармагын Өнүктүрүү Маселелери/Asst. Prof. Dr. Damira Baigonushova, Saikal Otorova Asst. Prof. Dr. Junus Ganiev, Prof. Dr. Jusup Pirimbaev (Kyrgyzstan-Turkey Manas University, Kyrgyzstan)/international conference on eurasian economies 2017.
6. http://www.stat.kg/

**УДК 37.091.33**

# СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК МЕТОДДОРДУН ОРДУ

***Абдыкарова Улча Тажимаматовна, окутуучу,***
***uulcaabdykarova5@gmail.com***
***Б.Осмонов ат. ЖАМУ, Кочкор-Ата колледжи,***
***Кочкор- Ата шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Инновациялык усулдарды колдонуу менен бирге студенттердин билим сапатын жогорулатуу жана ар тараптуу тарбиялоо азыркы учурдагы билим берүүнү өркүндөтүүнүн концепциясына ылайык, окуу предметтерин анын ичинен, табигый жана техникалык илимдер багыты боюнча билим алып жаткан студенттерди инновациялык деңгээлде окутуунун негизинде студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүнүн сапаттарын жогорулатуу менен өз алдынча эмгектенүүгө үйрөнүшөт, окуп таанып-билүү кызыкчылыгы жогорулайт. Ошондой эле табигый жана техникалык багытындагы кесип ээлерин стандарттык мазмунун камтыган окутуунун психологиясын жакшыртуу жана анын негизинде окутуу процессиндеги мүчүлүштүктөрдү талдап, аларды жоюунун ыкмаларын, жолдорун көрсөтүү зор мааниге ээ. Ошол себептен окутуунун актуалдуу проблемаларын психология-педагогикалык талаптарга ылайык негиздөөнүн, окутуунун жакшыртылган инновациялык ыкмаларын иш жүзүндө кеңири колдонуунун зарылчылыгы келип чыгууда. Окутуу процессинде түшүнүктөрдү студенттерди реалдуу мүмкүнчүлүгүнө ылайык калыптандыруу, алардын өз алдынчалыгын өстүрүү жана билимдерин системалуу деңгээлдеп текшерүүнү жогорку даражада уюштуруу бүгүнкү күндүн талабына жооп бергендик болот. Табигый жана техникалык илимдер багытындагы сабактарды талапка ылайык берүүнүн негизги факторлорунун бири болуп, студенттерди кесибине кызыктыруу болуп саналат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *окутуунун методдору, стимулдаштырып окутуу, инновация, инновациялык процесс, оюн, тренинг, маалымат- компьютердик технология, интеграцияланган технология, структуралык – логикалык технология , маектешүү технологиялары, кейс, инсерт, кластер.*

# ИННОВАЦИОННАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ В ПОВЫШЕНИИ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ СТУДЕНТОВ МЕСТО ПРОВЕДЕНИЯ МЕТОДОВ

***Абдыкарова Улча Тажимаматовна,***
***преподаватель, uulcaabdykarova5@gmail.com***
***ЖАГУ имени Б.Осмонова, Кочкор-Атинский***
***колледж, г. Кочкор- Ата , Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *Вместе с применением инновационных методов повышения качества образования и всестороннего воспитания студентов в настоящее время в соответствии с концепцией образования өркүндөтүүнүн, учебные предметы, в том числе, уровень знаний студентов на основе научных занятий обучения высшего технического назначения, объектов местного самоуправления и повышение качества эмгектенүүгө үйрөнүшөт с көндүмдөрүнүн умений, учебно-познавательные интересы повышение. Также большое значение имеет улучшение психологии обучения, имеющего стандартное содержание в области техники и анализ на ее основе пробелов в учебном процессе, а также определение методов и способов их устранения.Поэтому возникает необходимость обоснования актуальных проблем обучения в соответствии с психолого-педагогическими требованиями, широкого применения на практике улучшенных инновационных методов обучения. Формирование понятий в процессе обучения студентов в соответствии с их реальными возможностями, повышение их самостоятельности и высокая степень организации*

*систематической проверки знаний будут соответствовать требованиям сегодняшнего дня. Одним из ключевых факторов при проведении занятий по техническим наукам в соответствии с требованиями является заинтересованность студентов в их профессии.*

***Ключевые слова:*** *методы обучения, стимулирующее обучение, инновации, инновационный процесс, игры, тренинги, информационно - компьютерные технологии, интегрированные технологии, структурно – логические технологии, разговорные технологии, кейс, инсерт, кластер.*

INNOVATIVE ACTIVITY IN IMPROVING THE QUALITY OF STUDENTS' EDUCATION THE LOCATION OF THE METHODS

***Abdykarova Uulcha Tazhimamatovna, teacher***
***uulcaabdykarova5@gmail.com***
***JASU named after B.Osmonov, Kochkor-Ata College,***
***Kochkor-Ata city, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *Together with the use of innovative methods to improve the quality education and comprehensive education of students in the present time in accordance with the concept of education rcmdt, school subjects, including the level of students ' knowledge based on the scientific training of graduate technical purposes and objects of local government and improving the quality amgetting Ernest with cnddr skills, training and educational interests increase. Also of great importance is the improvement of the psychology of teaching, which has a standard content in the field of technology and analysis based on it of gaps in the educational process, as well as the definition of methods and ways to eliminate them.Therefore, there is a need to substantiate the actual problems of teaching in accordance with the psychological and pedagogical requirements, the widespread use of improved innovative teaching methods in practice. The formation of concepts in the process of teaching students in accordance with their real capabilities, increasing their independence and a high degree of organization of systematic knowledge testing will meet the requirements of today. One of the key factors in conducting technical science classes in accordance with the requirements is the interest of students in their profession.*

***Keywords:*** *teaching methods, stimulating learning, innovations, innovation process, games, trainings, information and computer technologies, integrated technologies, structural and logical technologies, conversational technologies, case, insert, cluster.*

Инновациялык усулдарды колдонуу менен бирге студенттердин билим сапатын жогорулатуу жана ар тараптуу тарбиялоо азыркы учурдагы билим берүүнү өркүндөтүүнүн концепциясына ылайык, окуу предметтерин анын ичинен, техникалык багыттагы сабактарын жогорку илимий деңгээлде окутуунун негизинде студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүнүн сапаттары жогорулатуу менен өз алдынча эмгектенүүгө үйрөнүшөт, окуп таанып-билүү кызыкчылыгы жогорулайт. Ошондой эле техника багытындагы стандарттык мазмунун камтыган окутуунун психологиясын жакшыртуу жана анын негизинде окутуу процессиндеги мүчүлүштүктөрдү талдап, аларды жоюунун ыкмаларын, жолдорун көрсөтүү зор мааниге ээ.Ошол себептен окутуунун актуалдуу проблемаларын психология-педагогикалык талаптарга ылайык негиздөөнүн, окутуунун жакшыртылган инновациялык ыкмаларын иш жүзүндө кеңири колдонуунун зарылчылыгы келип чыгууда. Окутуу процессинде түшүнүктөрдү студенттерди реалдуу мүмкүнчүлүгүнө ылайык калыптандыруу, алардын өз алдынчалыгын өстүрүү жана билимдерин системалуу деңгээлдеп текшерүүнү жогорку даражада уюштуруу бүгүнкү күндүн талабына жооп бергендик болот. Техникалык илимдер багытындагы сабактарды талапка ылайык берүүнүн негизги факторлорунун бири болуп, студенттерди кесибине кызыктыруу болуп саналат.

Метод-бул аныкталган максатты ишке ашыруудагы аракеттердин ыкмасы. «Метод» латын сөзүнөн алынган, ал кандайдыр бир максатка багытталган жол дегенди түшүндүрөт. Студенттин окуу чыгармачылыгы билим алуу же үйрөнүү деп аталат. Ал эми мугалимдин чыгармачыл аракети окутуу деп аталат. Студент менен мугалимдин чогуу аракети билим берүү болуп саналат. Окутуунун методу деп, окутуу процессинде аныкталган педагогикалык максат менен студенттердин чыгармачылыгын, ой жүгүртүүсүн өзгөртүүгө, өнүктүрүүгө багытталган мугалим жана окуучунун иш-аракеттер системасы аталат.

Окутуунун методдорунун проблемасы «Кандайча окутуу керек» деген суроону чечүү болуп эсептелинет. Окуучуларды кандайча окутуу керек экендигин чечүү үчүн төмөндөгүлөрдү тактоо зарыл. Окуучулар берилген түшүнүктөн кандай билим, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү алыш керек.

Бериле турган түшүнүктүн логико-дидактикалык анализин жүргүзүү. Жаңы түшүнүктү берүүдө окуучулар кандай ойлоо иш-аракеттерин жасайт, кандай билим жана билгичтиктери, көндүмдөрү бар. Демек, окутуунун методунун моделинде төмөнкүлөр көрсөтүлүш керек: 1. Максатынын коюлушу боюнча окутуучунун иш аракеттери жана колдонулуучу каражаттар. 2. Окуучунун иш-аракеттери. 3. Максатка жетүү үчүн мугалим менен окуучунун ортосундагы байланыш. 4. Окутуунун жыйынтыгы.

Окутуунун максаттарынын, мазмундарынын ар түрдүүлүгү жана окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, билим денгээлдери ж.б.у.с. өзгөчөлүктөрдөн методдордун ар түрдүүлүгү келип чыгат. Жогорудагылардын негизинде Ю.К.Бабанский методдорду төмөндөгүдөй классификациялайт:

-Жаңы материалдарды берүүнүн, аны кабыл алуунун жана окуучулардын өз алдынчалык методдору.

-Стимулдаштырып окутуучу методдор.

-Текшерүү, лабораториялык-практикалык иштерди уюштуруу жолу менен окутуу методдору.

Окутуунун методдору өз ара байланышта пайдаланылып келет. Конкреттүү окуу шарттарында ар кандай окутуунун методдорун айкалыштырып пайдалануу мугалимдин педагогикалык чыгармачылыгына байланыштуу. Бир эле сабакта мугалим бир нече методдордун ыкмаларын пайдаланышы мүмкүн. Сабакты өтүүдө методдорду тандоо жана аларды туура айкалыштыруу татаал педагогикалык проблема. Бул проблеманын чечилиши болуп мугалимдин методикалык билиминин, билгичтигинин жана педагогикалык чыгармачылыгынын болушу абзел. Билим берүүнү орто окуу жайларда модернизациялоонун негизги багыттарынын бири группаларда окутуунун инновациялык технологияларын уюштуруу болуп саналат. Башкача айтканда окуутуга жаны мамиле түзүү.

**«Инновация»** деген түшүнүк латын тилинен алынган «жаныдан киргизилген» деген маанини түшүндүрөт.

**Инновациялык процесс**- бул жаны технологиянын жаралышы, иштелип чыгышы, колдонулушу жана жайылтылышы боюнча болгон комплекстүү ишмердүүлүк. Окутуудагы инновация ушул мезгилге чейин колдонулуп келген ыкмаларды, маалыматтык технологиянын талабына ылайык жаңылануу жолу менен «таанып билүү - түшүнө билүү - колдоно билүү» концепциясынын негизинде иш жүргүзүүнү талап кылат. Жогорудагы максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн ар кандай окутуунун технологиялары пайдаланууда: оюн, тренинг, маалымат- компьютердик технология, интеграцияланган технология, структуралык – логикалык технология, маектешүү технологиялары, кейс, инсерт, кластер ж.б.

*Оюн технологиясы* – ар кандай альтернативдик варианттарды тандоо менен түшүнүктөрдү калыптандыруучу дидактикалык система.

*Тренингдик технология* – бул кандайдыр бир максатты чечүү үчүн жүргүзүлгөн иш-аракеттердин системасы.

*Маалымат- компьютердик технология* – бул ар кандай үйрөтүүчү программалардын жардамы менен компьютердик окутуунун дидактикалык схемасында маектешүүнүн иш жүзүнө ашырылышы.

*Интеграцияланган технология* – бул ар бир класстын денгээлинде өткөрүлүүчү предметтердин каралуучу темаларынын, окуу проблемаларынын чогуу чечилиши.

*Структуралык – логикалык технология* – бул окутуунун системасын этап менен уюштуруу, мында дидактикалык маселелердин чечүү окутуунун мазмунун, формасын, методдорун жана каражаттарын тандоо менен иш жүргүзүлөт. Ар бир этаптын жыйынтыгы талкууланат. Критикалык (сын коз караш менен) ой-жүгүртүү. Идеялар жана маалыматтардын өз ара аракеттенүүсүнүн ыкмалары жана жыйынтыгы. Рефлексия – өзүн-өзү таануу жана баалоо.

*Инсерт технологиясы*-эффективдүү окууга жана ойлоого жардам берүүчү маалыматтар жана маркировкалар менен иштөө.

*Кластер технологиясы* - идеяларды графикалык сүрөттөлүш менен чагылдырууну уюуштуруу.

*Кейс технологиясы*- конкреттүү окуу ситуациясын пайдалануу менен окутуу. Мында жаны түшүнүктү берүүчү бардык касиеттери, негизги терминдери, критерийлери, аргументтери, проблеманын чечилиш жагдайлары, проблемманын чечүүгө карата суроолор, көнүгүүлөр берилет. Кейсти жазууда окутуучудан теориялык жана практикалык билиминин жогору болушу талап кылынат. *Кейс технологиясы менен окутуунун максаты:*

- Атайын шарттарда мурдагы алган билимдерди колдонуп проблеманы аныктоо;
- Проблеманы чечүүнүн жолдорун сунуш кылуу.

*Кейсти талкуулоонун кадамдары:*

- Даярдануу;
- Дискуссияны уюштуруу;
- Окуучулардын мотивациялары;

*Дискуссиянын жүрүшү:*

а) Кейстин анализи;

1) «Дискуссияга активдүү катышуу ишмердүүлүгүн уюштуруу»
2) Дискуссияны жакшы денгээлде откоруу ишаракеттерин жүргүзүү.
3) Жыйынтыктоо.

Бул технологиялар интерактивдүү окутуу менен тыгыз байланышкан. «Интерактив» сөзү англис сөздөрүнөн келип чыккан(«inter-өз ара»,«actаракет кылуу»). Окутуучу менен окуучунун жана маалыматтардын ортосундагы өз ара аракеттешүү методу.

**Интерактивдуу окутуу** – бардыгынан мурда, бул окутуучу менен окуучунун ортосундагы маектешүү, баарлашуу. Маектешуу педагогикалык кызматташтыктын негизинде жүргүзүлөт. Педагогикалык кызматташтык сабагын уюштурууда класста ишмердүүлүк атмосферасын уюштуруу зарыл. Студенттердин чыгармачылыгы мугалимдин көрсөтмөсү аркылуу уюштурулат. Ар бир катышуучу мүмкүнчүлүгүн иш жүзүнө ашырууга шарт түзүлүшү пландаштырылат. Окутуучу мындай сабактарда уюштуруучу, кенешчи, жардамчы гана болот. Анын маанилүү орду ошол сабакка керектүү окуу материалдарын тандоо. Мында « таанып – билүү, түшүнө билүү, колдоно билүү» иш жүзүнө ашырылат. Сабак уюштуруу жана аны даярдоо процессинде, окуучу жана окутуучу ар бири өзүнүн функциясын аткаруусу зарыл. Сабакты уюштуруунун эң негизги түйүнү болуп аны алдын ала стратегиялык пландаштыруу болуп саналат.

**Стратегиялык пландаштыруу.** Стратегиялык пландаштыруу – коюлган пландын ишке ашуусун, ыктымалдуулугунун жогору болушу. Алдын ала толук стратегиялык пландаштырууга окутууга жана окутуунун мазмунуна карата жаны мамиле жасоого багыт берет.

**Окутуучунун функциясы:**

Сабакты максаттуу жана багыттуу ойлоо жана стратегиялык пландаштыруу. Окуу процессинде анализдөөнү жана каталарды убагында оңдоо жана туура багыт берүү. Бул максаттарды иш жүзүнө ашыруу учун стратегиялык пландаштырууда окутуучу төмөндөгүдөй факторлорду эске алуусу зарыл:

-Окуу предметин окутуу процессинде окучуу кандай билим, билгичтиктерге жана кондумдорго ээ болот? Билимдер кандай удаалаштыктарда, тереңдиктерде жана эмнелер менен айкалыштыруу аркылуу берилет?

-Каралуучу теманын сырткы курчаган дүйнө менен кандай байланышы бар? Кандай турмуштук элестетүүлөрдөн, фактылардан, кубулуштардан каралуучу түшүнүктөр пайда болот?

-Каралуучу проблема кандай окуу китептеринде, окуу- методикалык колдонмолордо берилет жана башка окуу предметтерин окутуу менен кандай байланышта?

-Сабак кандай технология менен берилет?

-Окуучу кандай окуйт, предметке карата кандай кызыгууну туудурат? Өзүнүн алган билимдерин практикада пайдаланабы?

Окуучунун функциясы: өзүн- өзү анализдөө, окуу процессинде коюлган шарттарды түшүнүү менен проблемаларды өз алдынча чечүүгө аракеттенүү, башкалардын ойлорун угуу жана сын көз караш менен кароо.

**Стратегия эмнени берет:**

- студенттердин жеке иштөөсүн тыкандык менен текшерүүнү камсыз кылат. - маалыматтарды көңүл буруп окууга багыт берет;
- жаңы материалды мурдагы материалдар менен байланыштырууга жардам берет;
- жаңы материалдарды терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт;
- ар кандай маалыматтарга ишенимин өнүктүрөт;
- теманы андан ары үйрөнүүгө кызыгуусун арттырат.

**Корутунду:** Заман талабына ылайык инновациялык усулду колдонуп, сабак өтүү процессин жакшыртуу менен бирге келечектеги кесип ээлери теория-практиканы айкалыштырып, терең билим алууга умтулат деген ойдомун.

**Адабияттар:**


1. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Педагогика (энциклопедиялык окуу куралы). - Б.: 2004
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты». - Бишкек, 2014. - 32-б.
3. Чыманов Ж.А. Окуучулардын оозеки сүйлөөсүн өркүндөтүүгө өзгөчө мамиле. // Эл агартуу. - №9-10. - 2013. - 15-18-бб.
4. Скаткин М.Н. Проблемы современной дидактики. 2-е изд.-М.: Просвещение, 1984.-256с.


*   *   *

**УДК 330.832**

# ОКУУЧУЛАРДЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК САБАТТУУЛУГУН ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Аванова Жылдыз Авановна - п.и.к., доцент***
***Avanova121053@mail.ru***
***Жумабай кызы Жанаргүл – магистрант***
***Б. Осмонов атындагы ЖАМУ,***
***Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Бул макалада "функционалдык сабаттуулук" түшүнүгүнүн илимий-методологиялык негиздери каралат. Функционалдык сабаттуулуктун калыптанышы татаал, көп кырдуу жана узакка созулган процесс катары аныкталып күнүмдүк сабактарда системалуу, сабаттуу илимий-методикалык жактан негизделген окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен гана реалдуу натыйжага жетишүүгө болоору көрсөтүлгөн.*

***Ачкыч сөздөр:*** *функционалдык сабаттуулук, математикалык сабаттуулук, функционалдык ой жүгүртүү, функционалдык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, математикалык сабаттуулукту өнүктүрүү.*

# ЗАДАЧИ РАЗВИТИЯ ФУНКЦИОНАЛЬНОЙ ГРАМОТНОСТИ УЧАЩИХСЯ

***Аванова Жылдыз Авановна – кандидат пед. наук, доцент, Avanova121053@mail.ru***
***Жумабай кызы Жанаргул – магистрант***
***Государственный университет им. Б. Осмонова, г. Джалал-Абад, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются научно-методические основы понятия «функциональная грамотность». Формирование функциональной грамотности определено как сложный, многогранный и длительный процесс, и показано, что реальный результат может быть достигнут только при использовании новых технологий систематического, грамотного научно-методического обучения на повседневных уроках.*

***Ключевые слова:*** *Функциональная грамотность, математическая грамотность, функциональное мышление, развитие функционального мышления, развитие математической грамотности.*

# TASKS OF DEVELOPING THE FUNCTIONAL LITERACY OF STUDENTS

***Avanova Zhyldyz Avanovna - Ph.D., Associate Professor, Avanova121053@mail.ru***
***Zhumabai kyzy Zhanargul - Master's student***
***JASU named after B. Osmonov,***
***Jalal-Abad, Kyrgyz Republic***

***Abstract:*** *This article discusses the scientific and methodological foundations of the concept of «functional literacy». The formation of functional literacy is defined as a complex, multifaceted and lengthy process, and it is shown that a real result can be achieved only when using new technologies for systematic, competent scientific and methodological teaching in everyday lessons.*

***Keywords:*** *Functional literacy, mathematical literacy, functional thinking, development of functional thinking, development of mathematical literacy.*

Учурда өлкөбүздө дүйнөлүк билим берүү системасына кирүүгө багытталган жаңы билим берүү системасын калыптандыруу жана өнүктүрүү иштери жүрүп жатат.

Азыркы мектептердин эң маанилүү милдеттеринин бири – функционалдык жактан сабаттуу адамдарды калыптандыруу. Окуучулардын функционалдык сабаттуулугун

калыптандыруунун жогорку деңгээли өзүн-өзү өнүктүрүү, өзүн-өзү өркүндөтүү, өзүн-өзү ишке ашыруу, коомго эффективдүү катышуу жөндөмдүүлүгүн аныктайт. Демек, коом функционалдык жактан сабаттуу жана компетенттүү адамга муктаж.
"Функционалдык сабаттуулук" деген эмне?

“Функционалдык сабаттуулук” термини окуу жана жазуу жөндөмүн билдирген “сабаттуулук” түшүнүгүнөн алда канча кеңири.
Көптөгөн аныктамалар бар, алардын ичинен айрымдарын карап көрөлү:

Функционалдык сабаттуулук (аныктама 1) Леонтьев А.А.: «Функционалдык сабаттуу адам – адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндө жашоо маселелеринин мүмкүн болушунча кеңири спектрин чечүү үчүн өмүр бою тынымсыз алынган бардык билимдерди, көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү колдоно билген адам» [Образовательная система «Школа 2100». Педагогика здравого смысла / под ред. А. А. Леонтьева. М.: Баласс, 2003. С. 35.].

Методологиялык терминдердин жана түшүнүктөрдүн жаңы сөздүгү боюнча : «ФУНКЦИОНАЛДЫК САБАТТУУЛУК – бул адамдын тышкы чөйрө менен байланышка кирүү жана ага мүмкүн болушунча тез ыңгайлашуу жана иштөө жөндөмдүүлүгү. Адамдын окуу, түшүнүү, кыска тексттерди түзүү жана жөнөкөй арифметикалык амалдарды аткаруу жөндөмү катары элементардык сабаттуулуктан айырмаланып, ал белгилүү бир маданий чөйрөдө инсандын жашоосун ишке ашыруу үчүн зарыл болгон минималдуу деп эсептелген коомдук мамилелер системасында инсандын нормалдуу иштешин камсыз кылган билимдин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн деңгээли” [1]

Функционалдык сабаттуулук (3 аныктама) Виноградова Н.Ф.: “Бүгүнкү күндө функционалдык сабаттуулук инсандын негизги тарбиясы болуп саналат, балада төмөнкүлөр болушу керек:
- айланадагы өзгөрүп жаткан дүйнө менен ийгиликтүү өз ара аракеттенүүгө даярдыгы ...;
- ар кандай (анын ичинде стандарттуу эмес) билим алуу жана турмуштук милдеттерди чечүү жөндөмдүүлүгү ...;
- коомдук мамилелерди түзө билүү ...;
- алардын сабаттуулугун, андан ары билим алууга умтулуусун баалоочу рефлексивдүү көндүмдөрдүн жыйындысы...” [2]

Функционалдык сабаттуулуктун негизги өзгөчөлүктөрү:
адамдар арасында өз алдынча жашай алуучу, белгилүү бир сапаттарга жана компетенцияларга ээ болгон адам.

Функционалдык сабаттуулуктун компоненттери болуп төмөнкүлөр саналат [3]:
• маалыматты, эрежелерди, принциптерди билүү; жалпы түшүнүктөрдү жана көндүмдөрдү өздөштүрүү, ар кандай жашоо чөйрөлөрдөгү стандарттык маселелерди чечүү
• өзгөрүп жаткан дүйнөгө көнүү жөндөмдүүлүгү; конфликттерди чечүү, маалымат менен иштөө; бизнес жүргүзүү, кат алышуу; жеке эрежелерди колдонуу, жашоодогу коопсуздук;
• заманбап дүйнөнүн баалуулуктарын жана нормаларын сактоого даяр болуу; турмуштук муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жашоонун өзгөчөлүктөрүн кабыл алуу; маалыматты тандоонун негизинде билим деңгээлин жогорулатуу.

Функционалдык сабаттуулуктун негизги түзүүчүлөрү катары төмөнкүлөр белгиленет (интернет булактары боюнча): математикалык сабаттуулук, окуу сабаттуулугу, илимий сабаттуулук, финансылык сабаттуулук, глобалдык компетенциялар жана чыгармачыл – креативдүү ой жүгүртүү. Мында функционалдык сабаттуулуктун негизги түзүүчүсү катары математикалык сабаттуулук - ар түрдүү контексттерде математиканы формулировкалоо, колдонуу жана интерпретациялоо жөндөмү катары аныкталат. Математикалык сабаттуу инсан математикалык талдоо жана кубулуштарды сүрөттөө, түшүндүрүү жана прогноздоо үчүн математикалык түшүнүктөр, процедуралар, фактылар жана инструментарийлерди колдонуп математикалык ой жүгүртүүлөр аркылуу ар кандай кубулуштун математикалык моделин түзө алат.

Жалпы эле билим берүү системасына коюлган коомдук талап катары окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандыруу проблемасын ишке ашырууда математика предметинин ролу чоң. Бул маселени сабактарда окуучулардын “Функционалдык ой-жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү” проблемасы менен бирге кароо зарыл.

Анын себептерин чечмелеп өтөлү.

“Функционалдык ой-жүгүртүү” – деген эмне? Адамга дегеле предметтер же нерселер эмес, алар аткарган функциялар керек деген ой акыркы он жылдыктарда кеңири жайылды. Ал эми биз товарларды сатып албайбыз, бирок муктаждыктарыбызды камсыз кылуу жөндөмдүүлүгүн сатып алабыз. Ал эми буюмдун же объекттин өзү бул керектөөлөрдү канааттандыруу мүмкүнчүлүгү үчүн төлөм болуп саналат. Бул адаттан тыш ой жүгүртүү функционалдык ой жүгүртүү же функционалдык мамиле деп аталат. Ал эми функционалдык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү күчтүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө абдан маанилүү бөлүм болуп саналат, ал  объекттеги эң маанилүү нерсени - анын функциясын дароо карап чыгууга жана ага жооп берүүгө жардам берет, мындагы эң негизги максаттуу суроо: "Объект эмне үчүн жасалган?" – деген суроо болуп саналат. Максат – бул окуяны ой аркылуу божомолдоо, элестөө болсо, функция – бул максатты ишке ашыруучу иш-аракет, ишмердүүлүк. Демек, функционалдык ой жүгүртүү - бул талдоо, обьекттеги негизги эмес жана негизгилерди көрө билүү, адашпагандай ийкемдүү, үнөмдүү, бат чечимге келүү, ж.б.у.с.

Объекттердин функцияларын түзө билүү функционалдык ой жүгүртүүнү өздөштүрүүнүн биринчи жана зарыл кадамы болуп саналат. Математикада функция терминине башка маани берилгенин, тактап айтканда, эки чоңдуктун ортосундагы тиешелеш келүүчүлүк, алардын бири экинчисинин өзгөрүшүнө көз каранды экендигин белгилей кетели. Мисалы, телонун басып өткөн жолу бул телонун туруктуу ылдамдыкта кыймылынын убактысына жараша болот. Салык кирешеге негизделген ж.б.у.с. Шереметиев К.П. "Феноменалдуу интеллект. Натыйжалуу ой жүгүртүү искусствосу» аталыштагы эмгегинде [4]: “Функционалдык ой жүгүртүү – бул кырдаалдагы кыймылдаткыч күчтөрдү аныктоо. Бул аларга таасир этүү жана каалаган натыйжаны алуу үчүн зарыл нерсе. Каалаган (ал математикалык обьект болобу) обьект менен иш алып баруудан алдын бул кайсы функцияны аткарат? - деген суроонун жообун билүү маанилүү, ошондо бул обьекттин кайда колдонулаары белгилүү болот жана анын практикалык мааниси ачыкталат” – деп көрсөткөн. Функционалдык ой жүгүртүү ансыз деле жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүү. Бул стилди өздөштүрүү үчүн тынымсыз машыгуу керек. Турмуштук практикада адамдар “Мен көп аракет жасадым бирок натыйжа жок” – деп айтышат, алар натыйжага жетүү үчүн эч нерсе жасабайт бирок, ички сезимине ылайык алар муну "аракет кылам, бирок эч нерсе чыкпайт" деп айтышат. Машыгуу эмнеден башталат? Буга математиканын кандай тиешеси бар?

Майнап чыккандай иш жасоону эмнеден баштоо керек. Окумуштуулар төмөндөгүдөй сунуштарды беришет. Өзүңүзгө төмөнкү суроолорду бериңиз:

• Азыр менин ишимдин максаты кайсы?
• Буга жетүү үчүн мен эмне жасай алам (кайсы тажрыйбамды колдоно алам)?
•Мен каалаган нерсеме кантип жетем (кадамдар)?
•Эмне үчүн мен бул жолду тандадым (негиздөө)?
•Мен эмнени жакшы аткара алам?
•Мен эмнелерди жакшыртуум керек?

Ар бир математикалык маселени, тапшырманы, проблеманы чечүү ушундай суроолор менен башталып жана аяктоо керек, мындай болбогон учурда ал маселени чыгаруу формалдуу, негизсиз болуп калат. Биз окуучуларды ушул суроолордун айланасында иштөөгө үйрөтсөк ошондо гана окуучуларда функционалдык сабаттуулук калыптанат, ошондо гана мектепти аяктаган бүтүрүүчүлөр турмушка жана коомго пайдалуу инсан болуп чыгышат.

Жогорудагы суроолорго так жоопторду алуу үчүн окуучуларда ой-жуүгүртүүнүн түрдүү ыкмаларын: анализ жана синтез, салыштыруу жана айырмалоо, жалпылоо жана

конкреттештирүү (түрлөргө бөлүү), баа берүү жана баалоо ж.б. өнүктүрүү зарыл. Бул маселеде математика предметинин мүмкүнчүлүктөрү чоң экендиги талашсыз.

**Корутунду**

Функционалдык сабаттуулуктун компоненттеринин бири болуп окуучулардын математикалык сабаттуулугу саналат. Математикалык сабаттуулук – адамдын өзү жашап жаткан дүйнөдөгү математиканын ролун аныктоо жана түшүнүү, туура математикалык ой жүгүртүү жана математиканы чыгармачыл, кызыккан адамдардын азыркы жана келечектеги керектөөлөрүн канааттандыргыдай кылып колдоно билүү жөндөмдүүлүгү.

Математикалык сабаттуулукту өздөштүргөн окуучулар:

• курчап турган реалдуулукта пайда болгон жана математиканын жардамы менен чечиле турган маселелерди таанууга;
• бул маселелерди математика тилинде түзүүгө;
• математикалык фактыларды жана методдорду колдонуу менен маселелерди чечүүгө;
• колдонулган чечүү ыкмаларын талдоого;
• коюлган маселени эске алуу менен алынган натыйжаларды чечмелөөгө;
• чечимдин жыйынтыгын иштеп чыгууга жана жазууга жөндөмдүү.

Мектеп окуучуларынын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү математика сабагында ар кандай маселелерди чечүүгө негизделген, ал шарттарды талдоо жана өз ара байланышкан логикалык ой жүгүртүү чынжырын курууга көбүрөөк көңүл бурууну талап кылат. Алар объектти ар кандай көз караш менен кароого, анализдөөгө, синтездөөгө, баалуулуктарды баалоого үйрөтүүгө, көңүл бурууга тарбиялоого, окуучулардын когнитивдик кызыгуусун жана активдүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

**Адабияттар**


1. Азимов Э. Г., Щукин А. Н. Новый словарь методических терминов и понятий (теория и практика обучения языкам). М.: Икар, 2009. 448 с., С. 342.
2. Виноградова Н. Ф., Кочурова Е. Э., Кузнецова М. И. и др. Функциональная грамотность младшего школьника: книга для учителя / под ред. Н. Ф. Виноградовой. М.: Российский учебник: Вентана-Граф, 2018. 288 с. , с. 16–17.
3. Р.А.Казакова, О.И.Кравцова Развитие функциональной грамотности на уроках математики Учебно-методическое пособие 2. Ростов н/Д: Изд-во ГБУ ДПО РО РИПК и ППРО,2017.
4. Шереметиев К.П. "Феноменалдуу интеллект. Натыйжалуу ой жүгүртүү искусствосу».


* * *

**УДК:3378.091=111**

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН ЛИНГВОДИДАКТИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Жолдошбаева Ыкыбал Капаровна, п.и.к., доцент***
***ykybal20@mail.ru***
***Эркинбаева Нуриза Авазбековна, магистрант***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Бул макалада, биз лингводидактикалык компетенттүүлүк деген түшүнүктүн аныктамасын төмөнкүдөй белгилемекчибиз: лингводидактикалык компетенттүүлүк - бул жогорку окуу жайларынын педагогикалык билим берүүнүн окуу планынын вариативдүү жана базалык дисциплиналары аркылуу калыптанган билим, ык, машыгуулардын жана тажырыйбанын жыйындысы, ал өзүнө билим берүүнү интеграциялоо шартында тилдик эмес, педагогикалык багыттагы адистигине карата мугалимдик ишмердүүлүктүн толук баалуу даярдыгын камтыйт .*

***Түйүндүү сөздөр:*** *негиз,байыркы, кайдыгер,интеграция,вариативдүү.педагогикалык ишмердүүлүк, кайдыгер,интеграция,вариативдү,болочок мугалим, көндүмдөр.*

## ОСОБЕННОСТИ ЛИНГВОДИДАКТИЧЕСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ

***Жолдошбаева Ыкыбал Капаровна, к.п.н., доцент***
***ykybal20@mail.ru***
***Эркинбаева Нуриза Авазбековна, магистрант***
***ЖАГУ имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад,***
***Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *В этой статье мы хотели бы определить определение понятия лингводидактическая компетентность следующим образом: лингводидактическая компетентность – это совокупность знаний, умений, упражнений и опыта, формируемых посредством вариативных и базовых дисциплин учебного плана педагогического образования высших учебных заведений. , который является не языковым, а педагогическим в контексте интеграции образования, включает в себя полноценную подготовку педагогической деятельности применительно к специальности.*

***Ключевые слова:*** *базовый, древний, индифферентный, интеграция, переменная, педагогическая деятельность, интеграция, переменная, будущий учитель, умения.*

## PECULIARITIES OF LINGUODIDACTIC COMPETENCE OF THE FUTURE TEACHER

***Zholdoshbaeva Ykybal Kaparovna, cand. ped. science, docent, ykybal20@mail.ru***
***Erkinbaeva Nuriza Avazbekovna,undergraduate***
***JASU named after B.Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *This article we would like to define the concept of linguodidactic competence as follows: linguodidactic competence is a set of knowledge, skills, exercises and experience formed through variable and basic disciplines of the curriculum of pedagogical education of higher educational institutions. , which is not linguistic, but pedagogical in the context of the integration of education, includes a full-fledged preparation of pedagogical activity in relation to the specialty.*

***Key words:*** *basic, ancient, indifferent, integration, variable, pedagogical activity, integration, variable, future teacher, skills.*

Болочок мугалимдин жалпы кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышына чоң таасир берген лингводидактикалык компетенттүүлүктү чет тил дисциплинасынын мисалында изилдеп кароо, азыркы учурдун эң бир көйгөйлүү проблемасы катары каралууда. Себеби, азыркы заман биринчи орунга кесипкөйлөрдү, өз кесибин эң жакшы билген бир эмес, эки-үч чет тилди билген эл аралык байланыштарды бекемдеген инсан мугалимди талаптайт.Азыркы замандын талаптарынын өзгөчөлүгү – эл аралык мамилелер кенейип, ар бир инсанга бир эмес бир нече тил билүү талаптанууда, ушуга карата болочок мугалимдерге да өзгөчө милдеттер жүктөлүп, алардын кесиптик деңгээлине, жалпы адистигине жаңы талаптар коюлууда. Билим берүү аймагында көп жаңылануулар пайда болуп: компетенттүү мамиле, жаңы окутуу (кредит) технологиялардын негизинде окутуу талабы ж.б.у.с. жаңылануу процесстер болочок педагогторго көп тармактуу талаптарды коюуда. Жаңы кылым жаңыча талап коюуда: бүгүнкү күндө гуманитардык илимдер, информация, философия, психология ж.б. тармактарын чет тили менен айкалыштыра билген алдынкы кесипкөйлөргө муктаждык күчөдү. Айрыкча, мектеп мугалимдери чет тилин жакшы өздөштүрүп, чет тил билүү компетентүүлүгүнө ээ болуу зарылчылыгы талаптанууда. Мына ушинтип, чет тили бүгүнкү күндөөзүнүн негизги функциясын аткарууга толук убакыт келип жетти десек жаңылышпайбыз. Чет тилди билип, аны башка улуттар менен баарлашуу

процессинде колдонуунун да таасири чоң: бирин-бири түшүнүү, бири-бирине өз ара таасирин тийгизүү ж.б.с.у. интелектин жогорку деңгээлде белгилери болушуна таасир берет.

Бүгүнкү күндө педагогика багытында окуган студенттер, болочок мугалим катары башка улуттардын маданиятын чет тил аркылуу билип, андан тышкары анализдөө, синтездөө, салыштыруу аркылуу, ички-тышкы, оозеки, жазуу, диалог, монолог түзүү аркылуу лингводидактикалык компетенттүүлүккө ээ болушу зарыл.

Аталган компетенттүүлүктү калыптандыруу процессинде ар бир улуттун өзүнө гана таандык болгон өзгөчөлүктөрдүн да эсептелиши керек. “Тил билүү – дил билүү дегендей”, болочок мугалим тил билсе, ар бир элдин маданиятына кызыгат, үйрөнүүгө далаалат кылат жана жаш муунду эл аралык коммуникацияларга үйрөтөт. Тил аркылуу адамдар, улуттар аралык өз ара түшүнүүлөр да пайда болот.

Ааламдашуу мезгилинде аз сандагы элдер өз тилин сактап калуу проблемасынөтө коркунуч менен чечүүгө аракеттенип жатышат. Анткени, башка тилдер менен аралашып кетүү маселеси да бар. Азыркы мезгилде билим берүү системасынын алдында, өзгөчө мугалимдердин алдында эң жоопкерчиликтүү милдеттер коюлуп жатат: өсүп келе жаткан жаштарды көп улуттуулуктун алкагында тарбиялоо. Келе жаткан муундун көп тилди билүүгө үгүттөө, алардын лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасын чечүү, эл аралык маанидеги чет-тилдерин үйрөтүү аркылуу – толеранттуутулукка, чыдамдуулукка, башка элдердин маданияттарын сыйлоого ж.б.у.с. оң касиеттерге тарбиялоо. Мына ушул мезгилдин талаптарынын жана багыттардын негизинде ЖОЖдо болочок мугалимдин кесиптик (лингводидактикалык) компетенттүүлүгүн калыптандырууну талаптайт. 1971-жылдан баштап Европа кеңешмесинин проектисинин алкагында чет тилдерди өздөштүрүүгөөтө чоң көңүл бурулуп келүүдө. Чет тилин окутуу, үйрөтүү жана аны баалоо негизги принциптердин бири катары каралып келүүдө. Мына ушул иштердин жыйынтыгы болуп төмөнкү нормативдүү документ эсептелген: Чет тилин окуп үйрөнүүдөгү жалпы Европалык компетенция [113]. Жыйынтыгында чет-тилин окуп үйрөнүүдө эки комплекс сунушталган: **-чет тилин окуп үйрөнүү деңгээли. -стандарттык категорияларын үйрөнүү деңгээли.**

Жогорудагы аталган эки комплекс бүтүндөй биримдикти, бир аракеттин жыйынтыгы катары каралып, стандарттык сертификаттарды берүүдө, түрдүү программаларды үйрөнүүдө колдонууга алынууда. Эгерде комплексте берилген тил үйрөнүүнүн алгачкы максатынан баштап негизги ийгиликке жетишкенге чейин стратегиялык программага таянып иш алып барылса, тил өздөштүрүү процессиндеги ийгиликке жеткен компетенция катары болуп саналат. Мына ушунун бардыгы чет-тилин үйрөнүүдөгү негизги процесстердин өзөгү болот. Тилди үйрөнүү процесси оңой эмес, адам баласы чет тил билүү компетенттүүлүккө көп иш аракеттердин натыйжасында жетет жана бул кубулуштун негизинде бир канча компетенциялар калыптанат, ошонун ичинде болочок мугалимдин бир нече кесиптик компетенцияларынын өнүгүшү да ишке ашат: жаңы теманын мазмунун туура жана кызыктуу түшүндүрүү, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруу, окутуу процессин уюштуруу жана башкаруу, ойлоо жана үйрөтүү процесстерди жетектөө ж.б.с.у. Ушулардын негизинде биз “компетенция” деген түшүнүктү “ предметтик аймак жана ишмердүүлүк процессте ишке ашат” – деген белгилөөнү жетектөөгө алмакчыбыз [54].

Жогоруда белгиленгендей, биз лингводидактикалык компетенттүүлүк деген түшүнүктүн аныктамасын төмөнкүдөй белгилемекчибиз: лингводидактикалык компетенттүүлүк - бул жогорку окуу жайларынын педагогикалык билим берүүнүн окуу планынын вариативдүү жана базалык дисциплиналары аркылуу калыптанган билим, ык, машыгуулардын жана тажрыйбанын жыйындысы, ал өзүнө билим берүүнү интеграциялоо шартында тилдик эмес, педагогикалык багыттагы адистигине карата мугалимдик ишмердүүлүктүн толук баалуу даярдыгын камтыйт.

Болочок мугалим үйрөтүү, окутуу, түшүндүрүү, кабарлоо, далилдөө жана башка ушул сыяктуу кесиптик компетенцияларга ээ болушу керек. Мына ушул аталган компетенцияларга

болочок мугалим качан натыйжалуу ээ боло алат жана аларды окутуу иштеринде колдоно алат деген суроолорго биз эмне демекчибиз: эгерде өзүүзгүлтүксүз окуп, үйрөнүп, жаңыланып турса. Азыркы заманда билим берүү аймагында бир тараптан жөн эле окутуп коюу компетенциялары талаптанбайт, мугалим өзүнүн жалпы билимин, анын ичинен лингводидактикалык билимин өркүндөтүүгө умтулса гана, ал көп компетенцияларга ээ боло алат. «Мугалимдин башында туман болсо, окучууга караңгы түн болуп түшөт» деген эл арасында айтылып жүргөн ойлордун да мааниси окутууда, үйрөтүүдө чоң ролду ойнойт.XXI кылымдын мугалими көп компетенцияларга ээ болушу керек деп көп окумуштуулар белгилешкен: А.Андреев, Н.А. Белых, И. Браже, В.В. Грачев, О.А.Донских, Г.В.Никитина, С.А.Панина, Г.К. Селевко, А.В. Хуторской [17,31,38,47,58,111,117,134,158].

"Компетенция" деген түшүнүккө окумуштуулар өз аныктамаларын беришкен. Мисалы: И.А.Зимняя: "...компетенцияларды жашыруун психологиялык кубулуштар" – деп караган жана аларды ички деген түрлөргө бөлгөн: "ички жана потенциалдуу" [66, 45-б].Э.М. Мамбетакунов бул багыттагы илимий – түшүнүк аппаратынын категориялык негиздерин карап: компетенция деген түшүнүктү "бир жарандын таанып-билүү жана тажырыйбасынын негизинде чече турган суроолор" – деп белгилеп, мугалимдин психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүгүнүн системасынын негизги булактарын карап, окутуу процессте педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу этаптарын негиздеген [102, 38-б.]Бизде жана башка өлкөлөрдөгү (Оруссия,Казахстан ж.б.) билим берүү тармагындагы жүргүзүлүп жаткан реформалар көрсөткөндөй, болочок мугалимдин компетенттүүлүгүн жаңы технологиялар, ыкмалар аркылуу калыптандыруу процессинин теориялык, методологиялык жана практикалык негиздери иштелип чыгууда. Бул проблеманы Кыргызстанда изилдеген окумуштууларды атасак: Н.А.Асипова, К.Д.Дабаев, Э.М.Мамбетакунов, А.К. Маркова, А.К.Наркозиев, Е.Ш.Нусубалиева, А.С.Раимкулова, Т.М.Сияев, ж.б. [22, 56, 102, 105, 109, 112, 127, 138]. XX кылымдын 90-жылдарында ООНдун отчету боюнча мамлекеттин эффективдүү өнүгүүсүнүн белгиси катары, сапаттын негизги индикатору катары билим берүү деңгээли каралган. Мына ушул далилдердин негизинде бардык өлкөлөрдө билим берүүдөгү кризисти жеңүү маселелери биринчи орунга коюлган. Бүгүнкү күндө биз, адамзат тарыхында коомду глобалдаштыруу максатынын негизинде индустриялдык коомдон информациялык коомго секирик жасап, "адам факторунун" ролу кенейип жаткандыгын моюнга алышыбыз керек. Айрым изилдөөчүлөр: В.В.Краевский, В.В. Копьев ж.б. жалпы цивилизациялык кризистин башталганын, анын ичинде, адамзаттын кризиси, анын руханий байлыгынын, баалуулугунун, дүйнө таануусунун, маданий ойлоого жөндөмдүүлүгүнүн да кризиси башталгандыгын кабарлашат [87,85].

Бул жагдайда билим берүү системасынын ролу чоң экендигин белгилешибиз керек, анын ичинде биринчи орунда жогорку билим берүү системасы жана анда калыптанган болочок мугалим эсептелинет. Билим берүү процессинин калыптанышы, анын маңызы социалдык шарттарга карата өзгөрүлүшү жана андан ары өнүгүшү, келечектин жана азыркы замандын талабына ылайыктуу жаңы муундун тарбияланышынын бирден бир жолу - бул болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасын ар тараптан чечүү. Бул жерде компетенттүү мамиле жасоо деген жобо болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда биринчи орунда болушу абзел. Компетенттүү мамилени изилдешкен окумуштуулар: А.Н. Дахин, Э.Ф.Зеер, О.Е. Лебедев, Э.Мамбетакунов, В.В. Грачев, ж.б. [54, 65, 94, 102, 47].Компетенттүү мамиленин негизинде азыркы студент, болочок мугалим катары, чет тилин окутуп үйрөнүү аркылуу лингводидактикалык компетентүүлүккө да ээ болушу керек. Ар бир жогорку окуу жайында дүйнөлүк практикада бир гана билим берүүчү борбор катары эмес, маданий жана илимий борбор катары да калыптанууда. Азыркы коомдо билим берүүчү окуу жайлар маданиятты сактоочу жана маданий чыгармачыл социалдык институт катары каралууда. Мына ушу багытка карата азыркы коомдо студенттердин болочок мугалим катары лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууга зор маани беришибиз керек.Е.Н. Соловованын айтымы

боюнча “лингводидактикалык компетенттүүлүктүн негизин филологиялык билимдер, андан тышкары, өз тилинин, кош жана көп тилдердин кубулуштарынын өзгөчөлүктөрүн билүү компетенциялары түзөт” [143,21-б]. Бул проблеманы изилдеген окумуштуулардын пикирлерин (К.Э. Безукладников, Г.И.Богин, Т.В. Боева, Е.Ю. Варламова, Н. И. Гез, Э.Ф. Зеер, Е.Г.Тарева, О.А.Симонова, Е.Н.Соловова ж.б. [27, 34, 35, 40, 44, 65, 40, 147, 137, 143] талдоонун негизинде лингводидактикалык компетенттүүлүктүн негизин, биздин оюбузча, гуманитардык, тарыхый, педагогикалык билимдер жана инсандар жана маданияттар аралык компетенциялар түзөрүн айтмакчыбыз. Коомдун талабына жараша бүгүнкү студент бир нече тил билүүгө да умтулушу керек, анткени тил аркылуу келечектин мугалими инсанга багытталган байланыш компетенциясына ээ боло алат, аталган компетенция мектеп окуучуларын инсан катары тарбиялап жаткандаөтө маанилүү болуп саналат.

Лингводидактикалык компетенттүүлүктүн негизин филологиялык жана маданият аралык коммуникативдүү компетенциялар түзөрүн К.Э. Безукладников, Е.Г.Тарева, О.А.Симонова ж.б. окумуштуулар белгилеп келишкен, бирок аталган компетенциялар предметтик мүнөзгө ээ, алардын манызы лингводадактикалык компетенция менен тыгыз байланышканда гана ачылат, анткени лингводадактикалык компетенция предметтен тышкары мунөзгө ээ экендигин К.Э. Безукладников белгилеп кеткен [27, 40, 65]. Андан тышкары, лингводидактикалык компетенттүүлүктүн негизин түзө турган алдыңкы компетенциялардын бири: өз элинин, башка элдердин маданиятын билүү компетенциялары, максатуу баарлашуу байланыш жасоо компетенциялары, дүйнө таанууга, маданий ойлонууга багытталган инсандын маңызын түзгөн ж.б.у.с. компетенциялар болочок мугалимдинкесиптик жактан өсүшүнө жардам берет.

**Колдонулган адабияттар.**


1. Ажибаева, А.Ж. Реализация личностно-ориентированного подхода в профессиональном воспитании будущего педагога [Текст]: автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.01 / А.Ж. Ажибаева. – Бишкек, 2007. – 15 с.
2. Асипова, Н.А. Проблемы формирования профессиональной компетентности будущих педагогов [Текст] / Н.А. Асипова //Кыргыз–Түрк «Манас» ун-нин коомдук илим. журн. – Бишкек, 2006. – С. 226-234.
3. Белых, И. Формирование профессиональных компетенций: проблема управления [Текст] / И. Белых // Высшее образование в России. – 2006. – № 11. – С.46-49.
4. Браже, Т.Г. Профессиональная компетентность специалиста как многофакторное явление [Текст] /Т.Г. Браже. – Л.: Знание, 1990. – 312 с.
5. Жолдошбаева, Ы. Болочок мугалимдердин атайын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырунун педагогикалык шарттары [Текст] /Ы. Жолдошбаева //Вестн. Кырг. нац. ун-та им. Ж. Баласагына. – 2013. – Вып. 4. – С. 339-342.
6. Жолдошбаева Ы.К. Студенттердин лингводидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери [Текст] /Ы.Жолдошбаева // Вестн. Кырг. нац. ун-та им. Ж. Баласагына. – 2014. – Вып. 1. – С. 239-242.
7. Мамбетакунов, Э.М. Компетентностный подход к педагогическому образованию [Текст] /Э.М.Мамбетакунов //Вестн.Кырг.Нац.ун-та им.Ж.Баласагына.-2013. №1.-С.37-39
8. Сияев, Т.М. Азыркы мезгилдин мугалиминин профессионалдык компетенттүүлүгү: мотив компоненти [Текст] / Т.М. Сияев // Материалы Междунар. науч.-практ. конф.: «Наследие просветителей в культуре, образовании и их влияние на современность» КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2012. – С. 20-23
9. Соловова, Е.Н. Методика обучения инностранным языкам: базовый курс лекций: [Текст]: базовый курс лекций / Е.Н. Соловова. – М.: Просвещение, 2002. – 239 с.
10. Жолдошбаева Ы.К. Практика учурунда болочок мугалимге коюулуучу негизги педагогикалык талаптар ЖАМУнун жарчысы.-2022-1(50) 116-117-бб.


* * *

**УДК 37.091.3=111**

# EFFECTIVE WAYS OF MOTIVATING STUDENTS FOR THE LESSON

***G.A. Zhoroeva-Senior teacher,***
***JASU named after B. Osmonov***

***Annotation:*** *The article considers issues related to the motivation of students to study. Different ways of motivating students for the lesson are shown. Various methods and new learning technologies to motivate students. The factors in connection with which students may increase motivation are listed.*

***Key words:*** *motivation, learning, activity, illustrate*

# ЭФФЕКТИВНЫЕ СПОСОБЫ МОТИВАЦИИ УЧАЩИХСЯ К УРОКУ

***Жороева Г.А. - Старший преподаватель,***
***ЖАГУ имени Б. Осмонова***

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются вопросы, связанные с мотивацией студентов к учебе. Показаны различные способы мотивации учащихся к уроку. Различные методы и новые технологии обучения для мотивации студентов. Перечислены факторы, в связи с которыми у студентов может повыситься мотивация.*

***Ключевые слова:*** *мотивация, обучение, активность, иллюстрация*

# СТУДЕНТТЕРДИ САБАККА КЫЗЫКТЫРУУНУН НАТЫЙЖАЛУУ ЖОЛДОРУ

***Жороева Г.А. -улук окутуучу,***
***Б. Осмонов атындагы ЖАМУ***

***Аннотация:*** *Макалада студенттердин сабакка шыктандырууга байланыштуу маселелер талкууланат. Студенттерди сабакка кызыгуусуна түрткү берүүнүн ар кандай жолдору көрсөтүлгөн. Студенттерге мотивация берүүчү ар кандай ыкмалар жана жаңы окутуу технологиялары көрсөтүлгөн. Студенттердин мотивациясын жогорулатууга мүмкүн болгон кызыктуу оюндар, көнүгүүлөр мисал катары келтирилген.*

***Ачкыч сөздөр:*** *мотивация, үйрөнүү, иш-аракет, иллюстрация*

The English language, as one of the world's international languages, creates an important bridge between the USA and Kyrgyzstan. The importance of the English language is growing day by day in Kyrgyzstan. English became so popular that more young people are taking an active part in learning the English language in high schools, universities and in different educational institutions. They tend to pursue jobs abroad for better benefits and for rich work experience.

If before we could only get information about the USA through American movies, newspapers, magazines and books, nowadays there are more ways and opportunities to fill that learning gap and explore the country. This paper considers the use of new technologies and methods to motivate learners to learn about America through language learning.

Motivation is a key issue in teaching a foreign language as well as other subjects. One crucial difference is that teaching a foreign language has a significant impact on the social nature of learners since it sometimes requires them to adopt new social and cultural behaviors.

Learners are often eager, to learn English very fast. The problem arises when their interests clash with the material chosen by a teacher or a textbook. Shelley Vernon shared with six tips to keep students interested in class and motivated to do what you want them to do.

Tip #1: Keep Motivated.

In my class, I use the activity called "Who or What am I?" I will take well-known American actors and actresses. For examples, one student thinks about one American actor or actresses. Other students ask yes/no question. This activity makes my class interested in learning class topics.

Tip #2: Encouraging and giving attention.

Young kids thrive on praise and positive attention from the adults in their lives. If you want them to like you and be motivated in your class, you often just need to give them a lot of positive attention. Sometimes in large classes, it is difficult to encourage all learners. In this case, I use group activities such as Total physical response activities. For example: “Simon Says”

Tip #3: Play Games.

Children learn through play. Oftentimes they do not even realize they are learning if they are enjoying the game. Just think children could sit there and fill out worksheet after worksheet or they could play an English game and learn the same concepts. Which would you rather do?

When I say English games, I am talking about games that are specifically designed to teach language and vocabulary. For example, you could turn using vehicle vocabulary into a relay game where children need to pick a card with a word and then run to a box of vehicles and bring the correct one to his or her classmates.

Here is another example: if you might normally give them a worksheet to write the correct verb next to the picture illustrating the action, have them instead practice their verbs by doing the action for the word you say or the word on a card that you hold up. Likewise, you could do the action and have them write down the word. You may access free samples of fun classroom games in the resource box below.

When you play games, you can use points and competitions as a motivator, but not for kids under six who may find the competition too stressful. For them, just playing the game is motivating enough. You can also sometimes award extra credit, but use it sparingly so that it remains “extra” and a special reward. In addition, if you use it too much, children can have so much extra credit that it sways the actual grades too much.

Tip #4: Get Their Hands Dirty literally and figuratively.

Children like to work with their hands and whatever you can do to get the items they are learning about in their hands is useful and fun for them. This can be anything from having a sensory table filled with sand and beach items when you want to teach them summer words to having them each bring in a piece of fruit when you are teaching fruit words. Anytime you can get young children up and doing instead of listening you are getting their hands dirty I the learning process.

Tip #5: Get Them Moving.

Movement is a vital component to motivating children. The best way to prevent children from zoning out is to get them up out of their seats at least once each class period. Even if you just require them to come up to you instead of you going to them for help, the movement can help get them out of the trance that they sometimes get from sitting in one spot too long. Grouping the children for study projects and activities helps as well. If you can, let them move the desks around or sit on the floor to change things up as well. Many games involve movement without the children needing to leave their seats, such as miming, moving certain body parts and passing things around as part of a game or race. Therefore, even teachers with large classes and no space to move can use this technique, albeit to a more limited degree.

Tip #6: vary the Pace.

Alternative calm games with lively ones to keep the children alert and motivated, but without letting the class get out of hand. Good discipline is essential to effective learning.

In every lesson, we emphasize cultural objectives of the lesson together with practical and educational objectives. Through teaching a foreign language, we also teach cultural aspects of the people whose language we are teaching. It is important to learn with each other what the expectations in another culture are in particular situations. One culture may give priority to verbalizing what people think spontaneously and clearly while another culture may give priority to considering others’ feelings before expressing whatever occurs in their minds. When we take topic “Holidays”, we compare American and Kyrgyz holidays, for example, “Halloween” and “Golden Fall”. They learn the similarities and differences between American and Kyrgyz culture. By understanding each other’s differing viewpoints, we will gradually be able to acquire shared

meanings indispensable for smooth communication. It is up to a teacher to create opportunities so that significant language education can be realized and students' motivation to learn can be maintained.

If the attitude of your English language learners is passive, you need to provide some stimulation or motivation to get them to speak or give any extended oral discourse in English in class. Fear of peer criticism or fear of "making stupid mistakes" along with a decided lack of extensive speaking practice in English are three key factors which contribute to English learners' reluctance to speak aloud in class. The same holds true with any other foreign language, which the students might be learning. To help with this, I often assign or allow learners to prepare oral discourses using a number of different formats. This way, learners can get additional speaking practice using a format they feel more comfortable with.

Here Are Four Useful Speaking Practice Formats (Larry M. Lynch, 2008)

1. Reciting Poetry

Learners of English or any other foreign language just love poetry in many of its forms. Even Rap is a rhyming, poetic form of sorts. Your learners can be of help with this too. Give them a selection of poets, rap artists, literary works from which to choose or allow them to come up with something on their own and it is a sure hit.

2. Reading Aloud

Any prose text from an encyclopedia listing to an article excerpt could prove to be useful for reading aloud. A short passage from any favorite story, novel, article or other written form of authentic English will do just fine, especially if pre-selected by the leaner. Remember, these need not be lengthy. An oral discourse or reading lasting not more than two to three minutes is more than enough to make a start.

3. Giving a Narrative

A speech excerpt, a newspaper piece, wholly or in part, an essay or review given, as a narrative is frequently a good choice made by the learners. An oral discourse of as little as two or three minutes will often suffice for extensive English speaking practice. Treading should be done though, with gestures and expressiveness to highlight, emphasize and lend focus to key parts of the narrative.

4. Performing a Soliloquy

With access to a play, or a screen play from Shakespeare's "To be or not to be, that is the question…" to contemporary works, even dialogue from popular movies will often spark interest in the learners to "perform" a speaking activity in front of the class. Scenes from the "Dirty Harry" film series are perennial favorites. However, lots of other film scenes and many other film genres get equal time too.

Drills, memorization, repetition and review are all important learning activities, but they can easily become dull if students lack the motivation to do them. Motivation is the drive a student has to complete an activity. Often students are not motivated to perform an activity solely for its educational benefits; they generally do not have the ability or patience to see that far into their future. However, teachers can motivate their students by focusing Learning English can sometimes be so boring that many English students will quit it, however using new technologies can help them a lot to improve their English skills. Here are some activities to easily learn English and have fun.

**Watch Videos with Subtitles:**

This is one the best methods to improve both their writing and your spoken English. It is crucial for developing English listening skills, and of course, it is the exceptional source of cultural material and authentic language use.

- I also recommend that you repeat watching more than one time, sometimes focus on reading, and sometimes on listening.

Before watching video with subtitles, I will give short information about video and ask students to make notes on difficult phrase, unknown words.

**Choose Something You like:**

Any chosen material (movies, songs, newspapers, blogs, cartoon, etc.) should be relevant and interesting both to the teacher and to learners. Boring materials will kill the motivation of your students.

Of all the resources and techniques available to a classroom teacher of English as a foreign language, such aids can help not only to improve the overall language program but also to enhance the classroom atmosphere and to ensure greater student participation.

Most language teachers are already using visual, audio and audiovisual aids effectively in the classroom. For strengthening learning by these supplementary materials should be available to all students, starting with absolute beginners through the highest level of language learners.

As an English language teacher, I use the following steps.

**Pictures and maps**

Some lessons needed only one picture (the geography of the United States, for example) while others required more pictures (such as the eating habits of Americans). The best source of picture proved to be magazines. Teachers and students drew some pictures for the flip charts.

An Example. A reading selection dealt with the geography of the United States. We use standard maps of the United States as well as standard maps of our own country. We provided for the flip chats scenes of each country showing various features of the terrain of each, for purposes of comparison and contrast.

**Mock-ups**

Realism is one of the most important considerations in language training. A mock-up helps to familiarize students with cultural situations in the countries of target language. The object of a mock-up is to duplicate an object found in a common setting in order that it may be used in the teaching-learning situation like going to an American restaurant, they will act situation. Using this situation, we teach students names of food that they would be likely to eat if they visited England or the United States.

**Language films**

Language films are admittedly harder to secure and perhaps to use than other teaching aids discussed. The tendency of those who view films to identify themselves with the actors and the situations makes films highly valuable for image forming and language learning. I have used English language films with considerable success in quite varied situations, for example, "White Fang" by Jack London, "The Mask of Zorro" etc.

In conclusion, I would like to note that well-chosen technologies and strategies are invaluable for learners to practice language skills and develop their knowledge about America. Using new technologies and methods, we will facilitate students' learning process.

**References:**

1. Encyclopedia World Book, 2003
2. Larry M. Lynch, Language learning Journal 2008
3. Finnan, L., Morrison, F., & Morrison, G. How to Teach English as a Foreign Language.
4. Genesee F. Educating second language children. Cambridge University Press, 1994
5. www.eslbase.com

* * *

**УДК: 371.3**

# ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ КОЛДОНУУ

***Жусупбек кызы Жыргал ОшМПУ, окутуучу***
zhyrgal1977@gmail.com

***Аннотация:*** *Бул макалада билим берүү процессинде окутуучуга жардам берген бир нече заманбап аспаптарды, алардын өзгөчөлүктөрүн жана касиеттерин карайбыз. Ошондой эле бул аспаптардын окутуучуга жеңилдик бергенин далилдейбиз.Учурда бар болгон аспаптарды интернеттин жардамы менен касиеттерин карап чыгабыз. Билим берүү процессин макалада каралган аспаптардын жардамы менен дагы сапаттуу, жогорку деңгээлде берүүсүн көрө алабыз. Практикалык жактан окутуучуларга, ошондой эле окуучуларга пайдалуу жыйынтык алабыз. Жасалма интеллект–техникалык изилдөө, ЭЭМдин жардамы менен адамдагы мүмкүнчүлүктү күчөтүү.*

*Бүгүнкү күндө мектептерде жана жогорку окуу жайларда билим берүү заманбап аспаптардын жардамы менен жаңы деңгээлге көтөрүлдү деп айтууга болот. Бир нече жыл мурун кандайдыр бир процессти же көрүнүштү окуучуларга түшүндүрүп берүүдө тактага кол менен жана кагаз бетине же болбосо башка жеткиликтүү каражаттардын жардамы менен ишке ашырылчу. Көптөгөн маалыматты мугалим өзү даярдап келүүсү зарыл болчу эле. Учурда адамдын жасалма интеллекттин өнүктүрүү көйгөйүнө ЭЭМдин эксперт катары аныкталган областтагы башкаруунун тапшырмалары, автомашинанын багыты, порттун иштөөсү, теореманын далилдениши, образдын калыптануусун таанып-билүү жана башкалар саналат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *заманбап окуу аспаптары, билим берүү сапаты, окуу жабдыктары, маалымат-компьютердик технологиялар, google glass, raspberry pi, arduino, Media Share Hub, bluetooth технологиялар, зымсыз технологиялар, google cardboard.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА В ОБРАЗОВАНИИ

***Жусупбек кызы Жыргал ОшМПУ, преподаватель***
zhyrgal1977@gmail.com

***Аннотация:*** *В этой статье мы рассмотрим несколько современных инструментов, которые помогают учителю в процессе обучения, включая их особенности и свойства. Мы также доказываем, что эти инструменты были учительскими или учительскими.Мы рассмотрим свойства инструментов, которые существуют в настоящее время, с помощью интернета. С помощью инструментов, рассмотренных в статье, можно сделать процесс образования более качественным и качественным. С практической точки зрения мы получаем результат, полезный как для преподавателей, так и для учащихся. Искусственный интеллект-это техническое исследование, целью которого является усиление человеческих возможностей с помощью компьютеров.*

*Сегодня можно сказать, что образование в школах и высших учебных заведениях обновилось с помощью современных инструментов. Еще несколько лет назад, когда ученики объясняли процесс или видение, это осуществлялось вручную на доске, либо на бумаге, либо с помощью других доступных средств. Много информации нужно было подготовить самому Учителю. В настоящее время проблемами развития искусственного интеллекта человека являются задачи управления в области, которые определены в качестве экспертов ЭВМ, назначение автомашины, функционирование порта, доказательство теоремы, распознавание формирования образа и другие.*

***Ключ слова:*** *современные инструменты обучения, качество образования, учебное оборудование, информационно-компьютерных технологий, google glass, raspberry pi, arduino, Share Hub Media, технологии bluetooth, технология беспроводной, google cardboard.*

# THE USE OF ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN EDUCATION

***Zhusupbek kyzy Zhyrgal  OSHMPU, Lecturer***
**[zhyrgal1977@gmail.com](mailto:zhyrgal1977@gmail.com)**

***Abstract:*** *In this article we will look at several modern tools that help the teacher in the learning process, including their features and properties. We also prove that these tools were teachers' or teachers' tools.We will look at the properties of the tools that currently exist using the Internet. With the help of the tools discussed in the article, it is possible to make the education process more qualitative and qualitative. From a practical point of view, we get a result that is useful for both teachers and students. Artificial intelligence is a technical research that aims to enhance human capabilities with the help of computers.*

*Today we can say that education in schools and higher educational institutions has been updated with the help of modern tools. A few years ago, when students explained a process or vision, it was done manually on a blackboard, either on paper, or using other available means. A lot of information had to be prepared by the Teacher himself.*

*Currently, the problems of human artificial intelligence development are management tasks in the field that are defined as computer experts, the purpose of a car, the functioning of a port, the proof of a theorem, recognition of image formation and others.*

***Keywords:*** *modern learning tools, quality of education, educational equipment, information and computer technologies, google glass, raspberry pi, arduino, Share Hub Media, bluetooth technology, wireless technology, google cardboard.*

Азыркы күндө жаңы аспаптар менен бирөөнү таң калтыруу абдан оор. Технологиялар күндөн күнгө өнүгүүдө. Билим берүүдө мугалимдер көптөгөн заманбап аспаптарды колдонуп жатышат. Ошондой эле окуучулар өздөрү технологияларды абдан бат жана оңой өздөштүрүп жатышат. Негизи жаштар бүгүнкү күндө технологиянын негизги керектөөчүсү экендигин окумуштуулар далилдеп чыгышты. Ошондуктан жаштарга кандайдыр бир маалымат берүүдө окутуучулар артта калып жатышат десек жаңылбайбыз. Бүгүнкү күндө окуучулар мобилдик аспаптар менен дайыма жүрүшөт, мурункудай дептер-китептерди алып жүргөн окуучуларды көрүү сейрек учурларга айланды. Интернет, электрондук китеп, видео сабактар жана видео курстар – мына бүгүнкү окуучулардын окуу куралдары. Мына ушул чындыктын ичинде заманбап окутуучу болуу, заманбап аспаптарды жана технологияларды колдонуп билүү абдан зарыл.

Методология – аспаптарды тандоо

1. Чөнтөк проектор



Азыркы учурда көптөгөн окуу жайларда проектор менен камсыздалган атайын бөлмөлөр жана класстар даярдалган. Бул бөлмөлөрдө проектордун жардамы менен көпчүлүк окуучуларга маалыматты көрсөтүү, учурдагы теманы түшүндүрүүдө жеңилдик берет. Бирок бул бөлмөлөр кымбат аспаптардан турат жана саналуу болгондуктан каалаган убакытта ал жерлерде билим берүү мүмкүнчүлүгү жок. Эгерде билим берүү учурунда проектор керек болсо окутуучу жанына чөнтөк проекторун алып жүрүүсү ыңгайлуу болот.

АКШда Амазон онлайн дүкөнүндө чөнтөк проекторлор 94.99 доллардан баштап жогору бааларда сатылып жатат.

2. Bluetooth keyboard and Virtual wireless keyboard (блютуз клавиатура жана виртуалдык зымсыз клавиатура)



Жогоруда айтылып кеткендей, бүгүнкү окуучулар чөнтөк технологияларды абдан жакшы өздөштүрүшкөн, мугалимдер дагы азыр планшет колдонуп жатышат. Bluetooth keyboard and Virtual wireless keyboard бул клавиатура аспаптары окуучуларга жана окутуучуларга өздөрүнүн чөнтөк планшеттерине жана чөнтөк телефондоруна окуу процессинде маалыматты бат жана оңой киргизүүгө жардам берет.

3. Media Share Hub (МедиаШареХаб)




Заманбап билим берүү процессинде маалымат бул негиз экендиги белгилүү. Маалыматты окуучуларга таратуу, маалыматты окуучуларга жеткирүү бул эң негизги маселе. Бүгүнкү күндө көптөгөн маалымат таратуу ыкмалары албетте бар. Булардын ичинен e-mail аркылуу окуучуларга маалымат таратуу, же болбосо социалдык желе аркылуу таратуу, жана маалымат алмашуу сайттар аркылуу таратуу. Бул методдорду көпчүлүк колдонуп келе жатат, бирок бул методдордун кээ бир көйгөйлөрү бар. Мисалы, эгерде окуу жайда учурда интернет жок болуп калса, же болбосо маалыматты алыскы айылдарда окуучуларга таратуу керек болсо, же болбосо бир нече группага же класска таратуу керек болсо, башкача айтканда, көп окуучуга таратуу керек болсо, же семинарда маалымат таратуу керек болсо, алардын баарынан e-mail даректерин алуу, ал даректерди клавиатура жардамы менен терүү абдан көп убакытты жана жумушту талап кылат. Мына ушундай учурларда биздин биринчи заманбап аспабыбыз Media Share Hub жардамга келет. Азыр АКШдагы Амазон онлайн дүкөнүндө 39.99 долларга сатып алууга болот.

Бул аспаптын жардамы менен окутуучу сүрөттө көрүнүп жаткандай USB flash, SD Card, External HDD де сакталган маалыматты бул аспаптын жардамы менен таратуу мүмкүнчүлүгүн бере алат. Бул аспап өзү WIFI технологиясынын жардамы менен маалыматты тарата алат. Абдан керектүү жана пайдалуу аспап.

4. Google Cardboard (Гуугл Картбоард – Гуугл картон куту)



Бул аспаптын баасы болгону 350 сом, бирок бул аспаптын жардамы менен көптөгөн процесстерди окуучуларга үч өлчөмдүү технологияны колдонуп, абдан кызыктуу жол менен түшүндүрүү болот.

Үч өлчөмдүк технологияларды бүгүнкү күндө окуу процессинде жаңыдан колдонуп келе жатышат. Мисал катары астрономия билимдерин бул технологиянын жардамы менен түшүндүрүү, менин көз карашымча, адбан ыңгайлуу болот эле. Же болбосо кандайдыр бир кымбат аспаптарды өздөштүрүүдө абдан ыңгайлуу жана арзан жолдордун бири. Албетте, көп учурда бул технология оюндарда колдонулуп келе жатат, бирок ошондой эле ийгилик менен

окуу процесстеринде колдонсо болот. Google Cardboard бул кымбат үч өлчөмдүү технологияларда колдонулган атайын көз айнектердин арзан өкүлү.
5. Google glass (Гуугл глэсс – Гуугл көз айнеги)



Бул эксперименталдык көз айнек учурда абдан популярдуу болуп келе жатат. Көз айнектин жардамы менен окуу процессинде мугалимдин түшүндүрүп жаткан лекциясын видео катары сактап калуу мүмкүнчүлүгүн берет. Же болбосо сүрөт тартып мугалимдин тактага жазган маалыматын бат жана оңой түрдө көчүрүп алуу болот.
Бул көз айнекти чөнтөк телефон менен байланыштырып атайын тиркемелердин жардамы менен көптөгөн элесиңизге келген операцияларды аткаруу мүмкүн. Окуу процессинде колдонуу мүмкүнчүлүгү, менин оюмча, абдан кенен. Бирок аспап абдан кымбат баада сатылып жатат, АКШда орточо баасы 1500 долларды түзөт.
6. Акылдуу такта



Учурда акылдуу такталар (smartboard) көбүнчө жогорку окуу жайларда жана чоң бизнес борборлордо кеңири таралган. Акылдуу тактанын баасы дээрлик 3000-11000 АКШ долларды түзөт, кымбат проектор, ноутбук жана атайын электрондук тактадан турат. Булар, албетте, абдан тунук жана сапаттуу көрүнүштү жана жагымдуу тажрыйба беришет. Экинчи орунду болсо атайын интерактивдүү проекторлор ээлейт. Бул проекторлор колдун манжалары менен же болбосо атайын калем менен жөнөкөй эле дубалга проекциялоо менен иштешет. Мындай интерактивдүү проекторлорду 1500 АКШ долларына сатып алуу мүмкүн. Ал эми катардагы мектептерге 1500 доллар дагы эле абдан чоң каражат, ошондуктан мурункудай эле бор менен такталар колдонулуп келе жатат. Бирок акыркы учурларда арзан жана мобилдүү, акылдуу такта касиеттерин камтыган аспаптар сатылууда.
Бул аспаптар IPEVO IS-01, BoardShare, UBoard жана башка аттар менен сатылышы мүмкүн. Булардын эң маанилүү касиети арзан, мобилдүү, атайын калемден жана аз күчтүү проектордон турат. IPEVO IS-01 149 АКШ долларга Амазон дүкөнүндөн сатып алууга болот. BoardShare – 309 АКШ долларга сатылат, ал эми UBoard 500 фунт стерлинг турат.
7. Arduino (Ардуино)



Бул жогорку адистештирилген сабактарда, робот жана автоматика билимдеринде абдан чоң мүмкүнчүлүктү берген аспаптар көптүгү деп атасак болот. Ардуинонун жардамы менен мурунку күндөрдө абдан жогорку адистердин колунан келген нерселерди мектептин окуучусу жазай ала турган деңгээлге келдик.
Учурда 10 жаштагы балдар көптөгөн проекттерин, роботторун, оюн системаларын, коргоо системаларын чогултушуп жатышат. Менин оюмча, бул технологияны колдонуп, жогорку

адистеги окуучуларды окутуп чыгуу дагы бир оңой деңгээлге жетишти десек жаңылбайбыз. Абдан кызыктуу жана келечеги кенен, илимий жактан жаңылыктарды алып келе турган технология деп айта алам. Бишкекте GEEK.KG дүкөнүндө Arduino тетиктерин табууга болот. 875 сомго Arduino Uno сатып алууга болот. Ал эми андан арзан версиялар болсо Arduino Nano – 690 сом, Arduino Pro Mini – 475 сом.

8. Raspberry Pi (Рэсберри Пай)



Кредит картанын өлчөмүндөй болгон толук кандуу компьютер. Бул компьютерлерди окуу процессинде жогорку кесиптештирилген окуу жайларда колдонуу болот. Мисалы, Манас университетинин компьютер бөлүмүндө. Бул компьютердин жардамы менен көптөгөн чөнтөк технологияларды автоматташтыруу, башкаруу, санап-чыгаруу жолдорунда колдонуу болот. Arduino жана Raspberry pi бул эки башка аспаптар. Биринчиси автоматтарды иштеп чыгарууда колдонулат, жана Ардуино компьютер болуп саналбайт. Ал эми Raspberry pi болсо бул толук кандуу компьютер болуп саналат. Бул аппараттын операциондук системасы болот (Linux), процессору болот, оперативдик эси болот жана көптөгөн кириш порттору болот (usb, audio, network). Бишкекте GEEK.KG дүкөнүндө 3350 сомго Raspberry pi компьютерин жана анын тетиктерин табууга болот

9. Bluetooth speaker (блютуз спикер – блютуз сүйлөгүч)



Окуу процессинде же семинарда аудио маалыматты угузууда бизге кайрадан эле чөнтөк технологиясындан bluetooth speaker жардамга келет.

Бул зымсыз сүйлөгүчтөрдүн жардамы менен мугалим дайыма жанына ала жүргөн жана дайыма аудио маалыматты каалаган учурда окуучуларына угузуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Компьютердик тармак системасын иштеп чыгуучулар машинаны адамга окшоп, тапшырманын шартына жараша өз иш-аракеттеринин программасын өз алдынча курууга үйрөтүүгө аракет кылышып. Компьютерди расмий аткаруучудан акылдуу аткаруучуга айландыруу максаты коюлган.

**Жыйынтык:**

Билим берүүдө дайыма алдыңкы технологияларды жана маалыматтарды берүү абдан чоң ролду ойнойт. Бүгүнкү чаптырып бара жаткан дүйнөдө жаш өспүрүмдөргө билим берүү эң маанилүү маселелерден болушу керек. Эгерде билим берүүдө башкалар менен бир ылдамдыкта, бирдей жолдо жүргөн болсок, биз дайыма утушта болобуз. Ошондуктан окутуучулар мүмкүн болушунча өздөрүнөн баштап жана окуучуларына дагы маалыматка, технологияларга ач болуп турушу керек. Билимге ач болуу бүгүнкү күндүн талабы. Билим берүү оңой, кызыктуу болуш үчүн заманбап аспаптарды колдонуу зарыл экендигин макалада көрсөтүлгөн аспаптардын мисалында көрүүгө болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Захарова И.Г. Информационные технологии в обраовании.-М.,2010

2. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии.-М.,2018
3. Современные образовательные технологии.-С-Пб.,2018
4. Современные педагогические технологии.-Челябинск, 2019
5. Чупрасова В.А. Современные технологии в образовании.-М.,2020
6. Информатика 7-9-класс окуу китебинин методикалык колдонмосу Сорос китеби -2017

* * *

**УДК 37.091.3=111**

# МОБИЛДИК ТИРКЕМЕЛЕРДИ АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА КОЛДОНУУ

***Жыргалбаева Бибинур ФББ(АТ)-маг. 2-курс***
***Жороева Г. – улук окутуучу***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ***
***Жалал-Абад ш., Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Бул макалада мобилдик тиркемелер жана аларды англис тилин окутууда кантип колдонсо болоорун талкуулайбыз.*
***Ачкыч сөздөр:*** *Тиркеме, флеш-карточкалар, грамматикалык тесттер.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МОБИЛЬНЫХ ПРИЛОЖЕНИЙ НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

***Жыргалбаева Бибинур - ФББ(АТ)-маг. 2-курс,***
***Жороева Г.А. – старший преподаватель,***
***ЖАГУ имени Б.Осмонова***
***г. Жалал-Абад, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *В этой статье обсуждается мобильные приложения и как можно использовать их на уроках английского языка.*
***Ключевые слова:*** *Приложения, флеш-карточки, грамматические тесты.*

# USE MOBILE APPS IN TEACHING ENGLISH

***Zhyrgalbayeva Bibinur - FBB(AT)-mag. 2 course,***
***Zhoroeva G.A. - Senior Lecturer,***
***JAGU named after B. Osmonov***
***Jalal-Abad, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *This article tells about t mobile apps and how to use them in English lessons.*
***Key words:*** *Mobile apps, flash-cards, grammar tests.*

Маалыматташтыруу бүгүнкү күндө билим берүү системасын модернизациялоонун негизги жолдорунун бири катары каралууда. Бул бир гана техниканын жана технологиянын өнүгүшүнөн эмес, баарынан мурда маалымат жана аны иш жүзүндө колдоно билүү негизги баалуулукка айланган маалыматтык коомдун өнүгүшүнөн келип чыккан өзгөрүүлөргө байланыштуу. Ушуга ылайык, заманбап билим берүү системасынын негизги милдеттеринин бири - заманбап коомдо инсандын калыптанышына салым кошкон долбоорлорду жана программаларды иштеп чыгуу. Билим берүү жамааттарынын негизги максаты - ар бир баланын жөндөмүн аныктоо жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, күчтүү базалык билимге ээ болгон жана азыркы турмуштун шарттарына көнүүгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу. Билим берүүнү маалыматташтыруу бул максатка жетүүнүн маанилүү каражаттарынын бири катары каралууга тийиш. Бул модернизациялоо процессинин этаптарын аныктаган бир катар ырааттуу милдеттерди чечүүгө тиешелүү: техникалык жабдуу, дидактикалык каражаттарды түзүү, окутуунун жаңы технологияларын иштеп чыгуу.

**Мугалимдин милдети** – ар бир окуучунун тилди практикалык өздөштүрүүсүнө шарт түзүү, ар бир окуучунун өзүнүн активдүүлүгүн, чыгармачылыгын көрсөтүүгө мүмкүндүк бере тургандай окутуу ыкмаларын тандап алуу. Мугалимдин милдети – чет тилдерин окутуу процессинде окуучунун таанып билүү ишин активдештирүү. Биргелешип окутуу, долбоордук методология, жаңы компьютердик технологияларды киргизүү, интернет-ресурстар сыяктуу заманбап педагогикалык технологиялар окуучуларга багытталган окуу ыкмасын ишке ашырууга жардам берет, балдардын мүмкүнчүлүктөрүн, алардын окуу деңгээлин эске алуу менен окууну индивидуалдаштырууну жана дифференциялоону камсыздай алат. , ийкемдүүлүк ж.б. Учурдагы компьютер анын кандай гана көрүнүшү болбосун жалпысынан интеллектуалдык эмгектин шарттарын оптималдаштыруунун эффективдүү каражаты болуп саналат. Р.Уильямс жана К.Макли «Мектептеги компьютерлер» деген макаласында мындай деп билдиришет: «Компьютердин бир өзгөчөлүгү бар, ал башкаларга үйрөтүү үчүн түзүлүш катары, ал эми билимди алууда жардамчы катары колдонулганда ачылат. Учурдагы компьютер анын кандай гана көрүнүшү болбосун жалпысынан интеллектуалдык эмгектин шарттарын оптималдаштыруунун эффективдүү каражаты болуп саналат. Р.Уильямс жана К.Макли «Мектептеги компьютерлер» деген макаласында мындай деп билдиришет: «Компьютердин бир өзгөчөлүгү бар, ал башкаларга үйрөтүү үчүн түзүлүш катары, ал эми билимди алууда жардамчы катары колдонулганда ачылат.

Колдонуучу менен баарлашуу үчүн "достук" жана кандайдыр бир учурда аны "колдоо", бирок ал эч качан кыжырдануу белгилерин көрсөтпөйт жана анын зеригип калганын сезүүгө жол бербейт. Бул жагынан алганда, компьютерлерди колдонуу, балким, окутуунун айрым аспектилерин өнүктүрүү үчүн абдан пайдалуу болот.

Сабакта компьютердик окутуу программалары менен иштөө формалары:

- лексиканы үйрөнүү;
- айтууга көнүгүү;
- диалогго окутуу;
- монологдук сүйлөө;
- жазууга үйрөнүү;
- грамматика;.

О.В. Гарбуз мындай деп жазат: «Англис тили сабагында компьютердин жардамы менен бир катар дидактикалык милдеттерди чечүүгө болот: массалык тармактын материалдарын колдонуу менен окуу көндүмдөрүн жана көндүмдөрүн калыптандыруу; мектеп окуучуларынын жазуу көндүмдөрүн жогорулатуу; окуучулардын сөз байлыгын толуктоо; студенттер үчүн англис тилин үйрөнүү үчүн күчтүү мотивация түзүү».

Азыркы муун санариптик ой жүгүртүүгө ээ. Ал тууралуу азыркы замандын балдарын “бармактары кнопкалуу” төрөлгөн дешет. Булар технология менен чоңоюп, аны күнүмдүк турмушта колдонууга көнүп калган балдар. Алар жашоону заманбап гаджетсиз жана смартфонсуз элестете алышпайт жана билишпейт. Алар санариптик аппараттар менен иштөөгө ыңгайлуу. Интернет алардын жашоосуна бекем кирип алган.

ЮНЕСКОнун Мобилдик Окуу Саясаты боюнча колдонмолорунда мындай деп айтылат: «Байланыштан жана маалыматка жетүүдөн көз карандылык күчөп бараткан дүйнөдө мобилдик аппараттар өтүнкүчү болбойт. Мобилдик түзүлүштөрдүн күчү жана мүмкүнчүлүктөрү өскөн сайын, алар билим берүү куралдары катары кеңири колдонулушу мүмкүн жана формалдуу жана формалдуу эмес билим берүү тармагында борбордук орунду ээлей алышат». Мектептеги билим четте туруп, азыркы дүйнөнүн реалдуулуктарына көңүл бура албайт. Ошондуктан, биз мобилдик окутуу жөнүндө көбүрөөк айтып жатабыз.

Чет тилин үйрөнүү үчүн көптөгөн мобилдик тиркемелер бар. Биз сизге англис тилин үйрөнүү үчүн эң мыкты 10 тиркеме жөнүндө маалымат беребиз.

**LinguaLeo.** Бул оюн тиркемесинин артыкчылыгы - көп сандагы медиа материалдар (фильмдер, китептер, ырлар, музыка жана билим берүүчү видеолор) болушу.

**Duolingo.** Окуу процесси оюн түрүндө өтөт. Сиз акырындык менен алардын кыйынчылыгын жогорулатып, трофейлерге ээ болосуз жана бул процесс анчалык жөнөкөй көрүнбөшү үчүн, сиз туура эмес жооптор үчүн өмүрүңүздү жоготосуз.

**Сөздөр.** Колдонмо англисче сөздөрдү үйрөнүү жана лексикаңызды кеңейтүү үчүн идеалдуу. Тиркеменин негизги артыкчылыктары - оффлайн режиминде иштөө жана өз алдынча сабактарды түзүү, программага керектүү тапшырмаларды коюу.

**Easy Ten.** Убактысы аз, бирок англис тилин үйрөнүүнү каалагандар үчүн колдонмо. Күн сайын кызмат жөнөкөй машыгуулар менен билимиңизди бекемдеп, үйрөнүшүңүз керек болгон 10 жаңы чет элдик сөздөрдү тандап алат. Тиркеме тесттердеги каталарыңызды да эстеп, эске алып, өзгөчө оор сөздөрдү кайталап жана эстеп калуу мүмкүнчүлүгүн берет.

**Memrise.** Кызмат саатына 44 сөзгө чейин үйрөнүүгө мүмкүндүк берген илимий методологияга негизделген. Ар кандай оюн режимдери эс тутумдун ар кандай аспектилерин үйрөтөт: визуалдык үйрөнүү, кайталоо жана консолидациялоо, тез чакырып алуу ж.б.

**Anki.** Билим берүүчү флеш-карталар чет тилин үйрөнүү үчүн гана эмес.

**FluentU.** Тилди үйрөнүү үчүн бул жерде чыныгы видеолор колдонулат: популярдуу ток-шоулар, музыкалык клиптер, күлкүлүү жана жарнамалык роликтер, жаңылыктар, кызыктуу диалогдор ж.б.

Колдонмонун негизги артыкчылыгы - ал сиз үйрөнгөн сөздөргө көз салып турат жана алардын негизинде башка видеолорду жана аракеттерди сунуштайт.

**HelloTalk.** Бул мугалимдер дүйнө жүзүндөгү эне тилинде сүйлөгөндөр болгон билим берүү платформасы. Сиз алар менен баарлашып, тексттик билдирүүлөрдү ала аласыз.

**English Grammar Test.** Колдонмо англис тилинин дээрлик бардык грамматикасын камтыйт. Ар бир суроо өзүнчө грамматикалык темага арналган.

**Urban Dictionary.** Кызмат жаргон сөздөрдү издөөгө, аларды сүйүктүүлөрдүн тизмесине кошууга, ошондой эле изилдөө үчүн туш келди фразаларды чыгарууга мүмкүндүк берет.

Азыр жогоруда айтылган тиркемелердин бири болгон Quizlet колдонмосу менен иштеп жатабыз. Бул колдонмо ар кандай оюндарды, тесттерди түзүүгө, тексттер менен иштөөгө мүмкүндүк берет. Бул тиркеменин башкалардан эң маанилүү айырмасы - мугалим мазмунун башкара алат (өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, өзүңүздүн тесттериңизди жана карталарыңызды түзүүгө, көнүгүүлөрдүн тартибин өзгөртүүгө болот).

Бул сөздөрдү жаттоо үчүн сонун платформа, сиз карталардын даяр топтомун колдоно аласыз, же өзүңүздүн сөздөрдүн маалымат базасын түзө аласыз. Мисалы, биз англисче сөздөрдү практикалоо үчүн көнүгүүлөрдү түзгүбүз келет. Бул үчүн биз Quizlet'ке машыгууну каалаган сөздөрдү жана жакшы жаттоо үчүн аларга сүрөттөрдү кошобуз. Натыйжада, биз автоматтык түрдө түзүлгөн 7 көнүгүүлөрдү алабыз:

Таблица 1.

| | |
|---|---|
| **Жаттоо** | Бизге сөздөр 4 вариантта берилет, алардын бирөөсү гана туура болот. |
| **Карточкалар** | Бул жерде биз киргизген бардык сөздөр карточка түрүндө болот. Бир тарабында сөз англисче, экинчи тарабында котормосу. |
| Жазуу | Сөздөр орус тилинде чыгат, аны сиз өзүңүз англисче туура жазып киргизишиңиз керек. |
| **Туура жазуу** | Система сөздү англисче айтат, сиз укканыңызды жазууңуз абзел. |
| **Тест** | Система автоматтык түрдө тесттин 4 түрүн 5 вариантта иштеп чыгат, сиз туура вариантын тандашыңыз керек. |
| **Туура келтирүү** | Сөз менен котормону туура келтирүү керек. Бул жерде оюнга катышкандар салыштырылып, жыйынтык чыгарылат. |
| **Гравитация** | Бул оюнда биз планетаны астероиддерден коргойбуз, сөздөрдүн котормосун киргизүү менен. |

Сиз бүт класс менен иштей аласыз, же шилтеме аркылуу виртуалдык классыңызда жеке тапшырма бере аласыз. Мындан тышкары, ар кандай модулдарды түзүү менен, биз аларды кесиптештер менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук, бул сабакка даярдануу убактысын бир топ үнөмдөйт. Бул колдонмо акысыз кайра жаралуучу ресурс экенин белгилей кетүү маанилүү. Статистикага ылайык, окуучулардын 93%ы заманбап смартфондорго ээ. Сүйлөө тренажерунун жардамы менен биз мобилдүү, кеңири аудиторияны камтый алабыз, үн чыгарып окуу, суроо берүү жана аларга жооп берүү, берилген темалар боюнча монологдор сыяктуу сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрөбүз жана көзөмөлдөйбүз. Студенттердин жазылган билдирүүлөрү телефонго жазылып, сакталат жана андан ары талдоо үчүн почта аркылуу, байланыштагы топ же WhatsApp аркылуу текшерүү үчүн мугалимге жөнөтүлүшү мүмкүн.

Азыркы муун санариптик ой жүгүртүүгө ээ. Биз өзүбүздүн универсалдуу чечимибизди эмес, иш тажрыйбаны сунуштайбыз, анткени заман агымынан артта калсаңыз, утулуп каласыз. Ошентип, биз канчалык креативдүү жана жаңычыл болсок, сабакта технологияны колдонууда ошончолук көп натыйжаларга жетишебиз. Ошентип, мобилдик окутуу – бул жаңы окуу принциби, ал өзүнүн ыңгайлуулугунан улам популярдуу боло берет, анткени азыркы бош эме коомдо ынгайлуулуктун баары бар жана ал келечек муундар үчүн актуалдуу бойдон кала берет. Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу компьютердин окуу каражаты катары эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөрүн ачып берерин, ошондой эле чет тилин үйрөнүү үчүн билим берүү мотивациясын жогорулатууга жана студенттердин билимин өркүндөтүүгө жардам берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Азимов, Э.Г. Материалы интернета на уроках английского языка / Э.Г. Азимов // Иностранные языки в школе. — 2010. — №1.-С. 54-58.
2. Божович, Л.И. Изучение мотивации детей и подростков / Л.И. Божович -3- е изд., перераб. и доп. — М.: Просвещение 2011. -220 с.
3. Вартанова, И.И. К проблеме мотивации учебной деятельности/ И.И. Вартанова // Вестник МГУ Серия 14. — 2000. — №4. — С.33-41.
4. Вильямс Р., Макли К., Компьютер в школе./ Р. Вильямс. К. Макли-2-е изд., перераб. и доп. — М.: Просвещение 2012. -198 с.
5. Ефременко, В.А. Применение информационных технологий на уроках иностранного языка / В.А. Ефременко // Иностранные языки в школе. — 2010. — №8. — С. 18.


*  *  *

**УДК: 373.29**

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫЛАРДЫН ФИЗИОЛОГИЯЛЫК, ПСИХОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Тогузакова Батма Шерматовна окутуучу,***
***магистр. ОшМПУ "Педагогика жана психология" кафедрасы, batma.toguzakova@bk.ru.***

***Аннотация:*** *Бул макалада кенже мектеп жашындагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү кенири баяндалган. Окууга даяр экендигине карабастан, аларда айрым кыйынчылыктарга кездешет. Алар үчүн кыйынчылык мектеп тартибине байланыштуу. Ал эми аларга өз учурунда, сабакты калтырбай, кечикпей сабак учурунда тартипти бузбай, үйгө берилген тапшырмаларды аткаруулары зарыл деген талап коюла баштайт. Бул талаптарды аткаруу үчүн бала эски өнөрлөрүнүн кескин түрдө баш тартып жаңы жүрүм-турумдарды өздөштүрүүсү керек. Ал эми мугалим менен ата-эненин талаптары так бирдей болгондо гана бул кыйынчылыктар балага тескери таасирин тийгизбей коюшу мүмкүн. Балдар үчүн дагы бир кыйынчылык өз теңтуштары жана мугалим менен мамиле жасоону*

*үйрөнүү зарылчылыгынан келип чыгат.Мугалим окуучуларга канчалык кичи пейил, сылык мамиле жасабасын, анын официалдуу адам экендигин балдар жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан балада пайда болгон ишенбөөчүлүк, коркуу сезими аларды мугалимден алыстатат. Ошондой эле макалада кенже мектеп жашындагы балдарда инсандык сапаттарды калыптандыруунун жолдору, алардын физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүктөрү жана окутуу, тарбиялоо жаатында эмнелерге маани берүү зарыл, эске алуу керек экендиги айтылган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *кенже мектеп жашы, адептик нормалар, тарбия, окутуу, педагогдук кесип, заманбап, кесип, кызыгуу, келечек, көз караш, шарт, чөйрө, психология, өнүгүү.*

## ФИЗИОЛОГИЧЕСКИЕ, ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ДЕТЕЙ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

***Тогузакова Батма*** *Шерматовна учитель, магистр.*
***ОшГПУ Кафедра "Педагогика и психология"***
**batma.toguzakova@bk.ru.**

***Аннотация:*** *В этой статье описывается широкий спектр психологических характеристик детей младшего школьного возраста. Несмотря на их готовность учиться, они сталкиваются с некоторыми проблемами. Проблема для них связана со школьным расписанием. У них возникает требование, чтобы они вовремя, не пропускали занятия и не опаздывали на занятия, не нарушая дисциплины, выполняли домашние задания. Чтобы выполнить эти требования, ребенок должен усвоить новое поведение, резко отказавшись от своих старых навыков. Но только если у учителя и родителей одинаковые требования, то эти трудности не повлияют на ребенка. Вторая проблема для детей возникает из-за необходимости научиться справляться со своими сверстниками и учителем.Дети понимают, что независимо от того, насколько вежливый и вежливый учитель по отношению к ученикам, он всегда Официальный человек. Поэтому недоверие и страх, которые возникают у ребенка, могут оттолкнуть его от учителя.В статье также говорится о способах формирования личностных качеств у детей младшего школьного возраста, их психологических особенностях и о том, что необходимо учитывать в области обучения и воспитания.*

***Ключевые слова:*** *младшая школа возраст, нравственные нормы, воспитание, обучение, педагогическая профессия, современность, профессия, интерес, будущее, мировоззрение, условия, среда, психология, развитие.*

## PHYSIOLOGICAL, PSYCHOLOGICAL CHARACTERISTICS OF PRIMARY SCHOOL CHILDREN PSYCHOLOGICAL

***Toguzakova Batma Shermatovna teacher, undergraduate, OshSPU Department "Pedagogy and Psychology"*** **batma.toguzakova@bk.ru.**

***Annotation:****This article describes a wide range of psychological characteristics of primary school children. Despite their willingness to learn, they face some challenges. The problem for them is connected with the school schedule. They have a requirement that they do not miss classes on time and are not late for classes, without violating discipline, do their homework. To fulfill these requirements, the child must learn a new behavior, abruptly abandoning his old skills. But only if the teacher and parents have the same requirements, then these difficulties will not affect the child. The second problem for children arises from the need to learn how to cope with their peers and the teacher.Children understand that no matter how polite and courteous the teacher is towards the students, he is always an Official person. Therefore, distrust and fear that arise in a child can alienate him from the teacher.The article also talks about the ways of forming personal qualities in*

*children of primary school age, their psychological characteristics and what needs to be taken into account in the field of education and upbringing.*

***Keywords:*** *junior school age, moral norms, upbringing, training, pedagogical profession, modernity, profession, interest, future, worldview, conditions, environment, psychology, development.*

Кенже мектеп жашындагы бала – башка курактагыларга салыштырмалуу мугалимдердин талабын каяшасыз, кыңк дебей аткарган, ишенчээк, ээрчиме, берилген тапшырма керек, керек эместигине карабай аткарууга аракеттенген тартиптүү жана алар мугалимдердин оң жана терс касиеттерине анчалык көңүл бурбаган инсан болушат. Ал эми кенже мектеп жашындагы балдар окутуу жети жашынан башталса, анда алар 11 жашына чейинки (1-3- класс) окутуу 6 жашынан башталганда, 9 жашка чейин (1-4-класс) куракты камтыйт.Кенже мектеп жашындагы балдарды окутуудагы ийгилик алардын мектепке болгон даярдыгына жараша болот. Кенже мектеп жашындагы балдар окууга даяр экендигине карабастан, алар айрым кыйынчылыктарга кездешишет. Алар үчүн кыйынчылык мектеп тартибине байланыштуу. Ал эми алар өз учурунда, сабакты калтырбай, кечикпей сабак учурунда тартипти бузбай, үйгө берилген тапшырмаларды аткаруулары зарыл деген талап коюла баштайт. Окууга жазууга 4-5 жаштагы балдардын үйрөнө аларын, ал эми алардын мындай мүмкүнчүлүктөрүнө 6-7 жашында гана ээ болуусу алардын окуу, жазуу жөндөмдүүлүгүнүн жоктугунан эмес, бул ишти уюштурбагандыктын натыйжасы деген. Шаар мектептеринде окууга «даяр» эмес (окуучулардын) балдардын 10-15 % ке чейин, айыл мектептерде окууга «даяр» эмес балдар 75% ке чейин жеткен. 5 жана 5,5 жаштагы балдарда 80 % ти түзсө, 6 жаштагы 51 % и, 6,5 жашта 32 % ти, ал эми 7 жаштагы балдарда 13 % ти түзгөн. Мугалим окуучуларга канчалык кичи пейил, сылык мамиле жасабасын, анын официалдуу адам экендигин балдар жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан балада пайда болгон ишенбөөчүлүк, коркуу сезими аларды мугалимден алыстатат. Балдар үчүн кыйынчылык окуу жылынын ортосунда да пайда болот. Бул кенже окуучулардан көңүл бурууну тырышчаактыкты, эрктик аракетти талап кылат. Ал эми мындай талапты аткарууга бардык эле окуучулар даяр болбойт. Окуучулардын алдында болгон мындай обьективдүү кыйынчылыктар балдардын мектеп шартына, талабына тез адаптациялануусуна (көнүүсүнө) тоскоолдук кылат. Кенже мектеп жашындагы балдардын негизги иш-аракети окуу. Окуу процессине окуучуларды көндүрүү үчүн мугалим адаптация кубулушунун закон ченемдүүлүгүн, анын кенже мектеп жашындагы балдарда өтүү өзгөчөлүгүн так элестетүүсү зарыл. Балдардагы психологиялык адаптация бардык балдардын топторунда бирдей өтпөйт. Балдардын 56 % инин мектепке көнүүсү 2 айга созулат. Булар коллективге тез сиңишет, жаңы досторго ээ болушат, көңүлдөрү көтөрүңкү кең пейилдүү, мугалимдин талаптарын туура аткарышат. Балдардын 30% де адаптация биринчи чейректин акырына чейин созулат. Булар окуу ситуацияларын кабыл алышпайт. Мугалимдин окуучулар менен болгон карым-катнашы чыңалуу абалында болот. Өз маселелерин «тактоо» аракетинде болушат. Балдардын 14 %де адаптация өтө кыйындык менен өтөт. Окуу программасын өздөштүрө алышпайт, негативдүү жүрүш-туруш байкалат, класстын иштөөсүнө тоскоолдук кылат.

Бул келтирилген фактылар жаңы окуу иш-аракетин өздөрү да окуучулардан атайын убакытты талап кылаарын, спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ экендигин жана бул этапты акылдын деңгээлинде башкаруу окуучуларды жолго салууга өбөлгө болоорун билдирет. Кенже мектеп жашындагы балдар менен педагогикалык ишти ийгиликтүү уюштуруунун бирден-бир жолу болуп алардын анатомо-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу саналат. Кенже мектеп жашындагы балдар менен иштеген мугалимдер буларды жалаң гана окутпастан, физиологиялык жактан туура калыптандыруу ишин да жүргүзүүсү зарыл. Окуучулардын анатомо-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүнүн максаты бул өзгөчөлүктөрдүн окуу ишине, баланын психологиялык абалдарына, мугалимге өз жолдошторуна болгон мамилесине тийгизген таасирин тактоо саналат. Ачыгыраак айтканда,

окуучунун жетишүүсүн тигил же бул сабактарга болгон кызыгуулары, жүрүш-туруштары жалаң гана окуучунун жөндөмдүүлүгүнө, мүнөзүнө жана башка касиеттерине жараша болбостон, баланын анатомо-физиологиялык өзгөчөлүгүнө да көз каранды болот. Мына ошондуктан мектеп мугалимдери өзү окуткан окуучулардын негизги анатомо-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүсү зарыл.

Бул курактагыларда көп жаңы физиологиялык өзгөрүүлөр жүрөт. Бирок физиологиялык өнүгүүсү жай, бир калыпта болот.

1. Кенже мектеп жашындагы балдардын скелеттеринин калыптануусу токтоло элек учур болот да, алар өтө ийилчээк, жумшак болот. Балдардын денелеринин мындай болушу мугалимдерден өзгөчө этияттыкты талап кылат, жана дагы физикалык жактан балдардын туура өсүүсү калыптануусу, жүрүм-туруму көзөмөлдөнүп туруусу зарыл. Ал эми сумканы колуна көтөрбөстөн, эки ийнине асып алышы максатка ылайыктуу.

2. Балдардын булчуң эттери менен биргеликте алардын жалпы физиологиялык күчү да өтө активдүү өнүгө баштайт. Ошондуктан тактыкты талап кылуучу майда кыймылдарды жасаганга караганда, күчтүү, чоң-чоң кыймылдуу жасоого жөндөмдүү болушат. Ушундай фактордун негизинде баладан мектептен алыстоо сезими пайда болот.

3. Кенже жаштагы балдардын манжаларынын, муундарынын бекемделиши 9-11 жаштарында токтолот. Ошондуктан балдар жазуу иштерин бир топ кыйынчылык менен аткарышат.Демек, балдар менен жазма иштерин көп жүргүзбөө керек. Ал эми үй тапшырманын да мүмкүн болушунча чектелүү болуусу зарыл. 1-класска жаны кирген бала 1 минутада 4-6 белгини жазса, ал эми 1 минутада 10-12 белгини жаза алат. 2-класста 1 минутада 20-25 белгини, 3-класста 40-45 белгини жазууга күчтөрү жетип калат.

4. Балдардын жүрөк булчуңдары интенсивдүү өнүгөт. Булчуңдар жүрөктү кан менен жакшы камсыз кылат. Кан ташуучу тамырлардын диаметри кенен болот да, кандын эркин жүрүшүнө агышына мүмкүндүк берет. Бирок, балдардын жүрөгү тез козголмолуу ойнок болгондуктан, тышкы дүүлүгүдөн жүрөктүн аритмиясы байкалат.

5. Жети жашынан кийин баш мээнин салмагы кескин жогорулайт. Мээнин орточо салмагы чоң кишилердин баш мээлеринин салмагына жакын болот. Жети жаштагы баланын баш мээсинин салмагы 1280 грамм болсо, ал эми 11 жаштагы баланыкы 1400 граммга барабар. Жаш балдардын баш мээсинин мындай бөлүгү тез өнүгөт. 7 жашта чоң жарым шаардын мындай бөлүгү морфологиялык жактан жетилүүсү аяктагандыктан максаттуу багытталган эрктүү жүрүш- туруштарды, пландоо жана аракет программаларды аткарууга мүмкүндүк берет.

6. Жогорку нерв системасынын касиеттери болгон козголуу жана тормоздолуу процесстеринин ортосундагы мамиле өзгөрөт.7-10 жаштагы балдардын нерв процесстеринин касиеттери чоң кишилердин нерв системасына касиеттерине жакындайт.

7. Эркек баланын бою жылына 13-14 см ден өсүп, үчүнчү класстын акырында 130-145 см ге чейин жетет.

Эркек баланын салмагы жылына 6-9 кг га өсүп, 28-32 кг ды түзсө, ал эми кыздарда 6-7 кг өсүп, салмагы 27-38 кг га барабар болот.

8. Булардын кан тамырларынын кагышы бир минутада 84-90 го жетсе, ал эми чоң кишилердики 70 ке жетет.

9. Кан менен бардык организмдерди камсыз кылуу чоң кишилерге салыштырмалуу эки эсеге жогору болот.

10. Өзгөчө арка белдин булчуңдары начар калыптануу абалында болгондуктан, денени тике абалда көпкө чейин кармап тура албайт, оор салмактагы жүктү көтөрө албайт.

Ошентип кенже мектеп жашындагы баланын организими узак статикалык абалда иштей баштайт. Мектепке келгенден кийин балдарда баш ооруу, уйкусу качуу, табити бузулуу, чарчоо жана ооруу пайда болуп көп кездешет.Окуучулардын мындай өзгөчөлүктөрүнө көп мугалимдер маани беришпейт. Мисалы, башталгыч класста иштеген 100 мугалимден бул жөнүндө сураганда, алардын 38 %ти окуунун биринчи жылынан үчүнчү жылдын акырына

чейин ар бир окуучуну белгиленгендигин, 36%ти баарын тең билишпесин, 26%ти гана өздөрү окуткан окуучуларды биле тургандыктарын айтышкан.Кенже мектеп жашындагы балдар менен иштеген мугалимдердин бириден-бир негизги милдети алардын ден-соолугун көз жаздымда калтырбоо болуп саналат. Бул курак тепкичти экинчи курактык тепкичтен айырмалоочу негизги индикатордук кызматты психикалык процесстердин өзгөрүүсү аткарат.Ошондуктан кенже мектеп жашындагы балдардын кабыл алуусун, көңүл буруусун жана башка психикалык процесстердин өзгөчөлүктөрүн талдоого алабыз. Кенже мектеп жашындагы балдар өзүн курчап турган чөйрөнү кызыгуу, кунт коюу менен кабыл алышат.Балдарды көрүү, угуу, органдары күчтүү иштегендиктен, мектепке өнүккөн кабыл алуусу менен келишет.Бирок физикалык, психикалык өнүгүүнүн алгачкы этабында тургандыктан, алардын кабыл алуусунда көп жетишпегендиктер кездешет.Алардын айрымдарын талдоого алабыз:

1. ***Кабыл алуулары*** – алгач эркисиз мүнөзгө ээ. Окуучуларга тигил же бул затты көрсөткөндө, анын формасын, түсүн атоо менен чектелип, кабыл алуусун туура башкарып, өз алдынча талдай алышпайт.

2. Баланын кабыл алуусу предметтин өзгөчөлүгүнө жараша болот. Заттарды ачык байкалган түстүн элементтерин жеңил бөлүп алуу менен чектелип, затты ар тараптан талдабай, негиздүүсүн көз жаздымда калтырып, аны бөлүктөргө ажыратууга аракеттенишпейт.

3. 1-2-класстын окуучуларынын кабыл алуулары начар дифферецияланган. Окуучулар окшош заттарды, обьектерди, мисалы, арпаны, буудайды, 6 ын 9 дан, Э тамгасын 3 тамгасынан ж.б. окшош обьектерди бири-биринен ажырата алышпайт. Окуучулардын мындай каталарды кетирбеси үчүн мугалим үйрөнүүчү обьектердин окшош жактарын, өзгөчөлүктөрүн так айырмалоону үйрөтүшү зарыл. Мында мугалимдин жетекчилиги негизги орунда турат.

4. Кабыл алууда сөз негизги орунда ээлейт. Сөз баланын аракетин багыттап, кабыл алуусун жетектейт. Сөз жөнүндө маселени түзүүнү үйрөнүшөт. Кабыл алууда сөздүн ролу өзгөрөт. 2-3-класста затты сөз аркылуу атайт, ошону менен бирдикте аны сөз жүзүндө сүрөттөөгө да болот.

5. Кенже мектеп жашындагы балдарда убакытты, мейкиндикти кабыл алуусу чоң өзгөрүүгө дуушар болот. Окутуунун жардамы менен балдар заттын мейкиндик касиеттерин маселелерин ажыратат. Балдар кыска убакытты, убакытты узартып кабыл алышаары далилденген. Балдардын бир минутаны кабыл алуу тактыгы класстан класска өткөн сайын өзгөргөндүгү байкалган.Баланын окуу иштеринде мейкиндиктин бир касиети болгон заттын формасын кабыл алуу негизги орунду ээлейт. Бул феномен илимде жеткиликтүү изилденбеген.

Чет өлкөлүк окумуштууларда бала затты кабыл алууда анын формасын түсүнө карама-каршы коет деген ой кездешет. Мындай карама-каршылык заттын формасын, түсүн анын түрдүү белгилер катары карагандыктан келип чыгат. Бул дегендик балдарда жогоркудай ойдун жок экендигин билдирет жазат психолог Е.И.Игнатьев. Мисалы, ар бир заттын өзүнүн негиздөөчүсү касиеттери бар. Затты мүнөздөөдө бир учурда анын формасын, экинчи учурда анын түсүн негиз кылып алышат. Желек үчүн анын түсү, автомобиль анын түсү, автомобиль үчүн анын формасы негизги белги болуп саналат

Бала затты кабыл алганда анын элементтерин кабыл албастан, жалпы көрүнүшүн кармап калышат. Кабыл алуунун мындай жетишпегендиги мугалимдин жетекчилиги менен жоюлат.Бала окуу процессинде көптөгөн сүрөттөрдү, обьектерди көрүшөт. Мугалим окуучулардын алардын мазмунун чечмелөөнү талап кылат. Бул талапты окуучулар мугалимдин жардамысыз аткара алышпайт, себеби сүрөттүн ж.б. обьектердин сюжетин кабыл алуу жөндөмдүүлүгү акырындап өнүгүп отурат.

***Эс*** -баланын психикалык өнүгүүсүндө эс процесси негизги, өзгөчө орунда турат.Кенже мектеп жашында эс чоң өзгөрүүгө душар болуучу учур. Төмөнкүдөй маанилүү өзгөчөлүктөргө ээ:

1. Окуунун алгачкы этаптарында бала материалдык эрксиз эске сактоого жөндөмдүү болот.
2. Айрым психологдор кенже мектеп жашындагы балдарда механикалык эс негизги орунда турат деп эсептешет. Советтик психологдор балдарда механикалы эсте сактоо эффективдүү эмес экендигин, күчтүү эрктик аракетти талап кылаарын ал эми мындай жөндөмдүүлүк балада али өрчүбөгөнүн белгилешет.
3. Ар түрдүү жаштагы балдар маанисиз муундан турган сөздөргө караганда, манилүү муундан турган сөздөрдү көп эстеп калаары белгиленет. Маанисиз, маанилүү сөздөрдү эффективдүү жаттоо алардын потенциалдык мүмкүнчүлүгүнө жараша болуу менен бирге, ар башка курактагы балдарда ар түрдүүчө болот.
4. Кенже мектеп жашындагы балдардын окуу процессинде эрктүү эске сактоосу негизги орунду ээлейт деген ой-пикир таралган. Бирок окуу материалдарын эрктүү эске сактоодо ички активдүүлүк болбосо окуучудан көп нервдик энергияны талап кылат.

Кенже мектеп жашындагы балдардын өнүгүүсүнүн бардык этаптарында эрктүү, ойлонулган эсте сактоосу өнүгүп барат. Адегенде балдарда өзүнүн иш-аракетин көзөмөлдөөсү начар өнүккөндүктөн, материалдын мазмунун түшүнүүгө, мазмундуу кайталоого анча мани бербей, мугалимге мазмундуу айтып берүүгө умтулбай көп учурда өзү же мугалим материалды канча жолу кайталаганын, айтып бергенин механикалык жол менен жаттап сырткы элемети боюнча өзүнүн эмгегин баалагандыктан жаттоо кыйын болуп, көп күч сарпталат. Ошентип, кенже мектеп жашындагы балдардын эси курагына көз каранды.Аларда төмөндөгүдөй жалпы өзгөчөлүктөр кездешет.

1. Кенже мектеп жашындагы балдар көргөзмөлүү түшүнүктөрдү эстерине жакшы сакташат.
2. Сөз менен туюнтулган түшүнүктөр эстеринде түрдүүчө калат. Эгер сөз конкреттүү предметтердин атын билдирсе, эстеринде жакшы калат. Ал эми сөз абстрактуу предметти билдирсе, түшүнүк эстеринде жакшы калбайт.
3. Абстрактуу түшүнүктөр да эстеринде түрдүүчө сакталат.Ал эми айрым абстракту түшүнүктөр башка кубулуштар менен начар байланышта турса, анда алардын эстеринде жакшы калбайт.
4. Эстин конкреттүү- образдуу мүнөзү балдардын иштеринин бардык түрүндө кездешет.
5. Кенже мектеп жашындагы балдарда сөз логикалуу эске караганда, образдуу көргөзмө эс күчтүү өнүккөн. Алар конкреттүү окуяларды, фактыларды, предметтерди эстеринде жакшы калтырышат.
6. Биринчи класстын окуучуларына караганда 4- класстын окуучулары материалдарды эки-үч эсеге көп жатташат. Сөздү жаттоо жөндөмдүүлүгү эки жаштан башталат. Эң жогорку тепкичке 7-8 жашта жетет.
7. Кенже мектеп жашындагы балдар чоңойгон сайын, эске сактоосу жакшыра баштайт. Жаттоо бекемдиги 2- класстан 5-класска чейин өсөт, ал эми 5- класстан 8-класска чейин бул процесс төмөндөйт. Балдар чоңойгон сайын жаттоо мүмкүнчүлүгү жогорулайт, ал эми жаттаганын эстеп калу бекемдиги начарлайт.
8. Кенже мектеп жашындагы балдарда эрктүү эске караганда эрксиз эске сактоо күчтүү өнүккөн, себеби алар материалды маанилери боюнча топтоону билишпейт, анын негизги таяна турган жерлерин ажырата алышпайт, логикалык план түзө алышпайт.

***Ойлоо***-кенже мектеп жашындагы баланын акыл мүмкүнчүлүгүнүн ар тараптуу, бай экендигин көрсөтөт. Балдардын ойлоосуна шарт түзүлсө, алар абстрактуу, теориялык маселелерди да чечүүгө жөндөмдүү экендиги аныкталган. Негизинен, кенже мектеп жашындагы баланын акылынын өнүгүүсү конкреттүүрөөк да, абстрактуурак да болуп, эки карама-каршы багыт боюнча эркин өнүгө баштайт. Бирок балдардынойлоосу көбүнчө

конкреттүү, образдуу келет.Кенже мектеп жашындагы балдардын ойлоосун өстүрүүчү, жетектөөчү адам – бул мугалим. Анын иш-аракетинин натыйжалуулугу математика, кыргыз тил сабактарын мыкты билишине жараша болот. Бул аталган сабактардын мазмунунда абстракту түшүнүктөрдүн көптүгү менен шартталат. Аны кабыл алуу үчүн окуучулар түрдүү акыл аракеттерин колдонушу керек.

***Элестетүү.*** Окуу процесси балдардын элестетүүсүнө өзгөчө талап коет. Бала ар түрдүү сабактарда мугалимден, китептен алган информацияны өзгөртпөй, дал өзүндөй кайталоо менен гана чектелбей, калып калган окуялардын, сүрөттөлбөй калган адамдардын өзгөчө белгилерин элестете билүүсүн да талап кылат.Жалпысынан, кенже мектеп жашындагы балдардын элестетүүлөрү төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ:

- Кенже мектеп жашындагы баланын элестетүүсү алгач информацияларды аз санда кайтадан иштеп чыгуу деңгээлинде жүрөт. Турмушта көргөн окуяларын өзгөртпөй айтып берүүгө аракеттенишет.
- Кенже мектеп жашындагы баланын элестетүүсү конкреттүү затка таянуу менен пайда болот. Мисалы, оюнда – оюнчукка, үй буюмдарына, конкреттүү сүрөткө, образга таянып, ошонун натыйжасында алымча-кошумча негиздеп, образды жаратат.

***Көңүл буруу-*** башка процесстерден ажырап өзгөчө таануу процессине кирбейт. Ал кабыл алууда, ойлоодо, эсте көрүнөт. Көңүл буруу тышкы дүйнөдөн адамдын жанына кирүүгө мүмкүн болгондордун бардыгы өтө турган эшик, - деп жазган К.Д.Ушинский.

Кенже мектеп жашындагы балдардын окуусунун алгачкы этабында көңүл буруу эрксиз мүнөзгө ээ. Бул жашта өтө ачык обьекттер, күтүлбөгөн окуялар алардын көңүлдөрүнүн борборунда турат. Эрксиз көңүл буруу туруктуу болсун үчүн материал көргөзмөлүү, ачык болушу зарыл. Кенже мектеп жашындагы балдарда эрктүү көңүл буруу өсүү абалында турат. Эрктүү көңүл бурууну өстүрүү жана ага чоң маани берүү керек экендигин К.Д.Ушинский негиздеген. Эрктүү көңүл буруунун өсүүсүнө мугалим көмөктөш болот. Мугалимдин жетекчилиги менен сабакта активдүү иштөө, максаттуу аракет жасоо ыкмаларын үйрөтүү эрктүү көңүл бурууну өстүрүүгө жардам берет.

Көңүл буруунун касиеттери. Көңүл буруунун касиеттерине көңүл буруунун көлөмү, бөлүнүүсү, туруктуулугу жана алмашуучулугу кирет. Кенже мектеп жашындагы балдардын көңүл буруулары чоң кишилердикине салыштырмалуу жеткиликтүү өнүккөн эмес.

1. Көңүл буруунун алмашуусу. Көңүл буруунун алмашуусу начар. Бир обьекттен экинчи обьектке өтүүсү жай жүрөт.
2. Көңүл буруунун туруктуулугу. Көңүл бурууларынын туруктуулугу жеткиликтүү эмес. Жеңил эле алагды болушат. Жумушту аткарууда көңүлдөрүн бир жерге, узак убакытка чейин топтой албайт.
3. Көңүл буруунун көлөмү. Көңүл бурууларынын көлөмү чоң кишилерге салыштырмалуу чакан. Алар бир эле учурда сүрөттү көрүү менен бирге, мугалимдин аңгемесинин мазмунун, автордун сөзүн угуп, кабыл алууга жөндөмсүз келишет.
4. Көңүл буруунун чаржайыттыгы. 1-2- класстын окуучуларынын көңүл бурuusунда чаржайыттык көп байкалат. Анын себептери төмөндөгүчө: Баланын чарчоосунан (кеч жатат, кечки кинону көрөт, мейманга барат), туура эмес дем алуудан, баш мээ кан менен нормалдуу камсыз болбогондон.

Көңүл бурууну туура уюштуруунун төмөндөгүдөй жолдору бар:

Сабакты нормалдуу темпте өтүү, бош убакытты кескин азайтуу, түшүндүрүү, суроо так, жеткиликтүү, кыска көп сүйлөбөй, деталдуу түшүндүрмө берүү. Кенже мектеп жашындагы баланын негизги иш-аракети болуп окуу процесси саналат. Негизги иш-аракет дегенде психикалык процесстерди калыптандырууга мүмкүндүк берүүчү жана инсандык касиеттерди пайд кылуучу жаңы сапаттарга өбөлгө болуучу феноменди түшүнөбүз. Ошентип окуу процессинде мугалим менен окуучу биргеликте окуу маселелерин аныкташат. Ушул эле учурда маселенин, аракетин канчалык деңгээлде эффективдүү чечилгенин окучу өзү же мугалимдин көзөмөлдөөсү зарыл. Аягында окуу процесси иштин натыйжасын баалоо менен

жыйынтыкталат. Окуу өзгөчөлүктөрүн түшүнүүүчүн окуу процессинин компоненттерине анализ берүү зарылчылыгы келип чыгат.

1. Мугалим биринчи күндөн баштап окуучуларды окуу жагдайларына тартууга аракеттенет. Конкреттүү - практикалык маселелер – турмуштук мазмунга ээ. Мындай маселелер орфографиялык ката кетирбей жат жазуу, математикалык маселенин жообун табуу кирет. Окуу ситуацияларынын үстүндө системалуу иштөө биринчи класстан башталат. Бирок ал өз алдынча окуу маселелерин коюу кийин пайда болот. Окуучуларга конкреттүү практикалык маселе бергенде, жалпы жооп таабууга аркеттенишет. Маселенин ар бөлүгүн талдап, сыноо – ката кетирүү жолу менен иштешет.

2. Окуу иш-аракетинин экинчи компоненти болуп аракет саналат. Белгилүү бир максатты көздөгөн жана белгилүү бир предметтке багытталган кыймылдардын тобу иш-аракет деп аталат. Окуу аракети окуу ситуацияларынан турат. Мисалы, баланын жазуу үйрөнүү аракети бир канча кыймылдардын тобунан турат. Бир окуу аракети түрдүү окуу материалдардын аткарууга жарашы мүмкүн.Экинчи окуу аракети конкреттүү гана иш-аракети үчүн колдонулушу ыктымал.

3. Окуу иш-аракетинин үчүнчү компонентине өздөштүрүүнүн жүрүшүн контролдоо аракети кирет. Кенже мектеп жашында окуучунун контролдоо көбүнчө мугалимди тууроодон пайда болот. Контролдоо көбүнчө иштин жыйынтыгына карап жүрөт. Мындан башка операциялык жана перспективдүү контролдоонун түрлөрү кездешет. Пооперациялык контролдоону күндөлүк же ар кадамды контролдоо деп аталат. Мында аракеттин жүрүшүн тескөө менен иш-аракетти коррекциялоо жүрөт. Ал эми перспективдүү контролдоо – бир канча операциялардын жүрүшүн аладын-ала көрө билүү, өзүнүн мүмкүнчүлүгү менен салыштырууну көзгө туюнтат.

4. Окуу иш-аракетинин төртүнчү компоненти болуп өздөштүрүү деңгээли баалоо болуп саналат. Окуу процесстти өздөрүн туура баалоо мугалимдин же өздөрүн-өздөрү контролдоо деңгээлинде жүрөт. Өзүн-өзү баалоонун эки түрү кездешет: Ретреспективдүү - өзү-өзүнүн ишинин жыйынтыгына өзү сын берүү менен жүрөт. Прогноздуу – окуучу өзүн мүмкүнчүлүгүн «Бул маселени чыгарууга күчүм жетеби?» - деген суроо коюу менен баалоосу.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абрамова Г.М. Возрастная психология. М-2000.
2. Кулагина И.Ю. Колюцкий В.Н. Возрастная психология. М-2003.
3. Жумалиева Ж. Жаш курак психологиясы Б- 1999.
4. Ж Жумалиева «Балдар психологиясы» Б-1997
5. Минбаев К. Курак жана педагогикалык психология Ош-1995.
6. Минбаев К. Адам психологиясы. Ош-2000.
7. 7.Закиров А.Психология боюнча практикум. Ош-2005.

**УДК: 371,32(575,2) (043,3)**

# ЖОЖ ДУН СТУДЕНТТЕРИНДЕ ТИЛ ҮЙРӨНҮҮДӨГҮ МАДАНИЯТ АРАЛЫК КОМПЕТЕНЦИЯНЫ ТҮПТӨӨ ЖАНА ТҮЗҮҮ

***Атабекова Бактыгул Яхияевна - аспирант***
***БАТМУ, Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту, Кадамжай району, Баткен облусу, Кыргыз Республикасы***
***baktygulya5@gmail.com***
***Сыдыкбаева М. М., п.и.д, проф.***

***Аннотация:*** *Бул макалада, Студенттердин тил үйрөнүүдөгү маданият аралык компитенцияны калыптандырууну өркүндөтүүнүн максат милдеттери көрсөтүлүп, аларды турмушта ишке ашыруунун жеткиликтүү формалары, кадамдары, жолдору тууралуу кеңири сөз болду. Натыйжада тил үйрөнүүдөгү компитенциялар негизделип, талаптар каралып чыгуу маселелери жазылды.Тил үйрөнүүдөгү студенттердин маданият аралык компитенцияны түптөөдө инновациялык каражаттарды колдонуу ыкмалары менен үйрөтүүгө боло тургандыгы айтылды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Компитенция, студенттер, тажрыйба, компитенттүү, маселелер, деңгээлдер,тил, окуу,түптөө, маданияты, сүйлөшүү, кадам, маани, түзүү, аныктоо.*

# УСТАНОВЛЕНИЕ И ФОРМИРОВАНИЕ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ В ИЗУЧЕНИИ ЯЗЫКА У СТУДЕНТОВ ВУЗОВ

***Атабекова Бактыгуль Яхияевна - аспирант***
***БАТГУ, Кызыл-Кия Гуманитарно-педагогический институт, Кадамжайский район, Баткенская область, Кыргызская Республика***
***baktygulya5@gmail.com***
***Сыдыкбаева М. М., п.н.д, проф.***

***Аннотация:*** *В этой статье межкультурное изучение языка студентами показаны цели и задачи совершенствования формирования компетентности,*
*Подробно обсуждались доступные формы, шаги и способы их реализации в жизни. В результате были установлены компетенции в изучении языка и написаны вопросы требований.*

***Ключевые слова:*** *компетентность, студенты, опыт, компетентность, вопросы, уровни, язык, обучение, основа, культура, разговор, шаг, смысл, создать, определить.*

# ESTABLISHMENT AND FORMATION OF INTERCULTURAL COMPETENCE IN LANGUAGE LEARNING AMONG UNIVERSITY STUDENTS

***Atabekova Baktygul Yakhiyaevna***
***BatSU, Kyzyl-Kiya Humanitarian and Pedagogical Institute, Kadamzhai district, Batken region, Kyrgyz Republic baktygulya5@gmail.com***
***Sydykbayeva M. M., p.n.d., prof.***

***Abstract:*** *In this article, intercultural language learning by students shows the goals and objectives of improving the formation of competence,*
*The available forms, steps and ways to implement them in life were discussed in detail. As a result, competencies in language learning were established and requirements questions were written.*

***Key words:*** *competence, students, experience, competence, questions, levels, language, learning, basis, culture, conversation, step, meaning, create, define.*

Тил үйрөнүүнүн келечек үчүн чоң орду бар нерсе катары кабыл алып, өлкөгө болгон салым деп эсептөөгө да болот. Учурдун талабы өз эне тилинен башка тилди үйрөнүү, сүйлөй билүү жаштардын коомдогу кесиптик ордун табуу мүмкүнчүлүгүндө болуп жатат. Жумушка орношууда эки чет тилин билген кадырга артыкчылык берилип, мүмкүнчүлүктөр көп болуп, тилге болгон муктаждыктар күндөн- күнгө өсүүдө.

ЖОЖдордун студенттеринде тил үйрөнүүнү учур талап кылып, билим берүүдөгү зарылдыктар келип чыгууда. Студенттердин тил үйрөнүүсү, маданият деңгээлин, мамилелердин карым- катыштыгынын, куралы катары колдонулат. Ар бир студент тил үйрөнүүдөгү шыгына жараша, өзүнүн сөзүнүн туруктуу лексикасына ээ болууга тийиш.Тилдик компетенттүүлүктү студенттер билгичтигин өз тажрыйбаларында калыптандыруу зарылдыгы келип чыгат. Тилдик компетенция тил үйрөнүү үчүн бир канча ыңгайлуу шарттар болуп, өздөштүрүүдө жакшы натыйжаларды бере алат.

Окумуштуу И.А. Зимняя "компетенция" жана "компетенттүүлүк" жөнүндөгү түшүнүктөрдү аныктаган соң, компетенттүү мамиленин маңызы келип чыгат деген оюн билдирген. Компетенттүү мамиленин маңызы болмоюн тил үйрөнүүдөгү маданиятты түптөөгө бобойт. Студенттин өзүндө тил үйрөнүүчүлүк каалоо негизги орунда болгондо гана, кабыл алуу ишке ашат. Тилди окутууда төмөнкү компитенциялык талаптарды коюу менен кадамдарды алгылыктуу жасоо керек.




Студенттер тил үйрөнүүдө практика жүзүндө деңгээлдерин аныктоо менен бирге кабыл алуу, каалоо компетенттерин аныктоо зарыл. Үйрөнүүчү тарапта өз эрки менен күчтүү каалоо болбосо кабыл алуу натыйжасын бере албайт. Тил үйрөнүүнүн максаты: маданият деңгээлин көтөрүү, компетенттүү жаштардын образын жаратуу.

Тил үйрөтүп, окутууда жеңил үйрөтүү, бат кабыл алуу усулдарын, ыкмаларын пайдалануу керек. Үйрөнүп жаткан тилдин маданиятынан баштап элинин жашоо тарыхынан маалыматы болуусу керек. Мугалимге да студентке да үйрөнүү үчүн колдонууга оңой болгон заманбап усулдарды пайдаланып, компакт -дисктердеги китептерди пайдалануу керек. Диалогдуу сабактар менен байланыштуу кепти ишке ашыруу максатында ролдоштуруп сабак өтүү, санариптүү усулдарды пайдаланса, кеп байланышынын, кабыл алуусу натыйжага эртерээк жетет. Тилдик компетентүүлүктү ишке ашырууда, окутуучу менен үйрөнүүчүнүн ортосундагы түшүндүрүү менен кабыл алуудан, эки тараптын маалыматтары шайкеш

келүүсү менен  шыктын жаралуусу керек. Студенттердин тил үйрөнүүдөгү маданиятын ишке ашыруу жөндөмүндө компетентүү тажрыйбалар менен практикалоо, сүйлөө тажрыйбсын кеңири байытуу абзел.

Студенттердин тил үйрөнүүдөгү маданият аралык ишке ашуусун аныктоодо тил материалдарынын туура тандалуусу, оозеки сүйлөө тажрыйбасын тил жөнүндө камтылган болуп, планга коюлуу керек. Тил үйрөнүү жөндөмүнө ээ болуу үчүн үйрөнүп жаткан адам өздүк психологиялык структурасын иштеп чыгуу менен максат коюу керек. Студентте окуп үйрөнүүгө талаптын болушу менен предметти жана окуу иш аракетин өнүктүрүп, аң-сезим менен маданияттуу сөз сүйлө калыбын келтирип, теорияда ишке ашыра алат. Практика учурунда деңгээлине, билгенине жараша топторго бөлүп үйрөтүүдө жеңилирээк, кабыл алуу эффективдүү болот. Жаңы ыкма менен жазылган окуу китептерин, ыкмаларды пайдалануу керек. Эң башкысы тил үйрөнүп билим алууда студентте ишеним менен кабыл алууга түрткү берүүчү мотивация болгону жакшы. Тажрыйбалуу даярдоочу (репититор) жергиликтүү мугалимдерден сабак алып, андан үйрөнүп жаткан тилдүү элдер менен байланыштуу кеп жүргүзсө болот. Интернет аркылуу окуп жаткан тилде диафилимдерди көрүү менен алардын маданият чөйрөсүнөн маалыматтарды алса болот. Тил үйрөнүү -эң маанилүү маданий компонент, студент билим деңгээли менен маданият деңгээлин кошо өнүктүрүп, өз ара маданий элдердин арасында маданий байланыштарды түзө алат. Маданият аралык байланыштарды түзүү, тил үйрөнүүдө чечендик өнөр, лидер сяктуу деңгээлдерге жеткирет. Студенттерди окутуу бөтөн тилдүү элдин маданиятын, өзгөчөлүктөрүн сыйлоого түшүнүп, алардын айырмачылыктарын баалоого, көндүмдөрүн жакшыртууга, жашоолорунун жакшы жактарына таасирлерленип, ыкмаларын, усулдарын  үйрөнүшөт. Үйрөнүп жаткан тилдин оозеки жана жазуу речиндеги байланыштарды калыптандырып, өнүктүрүү үчүн тарыхый, философиялык, географиялык абалдары менен да кызыгып, тааныш болуу теория менен практиканы айкалыштыра алып колдонуу керек. Бөтөн тилди үйрөнүп, лидерлик, чечендик деңгээлдерге чыккан студенттер, өлкөбүздөгү маданиялык аралык өнүгүү багытындагы түрдүү процесстерге активдүү катышууга өбөлгө түзүшүп мамлекет үчүн алгылыктуу салымдарды жаратышат. Ал үчүн маданияттуу тил билүү билим деңгээли, диалог, ачык сүйлөшүү маданияттар аралык айырмаларды түшүнүү жөндөмдөрү талап кылынат. ЖОЖдордо тил үйрөтүү менен бирге жаштарды туура багытка тарбиялоо, элдердин маданиятын, адабиятын, салт- санаасын, чыгармачылык чөйрөсүн билүү аркылуу тааныйт. Тилин үйрөнүп жаткан элдин биримдигин, ынтымакташтыруу менен бири-бирине таанытуу - тил үйрөнүү чоң байлык экени практикалайт. Тил маданиятын ишке ашыруу аркылуу гана байланыштарды бекемдөөдө гана бөтөн эл менен бирин-бири сыйлап, ынтымактуулукка жетелейт. Баардык иш аракеттердин башаты болгон – тил. Пикир алышуунун негизинде жашоонун нугу жүрөт.

Тилдик компетенттүүлүктү түптөө, түзүү маселелерин изилдөөдө;

1. Өзүң жашаган өлкөнүн мамлекеттик тилин билүү.
2. Башка тилди үйрөнүүгө, шыктын, каалоонун болушу.
3. Үйрөтүүчү башкы фактор болуп эсептелет.
4. Талыкпаган эмгек керек.
5. Теориядан алган билимди практикалап турса.

Жашаган чөйрөнүн мамлекттик тилин билүү ар бир жаран үчүн ыйык парз болуп эсептелет. Өзүнүн мамлекттик тилин билген соң, эркин сүйлөп, маданиятына, үрп-адатына, жашоо шартына жуурулуша алуусу шарт.

Бөтөн тилди студенттин үйрөнүүсү, дүйнөнү түшүнүп таануу тажрыйбасын, кругозорун кеңейтип өстүрөт. Тил чөйрөсүн өнүктүрүүдө турмуштук сөз каражаттарын пайдаланып, ойду билдирүү аракеттерин, жөндөмүн көрсөтө алгандык тил компетенциясынын өнүгүшүнөн кабар берет. Өз билимин сөз сүйлөө тажрыйбасы аркылуу өнүктүрөт. Тилдик компетенцияны ишке ашырууда айланасындагы адамдар менен байланышып, алардан маалыматтык каражаттар аркылуу байланышуу жолдорун таап, аңгем, дискуссия жүргүзүү

да натыйжалуулукка жеткирет. Тил үйрөнүүдөгү маданияты аркылуу компетенттүүлүктү түптөөдө студенттерди тил үйрөнүүсү менен интеграция кылууга болот. Жаштарга чет тили жаңы дүйнөнү, өзгөрүүнү, жан дүйнөсүнө болгон төңкөрүштү, руханий, маданий, интелектуалдык баалуулуктарды алып келет. Учурдагы маалымат майданында керектүү жаңылыктарды, ачылыштарды, китептерди, тоскоолдуксуз окуп, билип үйрөнүүнүн негизги шайманы- бул көп тил билүүчүлүктү түзөт. Студенттерди окутууда көп тилдүүлүккө окутуу менен дүйнө таануусун ачып, билим алууда коомго пайдасы тийген инсанды тарбиялап, окутуучу тарабынан багыттап туруусу шарт. Үйрөнүүчү тараптан алгач каалоо, кызыгуу болсо кабыл алуу жакшы натыйжага жеткирет. Бөтөн тилди үйрөнүүнү түптөө- сепилди коргоого алган менен барабар. Күнүмдүк көндүмдөрдүн үстүндө майда кадамдардын ишке ашуусу менен өз ара окуу, жазуу, угуу, сүйлөө, жаңы сөздөр менен иштөө, жөндөмдөрүн күн сайын жакшыртып туруу шарт. Тил үйрөнүүгө каалоо болгон соң муктаждыктан үйрөнүү келип чыгат. Чет тилдерин үйрөнүүдө тилдик компетенттүүлүктү түзөө максатында кыргызстанда тил үйрөнүү тажрыйбасы менен чет тилдеги чөйрөсү жок болсо дагы жеке курстарда тездетилген режимде жетиштүү болуп, эффективдүү, натыйжалуу үйрөнүп жатышат. Тил үйрөнүүгө түрткү берүү өбөлгөлөрдү түзүү, учурдун талабы менен окутуу, инновациялык технологияларды, окутуунун заманбап усулдарын колдонуу, үйрөнүп жаткан тилинде гезит-журналдарды көп окуу, сөздөрдүн кандай жазылышын эске сактап алуу, маанисине көңүл буруу, маэктеш табууга аракеттенүү, ыр угуу, аудио-видеолорду аркылуу ыкмаларды пайдаланып окутуу системасын жакшыртуу керек. Окуу учурунда интернеттеги, электрондук китептердеги, атайын иштелип чыккан программаларды, мобилдик программаларды пайдалануу өтө маанилүү. Окутуп жаткан учурда мугалим тарабынан таянычты студентке туура багытта тандап алуусу керек, анткени лексиканы өздөштүрүүдө бөтөн тил катары окутууда ийгиликке бат жете алат. Тил үйрөнүү учурунда таянычтарды, структураларды, схемаларды, таблицаларды үйрөтүүчү тараптан даярдалып , иштелип чыгуу керек. Тил билүүчүлүк маданият аралык байланышты түзүү менен жумушта же жеке жашоодо кызмат кылат. ЖОЖдордо студенттердин тил үйрөнүүдөгү маданият аралык компетенциясын түптөө жана түзүү заман талап кылган билимдүү кадырлар болуп эсептелет. Тил билүү маданиятына жеткен жаштар коомдун келечегинин пайдубал куруучуларына айланып, шартка жараша студенттер жашоо үчүн керек болгон билим деңгээлине, сабаттуулукка ээ болушуп, өлкөнүн өнүгүшүнө салымдарын кошо алат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. https://www.facebook.com/100008050125039/posts/pfbid079gfGz6UnCbj5L13EKrAeCTTs2HXrhXRMaFQQfjoTv9DKNr4Tk5SUiFbQpuYPbw6l/?sfnsn=mo
2. Добаев, К.Д., Асанакунов,Т.А., Кыргыз тилин өзгө тил катары окутуу методикасынын айрым маселелери, Бишкек,; -2006, 83 б,.
3. Московкин Л. В. О значимости исследований по истории методики [C] // Русский язык и литература во времени и пространстве: материалы XII Конгресса международной ассоциации преподавателей русского языка и литературы / под ред. Л. А. Вербицкой, Лю Лиминя, Е. Е. Юркова. Шанхай: Шанхайское образоват. изд-во иностр. языков, 2011. Т. 3. С. 538–541.
4. Щукин А. Н. Методы обучения в истории преподавания русскому языку как иностранного (теория и практика) [C] // Русский язык и литература во времени и пространстве: материалы XII Конгресса международной ассоциации преподавателей русского языка и литературы / под ред. Л. А. Вербицкой, Лю Лиминя, Е. Е. Юркова. Шанхай: Шанхайское образоват. изд-во иностр. языков, 2011. Т.3. С. 280–287.
5. Ляховицкий М. В. Методика преподавания иностранных языков. М., 1981. С. 15.


* * *

**УДК 82-145**

# “ЖАЙ” КОНЦЕПТИНИН ПОЭЗИЯДАГЫ ОРДУ

***Дарбанов Беркут Ерматович ф.и.д., профессор***
***Акбуюков Мурат Муйдинович улук окутуучу***
***Эсенова Нуска Маматкуловна окутуучу***
***email: murat.akbuyukov.78@mail.ru***
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Ырдын темасы, объектиси – жай болгону менен ашыктык/сүйүү түшүнүктөрү анын өзөгүн түзөт. Жай лексемасын орунсуз кайталоо менен акын өзгөчө образдуулук жаратат. Тексттин турпатындагы жай бирдигинин жыштыгы ырдын когнитивдик-менталдык мазмунун түзөт.*

***Түйүндү сөздөр**: поэзия, мекен, жер, ыр, түшүнүк, когнитивдик, чыгарма, коргоо,сөз, мүчө.*

# МЕСТО КОНЦЕПЦИИ «МЕСТО/ЖАЙ» В ПОЭЗИИ

***Дарбанов Беркут Ерматович д.ф.н., профессор***
***Акбуюков Мурат Муйдинович старший преподаватель***
***Эсенова Нуска Маматкуловна преподаватель***
***email: murat.akbuyukov.78@mail.ru***
***ЖАГУ имени Б.Осмонова, город Жалал-Абаб, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *Хотя темой и объектом стихотворения является «место/жай», в ее основе лежит понятия любви. Неуместным повторением лексемы «место/жай» поэт создает особую образность. Частотность «место/жай» в характере текста формирует познавательно-мыслительное содержание стихотворения.*

***Ключевые слова:** поэзия, родина, земля, стихотворение, понятия, когнитивный, произведение, защищать, слова, суффикс.*

# THE PLACE OF THE CONCEPT “ZHAI” IN POETRY

***Darbanov Berkyt Ermatovich d.of ph.s. professor***
***Akbuyukov Murat Muidinovich senior teacher***
***Esenova Nuska Mamatkulovna teacher***
***email: murat.akbuyukov.78@mail.ru***
***JASU named after B.Osmsnov, t. Jalal-Abad, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *Although the theme and object of the poem is “zhai”, on the base lies the concept of love. By inappropriate repetition of the lexeme “zhai”, the poet creates a special imagery. The frequency of “zhai” in the nature of the text forms the cognitive – mental concept of the poem.*

***Key words**: poetry, motherland, land, poem, concept, cognitive, opus, defend, word, suffix.*

“Жай” концепти поэзиянын дагы көңүл чордонунда турат. Ага акын-жазуучулар, эстрада ырчылары кайрылып келишүүдө. Айрым ырларды төмөндө когнитивдик жактан талдап бермекчибиз.

*Мекеним барда, мен бармын,*
*Мекеним барда Камбармын.*
*Мекеним сүйүп өссө экен,*

*Жанымдай көргөн балдарым.*
*Мекеним барда, мен бармын,*
*Мекеним барда Камбармын.*
*Унутпай жүрөр мекеним,*
*Артымда калса ырларым.*

*Басканымда кызыл аянт үстүнөн,*
*Кубат алам кызыл туудай түсүнөн.*
*Тилеги бир эмгекчилер дүйнөлүк,*
*Шыктанышат кремлдин күүсүнөн.*

*Чарчап келсең көсөм жаткан аянтка,*
*Ээ болосуң талыбаган канатка.*
*Ушул жерге жетсек дешип умтулат,*
*Индус, немец, эрк талашкан араб да.*

*Ушул жерде душман турса апкаарып,*
*Ушул жерде достор турат катарга.*
*Качан келсең Ленин сүйлөп жаткансыйт,*
*Жол көрсөтүп кары менен жаштарга.*

"Жай" концептинин мекен экспонентин репрезентациялаган ыр акын, адабий сынчы Камбаралы Бобуловго таандык. Автор чыгармасында мекен түшүнүгүн даңазалоого, барктоого аракеттенген. Мында патриоттук дух, мекенге болгон сүйүү, суктануу сезимдери даана байкалат. Бул анын биринчи жактын жекелик түрүнүн *-ым* мүчөсүн *мекен* сөзүнө жалгап *мекеним* деп аташынан даана көрүнүп турат. Таандыкты билдирген поссесивдик мүчө *балдарым, ырларым* лексемаларында да бар. Көлөмү боюнча өтө чоң чыгарма делинбейт. Ыр "*Мекеним барда, мен бармын*" деп аталат, анын объектиси – *мекен*. Жазылыш тарыхы СССР дооруна барып такалат. Ырдан коммунисттик элементтер байкалат. *Мекен* лексемасы кыргыз тилинин сөздүгүндө *жай* сөзүнүн биринчи эле негизги маанисинде орун, турак түшүнүктөрүнөн кийин үчүнчү болуп келет. Аны көркөм адабияттан алынган *Ушул шаарды, ушул сонун жайды түзгөн эмгекчи эл өзү го* (Боялинов) иллюстративдик мисал коштойт. Текст 83 сөздөн, 5 куплеттен, 20 саптан турат. Мында *мекен* сөзү биринчи, экинчи куплеттердин башында 5 жолу, 2-куплеттин 3-сабынын аягында 1, жалпысынан 6 жолу кайталанат. Ырдын курамында бир нече терминдер жана тармактык лексика учурайт. Алсак, антропонимдер: *Камбаралы, Ленин*; топонимдер: *Кремль, Кызыл аянт*; колороним: *кызыл*; этнонимдер: *индус, немец, араб*; квантитатив: *бир*; антонимдер: *душман – дос, кары – жаш*; соматизм: *канат* ж.б. катышат. *Немец* сөзүн эки түрдө жазып жүрүшөт. Анын *немис* деген вариантын интернет басылмаларынан кезиктирип калабыз. Бирок биз *немец* деген ырда берилген трансформаны кубаттайбыз. Профессор К. Зулпукаров *Кремль* сөзү *коргон, коргоо* сөздөрү менен уңгулаш деп жоромолдойт [Зулпукаров, 2016: 415]. Этнонимдердин арасынан *араб* бирдиги *эрк талашкан* эпитетинин коштоосунда берилет. Муну менен акын арабдардын эрктүүлүгүн, эркиндикке умтулган эл экендигин белгилегиси келген. Мейкиндик маанисин чагылдырган лексемалар бир топ: *Кремль, кызыл аянт, жер, арт, жол.* Биринчи эки мисал Мурунку СССРдин жана азыркы Россиянын борбору Москва шаарында жайгашкан. Союз мезгилинде бул жайды чет өлкөлүк коноктор келип көрүп кетүүгө абдан кызыгышкан. Алар шаардын так ортосунан орун алып, өзгөчө көрк берип турат. Азыр да Москвага барган адам ушул жайларды сөзсүз зыярат кылганга аракет жасайт. Экөөсү тең саясий-эстетикалык жактан маанилүү объекттер болуп эсептелинет. Эмне үчүндүр автор Кызыл аянтты баш тамга менен жазган эмес. Бул 5 мисал "Жай" концептинин репрезентативдери болушат. *Жер* сөзүнүн тексттеги жыштыгы жогору. Ал үч ирет колдонулган. Ырдын темасын түзгөндүгүн, мекен денотатын атоосун, текстте жыш колдонулушун эске алып, *мекен* сөзүн тексттин семантикалык борборуна, *жер* сөзүн

жакынкы жакабелине, ал эми *Кремль, кызыл аянт, жол* ж.б. лексемаларды алыскы жакабелине коштук. *Унутпай жүрөр мекеним, Көсөм жаткан аянт* айкаштарында жандандыруу (олицетворение) ыкмасынын жардамында *мекен* менен *аянт* сөздөрүнө адамга тиешелүү касиет ыйгарылган. *Жаткансыйт* сөзү этиштин арсар учур чагы аркылуу жасалып, акындын күмөн саноосун туюндурат. Арсардуулук, толук ишенбөөчүлүк *Унутпай жүрөр* фразасында да берилет.

Салыштыруу фигурасы көркөм образдуулукту жаратуу максатында ырдын *Кубат алам кызыл туудай түсүнөн* сабында ишке ашкан. Аны уюштурууда *-дай* мүчөсү жардамга келген. Акын өзүн кызыл туу сыяктуу көрсөтөт. *Ушул жерге жетсек дешип умтулат* фразасында мейкиндик + темпоралдык маанилер орун алган. Демек, алар ар дайым, тынымсыз умтулушарын байкайбыз. *Унутпай жүрөр мекеним, Артымда калса ырларым* деген саптар акындын эртеңки келечегин ойлоп, кыжалаттангандыгынан кабар берет. *Чарчап келсең көсөм жаткан аянтка, Ээ болосуң талыбаган канатка* саптарында мекен акынга дем-күч, кубат берип, шыктандыра тургандыгы айтылат. *Жанымдай көргөн балдарым* фразасы К. Бобулов балдарын абдан жакшы көргөндүгүн күбөлөндүрөт.

Текстин курамында "Жай" концептинин негизги номинанттары болгон *жай, орун, турак, төшөк* лексемалары учурабайт. *Мекен* сөзү бул текстте *бар* сөзүнүн жатыш жөндөмөсүндө турган формасы менен 4 жолу колдонулган. Чыгарманын үчүнчү куплетинин үчүнчү сабындагы *Тилеги бир эмгекчилер дүйнөлүк* сүйлөмү немец философтору К. Маркс менен Ф. Энгельске таандык "Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле! Немисче Proletarier aller Lander, vereinigt euch!" афоризмдин негизинде түптөлгөндөй туюлат. Акын тексттик параллелдүүлүктү ырдын акыркы саптарында бергенге аракет жасаган. Мисалы, жабык муундардын ар саптын аягында келүүсү финалдык параллелдүүлүктү жаратып турат. Караңыз:

*Мекеним бар - да, мен бар - мын,*
*Мекеним бар - да Кам - бар - мын.*
*Унутпай жүр - өр ме - ке - ним,*
*Артымда кал - са ыр - лар - ым.*

Бул жерде мүчөгө мүчө, уңгуга уңгу дал келүүсү көрүнүп турат. Текстте жалпысынан мекендин бир нече баалуу көрсөткүчтөрү эске алынган. Ырды адам баласын туулуп-өскөн жери, ата журту, өз эли колдой тургандыгы, Советтер Союзунун борбор шаарына башка элдердин суктануусу, мекенди коргоого эл-журт даяр экиндиги, бардык жарандарга дайыма туура багыт берген Ленин сыяктуу көсөм жол башчынын бардыгы белгиленген мекен тууралуу мыкты чыгармалардын катарына кошууга болот. Бирок ал мекендин бардык касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн угуучунун аң-сезимине киргизүүчү универсалдуу чыгарма катары санала албайт.

Башка да текстке кайрылалы. Аны кыргызчага сөзмө-сөз которобуз.

| | |
|---|---|
| *Жұлдызды түнде жай сен түстің айдай*<br>*Жолыңа мен едім қанатын жайған*<br>*Ғашық еттінде жай*<br>*Сен кеттің жай-жай*<br>*Енді болсын бақыт өзіңсіз қайда* | *Жылдыздуу түндө жай сен түштүң айдай*<br>*Жолуңда мен элем канатын жайган*<br>*Ашыктыкта жай*<br>*Сен кеттиң жай-жай*<br>*Эми болсун бакыт өзүңсүз кайда* |
| *Жұлдызды түнде жай сен түстің айдай*<br>*Жолыңа мен едім қанатын жайған*<br>*Ғашық еттінде жай*<br>*Сен кеттің жай-жай*<br>*Енді болсын бақыт өзіңсіз қайда* | *Жылдыздуу түндө жай сен түштүң айдай*<br>*Жолуңда мен элем канатын жайган*<br>*Ашыктыкта жай*<br>*Сен кеттиң жай-жай*<br>*Эми болсун бакыт өзүңсүз кайда* |
| *Жай емдейді уақыт*<br>*Жай кетсенде бақыт* | *Жай дарылайт убакыт*<br>*Жай кетсең да бакыт* |

| | |
|---|---|
| *Жай дауылдай соқпа жай-жай*<br>*Жай үмітім сөніп*<br>*Жай келемін көніп*<br>*Жай сөнеді шоқта жай-жай* | *Жай доолдой сокпо жай-жай*<br>*Жай үмүтүм өчүп*<br>*Жай келемин көнүп*<br>*Жай өчөт чок да жай-жай* |
| *Тасыған өзенде басылар жай-жай*<br>*Қайғымда тамшылап таусылар жай-жай*<br>*Өмірдің заңы бар бәріде жай-жай*<br>*Көңілдің бұлты да ашылай жай-жай* | *Ташыган өзөн да басылар жай-жай*<br>*Кайгым да тамчылап түгөнөр жай-жай*<br>*Өмүрдүн заңы бар баарында жай-жай*<br>*Көңүлдүн булуту да ачылар жай-жай* |
| *Жай емдейді уақыт*<br>*Жай кетсенде бақыт*<br>*Жай дауылдай соқпа жай-жай* | *Жай дарылайт убакыт*<br>*Жай кетсең да бакыт*<br>*Жай добулдай сокпо жай-жай* |
| *Жай үмітім сөніп*<br>*Жай келемін көніп*<br>*Жай сөнеді шоқта жай-жай* | *Жай үмүтүм өчүп*<br>*Жай келемин көнүп*<br>*Жай өчөт чок да жай-жай* |
| *Жай емдейді уақыт*<br>*Жай кетсенде бақыт*<br>*Жай дауылдай соқпа жай-жай* | *Жай дарылайт убакыт*<br>*Жай кетсең да бакыт*<br>*Жай доолдой сокпо жай-жай* |
| *Жай үмітім сөніп*<br>*Жай келемін көніп*<br>*Жай сөнеді шоқта жай-жай*<br>*Жай-жай* ... [https://sazalem.com/ru/track/ernar-aidar-zhai-zhai] | *Жай үмүтүм өчүп*<br>*Жай келемин көнүп*<br>*Жай өчөт чок да жай-жай*<br>*Жай-жай ...* |

Бул казак эстрадасындагы “Жай-жай” деп аталган белгилүү ыр. Аталышынын өзүндө эле “Жай” концепти тургандыгын эске алып, анын статистикасын карап чыгууну чечтик. Композиция теги Өзбекстандык жаш эстрада ырчысы Ернар Айдарга таандык. Бул чыгарма “Жай” концептин имплициттик түрдө демонстрациялайт. Чоң көлөмдүү чыгарма эмес, ал 3 куплеттен, 33 саптан, 136 сөздөн турат. Мында *жай* сөзү 50 гана 13 жолу кайталанма кош сөздүн курамында, 2 жолу дериваттын ичинде, 19 жолу сап башында, 2 жолу ортосунда, 15 жолу аягында келип, тексттин көлөмүнүн 36 пайызын түзөт. Саптардын көлөмү кайырманын 3 жолу кайталануусунун эсебинен көбөйүп кеткен. Ырдын темасы да, объектиси да – *жай* болгону менен ашыктык/сүйүү түшүнүктөрү анын өзөгүн түзөт. *Жай* лексемасын орунсуз кайталоо менен автор өзгөчө образдуулук жаратат. Чыгармада *жай* түшүнүгүнүн мейкиндик мааниси катышпайт. Бул жерде анын адвербиалдык жана адъективдик маанилери берилген. Адвербиалдык маани төмөнкү этиштерди мүнөздөөдө: *кетүү, дарылоо, согуу, өчүү, көнүү, басылуу, түгөнүү* ж.б. адъективдик маани: *үмүт, добул* сыяктуу субстантивдер менен айкалышта колдонулган.

Ошентип, тексттин турпатындагы *жай* бирдигинин жыштыгын эске алып, ал ырдын когнитивдик-менталдык мазмунун түзөт деген бүтүмгө келдик. Анын маанилери казакчадан кыргызчага которууда өзгөрүүгө учураган жок. Анткени аталган тилдер бир топко кирет.

**Адабияттар:**

1. Бобулов К. Махабат ырлары: Ырлар жана поэма. – Ф.: Кыргызстан, 1971. – 118 б.
2. Зулпукаров, К.З., Абдулатов, АА., Малабаев, М.А. Бата салтын үйрөнүүгө арзыйт. Паремиологиялык этюддардан [Текст] / К.З. Зулпукаров, А. Абдулатов, М. Малабаев. – Бишкек: Эл агартуу. 2002. - №3-4. - 58-59-бб.

3. Зулпукаров, К.З. О билингвальной когнитивно-дискурсивной модели морфемики и словообразования [Текст] / К.З.Зулпукаров // Рус. яз. и лит. в шк. Кыргызстана. – 2005. - №1. – 76-80-бб.
4. Зулпукаров, К.З. Отражение этнического менталитета в теологических концептах языка [Текст] / К.З. Зулпукаров // Сб. науч. тр. [фак-та рус. филол. Ошск. гос.ун-та] – Вып.2.- 2010. – 7-18-бб.
5. Зулпукаров, К.З. Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание [Текст] / К.З. Зулпукаров – Бишкек, 2016. – 768 б.
6. Камбаралиева, У.Д. Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира [Текст] / У.Д. Камбаралиева – Б., 2013. – 490 б.
7. Маркс Карл Энгельс Фридрих. Манифест коммунистической партии. [Текст]/. 1848.

* * *

**УДК 82-131**

## “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ “УЛУУ КӨЧТҮН” МААНИСИ

***Калчакеева А.К. ЖАМУнун аспиранты,***

***Аннотация:*** *Илимий макалада “Манас “ эпосундагы “Улуу Көч” жөнүндө сөз болот. Мында негизинен элдин Алтайдан Ала- Тоого көчүү сунушу чагылдырылып, байыркы кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү, калктын Ата- Тоого жайгашуу идеясы жатат.*

***Негизги сөздөр:*** *Манас, Ала-Тоо, Алтай, Сагымбай, “Улуу Көч”, Теңир Тоо, Кашкар, Евразия*

## ЗНАЧЕНИЕ «ВЕЛИКОГО ПЕРЕСЕЛЕНИЯ НАРОДОВ» В ЭПОСЕ «МАНАС»

***Калчакеева А.К. аспирант ЖАГУ***

***Аннотация:*** *О Великом переселении в эпосе “ Манас” отражается переселения кыргызов с Алтая на Ала- Тоо. Главным стержнем и идей являются восстановление древнего кыргызского государства и оседание на землях Ала- Тоо.*

***Ключевые слова:*** *Манас, Ала-Тоо, Алтай, Сагымбай, “Великое Переселение”, Тенир Тоо, Кашкар, Евразия.*

## THE MEANING OF THE "GREAT MIGRATION OF NATIONS" IN THE EPIC "MANAS"

***Kalchakeeva A.K. postgraduate student of JASU***

***Abstract:*** *The article talks about the Great Migration in the epic “Manas”, the proposal to move from Altai to Ala-Too is reflected, and the idea of restoring the ancient Kyrgyz statehood and settling in Ata-Too is reflected in the article.*

***Keywords:*** *Manas, Ala-Too, Altay, Sagymbai, Great Migration, Tenir-Too, Kashkar, Eurasia*

Көчмөндүк мадизм грек сөзүнөн алганда “nomas”,”nomadus” көчүү, көчүп жүрүү дегенди билдирип, калк тиричилигинин малчылык менен байланышкан турмуш образынын өзгөчө формасы десек болот. Көчмөн элдик турмуш б.з.ч II-миң жылдыктын аягы, I-миң жылдыктын башында Евразиянын аймагында жашаган элдер, уруулардын көчмөн малчылыкка өтүшүнө байланыштуу, көчмөндүк пайда болгон. Борбор Азияда жашаган элдер, кыргыздар байыркы көчмөн калктардын бири болуп саналат. Бул багытта көптөгөн тарыхчы окумуштуулар илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. “Манас” эпосундагы “Улуу көчтүн” маанисин чечмелесек: Манастын сунушу менен кыргыздардын өз жерине Алтайдан Ала-Тоого көчүүсү, Мекенди сүйүү, элдин ата-бабадан калган өз жерине, отурукташуу

идеясынын ишке ашышы экендигин билдирет. Ошентип, Манастын эли Алтайга кайткандан кийин Манас төгөрөктүн төрт бурчуна кабар берип, ата-бабадан калган Анжыян менен Алайдын ыйык экендигинин маани–маңызын чечмелейт. Сагымбай Орозбаковдун вариантында (С.О. Бишкек-1995,3,10) Жакыптын Алтайдан Ала-тоого көчүү сунушу мындайча берилет:

“Алтайдан көчүп алсак- дейм,
Анжыян жакка барсак –дейм”1.

Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүүсү башка көчтөргө салыштырмалуу эпостун сюжеттик линиясында өзгөчө мааниге ээ. Аталган вариантты сүрөттөөлөрүндө көчмөн кыргыздардын бир бөлүгү Теңир тоодо, бир бөлүгү чыгыш туркстанда,бир бөлүгү Алтайда жана Миң Сууда жашап калгандыгы VI-VIII- кылымдардардагы жазмаларда тастыкталган. Өз учурунда Енисейде кыргыздар чакан мамлекет түзүп, Теңир –Тоодо калган тууганддары менен мамилеси үзүл - кесил болгондугу маалым. Ал эми 840- жылы негизделген Улуу кыргыз державасынын мезгилинде Түштүк сибирлик кыргыздар этап-этабы менен Теңир – тоого жер которушуп XV-XIX- кылымдарда толук олтурукташкан. Негизи, “Улуу көчтүн” башаты Теңир Тоодон башталат. Академик Василий Владимирович Бартольддун кыргыз тарыхына зор эмгек сиңирген илимпоз Анын 1927-жылы жазган “*Кыргыздар. Тарыхый очерк” деген эмгегинде бул тууралуу далилдүү өз пикирин билдиргени бар. Негизи,* Ороздунун тогуз уулу калмак кытайдын запкысынан жер кезип, туш тарапка чачырап, жер которушканы тууралу сүрөттөөлөр буга далил. Мына ушундай “Улуу Көчтүн” көп кырдуу чагылдырылышы белгилүү манасчы Багыш Сазановдун вариантында да элестүү чагылдырылганы төмөндөгүчө сыпатталганын байкайбыз.

“Түп атаңдын элине,
Самаркандын жерине,
Сан мусулман элине,
Мындан көчүп кеткенин,
Самарканга жеткенин» (Б. С. Бишкек 2017: 132, 149)

Ал эми Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манас эки күн элин көндүрүп, элүүдөй жылкы сойдуруп, сыйын көрсөткөн соң, жолго чыгуу үчүн камынууга беш күн убакыт берип, элди көчтү улантууга мындайча чакырык таштаганын көрөбүз:

“Тарагын- деди көпчүлүк,
Так беш күндө калганын,
Уй- малыңдан айрылып,
Үстүнө түшөөр көп түлүк”, (С.О. Бишкек-2017. 58)

Ошентип, баатырлардын жер которуп көчүү туралуу көптөгөн сунуштарынан улам эл жолго чыгаарда бата тилеп, курмандык чалынып, жүрүшкө жараксыздарды үйүңөргө баргыла деп мындайча кайрылат:

“Көксө болгон каарысы,
Көрүп туруп барысын,
Эбегей жарак майтарды,
Эки жүз миңди кайтарды”.

Белгилүү манасчы Молдобасан Сазановдун вариантында да “Улуу көчтү” улаарда эл бири-бири менен кол алышып көрүшүп, кыз-келиндер жүздөрүнөн сүйүшүп ынтымактуу коштошуу жөрөлгөлөрү төмөндөгүдөй ыр-саптар менен мүнөздөлөт:

“Алтындан уртук жамынып,
Алтындан жабдык салынып,
Кыздары кырка бир өңдөй,
Көчмөк болдук камынып” (М.С. Б-2017-ж. 17-145, 177-беттер)

Биз талдап жаткан “Манас”эпосунун аталган варианттарында манасчылардын ар бири өздөрүнүн ой туюмуна, манасчылык, шык-жөндөмүнө жараша “Улуу Көчтүн” жүрүшүн жугумдуу, поэтикалык боёктор аркылуу сыпаттаганы байкалганын көрөбүз. Эл журт

болжогон жерине аман эсен жетип алуу учун, ат жабдыктарына өзгөчө көңүл бурушкан. Көчтүн жүрүшүндө колуна курал алган эр азаматтар, көчтү айланып, сактыкты сактап ар кандай душмандардын сырттан келип тоноп кетүүсүнөн коргогон. Мисалы: манасчы Молдобасан Мусулманкуловдо эр азаматтардын көчкө болгон мамилесин төмөндөгүдөй сүрөттөйт:

“Азаматтын баарысын,
Көчтү көздөй жандатып”. (176)

Окуянын жүрүшүндө Алтайдан Ала-Тоого карай көчүп келе жаткан калың элди Кашкар ханы Алахун токтотмок болот. Манас Кашкарда тогуз ай туруп Алахундун ордуна иниси Акматбекти хан шайлап, андан ары “Улуу Көч” жолун улайт, (Кашкар бүгүнкү күндө Чыгыш Түркстан Синьзян-уйгур автономиясында жайгашкан.) Негизи көчмөн кыргыздардын жер которуудагы иш-аракеттеринде эл агылып көчүп келгенде, же сапардан кайтканда, жергиликтүү эл көчмөндөрдү чын дилден тосуп алып, атайын садага чабылып, той берилген. “Улуу Көчтө” Манастын келээрин уккан Көкөтайдын аны утурлай тосуп алганы өзгөчө сыпатталат:

“Эки жүз миң адамын,
Эр Көкөтай алыптыр,
“Өз тууганым келет”–деп,
Манасты тосуп алыптыр,
Баркын мурун угуптур”
“Көчүп барды Алайга,
Даңкы кетти далайга”. (С. О. Бишкек-2014-ж, 8-9: 508-бет)

Көчүп келген калкты, Манасты жергиликтүү калк тосуп алып сый-урмат көрсөтөт. Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүүсү жөнүндөгү окуялар манасчылардын варианттарындагы сюжеттик сүрөттөөлөрүндө көп кырдуу сыпатталганын көрөбүз. Чындыгында бул окуялар кыргыз Мамлекетинин 840-46-жылдарда уйгур Каганатын кыйратып, Улуу Кыргыз дөөлөтүн түзүшү, анын аскерий жактан күчөшү жана кыргыз каганатынын таасири менен журт башчыларынын Улуу Талаадагы жортуулдары, кыргыз урууларынын Теңир-Тоого карай жер которуулары менен тастыкталып турат.

Жер которуу жана байыркы Кыргыз мамлекетин калыбына келтирүү процесси эпостогу Манас баатырдын ишмердигине топтолгон. Реалдуу тарыхта болсо, бул жер которуулар IX кылымдан XIII кылымга чейин созулган. Анда кыргыздардын Улуу Кыргыз дөөлөтүндөгү жер которуулары, Карахандар доорунда азыркы мекенинде отурукташа башташы, Энесайлык кыргыздардын көпчүлүгүнүн кидандар, наймандар жана Чыңгыз хандын монголдору менен бирге Теңир-Тоого келиши, андан кийинки чингизиддердин, тимуриддердин, Моголистандын доорлорундагы тынымсыз мамлекеттикти түзүүгө болгон аракеттер, XVI кылымда Мухаммед Кыргыздын чакан мамлекеттиги жана калмактарды акыркы жолу 1758-60-жылдарда биротоло Кыргызстандан сүрүп чыгып, азыркы Кыргызстанга, Чыгыш Түркстан чөлкөмдөрүнө кыргыздардын биротоло жайгашышы менен аяктаган.

Манас эпосундагы окуялар реалдуу тарыхта биздин заманга чейинки III - кылымдан биздин замандын XVIII к.чейинки тарыхый окуяларды чагылдырып турат. Анын өзөгүндө жоголгон байыркы кыргыз Мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү жана Ала-Тоого жайгашуу идеясы жатат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Манастын сюжеттик тематикалык көрсөткүчү Бишкек-1995., С.О. 3,10
2. В.В Бартольд «Кыргыздар.Тарыхый очерк» Ф-1980ж
3. Манастын сюжеттик тематикалык көрсөткүчү, Бишкек-2017., Б. С. 132, 149
4. Манастын сюжеттик тематикалык көрсөткүчү, Бишкек-2017., С.О.58

5. Манастын сюжеттик тематикалык көрсөткүчү, Бишкек-2017-ж., М.С.17-145, 177-беттер
6. Манастын сюжеттик тематикалык көрсөткүчү, Бишкек-2017., Б.С., 176
7. Манастын сюжеттик тематикалык көрсөткүчү, Бишкек-2017., С.О., Б-2014-ж, 8-9: 508-бет
8. Калчекеев К.Б., Шерипбаев А., Келдибаева Р. “Эр Табылды” эпосунун сюжеттик өзгөчөлүктөрү, ЖАМУнун жарчысы 2021-жыл №3 (48) 78-бет
9. Жапаралиева Н.Ж. Жогорку окуу жайларда “Манас таануу” дисциплинасынын мазмуну жана компетенттүүлүккө негиздеп окутуу, ЖАМУнун жарчысы 2021-жыл №3(48)142-бет
10. Мусаев С.Ж. К.Тыныстанов жана “Манас” эпосу боюнча биринчи конференция (1935-Ж.), ЖАМУнун жарчысы 2021-жыл №3 (48) 13-бет

* * *

**УДК 811.161.1**

# ТЕКСТ В СИСТЕМЕ ОБУЧЕНИЯ РУССКОМУ ЯЗЫКУ КАК ИНОСТРАННОМУ

***Керимкулова Калима Нурматбековна***
***Старший преподаватель***
***kkerimkulova62@gmail.com***
***ТИПФ ЖАГУ им.Б.Осмонова***

***Аннотация:*** *В статье речь пойдет о художественном тексте и о тексте языка специальности, который выполняет обучающую, познавательную, коммуникативную функции, формирует речевую и языковую компетенции и является организующим началом в обучении русскому языку как иностранному. В процессе работы над текстом языка специальности у студентов формируются специальные речевые навыки и умения, которые необходимы им для общения в учебно - профессиональной сфере.*

***Ключевые слова:*** *язык специальности; речевые навыки и умения; учебно-профессиональная сфера; речевая и языковая компетенции*

# TEXT IN THE SYSTEM OF TEACHING THE RUSSIAN LANGUAGE AS A FOREIGN

***Kerimkulova Kalima Nurmatbekovna***
***kkerimkulova62@gmail.com***
***TEPF JASU named after B. Osmonov,***
***Tash-Kumyr city.***

***Abstract:*** *This article focuses on the text of specialty language, which performs educational, cognitive, communicative functions, forms speech and language competencies and this text provide the organizational focus for teaching Russian as a foreign language. While working on the text of the specialty language, students formed special speech skills and abilities which they need for communication in the educational and professional field.*

***Key words:*** *specialty language; speech skills and abilities; educational and professional field; speech and language competencies.*

Изучение иностранного языка не мыслится без использования текста, потому что он дает возможность рассматривать язык и речь в их взаимосвязи и взаимообусловленности. Представления о тексте как о функциональной системе основываются на понятии 162 функциональной системы, введенной в научный обиход физиологом П.К. Анохиным, который утверждает, что «смысл системного подхода состоит именно в том, что элемент или компонент функционирования не должен пониматься как самостоятельное и независимое образование. Он должен пониматься как элемент, чьи оставшиеся степени свободы подчинены общему плану функционирования системы... и это относится к любому компоненту любой субсистемы, как бы элементарна она ни была» [1, с. 46].

В нашем случае таким компонентом в системе языка служит текст, который является организующим началом в обучении русскому языку как иностранному. Текст является коммуникативной единицей высшего порядка и понимается «как единица динамическая, организованная в условиях реальной коммуникации» [3, 7]. Он выполняет обучающую, познавательную, коммуникативную функции, формирует речевую и языковую компетенции, и может быть адекватно понят только в том случае, если составляющие его компоненты объединены по смыслу и структурно.

Как отмечает Н. И. Жинкин, «предложением управляет текст. Человек говорит не отдельно придуманными предложениями, а одним задуманным текстом». Работа с текстом должна быть организована как основа для выхода в реальный факт коммуникации, должна настраивать учащихся на активное участие в монологической и диалогической речи [6, с. 27]. Тексты научного стиля на занятиях по русскому языку дают возможность сформировать и развить коммуникативные компетенции будущего специалиста, освоить научный стиль речи как одной из функциональных разновидностей русского языка. Они изучаются с опорой на имеющиеся у обучаемых знания в области естественных наук: физики, химии, биологии, математики. Отбор языкового материала определяется важностью с точки зрения функционирования его в научной речи, в языке специальности учащегося. Предъявление особенностей научной речи осуществляется с помощью таких понятий, как «типовой текст» и «смысловая структура типового текста». Типовой текст понимается как «реализация всех семантикосинтаксических форм слова-темы» [7, с.9], это некая модель, которая отображает смысловую и композиционную структуру научного 163 текста. При этом учитываются письменная и устная формы научной речи.

Письменный научный текст состоит из предложений, оформленных в соответствии с нормами всех уровней русского языка. Каждый текст включает в себя предтекстовые и послетекстовые задания. Предтекстовые задания помогают снять трудности и обеспечить наиболее полное и правильное восприятие предлагаемого текста. Послетекстовые задания формируют и развивают у обучаемых умения и навыки воспроизводить прочитанное на основе имеющегося уже в запасе изученного лексико-грамматического материала.

Устный текст состоит из высказываний, которые отличаются интенсивностью звучания, паузами различной длительности, мелодикой. Таким образом, в процессе работы над текстом языка специальности мы формируем у слушателей специальные речевые навыки и умения, которые необходимы им для общения в учебно - профессиональной сфере: слушать и понимать лекции по специальности, уметь читать, конспектировать, аннотировать специальную литературу, а также участвовать в научных конференциях, дискуссиях, выступать на семинарах, писать курсовые и дипломные работы. Приступая к изучению текстов художественного стиля, необходимо учитывать уровень языковой компетенции учащихся. Ведь даже русскоязычному слушателю, обучающемуся в вузе негуманитарного профиля, трудно иногда понять произведения художественной литературы, если у него отсутствуют навыки работы с ними. Следовательно, для полного и адекватного понимания художественного текста необходимо исключить возможность коммуникативной неудачи, неточного восприятия и толкования той или иной языковой единицы. Особенно важно избежать неадекватности понимания на лексическом уровне организации художественного текста, поэтому необходимо пояснять лексическое значение историзмов, архаизмов, особенно относящихся к пассивному запасу слов, изменивших свои значения в современном языке [4, с.518]. С помощью художественного текста систематизируются языковые знания и совершенствуются речевые навыки. Он отвечает 164 принципу коммуникативности и служит образцом речевого общения. Вместе с тем художественный текст - это элемент культуры, который необходимо учитывать в процессе обучения русскому языку как иностранному.

Художественный текст как феномен национальной культуры, как своеобразное зеркало культурного, духовного и исторического развития народа, его мировидения и мироощущения является уникальным объектом исследования в иностранной аудитории,

потому что студенты не только изучают язык, глубоко проникая в смыслы текста, но и постигают одновременно культурную и историческую информацию, заложенную в единицах языка и в целом в тексте [5, с.326].

Как уже упоминалось, успех в понимании текста зависит от развитости языковой личности. Поэтому художественные тексты требуют определенного уровня интеллектуального развития, наличия словарного запаса, жизненного опыта. При этом должен присутствовать интерес к теме, готовность к его восприятию, тесно связанная с готовностью воспринимать семантику всех единиц текста в целом.

Чтобы получить положительный результат при работе с художественной литературой, тексты, предлагаемые для чтения на начальном этапе обучения, должны быть адаптированными. В процессе работы над адаптированным текстом накапливается словарный запас, вырабатываются навыки и умения в анализе текста, в оценке характеров и поступков героев, формируется элементарное представление о культуре, истории, традициях страны изучаемого языка. Подготовка к восприятию текста и созданию своего текста идет на всех уровнях: лексическом, грамматическом, синтаксическом, на уровне слово - словосочетание - предложение. Наибольший интерес у учащихся вызывают произведения А. Пушкина, А. Чехова, И. Бунина, В. Быкова и др., потому что они небольшие по объёму для запоминания и воспроизведения, имеют познавательновоспитательное значение, в них отражаются жизненные ситуации, которые дают основу для споров и дискуссий.

На сегодняшний день одной из самых распространённых форм существования языка являются медиатексты. Работа с текстами средств массовой информации занимает важное место в 165 формировании коммуникативной компетенции на разных этапах обучения.

В современной методике одной из важнейших целей обучения иностранному языку считается формирование коммуникативной компетенции. Успешному достижению этой цели способствует использование аутентичных текстов в качестве учебных материалов.

Наиболее распространенным видом аутентичных текстов, максимально объективно отражающих историю, культуру, жизнь общества, события в стране изучаемого языка, являются медиатексты. Имея хорошо сформированные в процессе обучения навыки работы с медиатекстами разных типов, иностранный учащийся имеет возможность в дальнейшем заниматься самообразованием и профессиональным развитием [2, с.290].

Таким образом, исходя из вышеизложенного, можно сказать, что любой текст - это функциональная система, в основе которой лежит некоторый план, который должен быть реализован как речевое произведение, построенное по законам изучаемого языка.

**Литература**


1. Анохин П.К. Избранные труды. Философские аспекты теории функциональной системы. М., 1978. - 399 с.
2. Апостолиди А.А. Лингводидактическая ценность аутентичных малоформатных медиатекстов в практике преподавания РКИ // Преподавание русского языка как иностранного в вузе: опыт и перспективы: сборник научных статей, 1-2 марта 2018 г. - Москва, МГИМО-Университет, 2018. - 688 с.
3. Валгина Н.С. Теория текста: Учебное пособие. М., 2003. - 173 с.
4. Ващекина Т.В. Художественный текст на занятиях по РКИ: анализ и комментирование // Преподавание русского языка как иностранного в вузе: опыт и перспективы: УМеждунар. научно-методич. конф. (25 26 февраля 2016 г.). - М.: МГИМО-Университет, 2016. - 607 с.
5. Ващекина Т.В.Художественный текст - уникальный объект исследования в иностранной аудитории // Многомерные миры языка: избранные труды международной научной конференции. - М.: РУДН. 2015. - 409 с.
6. Жинкин Н.И. Речь как проводник информации. - М.: Наука, 1982.


* * *

**УДК: 894,341**

# ТЕКЕБЕРЛИКТИ, ТЕҢСИНБӨӨНҮ ТУЮНДУРГАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН СЕМАНТИКА-СТИЛИСТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун доценти, ф.и.к.***
***Көчөрова Гүлүмкан Осмоновна***
gulum.kochorova@mail.ru

***"Текеберликти, теңсинбөөнү туюндурган фразеологизмдердин семантика-стилистикалык өзгөчөлүктөрү" аталыштагы макаланын аннотациясы***

*Бул текеберлик – колунда бийлиги жок, оозунда сөзү эле бар элет жашоочусунун, аксакалынын дымак күткөн, бой көтөргөн, менменсинген, көйрөң текеберлиги. Чындыгында эле, XIX кылымда кыргыз жеринде орустардын баскынчылык саясаты жүрүп, орус армиясын жетектеген офицерлер, орус армиясынын төбөлдөрүнөн баштап катардагы аскерлерине чейин, алар эле эмес, карапайым орустар да азиаттарды, анын ичинде кыргыздарды адам катарына санабай, аларга теңсинбей мамиле кылышкан. Мына ушул тарыхый окуяны, тарыхый чындыкты элестүү берүүнүн, чагылдыруунун тилдик каражаты катары тоготпоо, теңсинбөө өңдүү коннотациялык маанилерге ээ фразеологизмдерди эсептесек болот. Макала ушул маселелерди эске алуу менен жазылды.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *мурутунун алдынан текебер жымыйып, мыйыгынан күлдү.*

# СЕМАНТИЧЕСКИЕ И СТИЛИСТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ, ВЫРАЖАЮЩИХ ГОРДОСТЬ И НЕРАВЕНСТВО

***Кочерова Гулумкан Осмоновна к.ф.н. ,доцент***
***ЖАГУ имени Б.Осмонова***

***Аннотация к статье «Семантические и стилистические особенности фразеологизмов, выражающих гордость и неравенство»***

*Это высокомерие — высокомерие, высокомерие, высокомерие и высокомерие деревенского жителя, старейшины, у которого нет власти в руках и у которого есть только слово сказать.*

*Ведь в девятнадцатом веке русские земли были захвачены русскими, и к азиатам, в том числе киргизам, относились не только командовавшие русской армией офицеры, от верхушки русской армии до рядовых, но и простые русские , как низший. В качестве языкового средства образного представления и отражения исторической правды могут быть рассмотрены фразеологизмы с коннотативными значениями, такими как игнорирование данного исторического события. Статья написана с учетом этих вопросов.*

***Ключевые слова:*** *гордо улыбался перед усами и смеялся.*

# SEMANTIC AND STYLISTIC FEATURES OF PHRASEOLOGY, EXPRESSING PRIDE AND INEQUALITY

***Kocherova Gulumkan Osmonovna Ph.D., Associate Professor of the Department of the JASU named after B. Osmonov***

***Annotation of the article "Semantic and stylistic features of phraseology, expressing pride and inequality"***

*This arrogance is the arrogance, arrogance, arrogance, arrogance of a villager, an elder who has no power in his hands and has only a word to say.*

*Indeed, in the nineteenth century, the Russian lands were invaded by the Russians, and not only the officers in charge of the Russian army, from the top of the Russian army to the rank and file, but also ordinary Russians treated Asians, including Kyrgyz, as human beings. Phraseologisms with connotative meanings, such as disregard for this historical event, as a*

*linguistic means of imaginative presentation and reflection of historical truth, can be considered. The article was written with these issues in mind.*

***Key words:*** *smiled proudly in front of his mustache and laughed.*

Көркөм чыгарма жазылган көркөм стилдин табияты боюнча автор буркан-шаркан түшкөн реалдуу чоң турмушту анын майда-майда бөлүктөрүн сүрөттөө аркылуу кыйытып чагылдырат. Бул тууралуу орус жазуучусу А.П.Чехов өзүнүн агасына жазган бир катында мындай дейт: “В описаниях природы надо хвататься за мелкие частности, группируя их таким образом, чтобы по прочтении, когда закроешь глаза, давалась картина [4.1948, 215]. Например, у тебя получится лунная ночь, если ты напишешь, что на мельничной плотине яркой звездочкой мелькало стеклышко от разбитой бутылки и покатилась шаром черная тень собаки или волка” [1,1959, 231] деген китебинен алынды. Мына ушул сыяктуу эле Т.Касымбеков “Сынган кылыч” романында 1865-жылы Ташкендин алдында бир тарабы генерал Черняев баштаган беш атар мылтык менен толук куралданган бир жарым миң солдаты жана бул жер түгүл Европага жүрүш кылууга кудурети жеткен мыкты артиллериясы бар аскерлери, экинчи тарабы Кокон хандыгынын даңазалуу аскер башчысы Алымкул баштаган кылка-кылка атчандар, кытайча деп аталган кичинекей замбиректери бар сарбаздар, ийри кылыч көтөргөн көпчүлүк жабалактап майдан бетинен жолуккан учурундагы орус армиясынын жана орус империясынын алда канча кубаттуу экенин генерал Черняевдин бул көпчүлүктү тоготпой, текебер, теңсинбей турган абалын “*мурутунун алдынан текебер жымыйып*”, *“мыйыгынан күлдү”* деген фразеологизмдер менен сүрөттөп туюндурган. Мисалы: *Кайта, эч капарсыз гана, каралжын саргыч* ***мурутунун алдынан*** *текебер* ***жымыйып*** *тиктеп турду* [3.15].

*Ал дүрбүнү көзүнөн алып* ***мыйыгынан күлдү:***

*- Мына, Күн чыгышта октун алдында жалаңач чапмай али бар. Ок баатырды аяйбы! Бул башы менен бу аскер башыбыз бөөдө өлүп алат [3.19].*

Бул эпизоддо 1865-жылы Ташкендин алдында кыргыздар менен орус аскерлеринин ортосунда болгон салгылаш майда-майда бөлүктөр, деталдар аркылуу толук көз алдыга тартылган. Ал эми орус аскерлеринин үстөмдүгү, орус империясынын азиялыктарга жасаган баскынчылык саясаты, идеологиясы Черняев өңдүү бир генералдын көпчүлүктү түзгөн Кокон хандыгынын жоокерлерин теңине албай уруш алдында өзүн текебер кармап турушу менен кыйытылып берилген. Тутумуна көп маанини сыйдырган мындай кырдаалды сүрөттөөдө автор *мурутунун алдынан жымыйып* деген фразеологизмди колдонгон. Аталган фразеологизмде *тоготпостук, аскерлерине, курал-жарактарына таянуу, уруш боло электе эле жеңишине ишенүү, текеберлик, кенебестик, ийри кылыч азиат жоокерин бардык жактан кем санап, теңсинбөө, кубатына, дөөлөтүнө мас болуу, эч нерсеге камырабастык, кандай да болсо, бет алган империялык саясатын орундатууга бел байлаган таш боорлук менен коштолгон өжөрлүк* сыяктуу коннотациялык маанилер болгондуктан, бул бир генералдын образы менен XIX кылымдагы бүтүндөй Россия империясынын баскынчылык образы, анын Орто Азияга жасаган мамилеси, империялык саясаты көркөм туюндурулган.

Чындыгында эле, XIX кылымда кыргыз жеринде орустардын баскынчылык саясаты жүрүп, орус армиясын жетектеген офицерлер, орус армиясынын төбөлдөрүнөн баштап катардагы аскерлерине чейин, алар эле эмес, карапайым орустар да азиаттарды, анын ичинде кыргыздарды адам катарына санабай, аларга теңсинбей мамиле кылышкан. Мына ушул тарыхый окуяны, тарыхый чындыкты элестүү берүүнүн, чагылдыруунун тилдик каражаты катары тоготпоо, теңсинбөө өңдүү коннотациялык маанилерге жык толгон *мурутунун алдынан текебер жымыйып, мыйыгынан күлдү* деген фразеологизмдерди эсептесек болот [2.178].

Аталган эпизоддо колдонулган *мыйыгынан күлдү* деген фразеологизмде жогоруда көрсөтүлгөн текеберлик, тоготпостук жана башка маанилерден сырткары *бой көтөрүүчүлүк, Кокон хандыгынын жоокерлерине мазактоо, алардын кылган иш-аракеттерине шылдыңдоо,*

*табалоо менен мамиле кылуу, өзүн, өзүнүн аскерлерин алардан бийик тутуу, азиялык жан кечти өжөрлүктү кесирлик менен таназар албоо, аскер өнөрүн толук өздөштүрө албаган тайкылык, душманын терең талдай билбеген бир жактуулук, чектелгендик, курулай дымакка мас болуу* өңдүү коннотациялык маанилер да чөгөрүлгөн. Ошондуктан Алымкул аталыктын жоокерлери жан кечти өжөрлүк менен селдей каптап, курчап киргенде генералдын иреңи кубарып, жүзүнөн текебер жылмаюу кетип, тынчсыздана коргонууга мажбур болот. Эгерде Алымкул аталык кутумдар тарабынан атылып өлтүрүлбөгөндө селдей каптаган көпчүлүктү теңсинбеген генералдын тагдыры өлүм менен коштолоору анык эле. Ордо башчыларынын кутумдугу ошол салгылаштын жеңилишин, орус аскерлеринин үстөмдүгүн жаратты. “Сынган кылыч” романында сыртынан караганда анча байкалбаган, ушул сыяктуу катмарланган маанилер, уруш учурундагы реалдуу турмуштун көп кырдуу жагдайлары текеберликти туюндурган фразеологизмдер аркылуу автор тарабынан кылдат сүрөттөлгөн. Аны фразеологизмдердин коннотациялык маанилеринен айкын байкоого болот.

Демек, Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романында адамдын терс сапаттарын туюндурган фразеологизмдер автор тарабынан көркөм деталь катары, турмуштун майда-майда бир көрүнүшү катары буркан-шаркан түшкөн реалдуу чоң турмуштун бүтүндөй элесин, картинасын көз алдыга элестетүүдө колдонулган.

Айрым фразеологизмдер текеберликтин, теңсинбөөнүн жогорудагыдан башкача түрүн туюндурат. Маселен, “Сынган кылыч” романында ошондой фразеологизм катары *көкүрөк көтөргөн* деген фразеологизми колдонулган. Мисалы: *Айылдын үстүндөгү соксойгон кароол таштуу дөбөдөн жарым айдан бери карайып жыйын тарабады. Жыйын башында элеттин* ***көкүрөк көтөргөн*** *билермандары аксакалдары бүт бар [3.316]*.

Бул мисал хан тагасы Домбу окко учканда анын кунун доолап ханзаада Насиридин бек Абил бийдин айылына келип, элдин үрөйүн учуруп, бийлигине кутуруп турганда айласы куруган элеттин билермандары жыйын куруп, бул маселени кантип чечүүнүн амалын кеңешип чече алышпайт. Мында *көкүрөк көтөргөн* деген фразеологизм элеттен чыккан билермандарга, аксакалдарга карата айтылган. Ошондуктан бул фразеологизмде *ийкемдүү акылы, орундуу сөзү аркылуу эл көзүнө түшүп, таасирге ээ болуу, ошонусу менен өз чөлкөмүндө текеберленип, бой көтөрүп жүрүү, өзүн башкалардан жогору санап, амалдуу, айлакер катары сезип алуу, менменсинүү, көйрөңдүк, курулай дымак күтүү* сыяктуу коннотациялык маанилер камтылган [5.44]. Бул текеберлик – колунда бийлиги жок, оозунда сөзү эле бар элет жашоочусунун, аксакалынын дымак күткөн, бой көтөргөн, менменсинген, көйрөң текеберлиги. Ошентип, *көкүрөк көтөргөн* деген фразеологизм элет тургунунун бой көтөрүп, жалган сезимдерге берилип, куру дымак күткөн, мактанчаак образын көркөм сүрөттөөдө колдонулган.

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Виноградов В.В. “О языке художественной литературы” Гос. изд. Художественной литературы, М.
2. Осмонова Ж. Кыргыз тилинин фразеологиясы. – Каракол, 2007. -178 -б
3. Касымбеков Т. “Сынган кылыч” Б., “Кыргызстан” 1998.
4. Чехов А.П. Полное собрание сочинений. Т.XIII. Письма, М., 1948, 215-б.
5. Эгембердиев Р. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин семантикасы жана лексикографияланышы. фил.илим.докт., диссер. автореф. Б., 2012., 44-б.
6. Оморов А. “Улуттун тилинде сакталган-улуттун тарыхы”. ЖАМУнун Жарчысы 2014-2. 85-б.

* * *

**УДК 82.94**

# ЗАЛКАР ДИРИЖЁР АСАНКАН ЖУМАКМАТОВДУН “МЕНИН ТАГДЫРЫМДЫН ОРКЕСТРИ” ДЕГЕН МЕМУАРДЫК КИТЕБИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Курманалиева Гүлнуркан Жакыпбековна***
***Б.Осмонов ат. ЖАМУ ТИПФ***
***e-mail: gulnur2379@mail.ru***
***Таш-Көмүр ш., Кыргызстан***

***Аннотация:*** *Бул макалада Асанкан Жумакматовдун бай жана татаал өмүр баяны, жетимиш жыл искусстводо үзгүлтүксүз баскан жолу, кыргыз музыкасынын, дирижёрдук өнөрдүн түптөлүшү, калыптанышы, өнүгүп-өсүшү, дүйнөлүк аренага чыгышы кеңири баяндалат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мемуар, жанр, искусство,оркестр, дирижёр, маэстро, спектакль,драматургия, композиция, операнын либреттосу, сальерилерди,полифония.*

# ОСОБЕННОСТИ МЕМУАРОВ «ОРКЕСТР МОЕЙ СУДЬБЫ» ВЕЛИКОГО ДИРИЖЕРА АСАНКАНА ЖУМАКМАТОВА

***Курманалиева Гулнуркан Жакыпбековна***
***ТИПФ ЖАМУ им. Б.Осмонова***
***e-mail: gulnur2379@mail.ru***
***город Таш-Кумыр, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *В данной статье подробно описывается богатая и сложная биография Асанкана Жумакматова, его непрерывная семидесятилетняя деятельность в искусстве, становление, становление, развитие и возникновение кыргызской музыки и дирижерского искусства.*

***Ключевые слова:*** *мемуары, жанр, искусство, оркестр, дирижер, маэстро, спектакль, драматургия, композиция, оперное либретто, сальери, полифония.*

# FEATURES OF THE MEMOIR "THE ORCHESTRA OF MY FATE" BY THE GREAT CONDUCTOR ASANKAN ZHUMAKMATOV

***Kurmanalieva Gulnurkan Zhakypbekovna***
***gulnur2379@mail.ru***
***JASU TIPF named after B.Osmonov***
***Tash-Kumyr city, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *This article describes in detail the rich and complex biography of Asankan Zhumaktmatov, his continuous career in art for seventy years, the establishment, formation, development and emergence of Kyrgyz music and the art of conducting.*

***Key words:*** *memoir, genre, art, orchestra, conductor, maestro, performance, dramaturgy, composition, opera libretto, salieri, polyphony.*

Мемуардык чыгармалардын дүйнөлүк казынасында искусство адамдарынын бул жанрдагы китептери өзгөчө орунда турат. Ансыз деле өмүр-тагдырлары кызыктуу окуяларга бай келип, ошондон улам эл ичинде ар түркүн сөздөрдүн, бир караган адамга реалдуулугунан ойдон чыгарылгандары көптөй сезилген, кээде туруп ойдон чыгарылган баяндарга салыштырмалуу реалдуу окуялары басымдуулук кылгандай туюлган, ал турсун чыныгы баштан кечирген окуялары менен эл оозундагы электен пайда болгон уламыш кептери мамыр-жумур болуп кеткенсиген тагдырга эгедер болушкан искусство адамдарынын өздөрү тууралуу өздөрү жазып кеткен китептери ар качан жамы журттун эбегейсиз кызыгуусуна ээ болуп келген. Соңку он жылдыктарда биздин төл адабиятыбызда да кыргыз искусствосунун залкар өкүлдөрү тарабынан жазылган эң сонун мемуардык китептер окурман журтка тартууланды. Бул багыттагы чыгармалардын өзгөчө көзгө толумдуулары, жеке

автордун өмүр-тагдыры менен тыкыс эриш аркакта бүтүндөй кыргыз искусствосунун калыптанышы менен өнүгүүсүнүн татаал жолун да ар таптуу талдоодон өткөргөн китептер болуп, албетте, улуу дирижёр Асанкан Жумакматовдун “Менин тагдырымдын оркестри” деп аталган көлөмдүү мемуары эсептелет... “Менин тагдырымдын оркестри” китебинин аннотациясында: “...көрүнүктүү дирижёр, СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, академик Асанкан Жумакматовдун бай жана татаал өмүр баяны, жетимиш жыл искусстводо үзгүлтүксүз баскан жолу, кыргыз музыкасынын, дирижёрдук өнөрдүн түптөлүшү, калыптанышы, өнүгүп-өсүшү, дүйнөлүк аренага чыгышы кеңири баяндалат”, – деп [1. 2-бет] жазылган. Бул сүйлөмдө улуу дирижёрдун мемуарынын негизги максат-мүдөөсү көрсөтүлгөн десек болот.

Китеп бүгүнкү кыргыз музыкасынын эң белдүү композитору Муратбек Бегалиевдин “Баш сөзү” менен ачылат. *“Азиз окурманым, –* деп кеп учугун баштаган М.Бегалиев, *– Биздин искусстводо маэстро Асанкан Жумакматовдун инсандыгы кандай [өзгөчө] болсо, бул китеп да ошондой бөтөнчө”,* – деп [2. 3-бет] өз оюн улантат.

*“Менин “оркестрим” – өмүр жолумда жолуккан ар кыл адамдарым, – деп жазат А.Жумакматов. – Он төрт жашар жеткинчекти оркестрине чакырып ойноткон Василий Целиковский, Москвада кол алышып, бакыбат алкоосуна бөлөгөн Сталин, мен өмүр бою музыкасын аткарып келген Абдылас Малдыбаев, мен дирижердук чыбыгымды шилтегенде Жамийласы обонун созолонткон Чыңгыз Айтматов, үйлөнгөн учурунда ак батасын берген Эмиль Гильенс, увертюрасынын премьерасын ишенип мага тапшырган Дмитрий Шостакович, менин музыкама бий жараткан Игорь Моисеев жана толгон-токой улуу инсандар менен жанаша жүрдүм”,* – деп [1. 6-бет] келип, төрүнө өткөзүп, насибин бөлүшүп, ынтымак-ырашкерликти туу тута дос болгон, чыгарма жаратып талашкан, тартышкан, күрөшкөн адамдардын дээрлик баарысы өзүнүн “оркестри” экендигин айтат улуу маэстро. Насаатчылары жана шакирттери, узак жылдар катар иштешкен өнөктөштөрү да өзүнүн “оркестри” экендигин баса белгилейт А.Жумакматов.

Баарынан да өзгөчө белгилеп кетчү нерсе, өзү күбө болуп катышкан улуу доордун окуяларын жана жөнөкөй эле күндөлүк иштерди, миңдеген өспүрүмдөр менен кошо өзүн жетим кылган репрессияны, өз мекенин эртерээк жоготуп, жаңы мекенге ээ болгон учурларын, Сталинграддын алдындагы акыркы салгылашты, өлкөнүн өркүндөгөн жана токтоп калган сенек мезгилин, акыры Советтер Союзунун кулашын жана эгемен Кыргызстандын өтө кыйынчылык менен тирденип бутуна турушун да – ушунун баарын – А.Жумакматов “менин “оркестрим” деп эсептейт.

Көрүнүп тургандай, ОРКЕСТР деген сөз бул жерде өтө көп мааниге ээ болуп турат. Анан калса, А.Жумакматов өзү да мемуарынын маани-маңызына тикеден тике тиешелүү учурдун дээрлик баарысында бул сөздү тырнакчага алып жазат. Демек, оркестр деген сөз бул китепте *“чыгарманы түрдүү аспаптарда кошулуп аткаруучу музыканттар коллективи”* [3.] гана эмес, башкача айтканда, тикеден тике музыкалык маанисинде гана эмес бүтүндөй бир адамдардын кулк-мүнөздөрү, узакка созулган өмүрдө баштан өткөргөн түркүн-түс окуялар катары айтылып, “оркестр” деген сөзгө оош-кыйыштуу турмуштун өзү, ар кандай мүнөздөгү адамдардын өзү делген маани ачыкталып жатат.

Китеп “оркестр” деген сөздүн мына ушундай көп маанилүүлүгүн түшүндүргөн кыскача баяндоодон соң анын – китептин – ички табиятын, б.а. жанрдык белгисин айтуу менен улантылат. А.Жумакматов бул китепти “өз атымдан айтылган жан сырым” деп эсептейт. Бул китеп тарыхнама да эмес экендигин, саякатчынын саякатын баяндаган жазмалардай да эместигин, ал турсун күндө же өмүр бою жазылчу күндөлүк дептердин китепке айландырылган варианты да эмес экендигин баса белгилейт. Кайра туруп: *“Баарынан мурда бул китеп менин эс тутумумда сакталган, өткөн өмүргө саякат...”,* – деп жазат. Аталган бапта алгач автор өз ата теги тууралуу сөз салат. Атасы болсо адеп кармаган, салт сактаган нарктуу адам болгондугу тууралуу окурмандар менен ой бөлүшөт. *“Атам кат тааныбаганы менен, – деп жазат улуу дирижёр, – азыркы Ысык-Ата, Кант, Ивановка*

*Юрьевка, Кегети, Сын-Таш, Кара-Булак, Арашан аймагында жашаган элди калыс башкарып турган, алардын мал чарбасын, жер чарбасын, үнөм чарбасын тейлеп, элди караган. Ал кезде карамагында азыркыдай көп кызматкер болгон эмес, бардык кирди-чыкты зарыл маселелерди өзү чечкен. Болуш чыгарган бүтүмдү кагазга жазып жүрүш үчүн жергиликтүү элден кат тааныган бир кишини казына эсебинен катчы кылып алган".* [1. 9-бет]. Албетте, Кеңеш бийлиги орнотулган соң атасы Жумакмат элди эзген болуш катары соттолуп, алгач атактуу Соловкиде абакта болсо, андан соң сталиндик кулакта жүрүп кайтыш болгон. Өз мемуарында атактуу дирижер атасы Чалов Жумакмат 1990-жылы гана акталгандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсүн келтирет... "Кандай да болбосун өлбөй калуу керек" деп жашаган апасы Артык "ар кандай жамандыктын бүтөр соңу болот" деген элдик ишенимди туу тутуп өмүр сүргөн чанда жолукчу зирек зайыптардан болгонуна мемуардагы баяндарды окуп олтурган ар бир адам ишенбей койбойт. *"Ал чындыгында, Артык деген атына татыктуу аялдын артыгы болчу, – деп жазат А.Жумакматов. - Сексен беш жашка чыккыча көз айнексиз бычып, тикчү, өлөр-өлгөнчө атка минип, өзү түшчү, колун жайып бош отура алчу эмес, кыскасы, көчүгү жер жыттабаган тынчы жок зайып болчу. Кайран киши суук тийгизип алып, төшөктө бир нече күн жатып көз жумуп кетти..."*[1.18-бет]

А.Жумакматовдун "Менин тагдырымдын оркестри" деп аталган бул мемуарын сөздүн чыныгы маанисинде кыргыз профессионал музыка өнөрүнүн летописи десек болот. Китептин бардык баптарында көркөм баяндалган окуялар бул айтылган ойдун айкын күбөсү боло алат. Көрүнүп тургандай, эки гана абзацтан турган бул портреттик сүрөттөөдө АДАМ ТАГДЫРЫ кандай сонун баяндалып берилген. Биринчиден, А.Жумакматов, өзү жазгандай, "улуу актриса" Анвар Куттубаеванын нукура пенделик турпатын (*жаратылыш тартуулаган эрке мүнөзүн, жанда жок адептүүлүгүн, жупунулугун, намысты, аялдык касиетти бийик тутунган ыйбаалуу мүнөзүн, абийирин аздектеп сактаган аруулугун*) көз алдыбызга тартып берди. Экинчиден, А.Жумакматов сахна өнөрүнүн мыкты билерманы катары "улуу актриса" Анвар Куттубаеванын талантынын эч кимге окшобогон өзгөчөлүгүн (*ролго кирип, толук бойдон эрип кетчү, каармандын образына айланып кетчү талант экендигин, аялда кандай берилгич, жароокер касиет болсо, ал өз өнөрүнө ошондой берилген актриса болгондугун, ал жарткан образдардын трагедиялуу тагдырын көрүп олтурган залдагылар кошо дирилдеп, көз жаштары агып отуруп көрүшөрүн, баарынан мурда ал үнү назик, эң ичке драмалык актриса болгонун*) эң сонун ачып берет. Ал эми А.Жумакматовдун: "*Анвар Куттубаева жылдызы жанып турган жылдарда атагы Сайра Кийизбаевадан да артык турган",*- деген [1. 45-бет] жыйынтык ою ким-кимди болсо да өкүткө салып, "аттиң" дедирбей койбойт.

Залкар дирижёрдун "Менин өмүрүмдүн оркестри" деп аталган мемуардык китеби бул жанрдагы чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө шайкеш келип тургандыгынынын да айкын мисалы демекчибиз. Албетте, бул мемуардык китепте А.Жумакматов тарабынан чебер тартылган мындай портреттик сүрөттөөлөр өтө көп. Андай өзгөчөлүү портреттердин катарына Сайра Кийизбаева, Марьям Махмутова, Абдылас Малдыбаев, Ашыралы Боталиев, Жапар Садыков, Магинур Мустаева, Мамбеталы Кыштобаев, Шейше Орозов сыяктуу актерлордун, ырчылардын элестеринен баштап, улуу дрижёрдун Борис Эммануилович Хайкин, Лео Морицевич Гинзбург сыяктуу устаттарынын, Мстислав Леопольдович Ростропович сыяктуу дос-жолдошторунун кулк-мүнөзү, адамдык сапаттары, кесипкөйлүк бөтөнчөлүктөрү тууралуу ары кызыктуу, ары таамай-так тартылган көркөм баяндарды кошуп кетсек болот. Албетте, муну айтуу менен "Менин өмүрүмдүн оркестри" мемуарынын автору "Айчүрөк" операсын таптакыр жокко чыгарбайт, улуттук маданиятыбыздагы ордун танбайт. *"Биздин Кыргызстан үчүн,* – деп жазат А.Жумакматов, – *ал* ("Айчүрөк" операсы – Г.К.) *бүгүнкү күндө да музыкасы сонун угулган, эң жакшы опера".* [1.53-бет]

Мемуардык китепте улуттук опера искусствобуздун тарыхындагы дагы бир көрүнүктүү чыгарма болгон "Токтогул" операсы тууралуу да кең-кесири сөз болот.

Арийне, "Менин өмүрүмдүн оркестри" биринчи кезекте улуу маэстронун өмүр баяны, адамдык тагдыры, чыгармачылыгы, өнөрү менен таланты баяндалган китеп.

Ошондуктан залкар дрижердун тигил же бул окуялар, маданий иш чаралар жөнүндө жазгандары кандай кызыгуу менен окулса, Асанкан Жумакматовдун өзүнүн инсандык тагдыры тууралуу баяндар да андан бетер зор кызыгууну жаратпай койбойт. Бул оюбуздун айрым мисалы катары жогоруда көрсөтүлгөн Украинадагы өткөн балалык күндөрдү, ошондой эле улуу дирижёрубуздун “бардык мезгилдер менен бардык элдердин жол башчысы” делип даңазаланган И.В.Сталин менен кол алышып сүйлөшкөн эпизоду, Улуу Ата Мекендик согуштун кандуу майданында кантип жарадар болгону, кийинки жай турмуштун учурунда айрым бир көралбастар, ичи тарлар, “сольерилер” тарабынан кадууланып, ал турсун мындай ыйкы-тыйкы жашоодон жадап Азербайжанга кетип калып иштөөгө мажбур болгон жылдары жөнүндөгү баяндоолору ар бир окурманды кайдыгер калтырбайт. Мемуардын бул сыяктуу эпизоддор көрсөтүлгөн беттери өтө кызыгуу менен окулат.

“Менин өмүрүмдүн оркестри” биринчи кезекте улуу маэстронун өмүр баяны, адамдык тагдыры, чыгармачылыгы, өнөрү менен таланты баяндалган китеп экендигине жөн жерден басым жасаган жокпуз. Анткени, мемуардык чыгармалардын жанрдык талабына ылайык мында автордун өзүнүн өмүр-тагдыры тарыхый контекстте каралып, өзүнүн иш-аракеттерин автор жалпы тарыхый өсүп-өнүгүүнүн бир бөлүгү катары көрсөтөт эмеспи.

Китепте Асанкан Жумакматов ар тараптан кең-кесири кепке алган, маани-маңызын ача терең сөз кылган нерсе – дрижёр жана дрижёрлук. Чынында эле дирижёр деген ким? Өзгөчө формада кийинген, колунда чакан таякчасы – эл айткандай “сыйкырдуу таякчасы” – бар ал кандай адам? Аткарар жумушу эмне да, өтөй турган милдети эмне? Өлбөстүгү менен түбөлүктүүлүгү эмнеде?.. “Менин өмүрүмдүн оркестринен” биз ак дилден айтылган момундай ой толгоону окуйбуз: *“Менден: “Сиз кандай дирижерсуз, опералык, камералык, симфониялык дирижерсузбу?” – деп көп жолу сурашкан. Мен мындай бөлүнүштү кабыл албайм. Дирижер камералык да, симфониялык да, опералык да, балеттик да, “элдик” да, эстрадалык да болууга милдеттүү. Мен жөн эле маэстро Асанкан Жумакматовмун”.* [1. 132-бет] Муну Асанкан Жумакматов да бара-бара түшүндү. *“Эгер,* – деп жазат А.Жумакматов, – *мен ошондой* (партитураны эске тутууга умтулуу жолу менен – Г.К.) *окуй турган болсом, анда профессионал катары өнүкпөйт элем... Бүгүнкү күндө дирижерлордун көбү патритураны жатка үйрөнүшпөйт. XX кылымдын экинчи жарымындагы симфонист-композиторлордун татаал чыгармаларын эстутумга сакташ мүмкүн эмес, демек, чыгарманы жаттап калуу дирижердук тажрыйбадан алынып салынган”.* [1. 107-бет]

“Менин өмүрүмдүн оркестринен” биз Асанкан Жумакматовдун өзүнүн сөздүн чыныгы маанисиндеги улуу дирижер экендигин далилдеп турчу эң сонун баяндарды окуйбуз. Залкар маэстро элүүгө жакын классикалык күүнү калыбына келтирип, оркестрге салып, жаңыча өмүр тартуулаган. Албетте, улуу маэстронун бул эмгектери, жаратмандык бул мээнети анын ысымын кыргыз маданиятынын, улуттук музыка өнөрүнүн тарыхына. Жыйынтыктап айтканда, улуу дрижёр Асанкан Жумакматовдун “Менин өмүрүмдүн оркестри” деп аталган бул мемуары, биринчиден, жалпы эле кыргыз мемуарын тематикалык жактан байыткан, экинчиден, улуттук окурмандарды улуттук музыка өнөрүнүн, асыресе, профессионал музыка өнөрүнүн тарыхы менен ар тараптуу тааныштыра алган, үчүнчүдөн, улуу дирижёрдун өзүнүн пенделик жолун, көөнөрбөс чыгармачылыгын, кыргыз музыка өнөрүн жаңы бийиктикке көтөргөн улуулугун ар тараптуу, жеткилең көркөм баяндап чыгарма экендиги менен баалуу демекчибиз.

**Адабияттар**

1. А.Жумакматов. Менин тагдырымдын оркестри. – Б.: Турар, 2009. – 276 бет.
2. М.Бегалиев. Баш сөз. – К-те: Жумакматов А. Менин тагдырымдын оркестри. – Б.: Турар, 2009. – 276 бет.
3. Оркестр. – ky.m.wikipedia.org

* * *

**УДК: 594. 341.(043.3)**

# КОНЦЕПТ "ТРАДИЦИЯ" В РУССКОЙ И КЫРГЫЗСКОЙ ЛИНГВОКУЛЬТУРАХ

***Мырзакеева А.З., магистрант ЖАГУ им. Б.Осмонова, научный руководитель - Зулпукаров К.З., д. филол.н., профессор.***

***Аннотация***: В *данной статье рассматривается концепт традиции с позиции динамики его развития, на основе анализа соотносительных языковых культур, пословиц и поговорок в русском и кыргызском языках с целью выявления когнитивно-лингвистической сущности концепта традиция. через изучение номинантов, объективирующих ее в сравниваемых языковых культурах, традиция в кыргызском языке отражает больше национальную религию и менталитет, а в русском больше жизненный опыт и национальную религию. традиция в каждой стране, отражающая национальный менталитет, представляет собой своего рода стереотипные национальные образы. делается вывод о том, что традицию можно понимать как положительное и вариативное явление.*

***Ключевые слова:*** *традиция, концепт, лингвокультура, , пословицы, поговорки, стреотип, религия,менталитет.*

# КЫРГЫЗ ЖАНА ОРУС ЛИНГВОМАДАНИЯТЫНДАГЫ "САЛТ" КОНЦЕПТИСИ

***Мырзакеева А.З. магистрант, Б.Осмонов атындагы ЖАМУ илимий жетекчиси – Зулпукаров К.З., ф.и.д., профессор.***

***Аннотация***: *Бул макалада салт концепциясынын когнитивдик-лингвистикалык маңызын аныктоо максатында орус жана кыргыз тилдериндеги корреляциялык тил маданияттарын, макал-лакаптарды талдоонун негизинде анын өнүгүү динамикасынын көз карашынан каралат. Номинаттады изилдеп, аны салыштырылган лингвистикалык маданияттарда объектилештирүү аркылуу кыргыз тилиндеги салт улуттук динди жана менталитетти, орус тилиндеги турмуштук тажрыйбаны жана улуттук динди көбүрөөк чагылдырат. Ар бир өлкөдө улуттук менталитетти чагылдырган салт – стереотиптүү улуттук образдардын бир түрү. Салтты позитивдүү жана өзгөрүлмө көрүнүш катары түшүнүүгө болот деген жыйынтыкка келет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *салт, түшүнүк, тил маданияты, макал-лакаптар, накыл сөздөр, стереотип, дин, менталитет.*

# CONCEPT "TRADITION" IN RUSSIAN AND KYRGYZ LINGUOCULTURES

***Myrzakeeva A.Z., undergraduate ZhAGU them. B.Osmonova, scientific adviser - Zulpukarov K.Z., Doctor of Philology, professor.***

***Annotation:*** *This article discusses the concept of tradition from the standpoint of the dynamics of its development, based on the analysis of correlative language cultures, proverbs and sayings in the Russian and Kyrgyz languages in order to identify the cognitive-linguistic essence of the concept of tradition. Through the study of the nominees, objectifying it in the compared linguistic cultures, the tradition in the Kyrgyz language reflects more the national religion and mentality, and in Russian more life experience and national religion. Tradition in each country, reflecting the national mentality, is a kind of stereotypical national images. It is concluded that tradition can be understood as a positive and variable phenomenon.*

***Keywords:*** *tradition, concept, linguistic culture, proverbs, sayings, stereotype, religion, mentality.*

Традицией называют элементы социального и культурного наследия, передающиеся от поколения к поколению и сохраняющиеся в обществе и общественных группах ( в семьях, общинах, сословиях, нациях, религиях, и.т.д.) в течении длительного времени. Традиция охватывает и объединяет в себе объекты материальной и духовной ценностей, процесс социокультурного наследования, способы и пути передачи наследия от предшествующего поколения к последующему.

Знание этнических традиций, понимание и сохранение прогрессивных ценностей прошлого, восприятие и закрепление в обществе новых правил и норм жизнедеятельности людей важны для функционирования и развития общества. Однако в социолингвистике, лингвокультурологии и других смежных отраслях языкознания встречаются только отдельные работы, исследующие пути и способы объективации понятий “традиция”, “обычай”, “обряд”, “норма” в собственно лингвистическом, когнитивном и лингвоэтнокультуроведческом аспекте.

В настоящее время всё большую актуальность приобретает

- ❖ сохранение традиций в народном искусстве;
- ❖ в необходимости сопоставительнотипологического исследования способов объективации концепта “традиция” в кыргызском и русском лингвокультурах;
- ❖ в важности социокультурного концепта “традиция” в осознании социальной идентичности и единства людей, в регулировании, упорядочивании и позитивном ориентировании их поведения и жизнедеятельности;
- ❖ в практической значимости рассмотрения языковых средств выражения концепта по направлению “от кыргызского языка - к русскому”, особенно для целей преподавания кыргызского языка как неродного.

Концепт - ключевая категория лингвистического антропоцентризма, представленная в менталингвистике, лингвоконцептологии, когнитивном языкознании и лингвокультурологии. Он имеет целый ряд разновидностей и типов.

Самым элементарным видом концепта является представление. Представлением в когнитологии называют воспроизведение в сознании ранее пережитых ощущений и восприятий и возникшее на его основе знание человека. Представление есть след ранее воспринятой информации в сознании человека. Другой распространенный тип концепта – понятие. Понятие - это такой концепт, который отражает наиболее общие, существенные и необходимые признаки обозначаемого предмета или явления. В понятии отражаются такие свойства, которые формулируются в результате познания и осмысления предметного мира.

Надо отметить, что все составные элементы концепта «Традиция» определяются с помощью 1) адъективных определителей: установленный, устанавливаемый; обычный, вечный, привычный, устоявшийся, общепринятый и др.; 2) адвербиальных определителей: традиционно, обычно, постоянно, систематически, всегда, часто и подобных; 3) глаголов: передаваться, переходить, хранить, сохранять, совершенствовать, корректировать и т.п.

Признаки «установленный», «общепринятый» и другие применимы к традиционным символам предметов и явлений социальной жизни. Письмо (графика), цифры, дорожные знаки, таблица умножения, периодическая система химических элементов, математические формулы, жесты, позы и др. имеют непосредственное отношение к сфере концепта «Традиция». Они носят межнациональный и международный характер, отражают опыт всего человечества и передают его от поколения к поколению.

Как известно, концепт есть единица сознания. Он существует в уме человека как ментальное образование. Концепт занимает определенное место в сети памяти, связан с другими концептами. Эти связи многосторонни и многообразны. Данный концепт непосредственно связан с ближайшими концептами, далее - с другими. Поэтому можно особо выделить ядерный номинант, разграничивая далее второстепенные, третьестепенные и прочие номинанты, которые вместе репрезентируют концепт в полном объеме.

Традиции и обычаи народов репрезентируются в языке, материализуются в словах и фразеологизмах и были предметом изучения ряда языковедов. Особенно важны для лингвоконцептологии и лингвокультурологии свойства культурной памяти**,** выделенные и описанные В. В. Красных: 1) коллективность; 2) системность; 3) динамичность; 4) константность и изменчивость; 5) избирательность; 6) линейность и нелинейность; 7) аксиологичность; 8) панхронность (связь с предыдущим опытом, включение в память надвременных и всевременных феноменов); 9) комплексность / интегративность; 10) проективность; 11) действенность; 12) функциональность. Любая культура есть коллективная память и часть общей памяти человечества. С этой точки зрения традиции и обычаи этноса выступают как элементы культуры и памяти всего человечества.

Интересны те исследования, в которых изучаются особенности традиций и обычаев малых народов и народностей России и других стран: брачные и свадебные обычаи народов Дагестана, чувашские обычаи, обряды и традиции крещения детей, традиционные обычаи и обряды мордвы, традиционные обряды удмуртов, свадебные обычаи и обряды таджиков, традиционные обычаи и обряды башкир, связанные с рождением и смертью, обычаи алтайцев и др. Народно-хозяйственное и правовое значение традиций и обычаев рассматривалось в целом ряде исследований экономистов, социологов и юристов (А. А. Белкин [1998], Д. Ж. Валеева [1974], Д. Г. Грязнов [2001], В. Н. Козлов [2012], С. Я. Лебедев [1995], Н. В. Лисицын [2010] и др.).

Традиции и обычаи кыргызского народа изучались многими учеными,историками, философами, социологами, этнографами, фольклористами, культурологами, языковедами и т.д. С точки зрения российского и европейского менталитета они рассматривались в трудах Н. Я. Бичурина, В. Шота, В. В. Радлова, Ч. О. Валиханова, Н. А. Аристова, В. В. Бартольда и др., с точки зрения советской науки - в исследованиях А. Н. Бернштама, Д. Г. Савинова, И. А. Батманова, С. М. Абрамзона, В. М. Плоских, В. П. Мокрынина, А. М. Мокеева и других.

Среди исследований традиций и обычаев кыргызского народа особое место занимают научно-популярные труды А. С. Акматалиева [2011; 2011], в которых охвачены все сферы жизни кыргызов, где сохранены, корректируются и совершенствуются традиционные нормы и правила их жизнедеятельности: 1) сфера родственных связей; 2) обыкновения, связанные с рождением, воспитанием детей и подготовкой их к жизни; 3) сфера семейных отношений; 4) прием гостей; 5) обряды кочевой жизни; 6) свадебные обряды; 7) ритуалы сватовства; 8) повседневные нормы и правила; 9) ценимые кыргызами качества людей; 10) обычаи, связанные с одеждой; 11) погребальные обряды и др.

Все изложенное свидетельствует о том, что связь языка с историей, с традиционными и стереотипными представлениями народа о жизни, жизненных циклах и событиях изучена в целом хорошо, раскрыты многие особенности народных ритуалов и обычаев в сопоставительном плане.

Термин *традиция* достаточно хорошо освоен кыргызским языком. Его содержание известно интеллигенции, читающим гражданам республики. К. К. Юдахин дает его без толкования, считая понятным кыргызу с образованием. Традиция определяется им как *наследие / мурас*, обладающее свойствами постоянства, устойчивости, длительности сохранения, распространенности в социальных и культурных сферах жизни общества. Она постоянно переходит от одного поколения к другому (муундан муунга өтүп турган), хранится на длительное время (узак убакытка сакталып турган) в обществе и является социальным и культурным наследием (социалдык жана маданий мурас) общества. В словаре приводится три примера: *жакшы традиция* - *хорошая традиция, элдик традиция* - *народная традиция, традиция болуп кетүү* - *превратиться в традицию.* В двух случаях термин используется в качестве определяемого - позитивного определителя (жакшы +) и этнического (нейтрального) определителя, в третьем случае подчеркивается возможность перехода отдельных действий и событий в традиционные правила, которые можно было бы

выразить словом *салт*. В кыргызской лингвокультуре встречается слово *салт* «традиция; правило, основание, условия чего-либо определенного».

Кыргызский менталитет имеет и другие средства для передачи традиций этноса. В языке продуктивно встречается слово *адат,* имеющее арабское происхождение и содержащее значения «обычай, привычка; обычное право, совокупность норм обычного права». К сфере семантики концепта "Традиция" относятся и значения слова *каада* "обычай; правило, церемония", а также *жөрөлгө,* имеющее значение "обычай, обыкновение, установление; признак, примета, предзнаменование".

Среди кыргызских номинантов концепта "Традиция" особо выделяется лексема *шаан-шөкөт.* Она сложная, состоит из двух компонентов. Первую часть составляет слово *шаани* "красота, украшение; красивое поведение, выразительная походка" и слово *шөкөт / шөкөөт "*форма, оформление, украшение*".* В первой части термина произошла диереза.

В кыргызском языке есть слово *ырым "*вера в приметы, в предзнаменования; поверье; примета; на счастье, (в торговле) для почина; заклинание*"*, которое составляет первый компонент сложного слова *ырымжырым* с собирательным значением "всякого рода поверья и приметы; обряды; предрассудки; суеверие". Оно в сочетании со словом *дарым* в качестве первого компонента образует сложное слово *ырым-дарым "*поверье (в исцеление), суеверие". Ср. примеры: *ырым үчүн* - на счастье; *Ырысы жоктун ырымы күч* (посл.) - У незадачливого сильна вера в *приметы; диндик ырым-жырымдар* - религиозные *предрассудки / обряды; Суунун ийрими жаман, карынын ырымы жаман* (посл.). - Опасен водоворот реки, опасно *заклинание* старика; *ырым-дарым ырлары*-(лит.) *суевернообрядовые стихии* др. В работе анализируются национальные обычаи, традиции, поверья и другие разновидности национальной культуры.

Как видим, кыргызские номинанты концепта "Традиция" образуют целостную семантическую парадигму, члены которой с разных позиций и в разной степени объективируют и материализуют его ментальное содержание. Некоторые из этих репрезентантов входят в сферу концепта только одной или двумя сторонами своей семантики, другие полностью включаются в пределы его смысловой структуры.

В парадигме номинантов традиции особую роль играют паремии, к которым относят малые жанры фольклора - поговорки, пословицы, загадки, приметы, велеризмы, формулы благословения, клятвы, проклятия, побасенки, анекдоты и т.д., отражающие традиционные, устоявшиеся представления этноса о жизни. Мы в работе характеризуем отдельные разновидности паремий как средств выражения этнического взгляда на мир.

В формировании и развитии общечеловеческих морально-нравственных ценностей значительна была роль *библейских императивов*: *Бога бойся, храни его заветы – Кудайдан коркуп, осуяттарын сакта; Да не будет у тебя других богов. - Башка кудайларың болбосун; Не делай себе кумира. - Өзүңө кумир жасабагын; Не обращай алчных взоров на достояние ближнего твоего. – Ач көздүгүңдү жакыныңын мүлкүнө багыттаба; Не произноси ложного свидетельства на ближнего твоего. – Жакыныңа жалган күбө сөз айтпа; Не убий – Өлтүрбө; Не укради - Уурдаба; Помни день субботний. – Ишемби күндү унутпа; Почитай отца твоего и матерь твою. – Атаңды жана энеңди сыйла* и т.д. Они оказали мощное влияние на этические представления многих народов мира.

Такие императивы являются константами не только христианской, но и исламской, буддийской, даосской и других культур.

В лексикографических изданиях определены следующий состав синонимов: 1) *традиция, обычай, ритуал, обыкновение, нрав, сбычай* (уст.) для русского языка и 2) *адат, салт, салт-санаа, жөрөлгө, ырым-жырым* для кыргызского языка.

Теперь попробуем соотносить русско-кыргызские синонимичные номинанты концепта "Традиция" с точки зрения переводимости, смысловой тождественности и дифференцированности.

Значение главного номинанта изучаемого концепта определяется обычно с помощью его синонима - “установившийся в быту обычай”. Сравним: *Все население Алешина холма вышло на вершину встречать стадо. Эта встреча была накрепко* ***установившейся традицией****. Алешина холма* (Николаева Жатва). - Алеша адырынын бүт жашоочулары малдарын тосуп алуу үчүн дөң сөөгө жыйналышты. Мындай тосуу Алеша адырынын *бекем сакталган* ***салты*** эле. Кыргызское *салты* точно передает значение русского *традиция.* Его можно без ущерба заменить другим словом *адат* или даже интернационализмом *традиция.* Что касается эквивалентности *накрепко установившаяся традиция – бекем сакталган салт,* то скажем: перевод носит скорее смысловой характер.

В составе развернутого кыргызского предиката имеется микропредложение *салттары бар - традиции имеются, традиции есть,* которое в потенциале содержит способность быть отдельным предложением, спрягаться (*салттарыбыз бар* “имеются у нас обычаи”, *салттарыңар бар* “есть у вас традиции”, *салттары бар эле “*были у них традиции” в прошедшем времени и др.) и склоняться (*салтыңар барда* “когда у вас есть традиции” в местном падеже, *салтыңар барынан “*из-за того, что у вас есть обычаи” в исходном падеже и под.). Синонимия целого ряда лексем в двух языках позволяет сделать вывод о том, что к центру концепта «Традиция» тяготеет семантика еще нескольких слов и что все эти номинанты концепта содержат в себе значение «правило, порядок, принятые, укоренившиеся в быту какого-либо народа, в какой-либо социальной, этнической, профессиональной и т.п. среде». Данный перечень синонимов может быть значительно увеличен за счет значений и употреблений других слов. Например, в этот круг можем вовлечь и слова *закон, устав, требование* и др., которые в отдельных случаях принимают значение «обычаи, правила общежития, общественного поведения, являющиеся общепринятым, обязательным в том или ином обществе»: *Своя тут на побережье жизнь, свои* ***обычаи, законы,*** *свои* ***уставы*** (Серафимовия. На море). – Бул жерде жээк кыябанында өзүнчө тиричилик, өзүнчө ***салттар,*** өзүнчө ***адаттар,*** өзүнчө ***талаптар*** бар. Нам кажется, что три слова все связаны с общепринятыми, обязательно соблюдаемыми традициями, установлениями и правилами. Поэтому все они вместе пополняют вышеназванную группу синонимов в рамках номинантов концепта “Традиция”. Концепт «Традиция» является многоплановым, сложно устроенным ментальным образованием. Он имеет целый ряд слоев, каждый из которых заслуживает быть предметом научного осмысления. В России разные аспекты и слои данного концепта были объектом изучения философов, социологов, политологов, этнографов-историков, юристов, экономистов, фольклористов и представителей других отраслей знания.Особого внимания заслуживают труды лингвокультурологов и языковедов-когнитивистов, которые исследуют концептуально-ментальные основы языковых средств, именующих типы, виды и разновидности концепта “Традиция”.

В кыргызоведении мы различаем два подхода к изучению национальных традиций народа. Один подход свойствен исследователям с европейским (российским) менталитетом, другой - исследователям кыргызского происхождения. Труды второй группы отличаются широтой охвата национальных обычаев, защитным пафосом, публицистическим стилем изложения и стремлением к внедрению в современную жизнь общества устаревших стереотипов и обрядов (противодействием глобализации поведения и мышления людей).

В целом ряде исследований обосновано положение о необходимости воспитания подрастающего поколения в духе заветов предков, единения нации, патриотизма и заботы о потомстве. Номинанты интернационального и межкультурного концепта «Традиция» специально не изучены. Однако имеются отдельные лингвоэтнокультуроведческие исследования, в которых авторы в той или иной степени касаются проблематики объективации концепта «Традиция» и указывают на специфику менталитета кыргызов и их стереотипных представлений об окружающем мире.

Концепт “ Традиция” занимает в сознании носителей кыргызско-русского двуязычия важное место и объединяет в рамках своего содержания значения микроконцептов ”обычай \ салт”, “обряд \ үрп-адат”,” правило \ эреже”, и.т.д.

**Список использованной литературы**


1. Абрамзон, С.И. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи  [Текст] / С. И. Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990.
2. Барсегян, А.И. О классификации форм культурной традиции [Текст] / А. И. Барсегян // Сов. Этнография. – 1981. – № 2. – С.102-103.
3. Березович, Е.Л. Язык и традиционная культура [Текст]: этнолингвист. Исслед. / Е. Л. Березович. – М.: Индрик, 2007.
4. Дербишева. З.К. Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры [Текст] / З.К. Дербишева. – Бишкек: [б. и.], 2012.


* * *

**УДК 811.111**

## АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ АНГЛИС ТИЛИНИН РОЛУ


***Торомаматова Миргул Мыктарбековна , улук окутуучу,*** **toromamatova76@bk.ru**
***Бегимай Бапыева Ошбаевна , магистрант,*** **Bapievabegimaj@gmail.ru**
***ЖАМУ, Жалал-Абад Кыргызстан***



***Аннотация:*** *Англис тили азыркы учурда чоң роль ойнойт. Чет тили, айрыкча англис тили бүгүнкү күндө актуалдуу. Тил үйрөнүүдө 2 принцип бар: мотивация жана убакыт. Англис тилин үйрөнүү үчүн мотивация бүт процессте сакталышы керек. Америкалык психо-лингвист Стивен Крашен тилди өздөштүрүү үчүн 3 гипотезаны иштеп чыккан. Бул макалада ошол 3 гипотеза жөнүндө сөз болмокчу.*



***Ачкыч сөздөр****: Технология, дүйнө, гипотеза, мацмун, адат, контекст, эс тутум, сөз байлык, марафон, редактор, грамматики, эффективдүүлүк.*


## РОЛЬ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА В СОВРЕМЕННОМ МИРЕ


***Торомаматова Миргул Мыктарбековна, старший преподаватель,*** **toromamatova76@bk.ru**
***Бегимай Бапыева Ошбаевна, магистрантка,*** **Bapievabegimaj@gmail.ru**
***ЖАГУ, Жалал-Абад Кыргызстан***



***Аннотация:*** *Английский язык играет большую роль в современном мире. Иностранный язык особенно для английского языка на сегоднящий день является актуальным. Есть 2 принципа в изучении языка это мотивация и время. Что бы изучить английский нужно мотивация должна сохраняться на протяжении всего процеса. Американский психо-лингвист Стивен Крашен разработал 3 гипотезы для усвоении языка. В этой статье рассматривается эти три гипотезыдля усвоение языка*



***Ключевые слова****: Технология, мир, гипотеза, контент, привычка, контекст, память, словарный запас, марафон, редактор, грамматика, эффективность*


## THE ROLE OF ENGLISH IN THE MODERN WORLD


***Toromamatova Mirgul Myktarbekovna, Senior Lecturer,*** **toromamatova76@bk.ru**
***Bapyeva Begimai*** **Oshbaevna,** ***undergraduate student,*** **Bapievabegimaj@gmail.ru**
***Jalal-Abad State University, Jalal-Abad Kyrgyzstan***

***Abstract:*** *English plays a big role in the modern world. A foreign language, especially for English, is relevant today. There are 2 principles in language learning: motivation and time. In order to learn English, motivation must be maintained throughout the entire process. American psycho-linguist Stephen Krashen developed 3 hypotheses for language acquisition. This article deals with these three hypotheses for language acquisition.*

***Keywords:*** *Technology, world, нypotheses, content, habit, context, memory, vocabulary, marathon, editor, grammar, execution.*

**Введение:** в данной статье рассматривается роль и место английского языка в современном мире в эпоху глобализации. Показано, что английский язык играет огромную роль в мировом сообществе. Анализируются прогнозы, касающиеся дальнейшего развития глобального английского. Проблема изучения иностранных языков, а в частности английского, является очень актуальной на сегодняшний день.

В наш мир стремительно развивающихся технологий ворвался английский язык. Английский язык-язык спорта, компьютерных технологий, бизнеса, туризма, покупок и т.д. Так почему же мы, изучающие английский язык со школьного время, не можем свободно выражать свои мысли на иностранном языке в любой ситуации? Все основные принципы в изучении иностранных языков следуют из 2 важнейших факторов: мотивация и время. Мотивация должна сохраняться на протяжении всего процесса изучения. Это неотъемлемый фактор в любом деле, а тем более в изучении языков. В особенности необходимость мотивации чувствуется когда наступает та стадия когда прогресс почти не чувствуется и в изучении языка наступает плата. Мотивация сохраняется только тогда, когда, человеку нравится, что он делает, когда он вовлечён в процесс и чувствует, что его труды окупаются. Поэтому мотивацию очень важно сохранять, то есть делать то, что нравится.

Мозг всегда находится в процессе изучения, но тем не менее, стоит понимать, что учит он довольно медленно. Поэтому время является также неотъемлемым условием и фактором в изучении языков. Изучение языка это не спринт, а марафон, и причём марафон, у которого нет чёткого финиша. Так что важно понять, что если вы хотите выучить язык до приемлемого уровня, необходимо запастись временем, терпением и упорство

Две эти фактора не могут друг без друга существовать, они друг друга поддерживают и дополняют, поэтому так важно иметь как время, так и мотивацию.

**Метод исследования:** Так же для понимания метода изучения языка необходимо знать Гипотезы об усвоении языка, разработанные американским психо-лингвистом Стивеном Крашеном в 1970-80-е гг. Гипотезы уже не раз подтвердились на практике и являются каноном среди людей, которые серьезно изучают языки. Согласно этим гипотезам, основную роль в усвоении языка играл понимаемый входной материал (comprehensible input), с которым имели дело те, кто изучали язык. Понимание входного материала в виде разговорного и письменного языка рассматривалось как единственный механизм, приводящий к увеличению компетенции в языке, а выходной материал , считался не имеющим никакого влияния на способности изучающего

**Итак, вот эти 3 гипотез:**

**1.** «гипотеза входного материала». Она гласит, что изучающие улучшают своё знание языка, когда они понимают входной языковой материал, который ненамного превышает их текущий уровень.

**2.** «гипотеза редактора». Согласно ей, сознательно изученный язык может служить лишь для того, чтобы «редактировать» выдаваемый языковой материал, но он едва ли может быть источником спонтанной речи.

**3.** «гипотеза аффективного фильтра», согласно которой способность изучающего усвоить язык ограничена, если тот испытывает негативные эмоции, такие, как страх или стыд, которые и «включают» данный фильтр.

Итак, очевидно, что мотивация и время играют ключевую роль при изучении языка. Мотивация сохраняется только тогда, когда есть вовлечение в процесс, когда он сам по себе вызывает положительные эмоции. Также изучение иностранного языка требует много времени. И раз мы заинтересованы в поддержании мотивации в проведении как можно большего количества времени с языком, то мы должны следовать следующим принципам:

**1.** Необходимо делать то, что вызывает положительные эмоции Безусловно, это самая важная вещь для поддержания мотивации. Чем больше вовлечения в процесс изучения, тем вероятнее что этот самый процесс продолжится. Необходимо учить через то, что интересует. К примеру, чтение – отличный способ изучения языка. Есть методы, которые полагаются только на чтение литературы на изучаемом языке, и эти методы работают, но, безусловно, не для всех. Если изучающего больше привлекает просмотр фильмов, то это и необходимо делать. Таким образом мы сохраним мотивацию и без труда преодолеем тот этап, когда иностранный язык кажется только шумом, так как для того чтобы он начал обретать смысл, нужно время, а для проведения достаточного количества времени нужна мотивация, которую мы сохраняем делая то, что вызывает положительные эмоции.

**2.** Необходимо сделать изучение языка ежедневной привычкой

Основная задача при изучении языка – это дать мозгу к нему привыкнуть, чтобы в конце концов, воспроизводить язык максимально естественно. Для этого, безусловно, необходимо каждый день проводить время с языком. Это может быть прочтение главы в книге, подходящей по уровню и интересующей по содержанию, просмотр фильма, на более высоком уровне – разговор с носителем. Важно каждый день уделять хотя бы немного времени изучаемому языку, нежели учить интенсивно один-два раза в неделю

**3**. Изучение слов важнее изучения грамматики

Словарный запас мы пополняется при постоянном взаимодействии с языком (слушая носителей, читая книги на иностранном языке, смотря фильмы и т.д.) Имея достаточно слов и достаточно времени, проведенного с языком, мозг начинает создавать шаблоны, которые будут применяться автоматически. Изучая же правила учащийся едва ли научится говорить, так как в каждом правиле есть исключения и правила очень легко забываются. Ведь при воспроизведении родного языка мы не задумываемся о том какую грамматическую конструкцию выбрать для той или иной ситуации. Мы просто имели достаточно времени проведенного с языком и поэтому многие вещи воспроизводятся автоматически. И нет никаких причин почему нельзя сделать так же со вторым языком. Всегда важно максимально приблизить процесс изучения второго языка к тому как изучается родной язык Безусловно, изучение грамматики это не абсолютно бесполезная вещь, но необходимо избегать усердного изучения грамматики, тем более на ранних стадиях, когда ещё не было достаточного погружения в языковую среду. Изучение грамматики в языке должно быть похоже на применение лекарства, это должно быть использовано в нужное время и в нужном количестве. Фокусируясь же только на грамматике, теряется мотивация.

В то же время не стоит сильно концентрироваться и на намеренном изучении слов. Слова остаются в памяти только если они связаны с каким-либо контекстом и если они были встречены несколько раз. Это объясняется кривой Эббингауза. Она гласит о том, что для эффективного запоминания необходимо делать повторения изученного материала. И постепенно увеличивая интервалы между повторениями, информация будет усваиваться на более долгий срок. Наиболее естественный способ применения этого в изучении языков – это время от времени возвращаться к ранее просмотренному и изученному материалу. Важно тем не менее, чтоб этот материал соответствовал интересам изучающего, так как очень важно сохранять вовлеченность и мотивацию. При изучении языка очень важно уметь замечать разные аспекты и нюансы. Когда человек замечает что-то, он так или иначе откладывает эту информацию мозг, а чем больше он замечает, тем эта информация откладывается лучше. Необходимо поставить способности замечать более высокий приоритет, нежели способности бездумно выучить. Таким образом, запоминание будет

максимально естественным и лёгким. Как показывает практика, научиться говорить на иностранном языке проходя только школьную программу невозможно. Это проблема не только постсоветских стран, в которых уровень владения английским языком крайне низок, но и таких стран как Канада, Великобритания и США, в которых люди после окончания школы не могут сказать ни слова на изучаемом языке (как правило, французском или испанском), который им преподавали на протяжении большого количества лет. Так что очевидно, что тот, кто хочет выучить язык должен брать инициативу в свои руки и самообучаться. Именно тот, кто изучает должен решать что ему делать, что ему смотреть, читать и слушать, а не учитель. Только так возможно сохранить мотивацию для продолжения изучения. Школа, всё же, может быть хорошей площадкой для практики, где учитель может скорректировать ошибки и дать пару советов, но в целом, изучение языка это процесс сугубо самостоятельный и независимый, и тот, кто изучает язык, должен брать на себя полную ответственность и полный контроль, а не полагаться на учителей или репетиторов. Выбор подходящих ресурсов на начальном этапе может быть довольно трудной задачей. При изучении абсолютно нового языка необходимо выбрать не более 2-3 проверенных ресурсов, которые уже подтверждены временем и показали свою эффективность. Но в то же время эти ресурсы должны соответствовать интересам обучающегося. Эти начальные ресурсы необходимы для того, чтобы вывести изучающего язык на тот уровень, на котором он сможет хотя бы частично воспринимать контент, предназначенный для носителей языка. Такими ресурсами могут быть языковые курсы в видео или аудио формате, приложения, книги содержащие самую базовую лексику и т.д. Постепенно перерастая эти ресурсы, открывается больше возможностей для погружения в естественную, аутентичную среду.  Для эффективного и естественного изучения языка необходимо им себя окружить. Таким образом мы создаём максимально естественные условия, которые приближены к тому как дети учат свой родной язык. Таким образом вы «впитываем» в себя новый язык, делаем его своей привычкой. Необходимо «перевести» свою жизнь на изучаемый язык. В свободное время желательно всегда каким-либо образом взаимодействовать с языком. Ещё один важный аспект для поддержания мотивации, это умение не концентрироваться на непонятом материале. На начальных этапах иностранный язык представляет из себя набор непонятных звуков, но дело в том, что как только изучающий имел достаточно времени, проведенного с языком, достаточно разнообразного опыта, этот набор звуков начинает обретать смысл. Например, при прочтении книги это выражается в том, чтобы не останавливаться за тем, чтобы подглядывать в словаре каждое незнакомое слово, а продолжить фокусироваться на понимании смысла и посыла в целом, так как это в целом будет более эффективно и будет поддерживать мотивацию.

В свою очередь в заключение хотелось бы сказать, что свободное владение иностранным языком на сегодняшний день является огромным преимущество и уровень его владения зависит только от нас. Язык – это прежде всего слова. Чем больше словарный запас – тем лучше понимание языка. Чем больше понимание – тем лучше навыки говорения.

**Список используемой литературы:**

1. Аракин, В.Д. История английского языка; М.: Физматлит - Москва, 2003. - 272 с.
2. Бруннер, К. История английского языка; М.: Эдиториал УРСС - Москва, 2003. - 720 с.
3. Обзор статей из журнала «Иностранные языки в школе» № 10 2011 г.
4. Спиряева Светлана Васильевна
5. Антон Павлович Чехов
6. ИНТЕРНЕТ РЕСУРСЫ:
7. https://nsportal.ru/shkola/inostrannye-yazyki/angliiskiy-yazyk/library
8. https://revolution.allbest.ru/
9. https://infourok.ru/issledovatelskaya-rabota-po-anglijskomu-yazyku-po-teme-rol-anglijskogo-yazyka-v-sovremennom-mire-4415758.html

10. https://nsportal.ru/ap/library/nauchno-tekhnicheskoe-tvorchestvo/2015/05/04/issledovatelskaya-rabota-na-temu-znachenie
11. https://sowa-ru.com/wp-content/uploads/2019/07/malahov-izuchenie-angliyskogo-yazyika-s-pomoshhyu-kompyuternyih-igr.docx
12. http://www.myshared.ru/slide/1008020/
13. https://www.prodlenka.org/metodicheskie-razrabotki/342265-issledovatelskaja-rabota-na-temu-anglijskij-j

* * *

**УДК 81’366.55=111**

# АНГЛИС ТИЛИ САБАГЫНДА МАКАЛ-ЛАКАПТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ЫКМАЛАРЫ

***Төрөмаматова Миргул Мыктарбековна***
***Магистрант, 2- курс М АЯ -1-21 тайпасы,***
***Заманбап Эларалык Университети***
**toromamatova76@bk.ru**
***ЖалалАбад шаары, Кыргызстан***

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз жана англис тилиндеги макал- лакаптардын окуунун баштапкы этабында кептин үн жагын иштетүү үчүн колдонулаары каралган. Алар оор тыбыштардын, айрыкча кыргыз тилинде жок болгон тыбыштардын айтылышына жардам берет. Бир эле сөз айкаштарын кайра-кайра кайталоо кепте грамматикалык каталарды болтурбоо жөндөмүн өнүктүрөт. Ошондой эле стимул катары алар студенттердин кебин өнүктүрүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Демек, бул макалдын же накыл сөздүн негизинде студенттерибиз өз оюн, сезимдерин, башынан өткөргөн окуяларын, б.а. аларды кепте жайгаштыруунун ар кандай жолдорун көрсөтүшү мүмкүн экендигине да токтолдук*

***Ачкыч сөздөр****: макал-лакаптар, салыштыруу, тарыхый, аспект, сөз айкаш, идиома, фразеология, эквивалент, экономика, техника, актуалдуулук*

# СПОСОБЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПОСЛОВИЦ И ПОГОВОРОК НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

***Төрөмаматова Миргул Мыктарбековна***
***Магистрант, 2-курс, Группа:М АЯ-1-21***
***Современный Международный Университет***
**toromamatova76@bk.ru**
***г. ЖалалАбад, Кыргызстан***

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются пословицы и поговорки на кыргызском и английском языках, которые на начальном этапе обучения используются для обработки звуковой стороны реч, они помогают произносить тяжелые звуки, особенно те, которых нет в кыргызском языке. Повторение одних и тех же фраз снова и снова развивает способность избегать грамматических ошибок в речи, а также в качестве стимула их можно использовать для развития речи учащихся, основываясь на этой пословице или поговорке,студенты могут поделиться своими мыслями, чувствами, переживаниями. Мы также сосредоточились на том факте, что они могут указывать на различные способы их размещения в речи*

***Ключевые слова****: пословицы поговорки, сравнение, исторический, аспект, словосочетание, идиома, фразеология, эквивалент, экономика, техника, актуальность*

# WAYS OF USING PROVERBS AT THE ENGLISH LESSONS

***Toromamatova Mirgul Myktarbekovna***
***Magister? 2-course, Group: M EL-1-21***
***Modern International University***
***toromamatova76@bk.ru***
***Jalal-Abad town, Kyrgyzstan***

***Annotation**: This article deals with the proverbs and sayings in Kyrgyz and English, which are used at the initial stage of learning English to process the sound side of speeches, they help to pronounce difficult sounds, especially those that are not in the Kyrgyz language. Repeating the same phrases over and over again develops the ability to avoid grammatical errors in speech, and as an incentive they can be used to develop students' speech, based on this proverb or saying, students can share their thoughts, feelings, experiences. We also focused on the fact that they can indicate different ways of placing them in speech.*

***Key words:** proverbs, compare, historical, aspect, expressions, idioms, phraseology, equivalent, economy, technique, actuality*

Макал-лакаптар, накыл кептер адамдын муундар топтогон тажрыйбасынын чагылышы. Макал-лакаптар, ылакаптар жалпылоочу мүнөзгө ээ болгондуктан, аллегориялык өнөргө үйрөтүү менен бирге өз оюн жалпылаштырылган формада айтууга үйрөтүү үчүн бардык класстарда колдонулушу мүмкүн.

Англис тили сабагында макал-лакаптарды үйрөнүү бул предметти жакшы өздөштүрүүгө, тил, лексика жана анын иштөө өзгөчөлүктөрү тууралуу билимди кеңейтүүгө өбөлгө түзөт. Экинчи жагынан, аларды изилдөө аймактык билимдин булагы болуп саналат.

Окуунун баштапкы этабында кептин үн жагын иштетүү үчүн макал-лакаптарга кайрылса болот. Алар оор тыбыштардын, айрыкча кыргыз тилинде жок болгон тыбыштардын айтылышына жардам берет. Бир эле макал-лакаптарды, накыл сөздөрдү бир нече сабактарда кайталоо үндү өнүктүрүүгө жардам берүүчү фонетикалык көнүгүү катары кызмат кыла алат. Мисалы, **[w]** үнүн иштетүү үчүн макал-лакаптарды сунуштай аласыз:

Where there is a will there is a way - Эрк бар жерде жол бар

Watch which way the cat jumps - Мышык кайсы тарапка секирип жатканын байкаңыз

Which way the wind blows - Кайсы жактан шамал согот

**тыбыш [m]:**

So many men, so many minds - Бир баш жакшы, эки баш андан да жакшы

One man's meat is another man's poison - Бир адамдын тамагы экинчи адамдын уусу

**тыбыш [h]:**

Handsome is as handsome does - Эмгегиң менен элге жак

**тыбыш [b]:**

Don't burn your bridges behind you - Артыңыздагы көпүрөлөрүңүздү өрттөбөңүз

Business before pleasure - Аштан мурун ишке

Көбүнчө билим берүүнүн жогорку баскычында студенттер үндөрдү артикуляциялоодо ката кетиришет. Бул жагдайда, макал-лакаптарды жана накыл сөздөрдү колдонуу түзөтүүчү көнүгүү катары кызмат кыла алат. Макал-лакаптарда берилген тыбыштарды кайталоо менен окуучулар алардын айтылышы боюнча иштешет.

Макал-лакаптарды колдонуу бул жерде угуучу айтылыш менен ритмикалык интонация чеберчилигинин өркүндөтүлүшү идеалдуу айкалышкандыгы менен да негизделет. Бир жагынан айтуу көндүмдөрү автоматташтырылса, экинчи жагынан балдар сүйлөмдөрдү синтагмаларга бөлүүгө, логикалык басымды аныктоого ж.б. Андыктан айтылышын үйрөтүүдө макал-лакаптарды колдонуу өтө ылайыктуу жана эффективдүү.

Грамматиканы окутууда да макал-лакаптарды колдонсо болот. Бир эле сөз айкаштарын кайра-кайра кайталоо кепте грамматикалык каталарды болтурбоо жөндөмүн

өнүктүрөт. Ошентип, бир жагынан ойду туюнтуунун каражаты болсо, экинчи жагынан кепте, макал-лакаптарда, изилденип жаткан структураларды ишке ашыруу бул грамматикалык формаларды жана структураларды автоматташтыруунун жана активдештирүүнүн эң жакшы жолу болуп саналат.

Мисалы, *буйрук ыңгайды* колдонуп, макал-лакаптарда камтылган өтүнүч, сунуш, тыюу, уруксат билдирүүгө болот: *Do as you would be done by.* Сага эмне кылганын кааласаң, ага ошондой кыл.

Англисче туура *эмес этиштерди* үйрөнүүдө сиз макал-лакаптарды колдоно аласыз. Бул жерде төмөнкү макал-лакаптарды колдонсо болот: *What is done can't be undone.* Жасалган нерсени артка кайтаруу мүмкүн эмес. Материалдын макал-лакаптар түрүндө берилиши *сын атоочтордун* салыштыруу даражаларынын ийгиликтүү өнүгүшүнө өбөлгө түзөт:

*Better late than never* - Ийгиликтин эрте кечи жок

*The best fish swim in the bottom* - Эң жакшы балыктар түбүндө сүзүшөт

*The least said, the soonest mended* - Аз сүйлөп көп иш кыл

Мындан тышкары, *модалдык этиштерди* үйрөнүүдө макал-лакаптар жана накыл сөздөр колдонулушу мүмкүн:

*Never put off till tomorrow what you can do today.*

Бүгүн кыла турган ишти эртеңкиге калтырбаңыз

*When pigs can fly* - Төөнүн куйругу жерге тийгенде

*You can't eat your cake and have it* - Бир ок менен эки коен ата албайсың

Ошондой эле *артиклдерди* да:

*An apple a day keeps a doctor away* - Күнүнө бир алма дарыгерди алыстатат

*A man can die but once* - Адам бир жолу өлүшү мүмкүн

*A friend in need is a friend indeed* - Дос кыйынчылыкта билинет

*A wise man changes his mind, a fool never will.*

Акылдуу адам оюн өзгөртө алат, акылсыз эч качан.

Демек, макал-лакаптарды колдонуу грамматикалык кубулуштарды иллюстрациялоодо жана аларды кепте бекитүүдө ылайыктуу. Лексикалык жана грамматикалык жактан толгондугуна байланыштуу макал-лакаптар лексиканы байытуу үчүн да колдонулат. Ошондой эле стимул катары алар окуучулардын кебин өнүктүрүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Бир эле макалды ар кандай чечмелесе болот. Демек, бул макалдын же накыл сөздүн негизинде мектеп окуучулары өз оюн, сезимдерин, башынан өткөргөн окуяларын, б.а. аларды кепте жайгаштыруунун ар кандай жолдорун көрсөтүшү мумкун. Демек, чет тили сабагында макал-лакаптарды колдонуу окуучулардын даярданган жана даярдыгы жок кеп аркылуу чыгармачылык демилгесин өнүктүрөт.

Макал-лакаптарды үйрөнүү студенттердин сөз байлыгын байытууга жардам берет, эс тутумун өнүктүрүүгө шарт түзөт, ошондой эле элдик акылмандык менен тааныштырат. Толук ойду камтыган каймана сүйлөмдөрдүн жаңы сөздөрүн эстеп калуу оңой болот. Мисалы, макал-лакаптардын жардамы менен сандарды жаттоо ишин жеңилдете аласыз:

A bird in the hand is worth two in the bush - Насыя куйруктан нак өпкө

A cat has nine lives - Мышыктын тогуз жаны бар

Two heads are better than one - Көп түкүрсө көл болот, көл толкуса сел болот.

Макал-лакаптарды жаттоо окуучулардын эс тутумун гана өнүктүрбөстөн, лексикалык бирдиктерди адекваттуу тандап алууну үйрөнүүгө шарт түзөт жана кептин эмоционалдык экспрессивдүүлүгүн өстүрөт. Сөздөрдү эне тилине эквиваленттүү которуу үчүн издөө куралдарына болгон муктаждык котормо жөндөмүн өстүрөт. Мындан тышкары макал-лакаптар менен иштөө окуучулардын сөздүк менен иштөөгө болгон кызыгуусун арттырат: «Very man to his trade» "Ар бир кесип ардактуу" - «A cat in gloves catches no mice» “Мээлейчен мышык чычканды кармай албайт” – Саргара жортсоң кызара бөртөсүң. «East or West, home is best»- Туулган жердин топурагы алтын. Өз үйүң өлөң төшөгүң. ж.б.у.с.

Макал-лакаптар класста эркин атмосфераны түзүүгө жана чет тилин өздөштүрүү процессинде оюндун элементтерин киргизүүгө жардам берет. Сабакта макал-лакаптарды колдонуу окуучуларга жеке үнсүздөрдүн жана үндүү тыбыштардын айтылышын жайбаракат ойноого жардам берет. Окуунун орто жана жогорку баскычтарында макал-лакаптар кептик көнүгүүлөр үчүн колдонулушу мүмкүн. Макал-лакаптын үстүндө иштөөнүн төмөнкү этаптарын бөлүп көрсөтүүгө болот:

Биринчи этап – презентация. Мугалим макалды тез темп менен айтат, анан жай айтат.

Экинчи этап - мазмун боюнча иштөө. Сөздөрдүн мааниси комментарийлердин, котормолордун, синонимдердин жардамы менен ачылат. Андан соң окуучулардан макал эмне жөнүндө экенин аныктоо сунушталат. Кыйынчылык болгон учурда балдардан бир нече варианттын ичинен туура жоопту тандоосун суроо керек. Сиз иллюстрация көрсөтүп, окуучулар тандаган жооп ага ылайык келер-келбесин салыштырсаңыз болот.

Үчүнчү этап - айтылыш боюнча иштөө. Окуучулар татаал тыбыштарды өзүнчө, анан ушул тыбышка ылайык сөздү, сөз айкашын, сүйлөмдү айтышат. Алгач хор иши, андан кийин жекече иш жүргүзүлөт. Ар бир жаңы макал мурда үйрөнгөндөрдү кайталагандан кийин киргизилет. Сабактан сабакка окуучулар үйрөнгөн макал-лакаптардын запасын толуктайт.

Мугалим белгилүү макал-лакаптардагы сөздөрдү аралаштырат, балдар сөздөрдү туура иретте бириктирип, айтышат. Ал жупташып, топтордо аткарылат.

Тегеректеги балдар бир макал айтышат.

«Бир эле макалды ким тез айтат» конкурсу.

Макал-лакаптарды ким атайт.

Балдар макалды угуп, тиешелүү иллюстрациянын номерин аташат.

Бир макалдын башталышы экинчи бир макалдын аягы менен байланышат. Балдар макал-лакаптарды аташат, керек болсо кыргызча эквивалентти тандашат.

Ошондой эле топтук иш. Студенттер 4 топ түзүп, тапшырмаларды алышат. Мисалы:

1-топ: Макалды колдонуп жомок түзүңүз.

2-топ: Берилген кырдаалга ылайык макал-лакапты колдонуп диалог түзүңүз, драмалаштырыңыз.

3-топ: Бул макалды тастыктай турган иллюстрацияга ылайык жагдай түзүңүз.

4-топ: Бул макалга иллюстрация тарт, түшүндүр. Макал-лакаптар үчүн иллюстрациялар жаңы лексиканы чыңдоого, баарлашууга көмөктөшөт жана окуучунун тилге болгон кызыгуусун сактайт. Иллюстрациялар окуучулардын кабыл алуусунун эмоционалдык компонентине таасир этет, мотивацияны жогорулаткан оң эмоцияларды козгойт, класста жагымдуу климатты түзөт.

Туруктуу жана сменалык кызматкерлердин жупташып иштөөсүн жана топтордо иштөөнү камтыган окутуунун контексттик ыкмасын колдонуу студенттердин өз алдынча жана өз ара үйрөнүүсүнө шарт түзөт; окуучулардын өз ара жардамдашуу, жолдоштук колдоо, чыдамкайлык, ак ниеттүүлүк, жолдоштордун пикирин урматтоо, активдүү-лүк жана тапшырмаларга чыгармачылык менен мамиле кылуу сыяктуу сапаттарды көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Баардык макал-лакаптар нукура жана элдин турмушуна тыгыз байланыштуу. Макал-лакаптардын үнү эс-тутумун гана өнүктүрбөстөн, лексикалык бирдиктерди адекваттуу тандап алууну үйрөнүүгө шарт түзөт жана кептин эмоционалдык экспрессивдүүлүгүн өстүрөт.

Ошентип, чет тили сабагында макал-лакаптарды колдонуу бул дисциплинаны жакшы өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт, тил жана анын иштеши жөнүндөгү билимдерин кеңейтет. Элдик оозеки чыгармачылыктын элементтери, макал-лакаптар, накыл сөздөр, тил табышмактар аркылуу үйрөнүлүп жаткан тилдин өлкөнүн маданияты менен тааныштыруу студенттерде башка элге таандык болуу сезимин пайда кылат. Макал-лакаптардын жана макал-лакаптардын функционалдуулугу аларды англис тилин окутуу практикасында колдонууга мүмкүндүк берет. Макал-лакаптарды жана макал-лакаптарды колдонуу студенттерге жеке тыбыштардын айтылышын жайбаракат ойноого, ритмикалык жана

интонациялык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Макал-лакаптарды колдонуу көптөгөн грамматикалык кубулуштарды автоматташтырууга жана активдештирүүгө өбөлгө түзөт. Макал-лакаптар, чыгармачылык демилгени өнүктүрүп, «окуучулардын сөз байлыгын байытат, тилдин түзүлүшүн үйрөнүүгө жардам берет, кептин эс-тутумун жана эмоционалдык экспрессивдүүлүгүн өстүрөт».

Макал-лакаптар англис элинин менталитетинин жашоо образын жана спецификалык өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, англис улутунун маданиятын изилдөөдө эң жандуу жана экспрессивдүү булак болуп саналат.

Ошентип макал-лакаптардын функционалдуулугу каралып, аларды англис тилин окутуу практикасында колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Жогорудагы маалыматтарга таянып, окуу практикасында макал-лакаптарды колдонуу студенттердин жеке тыбыштардын айтылышын иштеп чыгууга жардам берет жана көптөгөн грамматикалык кубулуштардын активдешүүсүнө, ошондой эле чыгармачылык демилгенин өнүгүшүнө ж.б. Акырында, макаланын максаттары ийгиликтүү ишке ашты деп ойлойм.

## Колдонулган адабияттар:


1. "Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү" макалдар жыйнагы; Archived 2017-10-26 at the Wayback Machine
2. Коммисаров В.Н, "Теория перевода. Лингвистические аспекты", ЧеРо, 2000
3. Латышев Л.К., "Перевод. Теория, практика и методика преподавания", Academia, 2007
4. Модестов, В. С. Английские пословицы и поговорки и их русские соответствия [Текст]/ В.С. Модестов.- Ростов.: Медиа, 2007. – с. 65.
5. Мезеника, М.В. Поговорим о поговорках [Текст] / М.В.Мезенка. // Иностранные языки в школе. 2003. - №2. - с. 51-52.
6. Модестов, В. С. Английские пословицы и поговорки и их русские соответствия [Текст]/ В.С. Модестов.- Ростов.: Медиа, 2007. - с. 89-91.
7. "Манас" энциклопедиясы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995. 1-т. - 440 б.ISBN -5-89750-013-4


## Интернет булактары:


1. https://ky.wikipedia.org/wiki/
2. http://tynchtykbek.narod.ru/makal.html
3. https://ky.worldlifeadvice.com/10880534-how-does-a-proverb-differ-from-a-saying
4. https://ky.worldlifeadvice.com/10880534-how-does-a-proverb-differ-from-a-saying
5. https://kutbilim.kg/news/inner/anglis-tili-sabagynda-tabyshmaktardy-makal-lakaptardy-pajdalanuu-ky/
6. https://proverbicals.com/knowledge
7. https://bilim-kg.com/ilim-bilim-zhonundo-makaldar/
8. https://translate.academic.ru/A%20bad%20beginning%20makes%20a%20bad%20ending./en/ru


* * *

**УДК.37.091.33**

# АДАБИЙ КӨРКӨМ СЫНДА МОЛДО КЫЛЫЧТЫН МУРАСТАРЫН ОКУТУУ

***Эшиев Жаркул Абдимиталипович п.и.к. доц.***
***jarkulesiev@gmail.com Б.Осмонов атындагы***
***ЖАМУ, Кочкор-Ата колледжи,***
***Кочкор- Ата шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Кыргыз билим берүү жөнүндө кыргыз республикасынын мыйзамынын кабыл алынышы окутуу – тарбиялоонун стратегиясына, көп түрдүүлүктүн интеграциясына мындан ары тереңдөөнүн мүмкүнчүлүгүнө негиз түздү.*

*Кыргыз республикасынын мамлекетүүлүгүнүн 2200 жылдык тарыхынан билүүдө окуучуларды улуттук сыймыкка, аң сезимдүүлүккө, аруулукка, эмгекке ак ниет мамиле жасоого, өз эне тилин жана адабиятын сүйө билүүгө шыктандырып, алардын маданий – эстетикалык табитин өстүрүп, турмуштук түшүнүктөрүн тереңдеткен "кыргыз адабиятынын программасынан орун алган бир нече адабий мурастар бар.*

*Элдик оозэки чыгармаларды муундан – муунга өткөрүүдө эл акындарынын жана жазгыч акындардын ролу чоң экендигине күмөн жок.*

*Алардын бири жазгыч акын жана агартуучу Молдо Кылыч.*

*Дүйнө бүгүн ушунчалык ыкчам өнүгүп жатат, башка кесиптин өкүлдөрү сыяктуу эле мугалимдер да убагында алган билимин өмүр бою чарчабай - чалыкпай, жаңылап, үңдөп, мыктылап олтурушу лаазым. Себеби, ар бир сабак мугалимдин жекече чыгармачылык изденүүсүнө, жөндөмүнө, эрудиясына, талантына ылайыктуу болот*

***Ачкыч сөздөр:*** *“Көп түрдүүлүктүн интеграциясы”, “Адам жүрөгүнүн сыры”, “Казал”, “Буудайык”, “Космополитизм”, “Саясат”, “Талдоо”.*

# ОБУЧЕНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ МОЛДО КЫЛЫЧА В ХУДОЖЕСТВЕННО КРИТИЧЕСКОМ АСПЕКТЕ

***Эшиев Жаркул Абдимиталипович п.и.к. доц.***
***jarkulesiev@gmail.com ЖАГУ имени Б.Осмонова,***
***Кочкор-Атинский колледж,***
***г. Кочкор- Ата, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *Принятие закона Кыргызской Республики о кыргызском образовании заложило основу для дальнейшего углубления учебно – воспитательной стратегии, интеграции многообразия. За 2200-летнюю историю государственности Кыргызской Республики существует несколько литературных наследий, которые вдохновляют учащихся на национальную гордость, разумность, целомудрие, добросовестное отношение к труду, любовь к родному языку и литературе, воспитывают их культурно – эстетические вкусы и углубляют жизненные представления". Нет сомнений в том, что народные поэты и писатели играют большую роль в передаче народных произведений из поколения в поколение. Один из них-писательский поэт и просветительский меч Мулла.*

*Сегодня мир развивается так стремительно, что учителя, как и представители других профессий, на протяжении всей жизни не устают, не обновляют, не опережают и не совершенствуют свои знания. Потому что каждый урок будет соответствовать индивидуальным творческим занятиям, способностям, эрудиции, талантам учителя.*

***Ключевые слова:*** *«Понятия интеграция», «Тайны человеческого сердца», «Казал», «Буудайык», «Космополитизм», «Политика», «Анализ».*

# TEACHING THE WORKS OF MOLDO KULUCH IN AN ARTISTIKALLU CRITICAL ASPECT

***Эшиев Жаркул Абдимиталипович п.и.к. доц.***
***jarkulesiev@gmail.com JASU named after B.Osmonov, Kochkor-Ata College, Kochkor-Ata city, Kyrgyz Republic***

***Annotation:*** *The adoption of the Law of the Kyrgyz Republic on Kyrgyz education laid the foundation for further deepening of the educational strategy, integration of diversity. Over the 2,200-year history of the statehood of the Kyrgyz Republic, there are several literary legacies that inspire students to national pride, reasonableness, chastity, conscientious attitude to work, love for their native language and literature, educate their cultural and aesthetic tastes and deepen life ideas." There is no doubt that folk poets and writers play an important role in the transmission of folk works from generation to generation. One of them is a writer's poet and an educational sword Mullah.*

*Today, the world is developing so rapidly that teachers, as well as representatives of other professions, do not get tired throughout their lives, do not update, do not outpace and do not improve their knowledge. Because each lesson will correspond to individual creative pursuits, abilities, erudition, talents of the teacher.*

***Key words:*** *"The concepts of integration", "Secrets of the human heart", "Kazal", "Buudaiyk", "Cosmopolitanism", "Politics", "Analysis".*

Жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуу өзгөчө орунда туруп, окуучуларды тарбиялоонун компоненттерин байланыштырып бириктирип турат.

Кыргыз билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын кабыл алынышы окутуу – тарбиялоонун стратегиясына, көп түрдүүлүктүн интеграциясына мындан ары тереңдөөнүн мүмкүнчүлүгүнө негиз түздү.

Кыргыз Республикасынын мамлекетүүлүгүнүн 2200 жылдык тарыхынан билүүдө окуучуларды улуттук сыймыкка, аң сезимдүүлүккө, аруулукка, эмгекке ак ниет мамиле жасоого, өз эне тилин жана адабиятын сүйө билүүгө шыктандырып, алардын маданий – эстетикалык табитин өстүрүп, турмуштук түшүнүктөрүн тереңдеткен "кыргыз адабиятынын программасынан орун алган бир нече адабий мурастар бар.

Элдик оозэки чыгармаларды муундан – муунга өткөрүүдө эл акындарынын жана жазгыч акындардын ролу чоң экендигине күмөн жок. Алардын бири жазгыч акын жана агартуучу Молдо Кылыч. Дүйнө бүгүн ушунчалык ыкчам өнүгүп жатат, башка кесиптин өкүлдөрү сыяктуу эле мугалимдер да убагында алган билимин өмүр бою чарчабай - чалыкпай, жаңылап, үңдөп, мыктылап олтурушу лаазым. Себеби, ар бир сабак мугалимдин жекече чыгармачылык изденүүсүнө, жөндөмүнө, эрудисиясына, талантына ылайыктуу болот. Белгилүү окумуштуу, чыгаан методист, профессор Бек Алымов көркөм чыгармада адам мүнөзүн «адам жүрөгүнүн сырын» билүү эң негизги нерсе.

Адабияттын искусство катары өзгөчөлүгү да, тарбиялык таасири да адамтабияттын, анын ички дүйнөсүн, адам мүнөздөрүнүн ар түрдүүлүгүн билүүгө багытталууга тийиш» деп белгилеген. Ушундан улам адабиятчы мугалимге жазгыч акын жана агартуучу М. Кылычтын чыгармачылыгынын көркөм адабий сындагы тагдыры жөнүндөгү маалыматтар деле ашыкча болбойт. «Адатта адабий-көркөм сыныбыздын тарыхын 1926-жылдан гана баштап жүрүшөт. Балким, ал дагы нараак барып, 1911- жылы чыккан Молдо Кылычтын казалдарына жазган Ишенаалы Арабай уулунун алгы сөзүнөн келээр.

Ушул эле акындын 1925-жылы Москвадан басылган «Тамсилдерине» жазган Базаркул Данияр уулунун баш сөзүнөн жол алаар... Кеп анда эмес. Кеп анын предисториясында, жанрдын официалдуу тарыхый биографиясы башталганга чейинки элдик - эстетикалык-сынчыл ойлордун тарыхында», «Сарбагыш уругунан, сабаттуунун тунугунан,

кара кочкор туругунан чыккан, машфур шайыр (акын) Молдо Кылыч 20 жылдан акындык менен көп казал жазып чыгарган эле. Кыраат китепчелерди басмакана ыраак болгондуктан эч бир бастыра албай, кол менен жазып, тил менен сүйлөп журтка көрсөтчү эле, биздин кыргыздан басмакананы көргөн бир да адам болбой турган эле...

Молдо Кылычтын казалын эшитип бир аз көңүл көтөрүлүп, бул ааламда нелер бар экендиги көз алдыбызга келчү эле. Ойлочу элем;... Кылычтын «Зарзаманын бастырсам, калкыма таратсам» Я дечү элем,... Молдо Кылыч биздин аракетти угуп, ушу «касай зилзала» деген абалды жазып берип жиберген, көз менен көргөн окуя тарп болуп калсын ден жазган экен. (Ишеналы Арабай уулу. Молдо Кылычтын «Кыссаи зилзаласына» жазган алгачкы сөзү. Казан, 1911. Кыскартылып берилди.). Туңгуч агартуучунун асыл эскерүүсүн андан ары Т. Жолдошев, А. Токомбай уулу, К. Мифтаков сыяктуу таланттуулар улантат. Булардын башында тургандардын дагы бири Базаркул Данияр уулу.

«Кыргыз билим комиссиясынын тапшырмасы боюнча «Тамсилдер» деген китепти карап, түзүп, имласын дурустап чыктым. Мында «канаттуу» деген кыргыздын белгилүү кулуну Кылычтыкы, Кылычтын өз жазмасынан эмес, эл оозунан жазылып алынган.

«Буудайык» менен «Буудайыктын тойу» эл оозундагы илгертен келе жаткан тамсилдер. Баары тең куштар тууралуу айтылган тамсил болгон соң; бир китеп кылып жибердик. Кылычтын өмүрү менен өз чыгармаларын жыйнап бир китепче чыгаруу комиссия милдеттеринин бири. Бирок, азырта ал даяр болбогон соң «Канаттуусун» буга кошуп отурабыз. Бул - «Тамсилдер» калк адабиятынын ичиндеги жакшысы.

Мунун түрдүү жактан пайда келтириши ар кимге болсо да маалым. «Буудайык» Нарын өйүзүндөгү Койлуу Төкөлөй деген карыянын оозунан жазылып алынганы маалим», «Буудайыктын тойу» кимдин оозунан алынып жазылганы маалим эмес. Айтор калк адабиятынан экени кимге болсо да талашсыз акыйкат». ( Данияр уулу Ташкен. Китеп, 1925 жылы Москвадан чыккан).

1922-жылы Түркстан Республикасынын алдында уюшулган илимий агартуу комиссиянын мүчөлөрүнүн (И. Арабай уулу төрага, Б. Данияр уулу - орун басар, К. Тыныстанов - мүчө) назарына Молдо Кылычтын адабий мурастары түшкөн. «Кылыч элди маданияттуу турмуш, илим жолуна үндөгөн агартуучу - просвититель акын катарында болгон. Наадандык турмуш өкүм сүрүп турган учурда Кылыч маданияттуу турмушту биринчи баалап,элди илим жолуна, окууга үндөгөн;

«Жатып өзүм кайгырам
Кыргыз, казак калкына
Артта калган. Караңгы
Жапан өскөн салтына».

Кылычтан мурда кыргыз адабиятында маданий-агартуучулук тема болгон эмес. Ошол учурда кыргыз акындарынан Кылыч гана биринчи маданиятты баалап, элдик келечек тагдыры илимсиз чечилбестигине көзү жетип, маданият тематикасын биринчи жолу кыргыз адабиятына киргизет... Кылычты да 19 - кылымдагы кыргыз элинин эзилген абалынын күзгүсү деп айтууга болот.

«Жайы кышы тарыды;
Былтыркыдан быйылы.
Эл жегени күчөдү
«Жакшылардын» кыйыны
Боздотту го карыпты
Болуштардын жыйыны»
**(Зарзамандан)**

Анын чыгармаларынан ошол учурдагы кыргыз элинин. Эки жактан эзилген абалын анын эркиндикти көксөгөн улуу талабы толук орун алып, андан күзгүдөн көрүнгөндөй көрүнөт. Тилекке каршы М. Кылычтын чыгармаларынын нарк-насилине табиятына, формасына, жанрына, мазмун-тематикасына алгачкылардан болуп саресеп салып, катышта болгондордун тагдыры да кыйла татаалдыктарга тушукту.

Ишмер, мыкты уюштургуч, чыгаан педогог «Базаркул Данияр уулу 1935-жылы партиядан өчүрүлөт. 1937-жылы Ошто талаачылык техникумунда кыргыз тили менен адабиятынан сабак берип иштеп жүрүп, жайкы дем алышка келгенде кызыл терорчулар тарабынан кармалып. СССРди бөлүп жаргысы келген Социал - туран партиясынын мүчөсү деген жалган жалаа жабылып он жылга кесилип кеткен.

Свердлов областына караган Ивдель деген кыштактагы түрмөгө түшкөн экен. 1941-жылы согуш алдында жары Гафифага акыркы каты келиптир. Анан дайынсыз калган. Көрсө, 1-декабрь,1942-жылы дүйнөдөн кайткан экен.

Кийин саясаата жүргүзүлгөн өзгөрүлүштөргө карата кыргыз жумурияты жогорку сотунун 1959-жыл 29-апрелдеги чечими Базаркул Данияр уулуна зордоп жүктөлгөн кур жалааны жокко чыгарып, граждандыгын толук актап берди. 1990-жылыр 4-августа Кыргызстан КПБК бюросу партиялык мүчөлүгүнө кайра бекитти. Албетте, өзү көргөн жок. Балким, арбагы ыраазы болгондур. . . Милдетибизге жараша ушунчалык билдирүү менен чектелип, автордун өз дүйнөсүн өзү көрсөтүп чыгышка жол ачсакчы?»

Аттиң десе ушуну менен эле бүтүп калсачы. М. Кылычтын мурастарына узак жылдар бою тыюу салынып, доордун кийинки муундарынын арасында «көк бөрү» оюну башталды.

Замандын залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун «Канткенде адам уулу адам болот?», деген түбөлүктүү суроосуна жооп таба алгандай эле адабиятчы – методистердин арасында да канткенде адамды тарбиялап өстүрөбүз?

Адамды адамдыкка эмненин жардамы менен тарбиялайбыз? Адамды тарбиялаш үчүн эмнени аткарышыбыз зарыл? Тээ атам замандан бери ар бир муундун алдында коюлуп, адамзатты түйшөлтүп келет.

«Советская Киргизия» газетасынын 1949-жыл 10-апрель, 1950-жыл 10-апрелдеги сандарында Ж. Самаганов, П. Балтин, Д. Бердибековдордун

«Т. Саманчиндин эмгектериндеги буржуазиялык – улутчулдук жана космополитизмдин рецидивиддери», «Окумуштуу диссертациянын авторунун улутчулдук көнүгүүлөрү» деген сын макалалары жарык көрөт.

«Үч – төрт кишиден авторлошуп жазылган бул макалалардын (бар болгон гезиттик) биринчиси Т. Саманчиндин 19-кылымдын аягы 20-кылымдын башындагы кыргыз адабиятына, МолдоКылычка арналган эмгектери, экинчисинде болсо Ж. Шүкүровдун кыргыз жазмасынын тарыхына байланыштуу Молдо Кылычтын чыгармаларынын тили жөнүндөгү кандидаттык диссертациясы сыяктуу орчундуу илимий маселелерди койгон жана белгилүү даражаны иш жүзүнө ашырган эмгектер туурасында сөз болот.

Демек, бул макалаларда кадыресе илимий мүнөздөгү талаш, жокко чыгарууну далилдөө, керек болсо өзүнүн концепциясын сунуш этүү табигый иш болуш керек эле. Ырасында дегеле андай болгон жок. Эки макалада тең авторлор өздүк жыйынтыктарын далилдөө үчүн мындай да аракет кылышпайт, анын ордуна макала баштан – аяк учурдун духуна шайкеш келген демо- гогиялык кызыл кыйкырык, саясий ярлыктар менен жык толгон. Бул макалаларда МолдоКылычтын поэзиясы, тематикасы, жанры, жазма салттын башталышы анын бөтөнчөлүктөрү жана кыйынчылыктары, 19-кылымдын аягы 20 – кылымдын башталышындагы тарыхый шартка байланыштуу көркөм өнүгүш сыяктуу проблемалар жөнүндө жазылган эмгектерди каралоо жөн гана эмгектерди каралоо эмес «буржуазиячыл - улутчул», «космополитизм» өңдөнгөн мезгилдин эң коркунучтуу өкүм түшүнүктөрү менен саясий куугунтуктун күчү ошончолук экен, Молдо Кылычтын адабий мурасы өзүнөн- өзү четке кагылып, ал эми «МолдоКылыч» деген аты эле өзүнчө бир коркунучтуу куралга айланды. Чыгармаларын эң биринчи жарыялап, эң биринчи изилдеген

Тазабек Саманчин, элдик эпоско, элдик поэзияга көп эмгек сиңирген Т. Байжиев, З.Бектенов репрецияга алынды, Ж. Шүкүров кызматынан куулуп, өмүрүнүн акырына чейин куугунтукта жүрдү. Ошентип кичине кыргыздын жаңыдан калыптанып, түптөнүп келаткан филологиялык даты бир муунуна баш көтөргүс сокку урулду. М. Кылычтын адабий мурастарынын катаал тагдырын сабаттуу окурман өзү түшүнүп, чечмелеп алат. Окуй келсең адабий мурастарынын адамзатка кыпындай зыяны жок тура.

Желе тартып каркыра
Чубай учкан чуркурап,
Катарланган туруна
Асман менен зыркырап
Ак шумкарды көргөндө
Быт - чыт болгон дыркырап.
* * *
*(Керме Тоо)*
Жоо качырып эл баккан
Илгеркинин кезеги,
Жалган айтып мал тапкан
Эмдигинин чечени.
* * *
Койбой айтып келемин
Нечен түркүн адамды,
Тандабады кантейин
Тилим жакшы, жаманды.
Жомок деген жарандар
Тоодон үлкөн кең экен
Сүзүп алса түгөнгүс
Дарыя чалкар көл экен.
* * *
Анан куш төрөсү буудайык
Алтындан боосун тытты ошол
Айды карап сызды ошол.
Күмүштөн боосун тытты ошол
Күндү карап сызды ошол.

**(М. Кылычтын чыгармаларынан)**

Кандай гана адабий мурастарын окуба М. Кылычтын зор талантын, айтылуу акындардан кем ырдабаган ой жоромолорун, өз доорунун алдыңкы жарчысы экендигине күбө болосуң, тамшанасың, суктанасың. Ошондуктан М. Кылычтын чыгармаларына карата айтылган философиялык трактаттарга, анын «чыгармаларынын идеялык мазмуну - бул жалпы жолунан, өлүп жоголуп бараткан феодалдык түзүлүштүн муңдуу овонуна»

(А. Алтымышбаев «Орто Азиядагы адамдардын аң - сезиминдеги өткөндүн айрым калдыктары жана аны менен көрүшүүдө социалисттик маданияттын ролу» Ф. - 1953. Монография.) көрүнүктүү сынчы Кеңешбек Асаналиев мындай пикирин билгизет - « Көркөм чыгармага болгон мындай ашкере саясатташкан көз караш сөз искуствосунун ички табиятына, кандайдыр бир коомдук турмуш жөнүндөгү саясий декларациялардын жана чакырыктардын жыйнагы катарында кароонун натыйжасынан улам чыгып жатат».

Молдо Кылычтын адабий мурасына болгон тенденциялуу көз караштын коркунучтуу жагы - кыргыз философтору, тарыхчылары, алардын эң алдыңкы катарында ошол эле А. Алтымышбаев революцияга чейинки кыргыз элине керек болгон маданияттын айыгышкан

эки тарапка, демократтык жана реакциячыл эки багытта бөлүштүрүп башкача айтканда улуу Токтогул менен Молдо Кылычты бири бирине келишпес карама - каршы койгонунда. Албетте, мындай вулгардык социологиялык принциптин максаты айтпаса деле түшүнүктүү. Токтогулдун бийик ысмы менен Молдо Кылычты биротоло кыйрата чаап, жокко чыгарууда.

М. Кылычтын адабий мурастарынын тагдыры жөнүндө сөз болгондо сенектик мезгил, авторитардык бийлик, демогогиялык система, бир түстүүлүк, догматтык философсофия, буйрукчул, төрөчүл административдик үстөмдүк жөнүндө айтпай кетүү такыр мүмкүн эмес.

**Адабияттар:**


1. А. Акаев «Билим стратегиясы».
2. К. Даутов «Адабий сын кантип жаралган?» Б - 2002-ж. 16 - бет.
3. Т. Саманчин «Молдо Кылыч Шамыркан уулу Төрөкелдин» Китепте;

a. М. Кылыч. Казалдар. Ф. 1991-ж. 209-210-бет.

4. К. Даутов «Адабий сын кантип жаралган?» Б. - 2002-ж. 53-бет.
5. К. Асаналиев «Башат» китепте; М. Кылыч.

**УДК 59**
**ББК 28.6/ Н-90**

## БИОГУМУСТУ ДАЯРДООДО СӨӨЛЖАНДЫН РОЛУ

***Нурдинов Ш. Ш., б.и.к., ЖАМУ доценти***
***Нурманбаев М. Ж., б.и.к., ЖАМУ доценти***
***Ибрагимова Зулайхо ТИББ(Б)маг-1-21 тайпасынын студенти***

***Аннотация:*** *Биогумус-экологиялык таза органикалык жер семирткич, көбүнчө ири мүйүздүү малдардын кыгынан алынат. Өзүндө өсүмдүктөр үчүн керектүү болгон азык заттын комплексин, микроэлементтерди, ферменттерди, топурак антибиотиктерин, витаминдерди жана өрчүп өсүүчү гормондорду алып жүрөт. Башкача айтканда сөөлжандын жашоо тиричилигиндеги өсүп-өрчүүсү чийки продуктыдан өсүмдүк үчүн керектүү азык даярдоосу, өзүнүн тифлозолись безинен бөлүп чыгарган тифлозоль ферменти чириндилерди кайра иштетип, топурактын структурасын макро-микроэлементтерге байытып осүмдүктүн түшүмдүүлүгүн жогорулатат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Биогумус, гумин, сөөлжан, өсумдүк, топурак, тифлозолись, градус, калифорния, грамм.*

## РОЛЬ ДОЖДЕВОГО ЧЕРВЯ В ПРИГОТОВЛЕНИИ БИОГУМУСА

***Нурдинов Ш. Ш. к.б.наук, доцент ЖАГУ***
***Нурманбаев М. Ж. к.б.наук, доцент ЖАГУ***
***Ибрагимова Зулайхо студент группы ТИББ (Б)маг-1-21***

***Аннотация:*** *Биогумус-это экологически чистое органическое удобрение, получаемое в основном из навоза крупного рогатого скота. Несет в себе необходимый для растений комплекс питательных веществ, микро и макроэлементов, почвенных антибиотиков, витаминов и гормонов для развития. Другими словами, потребление дождевыми червями навоз, органических веществ и других отходов для пищи перерабатывается ферментом тифлозоль, выделяемый его железой тифлозолисом в конечном итоге обогащает структуру почвы макро-микроэлементами, повышая урожайность.*

***Ключевые слова:*** *биогумус, гумус, дождевой червь, рост, почва, тифлозоль, калифорния, грамм.*

## THE ROLE OF THE EARTHWORM IN THE PREPARATION OF VERMICOMPOST

***Candidate of Biological Sciences, associate Professor JASU NurdinovSh. Sh.,***
***Candidate of Biological Sciences JASU Nurmanbayev M. Zh.,***
***Student of the TIBB group (B)mag-1-21 Ibrahimova Zulaykho***

***Annotation:*** *Vermicompost is an environmentally friendly organic fertilizer obtained mainly from cattle manure. It carries a complex of nutrients necessary for plants, micro and macroelements, soil antibiotics, vitamins and hormones for development. In other words, the consumption of manure, organic substances and other waste for food by earthworms is processed by the enzyme tiflozol, secreted by its gland tiflozolis ultimately enriches the soil structure with macro-microelements, increasing productivity.*

***Keywords:*** *vermicompost, humin, earthworm, growth, soil, typhlozoli, degree, california, gram.*

**Киришүү.** Биогумус-экологиялык таза органикалык жер семирткич, көбүнчө ири мүйүздүү малдардын кыгынан алынат. Өзүндө өсүмдүктөр үчүн керектүү болгон азык заттын комплексин, микроэлементтерди, ферменттерди, топурак антибиотиктерин, витаминдерди жана өрчүп өсүүчү гормондорду алып жүрөт. Азыркы учурдун талабына керек болгон уникалдуу микробиологиялык жер семирткич, анын курамында топурак микроорганизмдеринин болуусу жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатат. Зыяндуу патогендик микрофлораны, гельминттердин жумурткасын, отоо чөптөрдүн уругун жана оор темирлерди алып жүрбөйт. Жер семирткич өсүмдүктөр үчүн жеңил отурат, өсүмдүктүн өрчүү циклинин аягына чейин сиңип кетет. Биогумусту колдонгон убакта топурактын агрохимиялык касиети күчөйт, сапаты жогорулайт жана айыл чарба продукциясынын да түшүмдүүлүгүн өрчүтөт. Биогумус - (гректин тилинен алынганда Биос-жашоо, тиричилик, ал эми гумус-латын тилинен топурак, кыртыш жана чиринди) дегенди түшүндүрөт. Органикалык жер семирткичтер өз алдынча өсүмдүктөр азыгы боло албайт, алардын топурак микрофлорасын сөөлжан иштетип өсүмдүктүн азыктануусуна ыңгайлуу формада даярдап берет. Башкача айтканда чийки продуктыдан өсүмдүк үчүн даяр гумус жасалат. Алдынкы өнүккөн өлкөлөр минералдык жер семирткичтерди колдонуп, жогорку түшүм алып жатат, алар минералдык жер семирткичтер менен катар компост, жашыл-сидерат, биогумус беришүүдө. Бирок минералдык жер семирткич гана берип, жогорку түшүм алган фермерлер да жок эмес, алар көбүнчө киреше алууну гана көздөшөт. Сөөлжандарга жай даярдоо менен, аларды ашыкча күндөн жаандан жана жырткычтардан сактоо сунушталат. Себеби бул жандык көптөгөн канаттууларга жем болгондуктан душмандары коп, ошондой эле назик болушат, эгерде көбүрөөк жаан-чачын болсо жердин астында кычкылтек жетишпей өлүп калышы мүмкүн. Биогумус жасаганы малкананын жанындагы жөнөкөй топурак жер, бетондолгон аянтчалар, бош калган кырмандар, же мурдагы колдонулган парниктерди пайдаланса болот. [Аманкулова Т. К. 5 б.]

**Изилдөө ыкмалары жана каражаттары.** Биогумус - сөөлжандын тифлозоль безинен бөлүнүп чыккан шилекейиндеги тифлозол ферменти менен чиринди заттарды нымдаштырып. сиңдирип макро жана микроэлементтерге байытып, топуракты кара түскө өткөрүп, жагымдуу жытты пайда кылат. Сөөлжанды колдонууда топурактын арасынан аба өтүп, топурактын аэрациясын күчөтөт. Сөөлжан аба жете турган топурак кыртышында жашайт, териси аркылуу дем алгандыктан, көп убакытка чейин суу чөйрөсүндө туруп калса өлүп калат. Топурактын нымдуу жерин издеп, ошол тарапка карай миграция кылышат, көбүрөөк кургак топуракта калып кетсе да өлуп калышы мүмкүн. Өсүп-өрчүүсүнүн оптималдуу температурасы 20-25 градус жылуулук эсептелинет, 35 градустан ашып кетсе да өлүмгө дуушар болот. Топурактын температурасы 6 градустан төмөндөсө тамактануусун токтотот, 4 градустан төмөндөсө чээнге кирет. Кадимки шартта сөөлжан 3-4 жыл жашайт, ал эми калифорния сөөлжаны андан көп убакыт жашары белгилүү. Сөөлжандын чоңунун салмагы 0,5-1,5г болуп, узундугу 5-8 см, диаметри 3-5мм келет. Биологиялык өзгөчөлүгү бир суткада озүнүн салмагы менен тең жана андан көбүрөөк өлчөмдөгү тамак аш жейт, анын 70% тин кайра сыртка чыгарат. Анын негизги азыгы катары саман, нымдуу кагаз жана клетчаткасы көп, майдаланган калдыктарды жакшы көрөт. Ага жаңы кыкты берүү туура эмес, себеби жаңы кыктын үймөгү ысыйт, ысыганда аммиак бөлүп чыгарат. Аммиак болсо сөөлжанды өлүмгө дуушар кылат. Топурак кыртышындагы 100 сөөлжандан турган популяция жайы бою 1 квадрат метр жер аянтында 1 километр узундукта ийин казат же болбосо 10 тонна топуракты кайра иштетүүгө үлгүрүшөт. Сөөлжандар ар бир айда жаңы муун берип турушат. Алар 7-жумада жетилип, 8-жумадан баштап жумуртка чыгара башташат. Жетилген сөөлжан бир жумада 2 пилла чыгара алат (кыргызча-пилла, орусча-кокон). Ар бир пилладан 5-10 күндөн кийин түрүнө, тоюттун сапатына жана кармоо шартына байланыштуу 3-7ге чейин сөөлжан чыгат. Бир жылдык сезондо сөөлжандын бир жубунан болжолу менен 1200-1500 сөөлжанга чейин көбөйөт. Ошондуктан сөөлжанга жай даярдоо үчүн аларды ашыкча күндөн, жаандан жана душмандарынан сактоону сунуш этебиз.

Сөөлжанды кыштатуу үчүн күз мезгилинде (октябрь, ноябрь айлары) тоюттун аралашмасына суу чачууну токтотуу керек. Жердин бетин тоң каптагандан баштап сөөлжан жашап жаткан үймөк же чуңкурчага тоют материалынан тыгыздап көбүрөөк салып, үймөктү же чуңкурчанын үстүн камыш, чөп сыяктуу материалдар менен калың жабып, чекелерин бекитип коюу керек. Кар түшкөн аймактарда үймөктүн же чуңкурчанын үстүндөгү карды күрөбөш керек. Ал эми эрте жазда күн жылып, кар кетип калган кезде чуңкурчанын үстүнкү бетинде жабылган нерселерди алып салуу керек. [Веселов Е. А. М: 98 б.]

Биогумусту жасоодо тоют материалын даярдап, чала чириген кык, өсүмдүк калдыктарын, бак-дарак жалбырактарын, ашкана калдыктарын жана кагаз материалдарын, ошондой эле органикалык калдыктарды аралаштырып, сугарып андан кийин эки же үч жумага компосттоо керек. Ушул мезгил бою температунаны төмөндөтүш жана чирүүнү бир формага келтириш үчүн тоют материалы 3-4 жолу коңторулат. Органикалык аралашма жумшак болуп калганда тоют материалы даяр болду деп эсептелип, ал ящиктерге, парниктерге жана бурттарга көчүрүлөт. Биогумус жасоо үчүн 1 квадрат метр жерге 1500 даана өлчөмүндө сөөлжан коё берилет. Бул берилген нормадан тоют материалына көбүрөөк сөөлжан коё берилсе, ошончолук биогумус тезирээк даяр болот. Тоют материалынын нымдуулугу 60-70% болсо, мындай учурда тоютту мыкчыганда манжалардын арасынан 1-2 тамчы суу чыга баштайт. Нымдуулукту жана температураны сактоо үчүн биогумустун үстүн камыш жана башка окшош материалдар менен жабабыз. Ошондой эле убак-убактысы менен суу куюп туруу зарыл. Биз жасап жаткан материалдын көлөмү кичирейип, чиригени байкалып баратканда үстүнө жаңы материалдан кошуп коёбуз. Убактысы менен аралаштырып көмүп коюу керек. Сөөлжандар материал кара күрөң, жыты жок массага айланганга чейин азыктанышат. Ошондо болжол менен 1 тонна тоют материалынан 600 кг дай сапаттуу биогумус алууга болот. [Головачева Я., М: 67 б.]

**Жогорку эффективдүү, сапаты күчтүү деген биогумустун курамы:**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Нымдуулугу | 40-45% |
| 2 | Күлдүүлүгү | 35-45% |
| 3 | Органиклык заттар | 55-65 |
| 4 | Гуминдик заттар | 25-32 |
| 5 | Азот | 1-2 |
| 6 | Фосфор | 1.5-3.0 |
| 7 | Калий | 1.2-2 |
| 8 | Кальций | 4.0-6.0 |
| 9 | Магний | 0.6-2.3 |
| 10 | Темир | 0.6-2.5 |
| 11 | Марганец | 60-80 мг (1кга) |

[Ульрих Анзорге «Органикалык айыл чарбасы» Жалал-Абад 2004ж.]

**Корутунду:**

- Биогумустагы гумустун өлчөмү кык менен компосттогуга караганда 4-8 эсе көп.
- Биогумус өсүмдүккө жана топурактакка керектелген пайдалуу микроорганизмдерди, керектүү көп сандагы фермент, витамин, топурак антибиотиктерин, өсүмдүктүн өсүү гормондорун жана башка биологиялык активдүү заттарды камтыйт.
- Биогумус башка органикалык заттардан айырмаланып инерттүү эмес-өсүмдүккө берген учурдан баштап азыктана алат.
- Биогумусту колдонуу менен өсүмдүктүн вегетация мезгили 1,5-2 жумага кыскарат.
- Биогумус топурактын структурасын жакшыртып аны суу жана шамал эрозиясына туруктуу кылат.
- Биогумуста отоо чөптүн уругу болбойт, күндө туруп кургап калса да өзүнүн касиетин жоготпойт.

- Талаага чачылган биогумус 5 жылга чейин сапатын жоготпой топуракка пайдасын тийгизе берет.
- Сөөлжан аба жете турган топурак кыртышында жашайт.
- Алар өздөрүнүн териси аркылуу дем алышат, ошондуктан көп убакытка чейин суудa туруп калса өлүп калат.
- Эгерде топурак абдан кургак болсо да өлүп калышат, ошондуктан нымдуу топуракка миграция кылып кетишет.
- Оптималдуу шартта (тамак, нымдуулук жана температура) сөөлжандын популяциясы ар бир 40 күндө эки эселенип турат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аманкулова Т.К. «Омурткасыздардын зоологиясы боюнча лабораториялык практикум». Жалал-Абад 2001ж.
2. Веселов Е. А., Кузнецов О. И. «Практиум по зоологии» М. Высшая школа,1981 г.
3. Головачева Я. И. «Зоология» Конспект лекции. М. Приор. издат., 2008г.
4. Догель В. А. «Зоология беспозвоночных» М. Высшая школа. 1975г.
5. Матвеева Б. С. «Курс зоологии» М. Высшая школа. 1997г.
6. Сидоров Е. И. «Зоология» М. Высшая школа, 1998 г.
7. Шарова И.Х. «Зоология беспозвоночных» М. Владое 2004г.
8. Фабр Хан Анри «Жизнь насекомых» М. «ЭКСМО» 2007г.
9. Ульрих Анзорге «Органикалык айыл чарбасы» Жалал-Абад 2004ж.
10. Нурдинов Ш. Ш. Влияние физической тренировки на опорно-двигательный аппарат// Вестник ЖАГУ 2022/2 200-стр.


*   *   *

**УДК 59 ББК 28.6/ Н-90**

## КУРТ-КУМУРСКАЛАР ЖАРАТЫЛЫШТЫН САНИТАРЫ

***Нурманбаев М.Ж. б.и.к., ЖАМУнун доценти,***
***Нурдинов Ш.Ш. б.и.к., ЖАМУнун доценти***
***Касымбекова Гулмира Калдарбековна***
***магистрант ТИББ(б)маг-1-21***

***Аннотация:*** *Курт-кумурскалардын дүйнө жүзүндө миллиондон ашык түрү бар, б. а. бөлөк жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн жалпы санынан да көбүрөөк десек жаңылбайбыз. Аларды абадан, жердин асты-үстүнөн, агын суулардан, көлдөрдөн, кактама ысык чөлдөрдөн, ошондой эле ак кардуу тоолордун башынан кезиктирүүгө болот. Байыркы замандарда эле адам баласы булардын жашоо шартын үйрөнүп, өз муктаждыктарына пайдаланууга аракеттенишкен. Алардын бир тобу жаратылышты бардык таштандылардан б. а. керексиз, зыяндуу заттардан тазалоочу эң мыкты санитарлар катары эсептелинет. Миңдеген чымын, кумурска, коңуздардын түрлөрү күндүр-түндүр жер бетин тазалап, керексиз нерселерди пайдалуу топуракка тез айландырышат. Топурактын органикалык заттар менен байышына, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн чирип жок болушуна түздөн-түз таасирин тийгизишет.*

***Ачкыч создор:*** *Биосфера, курт-кумурска, биоценоз, санитар, жашоо цикл, жаратылыш, тазалык, зыянкеч, тарп, коңуз.*

## НАСЕКОМЫЕ-САНИТАРЫ ПРИРОДЫ

***Нурманбаев М. Ж. к.б.н., доцент ЖАГУ***
***Нурдинов Ш.Ш. к.б.н., доцент ЖАГУ***
***Касымбекова Гулмира Калдарбековна***
***магистрант ТИББ (б) маг-1-21***

***Аннотация**: Во всем мире существует более миллиона видов насекомых, это больше чем общее количество отдельных видов животных и растений. Их можно встретить в воздухе, на суше, в пресной воде, в озерах, в жарких пустынях и на вершинах снежных гор. Еще в древности люди старались использовать насекомых для своих нужд. Насекомые своим жизнедеятельностью очищает природу от всего мусора. Насекомые являются лучшим санитаром для очистки от ненужных, вредных веществ. Тысячи видов мух, муравьев и жуков проводят дни и ночи, очищая поверхность земли и быстро превращая мусор в полезную почву. Они непосредственно влияют на обогащение почв органическими веществами.*

***Ключевые слова:** Биосфера, насекомое, биоценоз, санитар, жизненный цикл, природа, чистота, вредитель, окунь, жук.*

INSECTS ARE THE ORDERLIES OF NATURE

***Candidate of Biological Sciences JASU***
***Nurmanbayev M.Zh.,***
***Candidate of Biological Sciences, associate Professor***
***JASU NurdinovSh.Sh., undergraduate TIBB group (б)***
***mag-1-21 Kasymbekova Gulmira Kaldarbekovna***

Терминологиялык тактык үчүн бир кубулуш бир термин менен мүнөздөлүшү керек "Юридикалык жардам" термининен эл аралык укукта ага берилген маанини калтыруу же бекемдөө жана юридикалык чөйрөдөгү жардамдын түрүн белгилөө үчүн "юридикалык жардам", "квалификациялуу юридикалык жардам" деген сөз айкаштары Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинде 4-пунктунда так туура көрсөтүлгөн. [9]. Юридикалык жардам – укуктарды коргоо. Н.Н. Миняйленконун көз карашы боюнча юридикалык жардам – бул укук субъекттерине өздөрүнүн субъективдүү укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын эң натыйжалуу коргоого мүмкүндүк берген юридикалык иштин өз алдынча түрү деп эсептейт.[10, 13-14-б.]

Юридикалык жардам – укуктарды коргоо. Н.Н. Миняйленконун көз карашы боюнча юридикалык жардам – бул укук субъекттерине өздөрүнүн субъективдүү укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын эң натыйжалуу коргоого мүмкүндүк берген юридикалык иштин өз алдынча түрү деп эсептейт. В.И. Ефименко юридикалык жардам – укуктарды ишке ашыруу деген тыянакка таянат анын ой пикири боюнча, юридикалык жардам көрсөтүүнүн негизги мазмуну, «жарандардын же уюмдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын анын ар турдуу формаларында ишке ашырууга көмөктөшөт».[11, 43-45-б]

Адабиятта юридикалык жардамды, коргоо үчүн жардам берүү жана жардам-ишке ашыруунун синтези катары чечмелөө сунушталат. Э.С. Любовенконун көз карашы боюнча, «квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу – анын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын оптималдуу ишке ашырууда жана натыйжалуу коргоодо юридикалык жардам алуу - бул конституциялык кепилденген мүмкүнчүлүк алуу» деген пикирин билдирет.[12, 11-б.] Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу аткаруу органынын милдеттерине региондо мамлекеттик түзүлүштү түзүү, анын түзүүчү органдарын жана уюмдарын түзүү, аларды каттоо, компетенцияны белгилөө жана албетте, иш-чараларды каржылоо кирет бул функциялар акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик системасынын бул катышуучуларына да тиешелүү. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 10-августу №91 “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамда белгиленген ыйгарым укуктардын алкагында мамлекеттик органдарына Кыргыз Республикасынын аймагында акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик тутумунун катышуучуларынын өз ара аракеттенүү тартибин аныктоого ыйгарым укук берилген.[13] Адвокаттар жана жеке нотариустар алардын өтүнүчү боюнча акысыз жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик системасынын катышуучулары да боло ала тургандыктан, аткаруу бийлигинин органдары материалдык ресурстар менен камсыз кылуу, ошондой эле анын катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн координациялоо аркылуу бул чөйрөдөгү ишин уюштурууга жана камсыз кылууга тийиш. Жарандарга акысыз юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттар «Кыргыз Республикасындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана Кыргыз Республикасындагы адвокатура жөнүндө» мыйзамды жетекчиликке алышат.[14]

Ар жылы Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин өзүнүн официалдык сайтында ыйгарым укуктуу аткаруу органына акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик тутумунун ишине катышуучу адвокаттардын тизмесин жөнөтөт.

“Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамга ылайык калктын аз камсыз болгон жана аялуу катмарларындагы жарандар ошондой эле чет элдик жарандарга, жарандыгы жок адамдарга адвокаттын юридикалык жардамын акысыз алууга укуктуу” деп белгиледи 2022-жылдын 30-сентябрында, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров адвокаттардын II Съездинде. Мамлекет башчысы өз сөзүндө төмөнкүлөрдү белгиледи: Адам укуктарын коргоо жаатындагы эл аралык укук адвокаттардын маанилүү ролун таануу менен бирге мамлекеттин белгилүү бир милдеттерин да белгилейт. Мисалы, эркиндигинен ажыратылып, камакка алынган адамдарга адвокатты камсыз кылуу; адвокаты жок адамдарды көз карандысыз жана компетенттүү коргоочу менен камсыздоо, ал тургай айрым бир учурларда, акысыз таап берүүнү кепилдеген юридикалык жардамдарды түзүү; ошондой эле жазык сот өндүрүшүндө коргоочу менен айыптоочу тараптардын тең атаандаштыгына мүмкүндүк берүү милдеттери бар. Ушул жылдын 11-апрелинде элибиз добуш берип кабыл алган Кыргызстандын жаңы Конституциясында эл аралык укуктун талаптары катары гана эмес, адвокатуранын конституциялык-укуктук статусу түздөн-түз

бекитилди. 64-беренеде адвокаттардын өз алдынча башкаруучу кесиптик жамааты катары адвокатуранын уюштурулушу жана ишмердүүлүгү, ошондой эле адвокаттардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги мыйзам менен аныкталат деп жазылган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин ченемдерине ылайык, ар бир адам квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу. Мыйзамда каралган учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен көрсөтүлөт. 2021-жылга адвокаттардын эмгегине акы төлөө үчүн такталган смета 74 212 000 сом өлчөмүндө бекитилген.

Салыштырсак: мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкагында адвокаттардын эмгегине акы төлөөнүн бюджети 2018-жылы болгону 18 552 400 сомду түзгөн. Ошол эле учурда белгилей кетүүчү нерсе, ушул жылдын 1-сентябрына карата Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү системасынын мамлекеттик реестрине болгону 422 адвокат кирген. Башкача айтканда, адвокаттык иш жүргүзүүгө лицензия алган адамдардын болжол менен 10 пайызы гана аз камсыз болгон жана аялуу катмардагы жарандарга мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү системасында иштейт. Бул жагдай иш жүзүндө өлкөбүздүн алыскы региондорунда элдин көпчүлүгү зарыл учурларда мамлекет тарабынан көрсөтүлүүчү квалификациялуу юридикалык жардамды албай калууда дегенди билдирет. Муну Президенттин Администрациясына жарандардан кайрылуулар көп келип жатканы айгинелеп турат. Алардын көпчүлүк бөлүгү жарандык жана жазык иштери боюнча сот өндүрүшүнө тиешелүү болууда. Акысыз юридикалык жардам көрсөтүүгө жана жарандардын укуктук аң-сезимин жогорулатууга нотариус да белгилүү бир салым кошуусу керек.Мыйзамдардан келип чыккандай, нотариус нотариалдык конторага конкреттүү нотариалдык аракеттерди жасоо үчүн кайрылган жарандарга гана акысыз юридикалык жардам көрсөтүүгө милдеттүү. Мындан тышкары бул, Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндө мыйзамда мындай жардамдын белгилүү чектерин белгилейт. Мисалы, 21-берененин 2-пунктунда нотариус жеке жана юридикалык жактарга алардын укуктарын ишке ашырууга жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөк көрсөтүүгө, алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүүгө, жасалган нотариалдык аракеттердин кесепеттери жөнүндө эскертүүгө милдеттүү укуктук сабатсыздыкты алардын зыянына пайдаланууга болбойт.деп так туура белгиленген [15].

Нотариустун кызматына дайындоо татаал тандоо процедурасынан өтүүнү талап кылгандыктан, нотариус көрсөткөн юридикалык жардамдын квалификациялуу экендигине кепилдик берилет. Нотариустардын мамлекеттик системага катышуусу бүтүмдүн шарттарын макулдашуу жана аны түзүү стадиясында болгон талаш-тартыштарды болтурбоого мүмкүндүк берет, бул жарандык-укуктук талаш-тартыштардын санын кыскартууга жардам берет. Ошондой эле нотариалдык аракеттер өзгөчө далилдөөчү күчкө ээ болгондуктан жана тараптардын чыныгы эркин чагылдыргандыктан, бул жарандык талаш-тартыштарды сотто кароого көмөктөшөт. Белгиленген соттук практиканын негизинде кызыкдар адамдын көрсөтмөлөрү нотариус институтун жокко чыгара албайт деген негиздүү тыянак чыгара алабыз. Макаланын корутундусунда менин жеке оюм боюнча, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзам жарандардын акысыз юридикалык жардам алуу укуктарын ишке ашырууга, ошондой эле жарандардын укуктук аң-сезиминин деңгээлин жогорулатууга байланышкан бардык көйгөйлөрдү чече алган жок. Бирок, ал мыйзамдык жактан акысыз юридикалык жардамды укуктук жөнгө салуунун жогорку деңгээлине көтөрдү. Мындан тышкары, мындай жардамга укугу бар жарандар аны бардык жерде алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Адабияттар:**


1. Правоохранительные органы: Учебник / под общ. ред. Н.А. Петухова и Г.И.Загорского. М.: Дашков и Ко. 2005. С.455
2. Юридический словарь [Электронный ресурс]. -Режим доступа: URL: http://enc-dic.com/word/p/Pro-bono-128686.html

3. Панченко В.Ю. Подходы к понятию «юридическая помощь» в современном отечественном правоведении. // URL: http://www.center-bereg.ru/1309.html.
4. Удалова Н.М. Оказание бесплатной юридической помощи в России и иностранных государствах // Образование и право. - 2013. - № 11 (51).
5. Международный пакт о гражданских и политических правах *Принят резолюцией 2200 A (XXI) Генеральной Ассамблеи от 16 декабря 1966 года* [Электронный ресурс]. -Режим доступа: URL: *https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml*
6. Юридический словарь [Электронндук ресурс]:URL:http://enc-dic.com/word/p/Pro-bono-128686.html
7. Милинчук В.В. Взаимная правовая помощь по уголовным делам: общие условия оказания и формы (дейст. Прак. и перспек. развития): Дис. ... канд. юрид. наук. М., 2001.
8. Бугаренко А.И. Теория, правовые аспекты и практика оказания гражданам бесплатной юридической помощи адвокатами: Автореф. дис. ... канд. юрид. наук. М., 2010.
9. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Кыргыз Республикасынын 2021 жылдын 5 майындагы Мыйзамы менен кабыл алынды) [Электронндук ресурс]: URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112213/10?cl=ky-kg&mode=tekst
10. Миняйленко Н.Н. Право на юридическую помощь и механизм его обеспечения в современной России (теоретико-правовой аспект): Автореф.дис....к.ю.н., СПб. 2000.
11. Ефименко В.И. Юридическая помощь гражданам и организациям: понятие и место в системе правоохраны //Актуальные проб.законо-ва и правоприме-й пра-ки:Сб.ст.М. 1988
12. Любовенко Е.С. Конституционное право на получение квалифицированной юридической помощи и механизм его гарантирования: российский и зарубежный опыт: Дис. ... канд. юрид. наук. М., 2008.
13. Кыргыз Республикасынын "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамы 2022-жылдын 10-августу № 91 [Электронндук ресурс]: URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112412/10?cl=ky-kg&mode=tekst
14. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө 2014-жылдын 14-июлу № 135 Кыргыз Республикасынын мыйзамы [Электронндук ресурс]: URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205356/70?cl=ky-kg&mode=tekst
15. Кыргыз Республикасынын нотариат жөнүндөгү мызамы 30-май 1998ж № 70 [Электронндук ресурс]: URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/78


* * *

**УДК 347.191**

## ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫН УКУККА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮНҮН ЖАНА АРАКЕТКЕ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮНҮН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА КӨЙГӨЙЛҮҮ СУРООЛОРУ

***Пазылов Н.А. – ОшМУ доценти***
***Каримова Ф. – ОшМУ магистранты***

***Аннотация:*** *Бул макалада юридикалык жактын укукка жөндөмдүүлүгү жана аракетке жөндөмдүүлүгү пайда болгон маселелер талданган, ошондой эле анын иши менен байланышкан, анын ичинде атайын укуктук жөндөмдүүлүктүн келип чыгышынын өзгөчөлүктөрү изилденген. Ушул статьянын максаты-юридикалык жактын укукка жөндөмдүүлүгү жана аракетке жөндөмдүүлүгүнө укуктук талдоо берүү.*

***Ачкыч сөздөр:*** *юридикалык жактын укукка жөндөмдүүлүгү; юридикалык жактын жалпы жана атайын укук жөндөмдүүлүгү; юотдткалык жактын уставы, жарандык кодекс.*

## ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ И ПРОБЛЕМНЫЕ ВОПРОСЫ ПРАВОСПОСОБНОСТИ И ДЕЕСПОСОБНОСТИ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА

***Пазылов Н.А. – доцент ОшГУ***

**Каримова Ф. - магистрант ОшГУ**

***Аннотация:*** *В данной статье проанализированы вопросы возникновения правоспособности и дееспособности юридического лица, а также изучены особенности возникновения специальной правоспособности, в том числе связанные с его деятельностью. Целью настоящей статьи является предоставление правового анализа правоспособности и дееспособности юридического лица.*

***Ключевые слова:*** *правоспособность юридического лица; общая и специальная правоспособность юридического лица; устав юридического лица, гражданский кодекс.*

LEGAL BASES AND PROBLEMATIC ISSUES OF LEGAL CAPACITY AND LEGAL CAPACITY OF A LEGAL ENTITY

***Pazylov N.A. – Associate professor of OshSU***
***Karimov F. - Master's student of OshSU***

***Annotation:*** *This article analyzes the issues of the emergence of legal capacity and legal capacity of a legal entity, and also examines the features of the emergence of special legal capacity, including those related to its activities. The purpose of this article is to provide a legal analysis of the legal capacity and legal capacity of a legal entity.*

***Keywords:*** *legal capacity of a legal entity; general and special legal capacity of a legal entity; charter of a legal entity, Civil Code.*

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 84-беренесине [1] жана 83-беренесинин 1-пунктунун ылайык, юридикалык жактарга жарандык-укуктук мамилелердин башка катышуучулары сыяктуу эле укук жөндөмдүүлүгү жана аракетке жөндөмдүүлүгү берилген. Юридикалык жактын укуктук жөндөмдүүлүгүнүн маңызы, ал мамлекет тарабынан таанылган юридикалык жактын жарандык укуктарга ээ болуу, мындай укук жактын уюштуруу документтеринде каралууга тийиш болгон иш-аракеттердин максаттарынан, ошондой эле бул ишке байланыштуу келип чыккан милдеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгү берилгендигинен турат. Юридикалык доктринада юридикалык жактын укуктук жөндөмдүүлүгү жалпы жана атайын болуп бөлүнөт. Бирок кээ бир илимпоздор башкача ой-пикирде айтышат. Ошону менен бирге бир катар авторлор юридикалык жактын укукка жөндөмдүүлүгү ар дайым атайын деп эсептешет, б.а. юридикалык жак ага жетүү үчүн белгиленген максаттын чегинде гана укукка жөндөмдүү. Мындай көз караш орус цивилистикасынын жана заманбап илимпоздордун классиктерин да карманышкан. Ошентип, В.И.Синайский юридикалык жак адамга үстөмдүк кылбашы үчүн атайын укуктук жөндөмгө ээ болушу керек деп эсептеген. Бул институттар үчүн өзгөчө коркунучтуу, анткени адамдар түзгөн союздарда алар максатка үстөмдүк кылып, ал тургай юридикалык жактын ишин токтотушу мүмкүн, ал эми мекемелерде максат адамдарга үстөмдүк кылат жана алар аны өзгөртө алышпайт [2,119-121-б.]. Мисалы, С.С.Ященко[3, 305-306-б.] "юридикалык жактардын укуктук жөндөмдүүлүгү" темасындагы макаласында юридикалык жактардын укуктук жөндөмдүүлүгүнүн үч түрүн белгилейт: жалпы, атайын жана өзгөчө. Өзгөчө укук жөндөмдүүлүгү мындай укук жөндөмдүүлүгү юридикалык жактардын конкреттүү түрлөрүндө гана болушу мүмкүн. Ошондой эле, автор юридикалык жак белгилүү бир иш-аракетти жасамайынча, мисалы, лицензия алганга чейин жарым-жартылай гана укук жөндөмүнө ээ болушу мүмкүн деп эсептейт, ошондой эле укук жөндөмдүүлүгү көбүрөөк кеңейтүү касиетине ээ же тескерисинче. Автордун мындай көз карашына макул болбой коюуга болбойт, анткени, мисалы, банкроттун жүрүшүндө юридикалык жак кандайдыр бир укугун жоготушу мүмкүн, ошого жараша анын укуктук жөндөмдүүлүгү кыскарат. Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мисалды лицензия алуу менен алсак, юридикалык жак өзгөчө уруксатты талап кылган кандайдыр бир аракеттерди ансыз жүзөгө ашыра албайт. Ошондуктан, юридикалык жак ага берилген укуктарды толук өлчөмдө пайдалана албайт,

демек, анын укуктук жөндөмдүүлүгү да тийиштүү түрдө ишке ашырылбайт. Ошондой эле, С.Н.Прошинанын [4, 106-109-б.] макаласында "Россиянын жарандык мыйзамдарында юридикалык жактын укуктук жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү" бул юридикалык жактын укуктук жөндөмдүүлүгүн түшүнүгүн, ошондой эле жарандык мыйзамдарда мындай категорияны өнүктүрүү каралат, анткени тезисти жазуу учурунда талдоо татыктуу. кылым. Бул макала мындай ченемдердин өзгөрүүлөрүн жалпылоо жана аныктоо максатында юридикалык жактар жөнүндө улуттук гана эмес, ошондой эле советтик мыйзамдардагы өзгөрүүлөрдү байкоо үчүн пайдалуу болот. Автор революцияга чейинки мезгилдеги мыйзамдардан улам, ошол мезгилде уюмдун иш-аракетинин укуктук жөндөмдүүлүгүнөн ашып кеткен учурда, алар юридикалык кесепеттери жок уюмдар тарабынан таанылышы мүмкүн экендигин мыйзамдаштырган доктрина болгон деп жазат. Мындай уюмдун катышуучуларынын жоопкерчилиги чектелгендиктен гана жарамдуулукту чектөө пайда болгон. Бирок жарандык мыйзамдарды реформалоонун жүрүшүндө мыйзам чыгаруучу өзү бара-бара мындай идеядан алыстап, кырдаал теорияда да, практикалык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө да өзгөрө баштады. Андан ары уюштуруу документтеринин мазмунуна жараша юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүнүн көлөмү аныктала тургандыгын көрсөтүү зарыл.

Окумуштуулар жана укук таануучулар юридикалык жактын уюштуруу жана башка документтеринин көйгөйүнө көп көңүл бурушат. Ошентип, Ю.С.Поваровдун [5, 180-185-б.] "юридикалык жактардын уюштуруу жана ички документтери" деген макаласы өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Бул макалада жарандык мыйзамдардагы өзгөрүүлөр талданат. Юридикалык жактын уюштуруу документтерине ички жоболор жана башка документтер кирет. Бул Автор уставдын регламенттик маанисинин начарлоо тенденциясын көрсөткөн. Уставдын негизги бөлүгү уюмду уюштуруу, бекитүү жана өзгөртүү тартибине туура келет.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 100-беренесинин 2-пунктуна ылайык корпоративдик түзүлүштөгү уюмдарда мыйзам чыгаруучу уставды бекитүү жана өзгөртүү корпорациянын жогорку органынын гана компетенциясына таандык экендигин айткан, ошондой эле уставга өзгөртүүлөрдү киргизүү же уставды жаңы редакцияда бекитүүнү жүргүзүү зарылдыгы жөнүндө маселени коллегиалдуу башкаруу органынын, ошондой эле коллегиалдуу аткаруу органынын кароосуна өткөрүп берүү менен байланышкан коомдук эмес чарбалык коомдорго тиешелүү тыюу салууну белгилейт.

Бул позиция, биздин оюбузча, уюштуруу документинин шексиз маанилүүлүгү жөнүндө айтып турат. Бирок, "Акционердик коомдор жөнүндө"[6] мыйзамга ылайык, акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен акционердик коомдун уставына өзгөртүүлөрдү, ошондой эле кошумча жоболорду киргизүүгө байланыштуу шарттардын бир бөлүгүн алып салуу мүмкүн. Бирок жогоруда келтирилген жүйөлөрдүн бардыгы уставдын мааниси солгундап баратканын көрсөтпөйт. Тескерисинче, алар эң чоң деңгээлде аларды баса белгилешет. Уюштуруу документтеринде ишке ашырылып жаткан иштин түрлөрүнүн толук тизмеси көрсөтүлбөгөн учурда коммерциялык уюмдарга жалпы укук жөндөмдүүлүгү берилгенин да белгилеп кетүү зарыл. Башка сөз менен айтканда, бул уюмдарда ар кандай ишкердик иш-аракеттерди жүргүзүү жана андан тышкары, бардык бүтүмдөрдү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү бар. Алардын уюштуруу документтеринде, ошондой эле мыйзам, алар жүзөгө ашырууга тийиш болгон белгилүү бир иш-чараларды белгиленген, анткени, атайын ыйгарым укуктары көбүнчө мамлекеттик унитардык ишканалар берилет.

Ошондой эле, мыйзам юридикалык жактын укуктары мыйзамда каралган учурда гана чектелиши мүмкүн экендигин көрсөтөт. Юридикалык жак ошондой эле мындай чектөөгө сотко даттанууга укуктуу. Мурда айтылгандай, юридикалык жактын аракетке жөндөмдүүлүгү-анын өз атынан сатып алуу, ошондой эле мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды ишке ашыруу, ошондой эле аны менен бирге өзү үчүн милдеттерди түзүү жана аларды аткаруу жөндөмдүүлүгү. Жарандык укук илими юридикалык жактын дараметин эки түрүн айырмалайт. Биринчи-жарандык жүгүртүүгө юридикалык жактын катышуусу, ошондой эле мындай жүгүртүүнүн башка катышуучулары менен болгон мамилеси болуп

саналат. Башка сөз менен айтканда, ал ар кандай бүтүмдөрдү, ошондой эле келишимдерди түзүүнү, жалпы юрисдикциядагы соттордо же арбитраждык соттордо өз кызыкчылыктарын коргоону жана көрсөтүүнү камтышы мүмкүн. Аракетке жөндөмдүүлүктүн экинчи түрү – ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруу боюнча юридикалык жактын ички чарбалык ишин жүзөгө ашыруу [7, 47-б.]. Жыйынтыктап айтканда, юридикалык жактар жөнүндө мыйзамдарды иштеп чыгуунун ушул этабында ченемдер жакшыртылганын белгилей кетүү керек. Натыйжада, юридикалык жактын укуктук жөндөмдүүлүгү, ал мамлекет тарабынан таанылган юридикалык жактын жарандык укуктарга ээ болуу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле жактын ишке ашырылып жаткан ишинин максаттары менен берилгендигинде турат. Мындай максаттар юридикалык жактын уюштуруу документтеринде милдеттүү түрдө чагылдырылууга, ошондой эле мындай ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу пайда болгон милдеттерди аткарууга тийиш. Өз кезегинде, юридикалык жактын жөндөмдүүлүгү, анын атынан сатып алууга, ошондой эле мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарын ишке ашыруу үчүн, ошондой эле өзү үчүн милдеттерди түзүү жана аларды аткаруу менен бирге, анын жөндөмдүүлүгү катары мүнөздөөгө болот. Жарандык мыйзамга ылайык, юридикалык жак мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып укукка жана аракетке жөндөмдүүлүккө ээ, ал эми алардын аракети ал жоюлгандан кийин токтотулат.

Ошентип, жогоруда баяндалгандарды жалпылап, юридикалык жактын укуктук жөндөмдүүлүгүнүн мазмуну жана көлөмү (жарандык укуктарга ээ болуу жана милдеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгү) эки критерий менен аныкталат: иштин максаты жана иш-аракет түрү. Уюштуруу документтеринде каралган иштин максаттарынын болушу ар бир юридикалык жактын жашоосунун милдеттүү шарты болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси 1996-жылдын 8-майы №15 (*2022-жылдын 5-августундагы № 81 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык*) [Электронндук дареги] URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/4/695?cl=ky-kg&mode=tekst
2. Синайский В.И. Русское гражданское право. М., 2002.
3. Ященко С.С. Правоспособность юридических лиц: проблемы перспективы развития / С.С. Ященко, В.С. Шпирюкова, Р.А. Прощалыгин //Наука, образование, общество: тенденции и перспективы развития: материалы X Междунар. науч.-практ. конф. (Чебоксары, 21 мая 2018 г.) /редкол.: О.Н. Широков [и др.] – Чебоксары: ЦНС «Интерактив плюс», 2018.
4. Прошин Сергей Николаевич Развитие правоспособности юридического лица в российском гражданском законодательстве //Бизнес в законе. 2012. №2.
5. Поваров Ю.С. Учредительные и внутренние документы юридических лиц //Вестник СамГУ. 2014. №11-1 (122).
6. Кыргыз Республикасынын "Акционердик коомдор жөнүндө" 2003-жылдын 27-мартындагы №64 мыйзамы [Электронндук дареги] URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1188?cl=ru-ru
7. Гражданское право. Часть 1. Том 2: учебник. — Москва, Волгоград: Зерцало-М, Волгоградский гуманитарный институт, 2015.

**УДК 539.3**

# КАРЬЕРДИН КАПТАЛ ЖАКТАРЫНДА ТОО КАЗМАЛАРЫН ӨТҮҮДӨГҮ ЧЫҢАЛУУНУН БӨЛҮШТҮРҮЛҮҮСҮ

***Алибаев Атабек Пахырович, д.т.н., профессор***
**682802@rambler.ru**
***Маматова Гульшаир Тыныбековна***
**gulshair_mam@mail.ru**
***Б.Осмонов ат. ЖАМУ, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Рудалык тулкуларды биргелешип казып алууда тоо массивинин чыңалуу-деформациялык абалын изилдөө актуалдуу маселе болуп саналат. Бир тектүү эмес курамдагы тоо массивинин чыңалуу абалын аныктоо үчүн программалык камсыздоо колдонулган. Моделдөө акыркы элементтер ыкмасы менен аткарылган. Карьердин капталындагы тоо казмаларынын жайгаштыруунун ар кандай учурлары каралды. Алынган натыйжалар иштетилген жерлердин айланасындагы тоо массивинин чыңалып деформацияланган абалынын өзгөрүшүнө алып келерин көрсөтүп турат.*

***Негизги сөздөр:*** *кеңдер, пайдалуу кеңдер, тоо-кен казып алуу, ачык жер астындагы ыкма, аралаш иштетүү, массив, чыңалуу, иштетүү, тоо тектери, моделдөө.*

# РАСПРЕДЕЛЕНИЕ НАПРЯЖЕНИЙ В ПРИБОРТОВОМ МАССИВЕ КАРЬЕРА ПРИ ПРОВЕДЕНИИ ВЫРАБОТОК

***Алибаев Атабек Пахырович, д.т.н., профессор***
**682802@rambler.ru**
***Маматова Гульшаир Тыныбековна***
**gulshair_mam@mail.ru**
***ЖАГУ им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика***

***Аннотация:*** *Исследование напряженно-деформированного состояния массива горных пород при комбинированной отработке рудных тел является актуальной задачей. Для моделирования напряженного состояния породного массива прибортовой зоны неоднородного сложения использованы программные обеспечения. Моделирование при этом выполнялось методом конечных элементов. Рассматривались различные случаи расположения выработок в борту карьера. Полученные результаты показывают, что проведение выработок приводит к изменению напряженно-деформированного состояния массива пород вокруг выработок.*

***Ключевые слова:*** *месторождения, полезные ископаемые, добыча, открыто-подземный способ, комбинированная разработка, массив, напряжение, выработка, горные породы, моделирование.*

# STRESS DISTRIBUTION IN NEAR-SIDE ARRAY DURING THE WORKINGS

***Alibaev Atabek Pachyrovich, doctor of technical sciences, professor, 682802@rambler.ru***
***Mamatova Gulshair Nynybekovna, candidate of technical sciences, gulshair_mam@mail.ru***
***JASU named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyz Republic***

***Abstract:*** *Research of stress-strain state of a rock mass during combined mining of ore bodies is an urgent problem. Computer software was used to simulate the stress state of the rock mass of a heterogeneously composed edge zones. Modeling was made by the method of finite element. It has explored various cases of location of workings in open pit slopes. The results show*

*that carrying out workings leads to a change in the stress-strain state of the rock mass around the workings.*

***Keywords:*** *deposits, minerals, mining, open underground method, combined exploitation, massif, straining, workings, rocks, modeling.*

В настоящее время резко возросла интенсивность добычи полезных ископаемых, залегающих в сложных горно-геологических условиях. Месторождения, расположенные в таких условиях в большинстве случаев распространяются на значительную глубину и будут отработаны комбинированным открыто-подземным способом. [1].

С увеличением горного давления, изменением прочностных свойств и структурных особенностей горного массива появляются определенные трудности в эффективной технологии комбинированной разработки месторождений.

При комбинированной разработке месторождений происходит перераспределение напряжений, повышение уровня концентрации напряжений в прибортовом массиве и дна карьера [2].

Как известно при проведении горных работ происходит нарушение начального напряженного состояния породных массивов. Горные породы вокруг выработки перемещаются в сторону выработанного пространства, где величина этих перемещений тем больше, чем ближе горные породы расположены к породному обнажению, т.е. породный массив деформируется. Изменения деформации растяжения в направлении выработки сопровождаются изменениями деформаций сжатия во взаимно перпендикулярных направлениях. Деформации растяжения и сжатия горных пород, возникшие вокруг выработки, указывают появление соответствующих по знаку и величине дополнительных напряжений, которые искажают или нарушают начальное напряженное состояние породных массивов [3].

Появляется новое напряженно-деформированное состояние вокруг горных выработок, которое отличается от первоначального вокруг контура выработок и практически не отличается вдали от контура, т.е. возникает исходное напряженное состояние.

При условии если новое напряженно-деформированное состояние превышает некоторый предельный для породного массива уровень, то начинается его разрушение, которое в свою очередь изменяет напряженно-деформированное состояние вокруг выработок. Концентрация напряжений или опорное давление смещается вглубь массива, разгружая его приконтурную область.

Многие исследования напряженно-деформированного состояния массива пород при разработке месторождений полезных ископаемых указывают, что наиболее высокие горизонтальные напряжения, превосходящие по своей величине вертикальные напряжения, характерные для регионов, где наблюдается поднятие земной коры или горизонтальное сжатие. В связи с этим, исследование напряженно-деформированного состояния массива горных пород при комбинированной отработке рудных тел является актуальной задачей.

Расчеты напряженного состояния массива пород осуществлялись применительно к условиям комбинированной отработки Терекканского месторождения.

Для определения напряженно-деформированного состояния и устойчивости массива пород прибортовой зоны в данное время все более широкое применяются вычислительные методы. Эти методы в основном основываются на численном моделировании напряженно-деформированного состояния массива пород[4].

Для моделирования напряженного состояния породного массива прибортовой зоны неоднородного сложения нами использованы программные обеспечения «Геомеханика» и «Stress».[5].

Моделирование при этом выполнялось методом конечных элементов. [6].

Для расчета напряжений были приняты следующие параметры: Карьер расположен в косогорье. Высота правого борта составляет- 71м, а левого борта- 107м. Ширина дна

карьера равняется 30м, угол падения рудного тела 30 град. Мощность руды равна 40м (рис.1). Угол наклона борта карьера 41 град. Физико-механические свойства руды: модуль Юнга 3,0*$10^4$МПа, коэффициент Пуассона 0,25, объемный вес 27100Н/$м^3$, сцепление 32,5МПа, угол внутреннего трения 50град. Физико-механические свойства породы: модуль Юнга 3,5*$10^4$МПа, коэффициент Пуассона 0,23, объемный вес 269000 Н/$м^3$, сцепление 12,5МПа, угол внутреннего трения 40град.




*Рис. 1. Неоднородный массив до начала подземных работ*

До начала подземных горных работ наибольшая концентрация наблюдается в пределах рудной зоны на уровне дна и ниже уровня на глубине от дна, равной 1/2Nд (где Nд-ширина дна карьера). Концентрация наблюдается и в правом низком борту на уровне дна карьера. Ширина этой зоны концентрации равняется 0,7Nд.

Распределение горизонтальных напряжений показывает, что в массиве существуют сжимающие и растягивающие напряжения (рис.2). Под дном карьера и в правом борту до высоты от дна карьера, равной 0,16Nд возникает зона растягивающих горизонтальных напряжений. По глубине эта зона распространяется до глубины, равной 0,5Nд. Значения растягивающих горизонтальных напряжений в этой зоне меняются от 0,268МПа до 0,046МПа. Под обоими бортами на уровне дна образуются зоны растягивающих горизонтальных напряжений. Под левым бортом зона растягивающих напряжений возникает вдоль линии границ рудной зоны и породы. Нижняя граница этой зоны проходит по рудному телу и находится на высоте от дна, равной 0,26Nд, а верхняя - на высоте, равной 0,73Nд. По мере углубления это зона постепенно расширяется. Значения растягивающих напряжений в этой зоне меняются от 1,200МПа до 0,156МПа. Выше этой зоны преобладают сжимающие горизонтальные напряжения и на высоте 2,5Nд возникают наибольшие их значения, равные 1,400МПа. В правом борту максимальные значения растягивающих напряжений образуется на уровне дна, при удалении вглубь массива по горизонтали на расстояние, равное 0,86Nд. Здесь его значение составляет 0,545МПа. В этом борту выше уровня дна в приповерхностной части борта возникает зона повышенных горизонтальных сжимающих напряжений. Эта зона распространяется до высоты, равной 0,83Nд. Напряжения здесь меняются от 0,314МПа до 1,130МПа. Вертикальные напряжения до проведения выработок концентрируются в нижней части дна в пределах рудного тела, начиная с глубины, равной 0,26Nд. Значения вертикальных сжимающих напряжений здесь равны от 7,690МПа до 4,400МПа (рис.2).




*Рис.2. Распределения напряжений в прибортовом массиве до начала подземных работ*

Максимальные значения касательных напряжений в данном случае возникают в левом борту на уровне дна и при удалении вглубь массива по горизонтали на расстояние, равное 0,9Nд. Значение равняется 1,130МПа. Сравнительно большие значения касательных напряжений наблюдаются и в левой прибортовой зоне, начиная от высоты 0,76Nд до высоты 1,6Nд. Значения напряжений в этой зоне меняются от 0,985МПа до 0,552МПа [7].

Для отбойки прибортовых запасов на высоте 0,23Nд (где Nд- ширина дна карьера) проходится горизонтальные горные выработки, количество которых зависит от мощности запасов прибортовой зоны. В данном случае на этом уровне проходятся две горизонтальные буровыпускные выработки (рис.3) Расстояние между ними составляет 10м. Высота выработок -3м, а ширина-4м.



*Рис.3 Неоднородный массив с одной и двумя выработками*

После проведения первой от борта карьера выработки концентрация горизонтальных напряжений наблюдается вокруг выработки. Вокруг одиночной выработки образуются зоны растягивающих и сжимающих горизонтальных напряжений (рис.4). Над кровлей выработки и со стороны борта карьера возникают растягивающие напряжения. Максимальные значения растягивающих напряжений появляются в верхнем правом углу выработки. Они равны от 7,020МПа до 5,510МПа. Максимальные значения горизонтальных сжимающих напряжений наблюдается в левом углу над выработкой. Значение сжимающего напряжения здесь равняется 4,530МПа, снижаясь до 2,330МПа. Сравнительно большие значения растягивающих напряжений наблюдается в левом борту над рудным телом на высоте 1,5Nд и их значения составляют 2,340МПа; 1,920МПа.

Максимальные касательные напряжения после проходки выработки возникают в верхнем левом и правом углах и над выработкой (рис.4). В левом углу значения этих напряжений равны 7,690МПа, 6,180МПа. В правом углу составляет 6,000МПа. Над выработкой значения напряжений достигают до 3,040МПа.

Над выработкой за пределами рудного тела на высоте 0,66-0,70Nд возникают сравнительно большие значения касательных напряжений, которые равны 2,780МПа, 2,270МПа.




*Рис.4 Распределение напряжений в прибортовом массиве при проведении в борту карьера одной горизонтальной выработки*

После проведения второй выработки концентрация горизонтальных напряжений образуется вокруг выработок (рис.5). Ниже выработок также возникает зона концентрации в виде узкой полосы по центру рудного тела.

Над выработками возникают зоны растягивающих и сжимающих напряжений. Выше выработок в основном преобладают растягивающие напряжения. Большие значения растягивающих горизонтальных напряжений возникают со стороны правого верхнего угла первой от борта выработки. Растягивающие напряжения здесь равны 8,380МПа. Над выработкой, на высоте от кровли выработки, равной 1,0$n_в$ (где $n_в$ - ширина выработки) их значения составляет 3,040МПа.




*Рис.5. Распределение напряжений в прибортовом массиве при проведении в борту двух параллельных выработок.*

С появлением второй горизонтальной выработки зона концентрации вертикальных напряжений смещается в левую сторону массива.

После проведения двух выработок значения максимальных касательных напряжений меняются. Значение напряжений в правом верхнем углу составляет 5,410МПа. Большие значения максимальных касательных напряжений, имеющиеся место в левом верхнем углу первой выработки снижаются до 0,399МПа. Высокие значения этих напряжений теперь возникают со стороны массива (т.е. с левой стороны) второй выработки. Их значения равняются 2,560МПа.

Таким образом, на основе полученных результатов можно заключить, что проведение выработок приводит к изменению напряженно-деформированного состояния массива пород вокруг выработок.

**Литература**


1. Алибаев А.П. Применение комбинированного способа разработки при выемке запасов пробортовой зоны [Текст]/ А.П.Алибаев, Г.Т.Маматова// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана: сб.науч.тр.-Бишкек, 2017.-№5.- С.44-46.
2. Алибаев А.П. Геомеханика и технологии при комбинированной разработке рудных месторождений [Текст]/ А.П.Алибаев//.- Бишкек: Инсанат, 2008.-192с.
3. Турчанинов И.А. Основы механики горных пород [Текст]/ И.А.Турчанинов, М.А.Иофис, Э.В.Каспарьян- Л.: Недра, 1977.- 496с.
4. Усенов К.Ж. Применение компьютерной системы Mathcad в геомеханике. [Текст]/ К.Ж.Усенов, Г.Т.Маматова// Труды Международной научной конф., посвящен. 50-летию ИГиОН и 80-летию академика И.Т.Айтматова «Проблемы геомеханики и освоения недр», ИГиОН.- Бишкек, 2011.-выпуск №13- С. 385-390
5. Система моделирования напряженно-деформированного состояния горного массива и оценки устойчивости бортов карьеров// Кыргызско-Российский славянский университет, международный научно-технический центр.- Бишкек, 2006.-21с.
6. Сегерлинд Л. Применение метода конечных элементов [Текст] /Л.Сегерлинд .- М.: Мир, 1979.- 370с
7. Маматова Г.Т. Оценка напряженно-деформированного состояния прибортового массива пород и дна карьера при комбинированной разработке рудных тел [Текст] /Г.Т.Маматова //Наука и новые технологии: сб.науч.тр.-Бишкек, 2012.-№4.- С.64-67.


* * *

**УДК 621.311.25**

# КҮН КОНЦЕНТРАТОРЛОРУН НЕГИЗГИ ТҮРЛӨРҮН ТАЛДОО

***Алманбетов Айбек Абдрасилович улук окутуучу***
***aalmanbetov87@gmail.com***
***Аймактык билим берүү институту***
***Рыскулов Ильяс Рустанбекович улук окутуучу***
***rir82@mail.ru Б.Осмонов ат. ЖАМУ ТИПФ***

***Анотация:*** *Күн электр станцияларын колдонууда алардын иштөөсүнө талаптар жогорулайт. Макалада күн концентраторлорунун бир канча түрлөрү талданып жана алардын жардамы менен аккумуляторлор тарабынан иштелип чыккан электр энергиясын көбөйтүү мүмкүнчүлүгү талкууланат. Ошондой эле макалада Кыргызстандагы энергетикалык көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн эң неизги жолдорунун бири болуп күн энергиясын колдонуу. Күн концентраторлорунун негизги түрлөрү жана иштөө принциптери, өзгөчөлүктөрү талданат. Концентраторлорду салыштыруу, талдоо менен биз алып жаткан күн энергиясын сапаттуу жана негиздүү колдоно алабыз. Электр энергиясынын эң чоң өсүшүн параболоиддик жана параболо-цилиндрдик концентраторлор камсыздай тургандыгы көрсөтүлгөн.*

***Ачкыч сөздөр:*** *күн концентраторлору,электрэнергиясы, күн радиациясы, фотоэлектрдик өзгөрткүчтөр, күзгүлүү концентраторлор.*

# АНАЛИЗ ОСНОВНЫХ ВИДОВ СОЛНЕЧНЫХ КОНЦЕНТРАТОРОВ

***Алманбетов Айбек Абдрасилович старший преподаватель, aalmanbetov87@gmail.com***
***Региональный образовательный институт***
***Рыскулов Ильяс Рустанбекович старший преподаватель, rir82@mail.ru***
***ТИПФ ЖАГУ им.Б. Осмонова***

***Анотация:*** *При использовании солнечных электростанций требования к их эксплуатации возрастут. В статье анализируются несколько типов солнечных концентраторов и обсуждается возможность увеличения количества электроэнергии, вырабатываемой батареями. В статье также рассматриваются энергетические проблемы Кыргызстана и одним из основных способов их решения является использование солнечной энергии. Проанализированы основные типы и принципы работы солнечных концентраторов. Сравнивая и анализируя концентраторы, мы можем эффективно и рационально использовать получаемую нами солнечную энергию. Показано, что наибольший прирост электроэнергии дают параболоидальные и параболо-цилиндрические концентраторы.*

***Ключевые слова:*** *солнечные концентраторы, электричество, солнечное излучение, фотоэлектрические преобразователи, зеркальные концентраторы.*

ANALYSIS OF THE MAIN TYPES OF SOLAR CONCENTRATORS

***Almanbetov Aibek Abdrasilovich***
***aalmanbetov87@gmail.com***
***Regional Educational Institute***
***Ryskulov Ilyas Rustanbekovich***
***rir82@mail.ru***
***TEPF JASU named after B. Osmonov,***

***Annotation:*** *When using solar power plants, the requirements for their operation will increase. The article analyzes several types of solar concentrators and discusses the possibility of increasing the amount of electricity generated by the batteries. The article also discusses the energy problems of Kyrgyzstan and one of the main ways to solve them is the use of solar energy. The main types and operating principles of solar concentrators are analyzed. By comparing and analyzing concentrators, we can effectively and efficiently use the solar energy we receive. It is shown that the greatest increase in electricity is provided by paraboloidal and parabolic-cylindrical concentrators.*

***Key words:*** *solar concentrators, electricity, solar radiation, photovoltaic converters, mirror concentrators.*

Энергия ресурстарын пайдаланууда коомдогу айыл чарба керектөөчүлөрүнүн саны жылдап тынымсыз өсүүдө. Ошол эле учурда алар энергиянын басымдуу бөлүгүн кайра жаралбаган ресурстарды (нефть, жаратылыш газ, көмүр ж. б.) пайдалануу менен алышат, а бирок тилеке каршы алардын запастары чексиз эмес.

Белгилүү болгондой, биздин өлкөдө башка өлкөлөргө салыштырмалуу, энергетикалык ресурстар, өзгөчө мунай жана газ жетишсиз, бирок өлкөбүздүн географиялык жайгашуусу күн энергиясын толук кандуу колдонууга шарт түзөт [1]. Күн энергиясы канчалык көп болгону менен абада мейкиндикте (абада) эч кандай пайда алып келбестен тарап кетип жаткандыгы анык. Ошондуктан акыркы жылдарда башка өнүккөн өлкөлөрдө күн энергиясын ар тараптуу тармактарда кеңири колдонуп келишет. Кыргыз Республикасынын калкынын электр энергиясына болгон керектөөлөрүнүн олуттуу бөлүгүн, мисалы, ысык сууну алуу, мөмө-жемиштерди кургатуу күн энергиясынын жардамы менен канааттандырууга мүмкүн болот. Борбордук Азиянын башка республикалары сыяктуу эле буга Кыргызстандын географиялык жайгашуусу шарт түзөт, мында жылына күн ачык күндөрдүн саны орточо 260 күн 3100 саатка жетет, бул суткасына орточо 12 саатты түзөт, ошондуктан сууну жылытуу, мөмө-жемиштерди, жашылча-жемиштерди кургатуу жана чарбалык керектөөлөр үчүн күн энергиясын пайдалануу жана жылуулук менен камсыз кылуу кечиктирилгис маселе [1].

Күн концентраторлорунун негиздөө аныктамасы жана аларды колдонуу.

*Күн концентратору* – бул табигый күн радиациясын анын тыгыздыгын, жогорулатуу үчүн кичинекей бетке чогултуп берүүдө колдолунуучу үчүн түзүлүш. Концентраторлордун жардамы менен түздөн-түз күн радиациясы топтолот.

Чектүү нурлануунун концентраторлору айнек жана линза (рефракторные и рефлекторные) түрүндө болуп бөлүнөт, биринчиси бир күзгүлүү жана көп күзгүлүү ал эми экинсчиси жалгыз линзалуу жана көп линзалуу (линзы Френеля).

Френель линзасы татаал тепкичтүү бети бар менчик оптикалык бөлүгү болуп саналат. Ал сфералык жана цилиндрдик линзаларды, ошондой эле призмалар сыяктуу башка оптикалык бөлүктөрдү алмаштыра алат, мындай линзаларды концентрдик, спиралдык же сызыктуу деп бөлүүгө болот [2]. Көп күзгүлүү концентраторлордо ар бир күзгү күн радиациясын бир жалпы фокуска топтойт. Бир же бир нече мейкиндик тирөөч алкактарына орнотулган көп сандаган күзгүдөн турган концентраторлор мейкиндиктин керектүү чекитинде (күн радиациясын кабылдагычта) концентрацияланган нурланууну алгыдай кылып жөнгө салынат. Концентраторлордун ар кандай тилкелеринде жайгашкан күзгүлөрдүн фокусу ар кандай болот. Күн радиациясын концентратор, бир күзгүлүү, экинчи даражадагы бети (параболоид, сфера, эллипс, гиперболоид, конус ж. б.) бар концентратор. Күзгүнүн диаметри (параболоид, шар) 6 метрге чейин болушу мүмкүн. Күзгүнүн диаметринин өсүшү менен анын тактыгы, демек, күн радиациясын бир фокуска топтоо жөндөмү төмөндөйт. [2].




*сүрөт №1 Чектүү нурлануунун концентраторлору.*

Кыргызстанда негизинен күн энергиясын айрым күн коллекторлорунун жардамы менен суюктук алып жүрүү жана жылуулукту өндүрүү үчүн колдонулат.

Күн радиациясын конвертациялоонун эң эффективдүү жолдорунун бири, атайын прибор концентраторлордун жардамы менен аны концентрациялоо болуп саналат.

Мунун негизинде күн радиациясын концентраторлорунун негизги түрлөрүн карап чыгабыз. Конструкциясы боюнча күн радиациясынын концентраторлорунун төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүүгө болот: интегралдык, курама жана бөлүштүрүлгөн түрлөрү. Бир бөлүктүү борборлору конфентраторлордун оптикалык жылмакай геометриялык бетти камсыз кылат (сүрөт 1.2). Көбүнчө бул тегиздик, шар, параболоид, конус, айлануу беттери ж.б.

Композиттик концентраторлордо концентрациялоочу бет жалпы рамкага орнотулган өзүнчө бир бөлүктөн турган концентрациялоочу элементтерден түзүлөт. Бул учурда, элементтерди топтоо кандайдыр бир жалпы геометриялык бетти түзүшү мүмкүн же өзүнүн геометриясына ээ болот. [3].

Кабылдагычка түшкөн күн радиациясынын концентрациясынын даражасы концентратордун чагылдыруучу күзгү бетине көп жагынан көз каранды. Күн концентраторлорунун чагылдыруучу беттери курама жана интегралдык болуп бөлүнөт.




*Сүрөт 1.2. Чагылтуу бетинин конструкциясы боюнча күн радиациясынын концентраторлорунун түрлөрү.*

Катуу чагылдыргычтар (параболоиддик, сфералык) айнек, металл же пластмассадан жасалган күзгүлөр болуп эсептелет. Мындай концентратордо күн радиациясынын концентрациясы башкаларга караганда эффективдүү. Чоң рефлекторлорду жасоо кыйын жана кымбат. Диаметри өскөн сайын күзгүлөрдүн тактыгы төмөндөйт. Концентраторлордун өзүнчө күзгүдөн турган жана рамкага орнотулган чагылдыруучу беттери курама деп аталат. Чагылтуу бетинин күзгүлөрүнүн компоненттери өздөрүнүн геометриясына ээ, алар орнотуу максатына жараша жалпак, параболоиддик ж.б. Концетратордун рамкасындагы жайгашкан жерине жараша ар бир фасеттин өзүнүн фокус аралыгы болот [4].

Күн концентраторлорунун негизги формалары.

Концентрациялоочу элементтердин рефлекторунун геометриялык формасы боюнча күн радиациясынын концентраторлорунун төмөнкүдөй түрлөрү бөлүнөт (сүрөт 2).




*Сүрөт 2. Рефлектордун геометриялык формасы боюнча күн концентраторлорунун классификациясы*

*Жалпак* концентраторлор чагылдыруучу күзгүдөн турат. Алар күн радиациясынын жогорку тыгыздыгын алуу талап кылынбаган жерлерде колдонулат.

*Эки жактуу* концентраторлор белгилүү бир бурчта бири-бирине салыштырмалуу жайгашкан эки күзгүдөн турат. Алар аз концентрация факторуна ээ, бирок өндүрүү үчүн арзаныраак. Ошондуктан, алар аз кубаттуулуктагы модулдарда күн радиациясын топтоо үчүн колдонулат.

*Цилиндрлик* концентраторлор цилиндр формасындагы концентраттык күзгүлөргө ээ. Анын борбордук огунда күн радиациясын кабыл алгыч жайгашкан. Концентрация коэффициенти жалпак жана жактууларга караганда бир топ жогору.

*Параболикалык* концентраторлор эң кеңири колдонулган түрлөрүнүн бири. Параболоиддик концентратордун күзгүсү концентрацияланган күзгүлөрдүн бардык формаларынын күн энергиясынын эң жогорку концентрациясын түзөт.

*Параболо-цилиндрдик* концентраторлор параболалык кесилиши бар лоток формасында, ал эми узунунан кесилишинде тегиз формада болот. Параболикалыктан айырмаланып, параболо-цилиндрдик концентраторлор нурлануу агымынын максималдуу

концентрациясын түзбөйт, бирок аларды жасоо оңой.[5]. Концентраторлор радиациялык кубаттуулукту жогорулатууга мүмкүндүк берет, муну менен жогорку энергетикалык параметрлерди, мисалы, жогорку температураларды алууга болот, бул тиричилик муктаждыктары үчүн гана эмес, ошондой эле ар кандай технологиялык процесстер үчүн колдонулушу мүмкүн. Бул үчүн концентраторду радиациялык объектиге так багыттоо керек.

Көптөгөн технологиялык процесстерди ишке ашырууда концентраторлордо туруктуу температураны камсыз кылуу маанилүү милдет болуп саналат [6].

Ушуга байланыштуу күн электр станцияларынын эксплуатациялык көрсөткүчтөрүнө болгон талап жаралат.

Андыктан автономдуу күн электр станциялары үчүн фотоэлектрдик өзгөрткүчтөр (ФЭӨ) колдонулат. Иштөө шарттарына жана электр энергиясын керектөөчүлөрдүн талаптарына жараша бул электр станциялары көп түрдүү болот: күндүн багытын көзөмөлдөө системасы, күн энергиясынын концентраторлору жана башка перифериялык системалар. Мындан тышкары, аларда перифериялык системалары такыр жок болушу мүмкүн. Фотоэлектрдик өзгөрткүчтөрдүн (ФЭӨ) негизинде күн электр станцияларынын көп варианттуулугунун максаты, алардын эффективдүүлүгүн талдоону жана айрым варианттарды колдонуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуусу актуалдуу маселеге айланат. [7].

**Крутунду**. Жогоруда айтылгандардын негизинде биз үчүн күн радиациясынын эң оптималдуу концентраторлорун колдонуу менен энергияны жетиштүү көлөмдө алабыз деп айта алабыз. Ал үчүн концентраторлор жогоруда баяндалган көптөгөн параметрлерге ээ болуш керек. Мисалы: жасалуу жагы оңой жана орнотууга ыңгайлуу, кабыл алынган күндүн радиациясын керектүү болгон энергияга сарптоосу.

Жалпасынан алганда күн концентраторлорун туура тандап алуу жана колдонууда туура жакты карай багыттоо менен биз тийиштүү болгон энергияны алсак болот.

## Колдонулган адабияттар:

1. Научно информационный журнал “Образования,наука и иновации” №1.2020-г.,стр.26-27.
2. Толковый словарь- справочник Возобновляемая энергетика. Учебное пособие для высших учеб.заведений. Исманжанов А.И. 2015-г. Стр. 86-87.
3. Гелиотехника Толковый словарь- справочник Исманжанов А.И. ОШКУ 2009-г. Стр. 260.
4. Исманжанов А.И.,Мурзакулов Н.А.,Мирзахалилов Б.Б. Оценка –технико экономических показателей установок на нетрадиционных и возобновляемых источниках энергии. Известия ОшТУ.2003.№1.ст.145
5. Клычев Ш.И. Концентраторы солнечного излучения (схемы, параметры, методы расчета). Сборник “Курс лекций летней школы по возобновляемым источникам энергии”.ст.169.
6. Клычев Ш.И. Захидов Р.А. Бахрамов С.А. Концентрация солнечного излучения в системе параболо-цилиндр фоклин. Гелиотехника, 2009 г. №2.
7. Базаров Б.А., Задде В.В. Стебков Д.С. Новые способы применения фотоэлектрических установок. “Солнечная фотоэлектрическая энергетика” Ашхабад,изд.Ылым, 1983г. С.56.
8. Садыков М.А, Алманбетов А.А, Рысалиев А.С. «Перспективы использования возобновляемых источников энергии в сельском хозяйстве «Научный Аспект №2 2021».
9. Садыков М.А, Алманбетов А.А, Рысалиев А.С. « Альтернативные источники энергии всельском хозяйстве №2 2021».
10. Рыскулов И.Р, Алманбетов А.А, Акбарбек уулу С. «Основные методы математического моделирования для расчета инсоляционных характеристик солнечной инсоляции влияющих на работу солнечноэнергетических установок. “Вестник ЖАГУ №3 2021”

* * *

**УДК 621.01:622**

# ӨТМ НЕГИЗИНДЕГИ УРМА МЕХАНИЗМДИН ЧЫГАРУУ ТОГООСУНУН ТАРИЗИН ТАНДОО ЖӨНҮНДӨ

***Кошбаев Алмазбек Абдупаттаевич, т.и.к., доцент,***
**koshbaev2@mail.ru**
***Эргешов Бактыбек Ташболотович, ага окутуучу***
**erbaku73@mail.ru**
***Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы***

***Аннотация:*** *Макалада ӨТМ (өзгөрмө түзүмдөгү механизм) негизиндеги урма механизмдин чыгаруу тогоосунун таризин тандоо жана долбоорлоо боюнча изилдөө иштеринин натыйжалары берилген. ӨТМ негизиндеги урма механизмдин чыгаруу тогоосу баканча-ургуч түрүндө болот. Урма ӨТМди долбоорлоодо баканча-ургучту долбоорлоо эң татаал маселе болуп саналат, себеби урма механизмдин тирөөчтөрүндө минималдуу сокку импульстарын камсыз кылуу боюнча атайын талаптар аткарылуусу зарыл.*

*Жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында кол урма машинелерде колдонуу үчүн урма элементтеринин жаңы конструкциялары иштелип чыккан жана сунуш кылынууда.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *өзгөрмө түзүмдөгү урма механизми; баканча-ургуч; чыгаруу тогоосу; кол урма машинеси; сокку импульстары.*

# О ВЫБОРЕ ФОРМЫ ВЫХОДНОГО ЗВЕНА УДАРНОГО МПС

***Кошбаев Алмазбек Абдупаттаевич, к.т.н., доцент,***
**koshbaev2@mail.ru**
***Эргешов Бактыбек Ташболотович, старший преподаватель,*** erbaku73@mail.ru
***ЖАГУ имени Б.Осмонова, г.Жалал-Абад, Кыргызская Республика***

